КЫРГ
62(03)
Э 45

КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
ТЕРМИНОЛОГИЯ КОМИССИЯСЫ

АКАДЕМИЯ НАУК КИРГИЗСКОЙ ССР
ТЕРМИНОЛОГИЧЕСКАЯ КОМИССИЯ

К. Алымкулов, М. Алымкулов, И. Өрдөков,
Ж. Токтоналиев

# ЭЛЕКТРОТЕХНИКАЛЫК ТЕРМИНДЕРДИН ОРУСЧА-КЫРГЫЗЧА СӨЗДҮГҮ

# РУССКО-КИРГИЗСКИЙ ТЕРМИНОЛОГИЧЕСКИЙ СЛОВАРЬ ПО ЭЛЕКТРОТЕХНИКЕ

Фрунзе 1981

КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
ТЕРМИНОЛОГИЯ КОМИССИЯСЫ

АКАДЕМИЯ НАУК КИРГИЗСКОЙ ССР
ТЕРМИНОЛОГИЧЕСКАЯ КОМИССИЯ

К. АЛЫМКУЛОВ, М. АЛЫМКУЛОВ, И. ӨРДӨКОВ, Ж. ТОКТОНАЛИЕВ

# ЭЛЕКТРОТЕХНИКАЛЫК ТЕРМИНДЕРДИН ОРУСЧА-КЫРГЫЗЧА СӨЗДҮГҮ

# РУССКО-КИРГИЗСКИЙ ТЕРМИНОЛОГИЧЕСКИЙ СЛОВАРЬ ПО ЭЛЕКТРОТЕХНИКЕ

ИЗДАТЕЛЬСТВО „ИЛИМ"
Фрунзе 1981

Кырг
62(03),
Э 45
+ 484.341-3

Кыргыз ССР илимдер академиясынын
Терминология комиссиясынын чечими
боюнча басылды

Техникалык илимдердин кандидаты К.Алымкуловдун
редакциясы астында

Тилчи редактор Т.Дүйшеналиева

519469

© Издательство "Илим", 1981 г.

Центральная научная библиотека Академии наук Кирг ССР

# КИРИШ СӨЗ

Электротехника – өлкөнүн бүткүл эл чарбасынын деңгээлин
аныктоочу илим жана техниканын маанилүү тармактарынын бири. Ал
кубаттуулукту өзгөртүү, жаңы энергияны алуу жана алардын физи-
калык составын өзгөртүү, материалдарды өндүрүү жана иштетүү,
электр энергиясын өндүрүү, өзгөртүү жана колдонуу максатында
электрдик жана магниттик кубулуштарга негизделет. Электротехника-
нын бүгүнкү жетишкендиктери өзгөчө радиотехника менен электро-
техниканын, телемеханика менен автоматиканын, эсептөө техникасы
менен кибернетиканын өсүшүнө эң чоң таасир берип жатат. Азыркы
учурда орус тилинде мына ушулар жөнүндөгү илимий-техникалык,
илимий-популярдык жана окуу адабияттары көп сандап басылып чыгуу-
да. Аларды окуп чыгып, жакшылап өздөштүрүү же кыргыз тилине ко-
торуу маселеси атайын даярдыгы жок кыргыз окурмандары үчүн оңой-
олтоң иш эмес экени белгилүү. Тилекке каршы бүгүнкү күнгө чейин
кыргыз окурмандары менен котормочуларына жардам көрсөтө турган
электротехниканын терминологиясы боюнча колго алардык
колдонмо жок.

Мындан көп жыл мурда Ж.Токтоналиевдин электротехника боюнча,
К.Алымкулов менен И.Өрдэковдун автоматика боюнча орусча-кыргыз-
ча терминологиялык сөздүктөрүнүн долбоорлору жарык көргөн. Андан
бери өткөн убакыттын ичинде Кыргыз ССР илимдер академиясынын Тер-
минологиялык комиссиясына, адистер тарабынан авторлорго бир топ
сын пикирлер айтылды. Адистердин пикирлерин талдап көрүп, жого-
руда айтылган эки сөздүктүн негизинде бүгүнкү электротехниканын
бардык тармагын камтыган, кеңейтилген сөздүктү чыгарууну Термино-
логия комиссиясына авторлор сунуш кылган болучу. Азыркы чыгып

жаткан сездук эл чарбасынын ар түрдүү тармактарында, жогорку окуу жайларында, илимий мекемелерде, орто мектептерде жана иштеген адис-авторлордун кеп жылдан берки иштеген эмгектеринин жыйынтыгы болуп эсептелет.

Сездук теменкү үч принциптин негизинде түзүлдү: I. ар бир терминдин кыргызча эквивалентин берүүге аракет кылынды: напряжение-чыңалуу, регулятор-жендегүч, настройка-күүлее, цепь-тизмек, интенсивность-ургаалдуулук, память-эс, пропорциональность-шайкештик, помеха-кедерги ж.б.; 2. кеңири белгилүү интернационалдык терминдер котормосуз алынды: алгоритм, астатизм, код, перфоратор, акцептор, табоол, варистор, энергия ж.б.; 3. сез айкаштарынан турган айрым терминдер толук же жарым жартылай которулуп алынды; анализатор спектра-спектр талдагыч, вибропреобразователь-виброезгерткүч, взаимоиндукция-ез ара индукция ж.б.

Бул сездүктө бардыгы болуп 1786 термин киргизилсе, анын 1555 термини жарым жартылай которулуп, 710 термин толук которулуп, ал эми 770 термин которулбай алынды.

Сездук электротехника менен байланыштуу болгон илимий-кызматкерлер, жогорку жана атайын орто окуу жайынын мугалимдери менен окуучулары, инженерлер, информация кызматкерлери, котормочулары, мектеп окуучулары жана мугалимдери үчүн керектүү колдонмо болор деген ойдобуз.

Жалаң гана электротехника боюнча эмес, жалпы эле техника боюнча кыргыз терминологиясы жаңыдан калыптанып келе жаткандыгына байланыштуу кемчиликтери бул сездүктө дагы кеп толуктоолор, тактоолор киргизилерине талаш жок. Ошондуктан, бул сездүктүн



мазмуну боюнча байкалган кемчиликтер жөнүндө ез пикириңиздерди теменкү адрес боюнча билдирүүңүздөрдү етүнебүз: Фрунзе шаары, Ленин проспектиси, 265 а үй, илимдер академиясынын Терминология комиссиясы.

Авторлор

# А

АБСОЛЮТНАЯ ДИЭЛЕКТРИЧЕСКАЯ ВОСПРИИМЧИВОСТЬ абсолюттук диэлектрдик кабыл алуучулук /диэлектрдин электр талаасындагы уюлдашуу касиетин мүнөздөөчү уюлдашуунун электр талаасынын чыңалуусуна болгон катышына барабар чоңдук/.

АБСОЛЮТНАЯ ДИЭЛЕКТРИЧЕСКАЯ ПРОНИЦАЕМОСТЬ абсолюттук диэлектрдик өтүүчүлүк /диэлектрдин электр касиетин мүнөздөөчү электр сыйымдуулугунун электр талаасынын чыңалуусуна болгон катышына барабар чоңдук/.

АБСОЛЮТНАЯ МАГНИТНАЯ ВОСПРИИМЧИВОСТЬ абсолюттук магниттик кабыл алуучулук /заттын магниттик касиетин мүнөздөөчү магниттешкен электр талаасынын чыңалуусуна болгон катышына барабар чоңдук/.

АБСОЛЮТНАЯ МАГНИТНАЯ ПРОНИЦАЕМОСТЬ абсолюттук магниттик өтүүчүлүк /заттардын магниттик касиетин мүнөздөөчү магнит индукциясынын, магнит талаасынын чыңалуусуна болгон катышына барабар чоңдук/.

АБСОЛЮТНЫЙ ПИК абсолюттук пик /салыштырмалуу узак мезгил ичинде /бир жылда/ байкалган энергия системасындагы жүктүн эң чоң маанисы/.

АВТОГАЗОВЫЙ ВЫКЛЮЧАТЕЛЬ автогаздык ажыраткыч /электр жаасын өчүрүү үчүн керектүү өлчөмдө газ генерациялоочу түзүлүшү бар ажыраткыч /.

АВТОГЕНЕРАТОР автогенератор к. ГЕНЕРАТОР С САМОВОЗБУЖДЕНИЕМ

АВТОДИСПЕТЧЕР автодиспетчер /диспетчердин милдетин толук же жарым жартылай аткара алуучу автоматтык түзүлүш/.

АВТОКОЛЕБАНИЕ автотермелүү /системага байланыштуу



көз каранды күчтөрдүн жардамы менен аныкталып жана кармалып туруучу өчпөс термелүү/.

АВТОКОЛЕБАТЕЛЬНОЕ ЗВЕНО автотермелүүчү звено /автоматтык жөндөө системасынын автотермелүү режиминде иштөөчү бөлүгү/.

АВТОКОЛЕБАТЕЛЬНЫЙ РЕЖИМ автотермелүү режими /системанын өзүнүн касиеттеринен келип чыккан, бир калыпка келген термелүү кыймылы менен мүнөздөлүүчү сызыктуу эмес динамикалык системанын абалы/.

АВТОМАТ автомат /информацияны алуу, өзгөртүү, андан ары берүү жана аны пайдалануу процесстерин адамдын катышуусуз аткаруучу электрондук, электрдик, пневматикалык, гидравликалык механизмдерден жана түзүлүштөрдөн турган агрегат/.

АВТОМАТ ДАВЛЕНИЯ басым автоматы /контакттары суюктуктун же газдын белгиленген басымында иштей турган аппарат/.

АВТОМАТИЗАЦИЯ автоматташтыруу /1. кандайдыр бир установканы автоматтык ишке которуу; 2. башкаруу системаларын жана аны менен байланышкан башкарылуучу машиналардын жана процесстердин иштешин жакшыртуу максатында автоматтык башкарууну пайдаланууга илимий-техникалык багыт/.

АВТОМАТИЗАЦИЯ УПРАВЛЕНЧЕСКИХ РАБОТ башкаруу иштерин автоматташтыруу /эң жогорку эффективдүү башкарууга жетүү максатында илимий негизде автоматтык түзүлүштөрдү колдонуу менен эл чарбасын башкаруу системасын комплекстүү кайра түзүү/.

АВТОМАТИКА автоматика /илим жана техниканын адамдын түздөн түз катышуусуз иштей турган түрдүү процесстерди башкаруу системасынын теориясын жана түзүү принциптерин камтыган тармагы/.

АВТОМАТИЧЕСКАЯ ЛИНИЯ автоматтык линия /машина системасынын негизги, жардамчы жана көтөрүп ташуучу жасалгалар менен ме-

халкешдердин комплексинин жардамы астында продукциянын белгилүү технологиялык тартипте жана керектүү ритм менен чыгарылышы/.

АВТОМАТИЧЕСКАЯ ПОДСТРОЙКА ЧАСТОТЫ жыштыкты автоматтык түрдө куулөө /автогенераторлордун жыштыгын атайын схемалардын жана түзүлүштөрдүн жардамы менен автоматтык түрдө башкаруу/.

АВТОМАТИЗАЦИЯ ПРОГРАММИРОВАНИЯ программалоону автоматташтыруу /программаларды автоматтык түрдө түзүүнүн же кыскартылып, кандайдыр бир формалдуу тилде жазылган информация боюнча цифралуу эсептегич машинада маселелерди чыгаруунун методдорун иштеп чыгуу/.

АВТОМАТИЗАЦИЯ ПРОИЗВОДСТВА өндүрүштү автоматташтыруу /өндүрүштүк процесстерди башкаруу функцияларынан адамдардын бошошун жана ошол функциялардын автоматтык түзүлүштөргө өткөрүлүп берилишин мүнөздөөчү машина өндүрүшүнүн этабы/.

АВТОМАТИЧЕСКАЯ РЕГУЛИРОВКА УСИЛЕНИЯ күчөтүүнү автоматтык түрдө жөндөө /кирүү сигналынын чоңдугу өзгөрүлгөндө күчөткүчтүн чыгышындагы сигналдын чоңдугун, күчөтүүнүн коэффициентин автоматтык түрдө жөндөө менен берилген чекте кармап туруу/.

АВТОМАТИЧЕСКАЯ СИСТЕМА автоматтык система /бири бири менен өз ара аракеттеги башкарылуучу об"ектилердин жана автоматтык башкаруучу түзүлүштөрдүн тобу/.

АВТОМАТИЧЕСКАЯ СИСТЕМА РЕГУЛИРОВАНИЯ жөндөөнүн автоматтык системасы /башкаруучу таасирлер башкарылуучу чоңдуктун анык маанисин анын алдын ала көрсөтүлгөн мааниси менен салыштыруунун натыйжасында иштелип чыгуучу туюк тизмектешүү автоматтык система/.

АВТОМАТИЧЕСКАЯ СИСТЕМА С ЗАМКНУТОЙ ЦЕПЬЮ ВОЗДЕЙСТВИЯ туюк автоматтык системанын таасир берүүчү тизмеги /башкаруучу түзүлүштүн кириш таасирлери катары сырткы жана ошондой эле контролдук таасирлер эсептелүүчү автоматтык система/.



АВТОМАТИЧЕСКАЯ СИСТЕМА С РАЗОМКНУТОЙ ЦЕПЬЮ ВОЗДЕЙСТВИЯ ачык автоматтык системанын таасир берүүчү тизмеги /башкаруучу түзүлүштүн кирүү таасиринен болуп жалаң гана сырткы таасирлер эсептелүүчү автоматтык система/.

АВТОМАТИЧЕСКАЯ СТАБИЛИЗАЦИЯ автоматтык стабилизация /жөндөлүүчү өзгөрүлмө чоңдукту узак убакыт бою туруктуу кылып кармап туруучу автоматтык жөндөөнүн жолу/.

АВТОМАТИЧЕСКИЙ ВЫКЛЮЧАТЕЛЬ автоматтык ажыраткыч /белгиленген шарттарда автоматтык жол менен ажырай турган ажыраткыч/.

АВТОМАТИЧЕСКИЙ ПУСКАТЕЛЬ автоматтык жүргүзгүч /белгилүү бир түзүлүш же оператор берген импульс менен кыймылдаткычты жүргүзүү үчүн зарыл болгон операциялардын толук циклин автоматтык түрдө аткара турган аппарат/.

АВТОМАТИЧЕСКИЙ РЕОСТАТ ДЛЯ РЕГУЛИРОВАНИЯ ВОЗБУЖДЕНИЯ дүүлүгүүнү жөндөөчү автоматтык реостат /негизги генератордун же анын дүүлүктүргүчүнүн тизмегине кошулган реостат/.

АВТОМАТИЧЕСКОЕ ВКЛЮЧЕНИЕ РЕЗЕРВА резервди автоматтык жол менен туташтыруу /бузулган негизги жабдуунун ордуна автоматтык түзүлүштүн жардамы менен резервдеги жабдууну ишке киргизүү/.

АВТОМАТИЧЕСКОЕ ОСЛАБЛЕНИЕ ПОЛЯ талааны автоматтык жол менен басаңдатуу /кыймылдаткычтардын талаасын жөндөөнүн берилген чектеринде өзгөртүп туруучу түзүлүш/.

АВТОМАТИЧЕСКОЕ ПОВТОРНОЕ ВКЛЮЧЕНИЕ автоматтык жол менен кайталанып туташуу /авария убагында ажырап калган электр тизмегинин элементи болгон ажыраткычтын электр тизмегин калыбына келтирүү максатында автоматтык түзүлүштүн жардамы менен кайра туташтыруусу/.

АВТОМАТИЧЕСКОЕ СЛЕЖЕНИЕ автоматтык жол менен ээрчүү /жөндөлүүчү өзгөрүлмө чоңдукту тез, улам-улам жана ойдуттуу түрдө өзгөртүп туруучу автоматтык жөндөөнүн жолу/.

АВТОМАТИЧЕСКОЕ УПРАВЛЕНИЕ автоматтык жол менен башкаруу /белгиленген шарттарда операцияларды башкаруунун автоматтык түрдө ишке ашырылышы/.

АВТОМАТИЧЕСКОЕ УПРАВЛЯЮЩЕЕ УСТРОЙСТВО башкаруунун автоматтык [illegible] менен түзүлүшү /башкарылуучу об"ектке башкаруунун алгоритмине [illegible] таасир берүүнү ишке ашыруучу түзүлүш/.

АВТОМАТОВ ТЕОРИЯ автоматтар теориясы /цифралуу эсептегич [illegible] машина техникасынын муктаждыктарынан келип [illegible] бир бөлүгү/.

АВТОНОМНОСТИ УСЛОВИЯ автономиялуулуктун шарттары /байланыштагы [illegible] системаларында, жөндөө процессинин учурунда кандайдыр бир [illegible] өзгөрүлүшү калган жөндөлүүчү координаталардын [illegible] алып келе албаган шарттар/.

АВТОТРАНСФОРМАТОР автотрансформатор /өзгөрүлмө токтун чыңалуусун бир калыпта кармап туруучу түзүлүш. Автотрансформатор [illegible] трансформатордон биринчи жана экинчи оромолору бири бири менен [illegible] түрдө байланышып тургандыгы менен айырмаланат/.

АВТОТРАНСФОРМАТОРНАЯ СВЯЗЬ автотрансформатордук байланыш

АВТОЭЛЕКТРОННАЯ ЭМИССИЯ автоэлектрондук эмиссия /катуу заттардын [illegible] күчтүү электр талаасынын таасиринен электрондордун [illegible]/.

АГРЕГАТНАЯ УНИФИЦИРОВАННАЯ СИСТЕМА агрегаттуу унификацияланган система /текшерүү жана жөндөө приборлорун, аппараттарын жана алардын комплекстерин түзүү үчүн агрегат кылып кошулган унификацияланган блоктордон турган автоматтык текшерүү жана жөндөө [illegible] системасы/.

АДМИТАНС /КОМПЛЕКС/ ЭКВИВАЛЕНТНЫЙ эквиваленттүү адмитанс



/сызыктуу эмес $y = f(x)$ элементтин күчөтүүсүнүн эквиваленттик комплекстүү коэффициенти/.

АДРЕС адрес /электрондук эсептегич машинада информациянын ордун аныктоочу туюнтук/.

АДРЕСНОЕ ЗАПОМИНАЮЩЕЕ УСТРОЙСТВО адрестик эсте тутуучу түзүлүш /кайрылуу орду эстин ячейкасынын адреси менен аныкталуучу эсте тутуучу түзүлүш/.

АКСЕЛЕРОМЕТР акселерометр /ылдамдануунун ченегич прибор/.

АКТИВНЫЙ ДВУХПОЛЮСНИК активдүү эки уюлдук /электр тогунун булагы бар эки уюлдук/.

АКТИВНАЯ МОЩНОСТЬ ЭЛЕКТРИЧЕСКОЙ ЦЕПИ электр тизмегинин активдүү кубаттуулугу /мезгил ичиндеги көз ирмемдик мезгилдин ичиндеги кубаттуулуктун орточо мааниси/.

АКТИВНАЯ ПРОВОДИМОСТЬ ЭЛЕКТРИЧЕСКОЙ ЦЕПИ электр тизмегинин активдүү өткөрүмдүүлүгү /тизмектеги активдүү кубаттуулуктун анын учтарындагы чыңалуунун квадратына болгон катышы $g = \frac{P}{U^2} = \frac{1}{R}$ /.

АКТИВНОЕ АКУСТИЧЕСКОЕ СОПРОТИВЛЕНИЕ активдүү акустикалык каршылык /акустикалык каршылыктын аник бөлүгү/.

АКТИВНОЕ МЕХАНИЧЕСКОЕ СОПРОТИВЛЕНИЕ активдүү механикалык каршылык / механикалык каршылыктын аник бөлүгү/.

АКТИВНОЕ НАПРЯЖЕНИЕ активдүү чыңалуу / өзгөрүлмө токтун чыңалуусунун түзүүчүлөрүнүн бири; фазасы токтун фазасы менен дал келишкен, башкача айтканда, толук чыңалуунун фазалык жылышуу бурчунун косинусуна көбөйткөнгө барабар болгон бөлүгү/.

АКТИВНОЕ ПАДЕНИЕ ВЫПРЯМЛЕННОГО НАПРЯЖЕНИЯ түзөтүлгөн чыңалуунун төмендөөсүнүн активдүү бөлүгү /активдүү каршылыгы бар жүктө түзөтүлгөн чыңалуунун төмөндөөсү/.

АКТИВНОЕ СОПРОТИВЛЕНИЕ <u>активдүү каршылык</u> /электр тогунун кубатын жылуулук кубатына айландыруучу каршылык/.

АКТИВНОЕ УДЕЛЬНОЕ АКУСТИЧЕСКОЕ СОПРОТИВЛЕНИЕ <u>активдүү акустикалык салыштырмалуу каршылык</u> /салыштырмалуу акустикалык каршылыктын анык бөлүгү/.

АКТИВНЫЙ ПРЕОБРАЗОВАТЕЛЬ <u>активдүү өзгөрткүч</u> /чыгуучу энергия аз болсо да, келүүчү энергиясынын булагынан башка булактан алына турган өзгөрткүч/.

АКТИВНЫЙ ТОК <u>активдүү ток</u> /өзгөрүлмө токтун фазасы чыңалуунун фазасы менен дал келишкен токтун жалпы маанисин фазалык жылышуу бурчунун косинусуна көбөйткөнгө барабар/.

АКТИВНЫЙ ЧЕТЫРЕХПОЛЮСНИК <u>активдүү төрт уюлдук</u> /электр тогунун булактары бар төрт уюлдук/.

АКУСТИЧЕСКАЯ ГИБКОСТЬ <u>акустикалык ийилгичтик</u> /акустикалык серпилгичтикке тескери болгон чоңдук/.

АКУСТИЧЕСКАЯ ПРОВОДИМОСТЬ <u>акустикалык өткөрүмдүүлүк</u> /акустикалык каршылыкка тескери болгон чоңдук/.

АКУСТИЧЕСКАЯ СИСТЕМА <u>акустикалык система</u> /акустикалык термелүүлөрдү чыгарууга, берүүгө жана кабыл алууга жөндөмдүү система/.

АКУСТИЧЕСКАЯ УПРУГОСТЬ <u>акустикалык серпилгичтик</u> /чөйрөнүн потенциалдык энергиясынын түйүнтмасына кире турган реактивдүү акустикалык каршылыкты аныктоочу чоңдук/.

АКУСТИЧЕСКИЕ КОЛЕБАНИЯ <u>акустикалык термелүүлөр</u> /тең салмактуулук абалынын айланасында серпилгич чөйрөнүн бөлүкчөлөрүнүн алга-артка болгон кыймылы/.

АКУСТИЧЕСКИЙ ЛОКАТОР <u>акустикалык локатор</u> /үндүн булагынын ордун аныктоочу электр акустикалык аппарат/.



АКУСТИЧЕСКИЙ ЗВУКОСНИМАТЕЛЬ <u>акустикалык үн алгыч</u> /издердин модулдашуусун түздөн түз акустикалык термелүүлөргө айландыруучу түзүлүш/.

АКУСТИЧЕСКИЙ ЗОНД <u>акустикалык зонд</u> /үн талаасын анчалык бузбастан изилдөөгө мүмкүндүк берүүчү микрофон/.

АКУСТИЧЕСКИЙ РАДИОМЕТР <u>акустикалык радиометр</u> /үн толкунундагы радиациянын басымын өлчөөчү прибор/.

АКУСТИЧЕСКИЙ ЭКРАН <u>акустикалык экран</u> /катуу сүйлөгүчтүн алды жагынан арт жагына чейинки эффективдүү толкундун жолун чоңойтуу үчүн аны менен кошо пайдаланылуучу түзүлүш/.

АКУСТИЧЕСКОЕ СОПРОТИВЛЕНИЕ <u>акустикалык каршылык</u> /үн басымынын берилген беттеги көлөмдүк термелүү ылдамдыгына болгон комплекстүү катышы/.

АКЦЕПТОР <u>акцептор</u> /нейтралдуу абалда бош /эркин/ деңгээли бар кристаллдын дефекти/.

АЛГЕБРА ЛОГИКИ <u>логика алгебрасы</u> /алгебранын ыкмаларын логикада колдонууга негизделген математикалык логиканын негизги бөлүктөрүнүн бири/.

АЛГОЛ <u>алгол</u> /эсептөө алгоритмдерин жазуу үчүн колдонулуучу формалдуу тил/.

АЛГОРИТМ <u>алгоритм</u> /берилген маалыматтарды издөөлүүчү натыйжага өткөрө турган операциялардын мазмунун жана тартибин аныктоочу буйрук/.

АЛГОРИТМ УНИВЕРСАЛЬНЫЙ <u>универсалдуу алгоритм</u>

АЛГОРИТМ УПРАВЛЕНИЯ <u>башкаруу алгоритми</u> /берилген алгоритмди аткаруу максатында башкарылуучу объектке сырттан жасалуучу таасирлердин мүнөзүн аныктоочу көрсөтмөлөрдүн айкалышкан жыйындысы/.

АЛГОРИТМ ФУНКЦИОНИРОВАНИЯ функциялануусунун алгоритми /кандайдыр бир түзүлүштө же түзүлүштөрдүн биримдигинде техникалык процесстин туура аткарылышын камсыз кылуучу көрсөтмөлөрдүн айкалышкан жыйындысы/.

АЛГОРИТМИЧЕСКАЯ НЕРАЗРЕШИМОСТЬ алгоритмдик чечилбестик /кээ бир класстагы маселелерди чыгаруунун жалпы алгоритминин жоктугу/.

АЛГОРИТМИЧЕСКАЯ СТРУКТУРА алгоритмдик структура /натыйжа алгоритми функция алгоритми менен дал келишкен элементардык звенолордун жана алардын арасындагы байланыштардын жыйындысы/.

АЛГОРИТМИЧЕСКАЯ СХЕМА алгоритм схемасы /алгоритм структураларынын график түрүндө сүрөттөлүшү/.

АЛГОРИТМИЗАЦИЯ ПРОЦЕССА процесстерди алгоритмдештирүү /берилген процессти ишке ашыра турган алгоритмди түзүү/.

АЛГОРИТМОВ КОНСТРУИРОВАНИЕ алгоритмдерди конструкциялоо /окшош алгоритмдердин түркүмүнө кирген бир канча берилген алгоритмдерден оңой эле түркүмдөгү жаңы алгоритмдерди түзүү/.

АМПЕР ампер /азоттуу кычкыл күмүштүн суудагы эритмеси аркылуу өткөн учурда бир секунданын ичинде 0,00118 грамм таза күмүштү бөлүп чыгаруучу бир калыптагы токтун күчүнө барабар болгон ток күчүнүн бирдиги/.

АМПЕРВИТКИ ампер оромдор /токтун күчүнүн чоңдугун оромдордун санына көбөйткөнгө барабар болгон түрмөктүн магниттештирүү күчү/.

АМПЕРМЕТР амперметр /ток күчүн өлчөөчү прибор/.

АМПЕРЧАС ампер саат /электр аккумуляторунун сыйымдуулугун өлчөгөн учурда колдонулуучу электр санынын бирдиги/.



АМПЛИТУДА амплитуда /убакыт бирдигинде өзгөрүлгөн чоңдуктун эң чоң маанисы/.

АМПЛИТУДНАЯ ФАЗОВАЯ ХАРАКТЕРИСТИКА амплитудалык фазалык мүнөздөмө /$\omega$ нын $0 \leq \omega < \infty$ интервалында өзгөрүлгөнүндө сызыктуу системанын комплекстүү өткөрүү коэффициентинин векторунун $K/j\omega/$ учунун геометриялык орду/.

АМПЛИТУДНАЯ ЧАСТОТНАЯ ХАРАКТЕРИСТИКА амплитудалык жыштыктык мүнөздөмө /сызыктуу динамикалык системанын бир калыптагы чыгуу термелүүлөрүнүн амплитудасынын кирүү гармоникалык таасиринин амплитудасына болгон катышынын кирүү гармоникалык таасиринин жыштыгына болгон көз карандылыгы/.

АМПЛИТУДНАЯ ЧАСТОТНАЯ ХАРАКТЕРИСТИКА ЛОГАРИФМИЧЕСКАЯ амплитуда логарифмалык жыштыктык мүнөздөмө /сызыктуу динамикалык системанын амплитуда жыштыктык мүнөздөмөсүнүн жыштыктык логарифмалык масштабында түзүлгөн логарифмасынын графиги/.

АМПЛИТУДНОЕ ИСКАЖЕНИЕ амплитудалык бузулуу /кирүү жана чыгуу таасирлеринин амплитуда ортосундагы көз карандылыктын талаптагыдай болбой калышы/.

АМПЛИТУДНЫЙ ДИСКРИМИНАТОР ИМПУЛЬСОВ импульстардын амплитудалык дискриминатору /амплитудасы берилген чоңдуктан чоң болгон чыңалуунун импульстарын автоматтык түрдө бөлүүчү түзүлүш/.

АНАЛИЗ ПЕРЕХОДНЫХ ПРОЦЕССОВ өтмө процесстерди талдоо /берилген сырткы таасирдин астында өтмө процесстердин көрсөткүчтөрүнүн сапатын аныктоо/.

АНАЛИЗ УСТОЙЧИВОСТИ СИСТЕМ системалардын туруктуулугун талдоо /тең салмактуу абалдын туруктуулугун изилдөө/.

АНАЛИЗАТОР АМПЛИТУДНЫЙ амплитудалык талдагыч /амплитудалардын берилген интервалында пайда болгон импульстардын санынан ко-

куотук импульстардын амплитудаларынын интегралдык же дифференциалдык жайланыштыруу законун аныктоочу түзүлүш/.

АНАЛИЗАТОР ЗВУКА үн талдагыч /үндүн спектрдик составын аныктоочу прибор/.

АНАЛИЗАТОР СПЕКТРА спектр талдагыч /татаал термелүүлөрдүн составындагы амплитудалардын синусоидалык түзүүчүлөрүнүн жыштыгы боюнча жайланышын өлчөөчү прибор/.

АНАЛОГОВАЯ ВЫЧИСЛИТЕЛЬНАЯ МАШИНА аналогдуу эсептегич машина /үзгүлтүксүз өзгөрүп туруучу /аналогдуу/ физикалык чондуктар менен операция жүргүзүүчү эсептегич машина/.

АНАЛОГОВАЯ ВЫЧИСЛИТЕЛЬНАЯ МАШИНА С МНОГОКРАТНЫМ ИСПОЛЬЗОВА=НИЕМ ЭЛЕМЕНТОВ элементтерди көп жолу пайдалануучу аналогдуу эсептегич машина /бир түрдүү эсептөө операцияларын убакыт боюнча бөлүп аткаруу үчүн бөлүктөрү жана блоктору кезек менен колдонулуучу эсептегич машина/.

АНАЛОГОВАЯ ВЫЧИСЛИТЕЛЬНАЯ МАШИНА С ПОВТОРЕНИЕМ РЕШЕНИЯ эсептин чыгарылышын кайталануучу аналогдуу эсептегич машина /чыгарылышын мезгил мезгили менен кайталап, кадимки дифференциалдык теңдемелердин математикалык моделин түзүүчү машина/.

АНАЛОГОВОЙ ВЫЧИСЛИТЕЛЬНОЙ МАШИНЫ ВРЕМЕННЫЕ ИНТЕРВАЛЫ аналогдуу эсептегич машинанын убакыттык интервалдары /каттоочу түзүлүштөрдүн өзгөрүлмө коэффициенттерди киргизүүчү жана убакытты эсептөөчү системаларынын иштерин синхрондоштуруучу убакыт сигналдарынын ортосундагы интервал/.

АНАЛОГОВОЙ ВЫЧИСЛИТЕЛЬНОЙ МАШИНЫ УПРАВЛЕНИЕ аналогдуу эсептегич машинаны башкаруу /аналогдуу эсептегич машинага иштин ар кандай режимдерин берүү/.

АНАЛОГО=ЦИФРОВАЯ ВЫЧИСЛИТЕЛЬНАЯ МАШИНА аналогдуу-цифралуу



эсептегич машина /цифралуу коддор ошондой эле үзгүлтүксүз өзгөрүп туруучу физикалык чоңдуктар менен операция жүргүзүүчү эсептегич машина/.

АНКЕРОВКА анкерлөө /эки таяныччтын ортосундагы ар бир өткөргүчтүн тартуу күчүн түздөн түз бекитилген чекитке туура келтирип өткөргүчтү таянычка бекитүүнүн иши/.

АНКЕРНАЯ ОПОРА анкер таяныч /электр линиясынын трассасында узатасынан аракет жасоочу механикалык күчтөрдү кабыл алуучу таяныч/.

АНОД анод /электрондордун башкы /негизги/ агымын кабыл алуучу электрод/.

АНОД ВОЗБУЖДЕНИЯ дүүлүгүү аноду /дүүлүгүү тогу өтүп туруучу анод/.

АНОД ЗАЖИГАНИЯ тутандыруу аноду /катод тактын алдын ала пайда кылуу кызматын аткаруучу электрод/.

АНОДНАЯ БАТАРЕЯ анод батареясы /электрондук лампалардын анод тизмегине чыңалуу берип туруучу кургак элементтерден же аккумулятордон турган батарея/.

АНОДНАЯ НАГРУЗКА анод жүгү /лампанын анодун азыктандыруучу булак менен аноддун ортосуна кошулган активдүү, индуктивдүү же комплекстүү каршылык/.

АНОДНО=МЕХАНИЧЕСКАЯ ОБРАБОТКА анод-механикалык иштетүү /металлдарды электр жолу менен иштетүүнүн эки түрүнүн /электр химиялык жана электр эрозиялык/ жалпы аты/.

АНОДНЫЕ ЛУЧИ анод нурлары /газды электрондордун жардамы менен иондоштуруунун натыйжасында газ разряд түтүкчөлөрүндө пайда болгон оң иондордун агымы/.

АНОДНЫЙ ДЕЛИТЕЛЬ ТОКА аноддук ток бөлгүч /жарыш иштеөчү

Центральная научная библиотека Академии наук КиргССР
579469

бир нече аноддордун ортосунда токтун тиешелүү бөлүштүрүлүүсүн камсыз кылуучу электромагниттик түзүлүш/.

АНОДНЫЙ ПОВТОРИТЕЛЬ анод кайталагычы /терең терс байланыштуу жана күчөтүү коэффициенти бирге барабар анод тизмегинде жүгү бар электрондук күчөткүч/.

АНОДНЫЙ РЕАКТОР анод реактору /тизмектин реактивдүү каршылыгын чоңойтуу үчүн анод тизмегине кошулган реактор/.

АНСАМБЛЬ СООБЩЕНИЙ билдирүүлөрдүн ансамбли /ыктымалдуу мүнөздөмөлөрү бар билдирүүлөрдүн көптүгү/.

АНТЕННА антенна /радиотолкундарды нурлантуу жана кабыл алуу үчүн арналган түзүлүш/.

АНТИСОВПАДЕНИЙ СХЕМА каршы келүү схема /кирүү сигналдар бир учурда берилгенде чыгуу сигналы жок болгон түзүлүш/.

АПЕРИОДИЧЕСКИЕ СИСТЕМЫ мезгилдүү эмес системалар

АПЕРИОДИЧЕСКИЕ ЦЕПИ мезгилдүү эмес тизмектер

АПЕРИОДИЧЕСКИЙ РЕЖИМ мезгилдүү эмес режим /динамикалык системанын чыгуу координатасынын бир калыптагы мааниге монотондуу умтулган иш режими/.

АПЕРИОДИЧЕСКОЕ ЗВЕНО мезгилдүү эмес звено /$W(s)=\frac{K}{Ts+1}$ түрүндөгү катыш функциясы бар автоматтык жөндөө системасынын составдык бөлүгү/.

АППАРАТ ДЛЯ ВНУТРЕННЕЙ УСТАНОВКИ жабык жайларга орнотулуучу аппарат

АППАРАТ ДЛЯ МЕХАНИЧЕСКОЙ ЗАПИСИ механикалык жол менен жазуу аппараты /электр же акустика сигналдарын механикалык термелүүлөргө айландырып, атайын материалдан жасалган маалымат алып жүргүчтүн бетине из калтырып жазуучу аппарат/.



АППАРАТ ДЛЯ НАРУЖНОЙ УСТАНОВКИ ачык жайларга орнотулуучу аппарат

АППАРАТ ДЛЯ ФОТОГРАФИЧЕСКОЙ ЗВУКОЗАПИСИ фотографиялык үн жазуучу аппарат /акустикалык сигналдарды жазуу үчүн жарык шооласынын модулдашкан булагы жана фотографиялык жарык сезгич катмарды кыймылга келтирүүчү механикалык система менен жабдылган түзүлүш/.

АППАРАТ, ЗАЩИЩЕННЫЙ ОТ ВНЕШНИХ ВОЗДЕЙСТВИЙ сырткы таасирлерден корголгон аппарат /конструкциясы спецификалык сырткы факторлордун таасирине алдын ала эсептелип жасалган аппарат/.

АППАРАТ, ЗАЩИЩЕННЫЙ ОТ СЛУЧАЙНОГО ПРИКОСНОВЕНИЯ кокусунан тийип алуудан корголгон аппарат /электр чыңалуусуна кошулган бөлүктөрү адамдын кокусунан тийип алуусунан корголгон аппарат/.

АППАРАТ МАГНИТНОЙ ЗАПИСИ магниттик жазуунун аппараты /теги акустикалык мүнөздөгү электр сигналдарын магниттүү материалдын бетине жазып алуу үчүн калдык магниттелүүнүн өзгөрүшүнө айландыруучу түзүлүш/.

АППАРАТ МГНОВЕННОГО ДЕЙСТВИЯ заматта аракетке келүүчү аппарат /белгиленген шарттар ишке ашканда мисалы, ток же чыңалуу белгилүү чоңдукка жеткенде токтоосуз иштөөчү аппарат/.

АППАРАТ, НЕПРОНИЦАЕМЫЙ ДЛЯ ВНЕШНИХ АГЕНТОВ сырткы агенттер өтө албоочу аппарат /белгиленген шарттарда сырткы агенттердин ичине өтүп кетүүсүнө жол бербей турган кабык менен жабылган аппарат/.

АППАРАТ С АВТОМАТИЧЕСКИМ УПРАВЛЕНИЕМ автоматтык түрдө башкарылуучу аппарат /белгиленген шарттарда өзгөрүлүшү аппараттын иштешин камсыз кылуучу физикалык чоңдуктардын өзгө-

рулушун себип туруучу элементтери бар аппарат/.

АППАРАТ С ВЫДЕРЖКОЙ ВРЕМЕНИ ишке кирүү убакыты белгиленген аппарат /иштеши үчүн берилген шарт пайда болгондон кийин белгилүү убакытты өткөрүп туруп иштөөчү аппарат/.

АППАРАТ С ЗАВИСИМОЙ ВЫДЕРЖКОЙ ВРЕМЕНИ ишке кирүү убакыты көз каранды аппарат /белгиленген убактысы иштөөсүн талап кылуучу чоңдукка тескери көз каранды болгон ажыраткыч же реле/.

АППАРАТ С НЕЗАВИСИМОЙ ВЫДЕРЖКОЙ ВРЕМЕНИ ишке кирүү убакыты көз каранды эмес аппарат /белгиленген убактысы иштөөсүн талап кылган чоңдуктун маанисине көз каранды болбогон ажыраткыч же реле/.

АППАРАТ ТЕПЛОВОГО ДЕЙСТВИЯ жылуулук менен аракетке келүүчү аппарат /өзү аркылуу электр тогунун жүрүшүнөн улам пайда болгон жылуулуктун аракети алдында иштөөчү түзүлүш/.

АППАРАТ УСТОЙЧИВЫЙ К ВНЕШНИМ ВОЗДЕЙСТВИЯМ сырткы таасирлерге туруктуу аппарат /конструкциясы сырткы факторлордун таасирин көтөрө ала тургандай жасалган аппарат/.

АППАРАТУРА АНАЛИЗА СОСТАВА ВЕЩЕСТВ АВТОМАТИЧЕСКАЯ заттардын составын талдоочу автоматтык аппараттар

АППАРАТУРА УПРАВЛЕНИЯ башкаруу аппаратурасы /башкаруу тизмегинде пайдаланылуучу аппаратура: башкаруу релелери, электр пневматика вентилдери, блоктоочу контроллер, ажыраткычтар ж.б./

АППАРАТУРНЫЙ КОНТРОЛЬ аппаратуралык контроль /машинанын, анын айрым бөлүктөрүнүн ишинин тууралыгын, схемалардын жана түйүндөрдүн жардамы менен текшерүү/.

АППРОКСИМАЦИИ МЕТОД аппроксимация методу /математикалык об"ектерди /сандар, функциялар, фигуралар ж.б./ жөнөкөй түргө жакындатып иликтөөнүн методу/.



АРИФМЕТИЧЕСКАЯ ОПЕРАЦИЯ арифметикалык амал /сандардын үстүнөн жүргүзүлүүчү амал/.

АСИМПТОТИЧЕСКИЕ МЕТОДЫ асимптота методдору /кичине параметрдүү түз сызыктуу эмес дифференциалдык теңдемелердин жакындатылган чыгарылышын кичине параметринин даражасы боюнча катарларга асимптоталык ажыратуу менен формалдуу түрдө тургузуунун методдору/.

АРИФМЕТИЧЕСКОЕ ЗВЕНО арифметикалык звено /өзүнүн киришине берилген таасирлерге карата арифметикалык операцияны ишке ашыруучу элементардык звено/.

АРИФМЕТИЧЕСКОЕ УСТРОЙСТВО арифметикалык түзүлүш /арифметикалык операцияларды аткарууга арналган эсептегич машинанын бөлүгү/.

АРМАТУРА арматура /изолятор менен монолиттүү байланышкан жана аны механикалык жол менен бириктирип турууга арналган изолятордун металлдан жасалган бөлүгү/.

АСИНХРОННАЯ ВЫЧИСЛИТЕЛЬНАЯ МАШИНА /ЦИФРОВАЯ/ асинхрондук /цифралуу/ эсептегич машина /ар бир операциянын аткарылышынын башталышы мурунку операциянын бүтүшүн белгилөөчү сигнал менен аныкталган дискреттүү аракеттеги эсептегич машина/.

АСИНХРОННАЯ МАШИНА асинхрондук машина /роторунун бурчтук ылдамдыгы аны азыктандырып турган токтун жыштыгы менен туруктуу катышта болбогон өзгөрүлмө токтун машинасы/.

АССОЦИАТИВНОЕ ЗАПОМИНАЮЩЕЕ УСТРОЙСТВО ассоциативдүү эске тутуучу түзүлүш /кайрылуу орду сакталуучу информациянын мазмунуна карата аныктала турган эске тутуучу түзүлүш/.

АСИНХРОННЫЕ ЭЛЕКТРИЧЕСКИЕ ГЕНЕРАТОРЫ асинхрондук электр генераторлору

АСИНХРОННЫЕ ЭЛЕКТРИЧЕСКИЕ ДВИГАТЕЛИ асинхрондуу электр кыймылдаткычтары /роторлорунун айлануу ылдамдыгы магнит талаасынын айлануу ылдамдыгынан айырмаланган электр кыймылдаткычтары/.

АСИНХРОННЫЙ ПУСК асинхрондук жүргүзүү /синхрондук электр кыймылдаткычтарын асинхрондук электр кыймылдаткычтары катары аракетке келтирүү/.

АСТАТИЗМ n-ГО ПОРЯДКА n-даражасындагы астатизм /эгерде сырткы таасир $g(t)=g_0+a_1t+a_2t^2+...+a_{n-1}t^{n-1}$ закону боюнча өзгөрүлүп турган болсо, бир калыпка келген катаны нөлгө айландыруучу автоматтык башкаруу системасынын касиети/.

АСТАТИЧЕСКАЯ СИСТЕМА астатикалык система /жалпы алганда n даражасындагы астатизми бар автоматтык жөндөө системасы/.

АСТАТИЧЕСКАЯ ХАРАКТЕРИСТИКА РЕГУЛИРОВАНИЯ жөндөөнүн астатикалык мүнөздөмөсү /жөндөлүүчү чоңдуктун жөндөөнүн параметрине көз каранды эместиги/.

АСТАТИЧЕСКИЙ ПРИБОР астатикалык прибор /кыймылдуу элементтери бири бирине 180° ка бурулган жана көрсөткүчү бар бир окко бекитилген эки өлчөгүч түйүндү камтыган электр өлчөгүч прибор/.

АСТАТИЧЕСКИЙ РЕГУЛЯТОР астатикалык жөндөгүч /генератордун чыңалуусун анын электр жүгүнүн өзгөргөнүнө карабастан туруктуу мааниде кармап туруучу регулятор/.

АТТЕНЮАТОР аттенюатор /өзү аркылуу өтүүчү кубаттуулукту /чыңалуунун же токтун амплитудасын/ белгилүү эсеге төмөндөтүүчү түзүлүш/.

АТОМНАЯ ЭЛЕКТРОСТАНЦИЯ атом электростанциясы /ядро энергиясын электр энергиясына айландыруучу станция/.



АУДИОМЕТР аудиометр /угуунун курчтугун өлчөөчү прибор/.

## Б

БАЛАНСНЫЕ СХЕМЫ баланс схемалары /чыгышында кээ бир керексиз гармоникалык түзүүчүлөрдү жок кылуучу сызыктуу эмес төрт же алты уюлдуктардын симметриялуу түрдө кошулган схемалары/.

БАЛЛИСТИЧЕСКИЙ МЕТОД баллистикалык метод /кыймыл системасынын инерция моменти чоң болгон атайын баллистикалык гальванометрдин жардамы менен ылдам өтүүчү кичине электр санын өлчөө жолу/.

БАНДАЖНАЯ ЗАЩИТА КАБЕЛЯ кабелдин бандаждуу сакталуусу /кабелди ички басымдын таасиринен сактоо үчүн металл лентадарынан же зымдан жасалуучу кабель кабыгынын бир бөлүгү/.

БАРАБАННАЯ ОБМОТКА барабан оромосу /электр машиналарынын якорлору үчүн колдонулуучу оромолордун бир түрү/.

БАРАБАННЫЙ КОНТРОЛЕР барабандуу контролер /кыймылдуу контакттык бөлүктөрү цилиндр түрүндөгү бетке орнотулган тизмекти которуп туташтыргыч/.

БАРАБАННЫЙ /ЦИЛИНДРИЧЕСКИЙ/ ГРУППОВОЙ ПЕРЕКЛЮЧАТЕЛЬ барабандуу тобу менен которуп туташтыргыч /кыймылдуу контакттары цилиндрдин бетине жайланыштырылган, ал эми кыймылсыз контакттары цилиндрдин бир же бир нече түзүүчүсү боюнча жайланышкан которуп туташтыргыч/.

БАРЕТТЕР бареттер /электрондуу лампалардын кызытуу тогун бир мааниде кармап туруу жана лампаларды күйүп кетүүдөн сактоого арналган каршылык/.

БАРЬЕРНАЯ МУФТА барьердик муфта / компаунддун бир секция-

дан экинчисине агып өтпөөсүн камсыз кылуу максатында илээшчек зат менен изоляцияланган кабелдин эки секциясын туташтыруучу муфта/.

БАТАРЕЯ батарея /гальваникалык элементтердин, аккумуляторлордун, конденсаторлордун түрдүүчө /жарыш, удаалаш же аралаш/ туташтырылуусунан түзүлгөн электр булагы/.

БАТАРЕЯ НАКАЛА кыздыруу батареясы /электрондуу лампалардын катодун кыздырууга арналган батарея/.

БЕЗИНЕРЦИОННЫЕ ИЗМЕРИТЕЛЬНЫЕ ПРИБОРЫ инерциясыз өлчөгүч приборлор /инерциясы жок приборлор/.

БЕЗИНЕРЦИОННЫЙ ОСЦИЛЛОГРАФ инерциясыз осциллограф /изилденүүчү процесстердин жүрүшүн каттоочу электрондордун ичке тобу же катоддук нурлардын жардамы менен ишке ашырылуучу осциллограф/.

"БЕЛЫЙ" ШУМ "ак" чуу /тилкесинин эни туруктуу анализатор тарабынан өлчөнүлгөн спектри жетишээрлик диапазондогу жыштыктын үзгүлтүксүз жана жылма функциясы болуп эсептелүүчү татаал үн/.

БЕЗКОНТАКТНЫЕ СХЕМЫ УПРАВЛЕНИЯ ЭЛЕКТРОПРИВОДАМИ НА ЛОГИЧЕСКИХ ЭЛЕМЕНТАХ электр кыймылга келтиргичтерин логикалуу элементтер менен контактсыз башкаруу схемалары /башкаруу тизмектеринде бардык функциялык көз карандылыктар жана блокировкалар электр магниттүү реле жана контактсыз логикалуу элементтердин жардамы менен жүзөгө ашырылуучу электр кыймылга келтиргичтерин башкаруунун контактсыз системаларынын бир түрү/.

БЕТОННЫЙ РЕАКТОР бетондуу реактор /оромолору бетон өзөктөргө бекитилген реактор/.

БИБЛИОТЕКА ПОДПРОГРАММ подпрограммалардын библиотекасы



/жаңы программаларды түзүүдө колдонулуучу алдын ала түзүлгөн программалардын жыйнагы/.

БИЕНИЯ согуулар /жыштыктары жакын эки гармоникалык термелүүлөрдү кошкондо жыйынтыктоочу термелүүнүн амплитудасынын мезгилдүү өзгөрүлүшү/.

БИМЕТАЛЛИЧЕСКИЕ ПРОВОДА биметаллдык зымдар /алюминий же жез менен капталган болот зымдар/.

БИОНИКА бионика /инженердик маселелерди чечүүдө биологиялык процесстердин моделин жана биологиялык ыкмаларды колдонуучу кибернетиканын бөлүгү/.

БЛОК КОНТАКТОР блок контактор /башкаруу жана кабарлоо тизмектерин кошуучу контактор/.

БЛОК КОНТАКТ блок контакт /башкаруу жана кабарлоо тизмектерин кошуучу электр аппаратынын контакты/.

БЛОК ФИКСАЦИИ фиксация блогу /берилген убакыттын аралыгында сырткы жана ички контролдук таасирлердин маанилерин фиксациялоочу автоматтык башкаруучу түзүлүштүн функциялык блогу/.

БЛОКИНГ ГЕНЕРАТОР блокинг генератор /импульс учурунда энергиянын бир убакта жыйноочу эки энергия сыйымдуулуктуу /конденсатор жана индуктивдүүлүк/ элементтери жана күчтүү трансформаторлуу оң тескери байланышы бар релаксация термелүүлөрүнүн генератору/.

БЛОКИРОВКА блокировка /берилген абалга алып келген таасир токтогондон кийинки элементтин, аппараттын же схемалардын жумушчу бөлүктөрүнүн белгилүү бир абалы/.

БЛОКИРОВОЧНОЙ ГРУППОВОЙ ПЕРЕКЛЮЧАТЕЛЬ блоктоочу топтол-

гон которуп туташтыргыч /өз ара блоктоо максатында күчтүү токту которуп, туташтыргыч менен бириктирилген башкаргычты которуп туташтыргыч/.

БЛОКИРУЮЩЕЕ УСТРОЙСТВО блоктоочу түзүлүш /берилген аппарат менен иш аткаруу блогу бир түзүлүштүн авалына, өзлөгөн ордуна көз каранды болгон электрдик же механикалык түзүлүш/.

БЛОЧНЫЙ КОД блоктук код /билдирүүлөрдүн ар бир элементин символдордун акыркы санына өз ара бир маанидө салыштыруучу код/.

БЛУЖДАЮЩАЯ ВОЛНА ПЕРЕНАПРЯЖЕНИЯ ашык чыңалуунун адашма толкуну/өткөргүчтүн узундугу боюнча жылышып жүрүүчү ашык чыңалуунун толкуну/.

БЛУЖДАЮЩИЕ ТОКИ адашма токтор /тескери токтордун кайралан тизмек аркылуу эмес, башка багыттар менен /жер, жер алдындагы курулуштар аркылуу өтүүчү бөлүгү/.

БРОНИРОВАННАЯ ПОДСТАНЦИЯ брондолгон подстанция /аппаратуралары, шиналары, көздө трансформаторлору да жеке металл кабыктарга бекитилип коюлуучу подстанция/.

БРОНИРОВАННЫЙ АППАРАТ брондолгон аппарат /өтө бышык кабык менен капталган аппарат/.

БРОНИРОВАННЫЙ КАБЕЛЬ брондолгон кабель /бронь менен капталган кабель/.

БРОНЯ КАБЕЛЯ кабелдин брону /кабелди тышкы механикалык таасирден сактоо үчүн кабель кабыгынын металл лентасынан же зымдан жасала турган бир бөлүгү/.

БУМАЖНАЯ ИЗОЛЯЦИЯ С ВЯЗКОЙ ПРОПИТКОЙ илээшкек сиңирилмелүү кагаз изоляциясы /алегенде орош, кургатып, андан кийин изоляциялоочу илээшкек состав сиңирилген кагаз ленталарынан турган изоляция/.



БУМАЖНАЯ ИЗОЛЯЦИЯ С ПРЕДВАРИТЕЛЬНОЙ ПРОПИТКОЙ алдын ала сиңирилген кагаз изоляциясы /орогонго чейин сиңирилип даярдалган кагаз ленталарынан турган изоляция/.

БУФЕРНОЕ ЗАПОМИНАЮЩЕЕ УСТРОЙСТВО буфердик эске тутуучу түзүлүш /ар кандай ылдамдыкта иштөөчү эсептегич машиналардын түзүлүштөрүнүн ортосунда информация алмашуу учурунда информацияларды сактоо кызматын аткаруучу эске тутуучу түзүлүш/.

БЫСТРОДЕЙСТВИЕ тез аракеттүүлүк /эсептегич машинанын убакыт бирдигинин ичинде аткаруучу операцияларынын орточо статистикалык саны/.

БЫСТРОДЕЙСТВУЮЩИЙ АВТОМАТ тез аракеттүү автомат /кыска туташуу тогу өзүнүн мүмкүн болгон маанисине жете электе тизмекти ажыратуучу автомат/.

## В

ВАКУУММЕТР вакуумметр /газдардын басымын өлчөгүч прибор/.

ВАКУУММЕТР ИОНИЗАЦИОННЫЙ иондошуу вакуумметри /ысык катоддун чыгарган электрондору менен газдардын иондоштурулушунун ургалдуулугун ченөөгө негизделген вакуумметр/.

ВАКУУМНЫЕ ЛАМПЫ вакуумдуу лампалар /ичинен аба бүт бойдон соруп чыгарылган лампалар/.

ВАКУУМНЫЕ УПЛОТНЕНИЯ вакуумдуу тыгыздоолор /вентилдин айрым бөлүктөрүнүн арасынан аба өтө албагандай кылып тыгыздоо/.

ВАКУУМНЫЙ НАСОС вакуумдуу насос /идиште вакуумду түзүү жана кармап туруу үчүн колдонулуучу насос/.

ВАКУУМНЫЙ ФОТОЭЛЕМЕНТ вакуумдуу фотоэлемент К. ФОТОЭЛЕМЕНТ

ВАРИАЦИЯ ПОКАЗАНИЯ ПРИБОРА прибордун көрсөткүсүнүн өзгө-

руушу /турактуу сырткы шартта бир эле чоңдукту бир нече жолу өлчөгөндө өлчөгүч прибордун көрсөтүүлөрүндөгү эң чоң айырма/.

ВАРИКАПА варикапа /сызыктуу эмес сыйымдуулук катары колдонулуучу жарым өткөргүчтүү диод/.

ВАРИКОНД вариконд /сызыктуу эмес касиеттери өзгөчө бөлүнүп туруучу сегнет керамикалуу конденсатор/.

ВАРИОМЕТР вариометр /индуктивдүүлүктүн чоңдугун жай салмактуу өзгөртүүчү, өз ара жылышып туруучу, бири бири менен электр жана магнит талаалары аркылуу байланышкан индуктивдүү түрмөктөрдүн системасы/.

ВАРИСТОР варистор /электр талаасынын чыңалуусунун өсүшү менен чоңдугу азаюучу активдүү сызыктуу эмес жарым өткөргүчтүү каршылык/.

ВАТТСЕКУНДА ваттсекунда /кубаттуулугу бир ватт болгон электр тогунун бир секунданын ичинде аткарган жумушу/.

ВАТТЧАС ваттсаат /электр кубатынын өлчөө бирдиги/.

ВВОД ДАННЫХ В АНАЛОГОВУЮ ВЫЧИСЛИТЕЛЬНУЮ МАШИНУ аналогдуу эсептегич машинага берилген чоңдуктарды киргизүү /аналогдуу эсептегич машинага алгачкы информацияны кийрүүнү камсыз кылуучу түзүлүштөрдүн жана чаралардын комплекси/.

ВВОД ДАННЫХ В ЦИФРОВУЮ ВЫЧИСЛИТЕЛНУЮ МАШИНУ цифралуу эсептегич машинага берилген чоңдуктарды киргизүү /цифралуу эсептегич машинага алгачкы информацияны кийрүүнү камсыз кылуучу түзүлүштөрдүн жана чаралардын комплекси/.

ВЕБЕР вебер /практикалык бирдиктер системасындагы магнит агымын өлчөөнүн бирдиги/.

ВЕНГЕРСКИЙ МЕТОД Венгер методу /транспорт маселелерин чечүүдө колдонулуучу эффективдүү ыктардын бири/.



ВЕНТИЛЬ вентиль /эсептөө техникасында/ бардык киришине сигнал берилгенде гана чыгышында сигнал пайда болуучу, бир нече кириши жана бир эле чыгышы бар схема/.

ВЕНТИЛЬ С ДУГОВЫМ РАЗРЯДОМ жаа разряддуу вентиль /жаа разрядынын катоду бар иондуу вентиль/.

ВЕНТИЛЬ С ЖИДКИМ КАТОДОМ суюк катоддуу вентиль /суюк катоддуу жаа разряды бар вентиль/.

ВЕНТИЛЬ СО СТАЛЬНЫМ КОРПУСОМ болот корпустуу вентиль /кабыгы болоттон жасалган вентиль/.

ВЕНТИЛЬ С ТЛЕЮЩИМ РАЗРЯДОМ бүлбүлдөк разряддуу вентиль /бүлбүлдөк разряддуу катоду бар иондуу вентиль/.

ВЕНТИЛЬ ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ электр вентили / электр каршылыгы токтун багытына көз каранды электротехникалык түзүлүш/.

ВЕНТИЛИРУЕМЫЙ ДВИГАТЕЛЬ желдетилип туруучу кыймылдаткыч /сырттан урган жел менен муздатылуучу кыймылдаткыч/.

ВЕНТИЛЬНЫЙ ПРЕОБРАЗОВАТЕЛЬ вентилдүү өзгөрткүч /негизги жумушчу элементи электр вентилинен түзүлүп, электр тогун бир түрдөн экинчи түргө өзгөртүүчү түзүлүш/.

ВЕНТИЛЬНЫЙ ПРЕОБРАЗОВАТЕЛЬ ЧАСТОТЫ вентилдүү жыштык өзгөрткүч /ар түрдүү жыштыктагы өзгөрүлмө токтун эки системасын байланыштырып туруучу вентилдүү өзгөрткүчтөрдүн бир түрү/.

ВЕНТИЛЬНЫЙ РАЗРЯДНИК вентиль жандыргычы /кошо жүрүүчү токторду чектеп жана ал ток пайда кылган жааны өчүрүүгө мүмкүндүк берүүчү негизги элементи сызыктуу эмес вольтампер мүнөздөмөлүү каршылык болуп эсептелүүчү жандыргыч/.

ВЕРНОСТЬ ПЕРЕДАЧИ ИНФОРМАЦИИ информацияларды берүүнүн тууралыгы /кабыл алынган билдирүүлөрдүн жиберилген билдирүүлөргө туура келиши/.

ВЕРОЯТНОСТНАЯ МАШИНА ыктымалдуулук машинасы /бөлөк абалга өтүү ыктымалдыгы алгачкы абалдардын удаалаштыгына көз каранды болгон чектүү автомат/.

ВЕРОЯТНОСТНЫЙ ПРОЦЕСС ыктымалдуу процесс /физикалык системанын алдын ала так аныктоого мүмкүн болбогон убакыт бирдигинде өзгөрүлүшү/.

ВЕРОЯТНОСТЬ ыктымалдык /кокустук мүнөздөгү массалык кубулуштардын закон ченемдүүлүктөрүн чагылдыруучу /туюнтуучу/ математикалык түшүнүк/.

ВЕРХНИЙ ПОКРОВ КАБЕЛЯ кабелдин сырткы кабыгы /кабелди сактоо максатында анын кабыгынын үстүнө каптаган металл эмес материалдан жасалган чулгоо/.

ВЕТРОЭЛЕКТРОСТАНЦИЯ шамал электр станциясы /шамал энергиясын электр энергиясына айландыруучу станция/.

ВЗАИМНОЕ ВОЛНОВОЕ СОПРОТИВЛЕНИЕ өз ара толкундуу каршылык /чексиз узундуктагы эки линиялык окшоштанууучу өз ара каршылыгы. Бул каршылык линиялардын биринде индукцияланган импульстук чыңалууну экинчисинде циркуляцияланууучу импульстук ток менен байланыштырат/.

ВЗРЫВОБЕЗОПАСНЫЙ АППАРАТ жарылуудан коркунучсуз аппарат /конструкциясы аппараттын ичинде болгон жарылууну сыртка чыгарбагыдай кылып жасалган жарылуу коркунучу бар чөйрөдө иштөөгө ылайыкталган аппарат/.

ВИБРАТОР вибратор /өткөрүүчү металлдын үзүгү же кесиндиси ток өткөрүүчү же диэлектрик материалдан жасалган штыр түрүндөгү электр магнит термелүүлөрүн дүүлүктүргүч/.

ВИБРАЦИЯ ПРОВОДОВ өткөргүчтөрдүн вибрациясы /аба сызыгынын өткөргүчтөрүнүн көбүнчө кичине амплитудадагы вибрациясы/.



ВИБРОМЕТР виброметр / вибрациялык жылышууларды, ылдамдануусун жана вибрациянын жыштыгын ченегич прибор/.

ВИБРОПРЕОБРАЗОВАТЕЛЬ виброөзгөрткүч /электр магниттүү үзгүч вибратордун жардамы менен туруктуу токту өзгөрүлмө токко же жогорку чыңалуудагы туруктуу токко өзгөртүүчү электр механикалык түзүлүш/.

ВИДЕОИМПУЛЬС видеоимпульс к. ВИДЕОСИГНАЛ

ВИДЕОСИГНАЛ видеосигнал /оң же болбосо терс уюлдуу чыңалуунун кыска убакыттын ичинде, секунданын бир нече бөлүгүнөн тартып $10^{-9}$ сек га чейин өзгөрүшү/.

ВИДЕОУСИЛИТЕЛЬ видеокүчөткүч

ВИДИКОН видикон /аракети жарыктын таасири астында фото сезгичтүү катмардын каршылыгынын өзгөрүшүнө негизделген берүүчү электрон нурдуу түтүкчө/.

ВИНТОВОЙ ПАТРОН винттүү патрон /цоколду бурап киргизүүгө ылайыкталган сайылуу патрон/.

ВИСКОЗИМЕТРИЯ вискозиметрия /суюктуктардын илээшкектигин ченөө/.

ВИХРЕВЫЕ ТОКИ куюн токтор /туташ бир ылгый-калыпта өткөргүчтөр аркылуу өтүүчү өзгөрүлмө магнит агымынын негизинде пайда болуучу индукциялык ток/.

ВКЛЮЧАЮЩАЯ СПОСОБНОСТЬ кошууга жөндөмдүүлүк /эксплуатациялоонун белгиленген шарттарында жана сырткы эффекттердин мүмкүн болгон деңгээлинде, чыңалуунун белгилүү маанисинде аппарат кошо ала турган токтун чоңдугу менен туюнтулуучу жөндөмдүүлүк/.

ВЛАЖНОСТИ ГАЗОВ ИЗМЕРЕНИЕ газдардын нымдуулугун ченөө

/абалдагы жана газдардагы суу буусун мүнөздөөчү физикалык чоңдуктарды аныктоо/.

ВЛАЖНОСТИ ЖИДКОСТЕЙ ИЗМЕРЕНИЕ суюктуктардын нымдуулугун ченөө /суу негизги компоненти болбогон суюктуктардагы /нефтиде, трансформатор майында, спиртте, органикалык эриткичтерде ж.б./ суунун санын аныктоо/.

ВЛАЖНОСТИ ТВЕРДЫХ ТЕЛ ИЗМЕРЕНИЕ катуу нерселердин нымдуулугун өлчөө /материалдын түрүнө жана абалдарына, физика-химиялык касиеттерине, убакыт бирдигинде чеңелишине жана анын тактыгына коюлган талаптарга көз каранды өлчөөлөр/.

ВНЕШНЕЕ ВОЗДЕЙСТВИЕ сырткы таасир /автоматтык системага сырткы чөйрөнүн көргөзгөн функционалдык таасири/.

ВНЕШНИЙ ФОТОЭФФЕКТ сырткы фотоэффект /жарыктын таасири астында нерселердин электрондорду бөлүп чыгарышы/.

ВНУТРЕННЕЕ ВОЗДЕЙСТВИЕ ички таасир /автоматтык системанын бир бөлүгүнүн экинчисине жасаган таасири/.

ВНЕШНЕЕ ЗАПОМИНАЮЩЕЕ УСТРОЙСТВО сырткы эске тутуучу түзүлүш /информация массивдерин узакка сактоо, аларды оперативдүү жана буфердик эске тутуучу түзүлүштөрдөгү информациялар менен алмашуу кызматын аткаруучу эске тутуучу түзүлүш/.

ВНУТРЕННИЙ ФОТОЭФФЕКТ ички фотоэффект /жарыкты сиңиргенде катуу нерселерде жана суюктуктарда электрондордун энергетикалык абалдар боюнча жайланышы/.

ВНЕСЕННОЕ СОПРОТИВЛЕНИЕ киргизилген каршылык /электр/механикалык өзгөрткүчтүкү/ өзгөрткүчтүн нормалдуу жүктөлүшүндөгү каршылыгы менен тормоздолгон учурундагы каршылыгынын ортосундагы комплекстүү айырма/.

ВОЗБУДИТЕЛЬ дүүлүктүргүч /электр машиналарынын дүүлүк-



түрүүчү оромосун турактуу ток менен азыктандырып туруучу түзүлүш/.

ВОЗБУЖДЕНИЕ дүүлүктүрүү / I. электр машиналарынын иштеши үчүн зарыл болгон магнит талаасын түзүү; 2. жардамчы жаа аркылуу катоддун тагын кармап туруу процесси/.

ВОЗБУЖДЕНИЕ КОЛЕБАНИЙ термелүүлөрдү дүүлүктүрүү

ВОЗБУЖДЕНИЯ СИСТЕМА дүүлүктүрүү системасы /синхрондуу машиналардын дүүлүктүрүү тогун алуу жана аны жөндөө үчүн колдонулуучу агрегаттардын жана аппараттардын бирикмеси/.

ВОЗВРАТА РЕЛЕ КОЭФФИЦИЕНТ реленин кайтаруу коэффициенти /реленин коё берүү параметринин ишке кирүү параметрине болгон катышы/.

ВОЗВРАЩАЮЩЕЕ УСТРОЙСТВО кайра кайтаруучу түзүлүш /аппарат кайрадан ишке киргизиле тургандай кылып, кармап туруучу механизмин алгачкы абалына келтире турган түзүлүш/.

ВОЗВРАЩАЮЩЕЕСЯ НАПРЯЖЕНИЕ кайра кайтаруучу чыңалуу /калыбына келип жаткан өнөр жай жыштыгындагы чыңалуунун түзүүчүсүнүн аракеттүү мааниси. Көп уюлдуу ажыраткычтар болгон учурда бул чыңалуу фазалардын арасындагы чыңалууга туура келет/.

ВОЗДЕЙСТВИЕ таасир / автоматтык жөндөө системасын элементтеринин биринин абалын өзгөртүүчү фактор/.

ВОЗДЕЙСТВИЕ ПО НАГРУЗКЕ жүк боюнча таасир /чоңдугу жүк менен функциялык көз карандылыкта болгон жөндөгүчтүн жөндөө об"ектисине берген таасири/.

ВОЗДЕЙСТВИЕ ПО ПРОИЗВОДНОЙ туунду боюнча таасир /башкаруучу чоңдуктун убакыт боюнча туундусуна функциялык көз карандылыкта болгон жөндөгүчтүн жөндөө об"ектисине берген таасири/.

ВОЗДЕЙСТВИЕ ПО ОТКЛОНЕНИЮ кыйшаюу боюнча таасир /жөндөлүүчү чоңдуктун кыйшаюусуна белгилүү бир функциялык көз карандылыкта болгон жөндөгүчтүн жөндөө об"ектисине берген таасири/.

ВОЗДЕЙСТВУЮЩАЯ ПЕРЕМЕННАЯ таасир берүүчү өзгөрмө чоңдук /өзгөрүүсү автоматтык башкаруу системасынын абалына таасир берүүчү физикалык чоңдук/.

ВОЗДУШНАЯ ЛИНИЯ аба сызыгы /өткөргүчтөрү изоляторлордун жардамы менен атайын таянычтарга илинип коюлган электр сызыгы/.

ВОЗДУШНЫЙ КАБЕЛЬ аба кабели /атайын конструкцияларга жетишерлик бийиктикте илинген кабель/.

ВОЗМУЩЕНИЕ абалды бузуу /координаталардын жана алардын туундуларынын берилген маанiден кыйшаюусу/.

ВОЗМУЩАЮЩЕЕ ВОЗДЕЙСТВИЕ абалды бузуучу таасир /берүүчү таасир менен жөндөлүүчү таасирдин ортосундагы функциялык байланышты бузуучу таасир/.

ВОЛНА ПЕРЕНАПРЯЖЕНИЯ /ТОКА/ өткөрө чыңалуунун толкуну /жумушчу чыңалуунун өзгөрүү ылдамдыгына караганда өзгөрүү ылдамдыгы жогору болгон өтмө чыңалуунун пайда болушу менен мүнөздөлө турган режимдин бузулушу. Толкун электр берүү линиясын бойлой тарайт/.

ВОЛЬТ вольт /1 ом каршылыгы бар өткөргүчтө 1 ампер электр тогун пайда кылуучу электр чыңалуусунун же электр кыймылдаткыч күчүнүн эл аралык бирдиги/.

ВОЛЬТАМПЕРНАЯ ХАРАКТЕРИСТИКА вольт-ампер мүнөздөмөсү /электр тизмегинде же анын элементинде электр чыңалуусунун токтун күчүнө көз карандылыгы/.



ВОЛЬТМЕТР вольтметр /туруктуу жана өзгөрүлмө ток тизмегиндеги электр чыңалуусун өлчөөчү прибор/.

ВОЛЬТОВА ДУГА вольт жаасы К. ЭЛЕКТРИЧЕСКАЯ ДУГА

ВОЛЬТОДОБАВОЧНАЯ МАШИНА вольт кошумчалоочу машина /якору негизги генератордун якору менен удаалаш туташтырылып, чыңалууну жөнгө салып туруу үчүн пайдаланылуучу туруктуу токтун машинасы/.

ВОЛЬТОДОБАВОЧНЫЙ ТРАНСФОРМАТОР вольт кошумчалоочу трансформатору /негизги трансформатордун чыңалуусун жөндөө үчүн пайдаланылуучу жүктөлгөн бойдон жөндөлүүчү электр трансформатору/.

ВОСПРИНИМАЮЩИЙ БЛОК кабыл алуучу блок /автоматтык башкаруучу түзүлүштүн сырткы же текшерүүчү таасирди кабыл алуучу функциялык блогу/.

ВОСПРИНИМАЮЩИЙ ОРГАН кабыл алгыч орган /элементке таасир берүүчү физикалык чоңдукту башка бир физикалык чоңдукка айландыруучу элемент: реле, билдиргич/.

ВОСПРИНИМАЮЩИЙ ЭЛЕМЕНТ РЕЛЕЙНОГО УСТРОЙСТВА реле түзүлүшүнүн кабыл алгыч элементи /механикалык, оптикалык, электрдик жана башка сырткы таасирлер кирүүчү функциялык элемент/.

ВОСПРОИЗВЕДЕНИЕ кайра чыгаруу /динамикалык системанын киришине берилген таасирди анын чыгышында кайталоо/.

ВОССТАНОВЛЕНИЕ ИНФОРМАЦИИ информациянын калыбына келтирүү /сакталып турган информацияны узакка сактоо макоатында кайра жазып алуу/.

ВОССТАНОВЛЕНИЕ СПЕКТРА спектрди калыбына келтирүү /жабылган сигналды кайра чыгаруу процессинде үн жыштыктарынын аймагындагы энергиянын алгачкы бөлүштүрүлүшүн калыбына келтирүү/.

ВОССТАНОВЛИВАЮЩЕЕСЯ НАПРЯЖЕНИЕ калыбына келүүчү чыңалуу /тизмекти ажыратар менен коммутациялоочу аппараттын чыгуучу учтарынын ортосунда пайда болуучу чыңалуу/.

ВОСЬМЕРИЧНАЯ СИСТЕМА СЧИСЛЕНИЯ эсептөөнүн сегиздик системасы /негизи сегиз сан болгон эсептөөнүн позициялык системасы/.

ВОЮЩИЙ ТОН зыңылдаган тон /жыштыгы мезгил мезгили менен бир маанинин айланасында өзгөрүп туруучу үн/.

ВРАЩАЮЩЕЕСЯ МАГНИТНОЕ ПОЛЕ айланма магнит талаасы /чоңдугу боюнча туруктуу, бирок багыты боюнча мезгил мезгили менен өзгөрүлүп туруучу өзгөрүлмө магнит талаасы/

ВРАЩАЮЩИЙ МОМЕНТ ДВИГАТЕЛЯ кыймылдаткычтын айлануучу моменти /айлануу ылдамдыгын өзгөртүү үчүн кыймылдаткычтын валда пайда кылуучу моменти/.

ВРЕМЕННАЯ ПОДСТАНЦИЯ убактылуу подстанция /убактылуу пайдалануу үчүн тез жеткирилип, тез жыйналуучу элементтерден турган подстанция/.

ВРЕМЕННЫЕ ХАРАКТЕРИСТИКИ убакыттык мүнөздөмөлөр /бирдик импульс түрүндөгү типтүү таасирлерге болгон реакцияны көрсөтүүчү динамикалык системанын же элементтин мүнөздөмөлөрү/.

ВРЕМЯ ВКЛЮЧЕНИЯ туташтыруу убактысы / коммутациялык аппаратка туташтыруу үчүн берилген импульстан тартып контакттардын алгачкы тийишүүсүнө чейинки убакыт/.

ВРЕМЯ ВЫБОРКИ тандоо убактысы /эске тутуу түзүлүшүнөн бир кабарды же кабарлардын группасын табууга жана чыгарып алууга кеткен убакыт/.

ВРЕМЯ ГОРЕНИЯ ДУГИ В ВЫКЛЮЧАТЕЛЕ ажыраткыч жаанын күйүү убактысы /жаанын өчүрүүчү контакттардын ажырашынан жаанын



толук өчүшүнө чейинки убакыт/.

ВРЕМЯ ГОРЕНИЯ ДУГИ В ПРЕДОХРАНИТЕЛЯ сактагычтагы жаанын күйүү убактысы /жаа пайда болгон учурунан тартып тизмектин ажыратылышына чейинки убакыт/.

ВРЕМЯ ЗАДЕРЖКИ кармалуу убактысы /бир электр сигналынын экинчи бир сигналга карата кечигүүсүн аныктоочу убакыт/.

ВРЕМЯ ОБРАЩЕНИЯ К ЗАПОМИНАЮЩЕМУ УСТРОЙСТВУ эске тутуу түзүлүшүнө кайрылуу убактысы /электрондук эсептегич машинада информация окууга же жазууга кеткен убакты/.

ВРЕМЯ ОПРОКИДЫВАНИЯ өтүү убактысы /реакциялык схеманын бир абалдан экинчи бир туруктуу же квази туруктуу абалга өтүү убактысы/.

ВРЕМЯ ПЕРЕКЛЮЧЕНИЯ алмаштырып туташтыруу убактысы /жарым өткөргүчтүү прибордун жабык абалдан ачык абалга же ачык абалдан жабык абалга өтүү убактысы/.

ВРЕМЯ ПЕРЕХОДА өтүү убактысы к. ВРЕМЯ ОПРОКИДЫВАНИЯ

ВРЕМЯ ПЛАВЛЕНИЯ ПРЕДОХРАНИТЕЛЯ сактагычтын эрүү убактысы /эрип кетме зымдан ток өткөндөн баштап жаа пайда болгонго чейинки убакыт/.

ВРЕМЯ РЕЛАКСАЦИИ өтүү убактысы к. ВРЕМЯ ОПРОКИДЫВАНИЯ

ВСПОМОГАТЕЛЬНАЯ ЦЕПЬ жардамчы тизмек /кошумча жабдууларды /компрессорлордун, вентиляторлордун ж.б./ токтору жүрүп туруучу тизмектердин айкалышкан жыйындысы/.

ВСПОМОГАТЕЛЬНАЯ ЦЕПЬ КОММУТАЦИОННОГО АППАРАТА /ВЫКЛЮЧАТЕЛЯ, КОНТАКТОРА, СЕЛЕКТОРА и.т.п./ коммутациялоочу аппараттын кошумча тизмеги /туташтырууга, ажыратууга же өзгөртүүгө арналган аппараттын тизмегинен башка аппараттын ток жүрүүчү калган бөлүктөрү/.

ВСПОМОГАТЕЛЬНЫЙ КОНТАКТ кошумча контакт /аппараттын кошумча тизмегиндеги контакт/.

ВСПОМОГАТЕЛЬНЫЙ ЭЛЕКТРОД кошумча электрод /негизги токту өткөрүү үчүн эмес, башка максаттар үчүн пайдаланылуучу электрод/.

ВСТРЕЧНО=ПАРАЛЛЕЛЬНОЕ СОЕДИНЕНИЕ каршы-катар туташтыруу /анод вентилинин катоду экинчисинин анодуна кошулгандай кылып эки вентилди туташтыруу. Мындай туташтыруу өзгөрүлмө токтун жарым толкундарынын экөөн башкарууда колдонулат/.

ВТОРИЧНАЯ ОБМОТКА экинчи оромо /трансформатордун керектөөчүгө электр кубатын берүүчү оромосу/.

ВТОРИЧНАЯ ЭЛЕКТРОННАЯ ЭМИССИЯ экинчи электрондук эмиссия /нерсенин бетине чоң ылдамдык менен келип урунган электрондордун кубатынын эсебинен анын электрондорду өзүнчө нурдантуусу/.

ВТОРОЙ ЗАКОН КИРХГОФА Кирхгофтун экинчи закону /электр тизмегинин жабык контурундагы электр кыймылдаткыч күчтөрүнүн алгебралык суммасы, тизмектин бутактарындагы чыңалуулардын төмөндөөлөрүнүн алгебралык суммасына барабар/.

ВТОРОЙ ЗАКОН ФАРАДЕЯ Фарадейдин экинчи закону /электроддордон бирдей электр заряддары өткөндө химиялык айланууларга учураган ар кандай заттардын массаларынын катышы ошол заттардын химиялык эквиваленттеринин катышына барабар/.

ВТЯГИВАЮЩАЯ КАТУШКА тартуучу түрмөк /электр энергиясы менен камсыз кылганда электр магнитинин өзөгүн тартуучу же анын якорун буруучу электр магниттүү механизмдин магнит өткөргүчүндөгү түрмөк/.

ВХОД кириш /сырттан таасир берилген автоматтык системанын бөлүгү же ага кирүүчү түзүлүш, блок, звено/.



ВХОДНАЯ ВЕЛИЧИНА кириш чоңдугу /системанын же элементтин киришине берилген таасирдин чоңдугу/.

ВХОДНОЕ ВОЗДЕЙСТВИЕ кириш таасири /киришке берилген таасир/.

ВХОДНОЙ СИГНАЛ кириш сигналы /системанын же элементтин киришине берилген сырткы таасир/.

ВХОДНОЕ УСТРОЙСТВО кириш түзүлүшү /блоктун, звенонун же системанын киришине жайгаштырылган сырткы /кирүүчү/ таасирди кабыл алуучу түзүлүш/.

ВЫКЛЮЧАТЕЛЬ АВТОМАТ ажыраткыч автомат /жүктүн тогун өткөрүүгө жана ажыратууга жөндөмдүү, ошондой эле кыска туюкталуунун авариялык тогун автоматтык түрдө ажыратуучу аппарат/.

ВЫКЛЮЧАТЕЛЬ С АВТОМАТИЧЕСКИМ ПОВТОРНЫМ ВКЛЮЧЕНИЕМ автоматтык түрдө кайрадан туташтырылуучу ажыраткыч /автоматтык түрдө тизмекти ажыраткандан кийин белгиленген циклге ылайык аны автоматтык түрдө кайрадан туташтырууну ишке ашыруучу ажыраткыч/.

ВЫКЛЮЧАТЕЛЬ С АВТОМАТИЧЕСКИМ УПРАВЛЕНИЕМ автоматтык түрдө башкарылуучу ажыраткыч /белгиленген шарттарда ажыратылышын же туташтырылышын камсыз кылуучу физикалык чоңдуктардын өзгөрүшүн сезгич элементтердин жардамы менен башкарылуучу ажыраткыч/.

ВЫКЛЮЧАТЕЛЬ С БЛОКИРУЮЩИМ УСТРОЙСТВОМ блоктоочу түзүлүшү бар ажыраткыч /ажыратуу үчүн белгиленген шарттар пайда болгондо, ажыраткычты кайра туташтырууга жасалган ар кандай аракетти ишке ашырбай коюучу түзүлүш менен жабдылган ажыраткыч/.

ВЫКЛЮЧАТЕЛЬ С ГАШЕНИЕМ ДУГИ В ВОЗДУХЕ , ВОЗДУШНЫЙ АВТОМАТ

жаанҭ абада өчүрүүчү автомат, аба автоматы /ажыратуу жана туташтыруу атмосфера басымынын алдында аба менен жүргүзүлүүчү ажыраткыч/.

ВЫКЛЮЧАТЕЛЬ С МАГНИТНЫМ ДУТЬЕМ /МАГНИТНЫЙ ВЫКЛЮЧАТЕЛЬ/ магнит менен үйлөтүүчү ажыраткыч /жааны өчүрүү максатында магнит талаасы менен жаанын тогунун өз ара аракеттенүүсү пайдаланылуучу ажыраткыч/.

ВЫКЛЮЧАТЕЛЬ /ИЛИ ВЫКЛЮЧАТЕЛЬ НАГРУЗКИ/ С ПОФАЗНЫМ УПРАВЛЕНИЕМ фазасы боюнча башкарылуучу ажыраткыч /ар бир полюсу бирибирине көз карандысыз өз алдынча аракетке келүүчү ажыраткыч же жүк ажыраткыч/.

ВЫКЛЮЧАТЕЛЬ СО СВОБОДНЫМ РАСЦЕПЛЕНИЕМ эркин бөлүнүүчү ажыраткыч /ажыратуу үчүн белгиленген шарттар пайда болгондо, ажыраткычты кошулган абалда кармап турууга жасалган ар кандай аракетти ишке ашырбай коюучу түзүлүш менен жабдылган ажыраткыч/.

ВЫНУЖДЕННАЯ СОСТАВЛЯЮЩАЯ аргасыз түзүүчү /сырткы таасирге системанын убакытка көз карандысыз реакциясы/.

ВЫНУЖДЕННЫЕ КОЛЕБАНИЯ аргасыз термелүүлөр /сырткы туруктуу гармоникалык термелүүлөрдүн таасири астында динамикалык системанын убакытка көз карандысыз кыймылы/.

ВЫПРЯМИТЕЛЬ түзөткүч /өзгөрүлмө токту турактуу токко айландыруучу түзүлүш/.

ВЫПРЯМИТЕЛЬ ОДНОФАЗНОГО ТОКА бир фазалуу токтун түзөткүчү /бир фазалуу өзгөрүлмө токту турактуу токко айландыруучу түзүлүш/.

ВЫПРЯМИТЕЛЬ ТРЕХФАЗНОГО ТОКА үч фазалуу токтун түзөткүчү /үч фазалуу өзгөрүлмө токту турактуу токко айландыруучу түзүлүш/.



ВЫПРЯМИТЕЛЬ УПРАВЛЯЕМЫЙ башкарылуучу түзөткүч /өзгөрткүчтөн ток өтүп жатканда өтүү мезгилинин узактыгын өзгөртүү менен түзөтүлгөн чыңалуунун чоңдугун өзгөртүүчү түзөткүч/.

ВЫПРЯМИТЕЛЬ ФАЗОЧУВСТВИТЕЛЬНЫЙ фаза сезүүчү түзөткүч /өзгөрүлмө чыңалуунун турактуу түзүүчүсүнүн белгиси кирүүчү жана жардамчы чыңалуулардын фазаларынын жылышына көз каранды чыңалууга айландыруучу түзүлүш/.

ВЫПРЯМИТЕЛЬНЫЙ ИЗМЕРИТЕЛЬНЫЙ ПРИБОР түзөткүчтүү өлчөгүч прибор /түзөтүүчү тизмектин электрдик өлчөгүч система менен айкалышы/.

ВЫРАБОТКА ЭЛЕКТРИЧЕСКОЙ СТАНЦИИ электр станциясынын иштеп чыгаруусу /электр станциянын белгилүү мезгилде иштеп чыгарган электр энергиясы/.

ВЫРАБАТЫВАЕМАЯ МОЩНОСТЬ НАГРУЗКА иштелип чыгарылуучу кубаттуулук, жүк /электр станциясы же генератор тарабынан убакыттын белгилүү учурунда берилип туруучу кубаттуулук/.

ВЫСОКИЕ ЧАСТОТЫ жогорку жыштыктар /үн жыштыгынан жогорку жыштыктагы, башкача айтканда 15-20 кгц тен жогору термелүүлөрдүн жыштыгы/.

ВЫСОКОВАКУУМНЫЙ НАСОС жогорку вакуумдуу насос /газды идиштен түздөн түз соордуруп чыгаруучу вакуумдуу насос/.

ВЫСОКОЕ НАПРЯЖЕНИЕ жогорку чыңалуу /фазалык өткөргүч менен жердин ортосундагы чыңалуунун чоңдугу 250 вольттон жогору болгон учурдагы мааниси/.

ВЫСОКОЧАСТОТНАЯ ДЕТОНАЦИЯ жогорку жыштыктуу детонация /адатта 10 герцтен жогорку жыштыкта үн жазуу же үн чыгарууда алып жүргүчтүн (үн жазылуучу материалдын) ылдамдыгынын бир калыпта эместигинен пайда болгон майда жыштыктуу модуляция/.

ВЫТЕСНЕНИЕ ТОКА токтун сурулуп чыгарылышы /өзгөрүлмө ток өткөргүчтүн туурасынан кесилиш бүткүл аянты боюнча өтпестен анын үстүнкү бетине сурулуп чыгарылышы/.

ВЫТЯЖНАЯ РУКОЯТКА УПРАВЛЕНИЯ башкаруунун тартылып алынуучу туткасы /операция жүргүзүү үчүн тартылып чыгарылуучу шакекчеси же туткасы бар электр аппаратынын бир бөлүгү/.

ВЫХОД чыгыш /автоматтык системанын же ага кирүүчү түзүлүштүн, блоктун, звенонун иштөө алгоритмине ылайык сыртка таасир берүүчү бөлүгү/.

ВЫХОДНАЯ ВЕЛИЧИНА чыгыш чоңдугу /системанын же элементтин чыгышындагы чоңдук, электр системаларынын чыгышындагы чыңалуу же ток/.

ВЫХОДНАЯ ОСЬ чыгыш огу /абалы киришке берилген сигналдын чоңдугуна туура келтирилүүчү автоматтык жөндөө системасынын аткаруучу элементинин огу/.

ВЫХОДНОЕ ВОЗДЕЙСТВИЕ чыгыш таасири /чыгыштан алынган таасир/.

ВЫХОДНОЕ УСТРОЙСТВО чыгыш түзүлүшү /чыгыш чоңдугу сырткы керектөөчүлөргө берилүүчү системанын чыгышындагы түзүлүш/.

ВЫХОДНОЙ СИГНАЛ чыгыш сигналы к. ВЫХОДНАЯ ВЕЛИЧИНА

ВЫЧИСЛИТЕЛЬНАЯ МАТЕМАТИКА эсептөө математикасы /маселелердин сан маанилерине чейин жеткире чыгаруучу жана эсептөө каражаттарын колдонуучу методдорду үйрөтүүчү математиканын бөлүгү/.

ВЫЧИСЛИТЕЛЬНАЯ МАШИНА эсептегич машина /математикалык маселелерди чыгаруу үчүн колдонулуучу жалпы башкаруусу бар техникалык каражаттардын комплекси/.



ВЫЧИСЛИТЕЛЬНАЯ МАШИНА ОБЩЕГО НАЗНАЧЕНИЯ жалпы пайдаланылуучу эсептегич машина /кеңири класстагы математикалык маселелерди чыгаруу үчүн колдонулуучу эсептегич машина/.

ВЫЧИСЛИТЕЛЬНАЯ ТЕХНИКА эсептөө техникасы /толук же бөлүп автоматташтыруу жолу менен эсептөө процесстерин жеңилдетүү жана ылдамдатуу үчүн колдонулуучу каражаттардын бирикмеси, ошол каражаттарды иштеп чыгуу, даярдоо жана эксплуатациялоону жүргүзүүчү техниканын тармагы/.

ВЫЧИСЛИТЕЛЬНОЕ УСТРОЙСТВО эсептегич түзүлүш /бир маселени же бир типтүү класстагы маселелерди чыгаруу максатында кандайдыр бир математикалык операцияны же алардын удаалаштыгын автоматтык түрдө аткаруучу түзүлүш/.

ВЫЧИСЛИТЕЛЬНОЕ УСТРОЙСТВО ПНЕВМАТИЧЕСКОЕ пневматикалык эсептегич түзүлүш /кысылган абанын басымы түрүндө берилген кириш жана чыгыш сигналдарынын ортосундагы үзгүлтүксүз математикалык көз карандылыкты ишке ашыруучу түзүлүш/.

ВЫЧИСЛИТЕЛЬНЫЙ ЦЕНТР эсептөө борбору /татаал жана эмгекти көп талап кылган эсептөө иштерин аткарууга арналган электрондук эсептегич машина менен жабдылган мекеме/.

ВЯЗКОЕ ТРЕНИЕ илээшкек сүрүлүү /суюктуктардын же газдардын ичинде катуу нерселер кыймылда болгон кезде пайда болуучу күч/.

## Г

ГАЗА АНАЛИЗ газ талдоо /газ талдагычтын жардамы менен газ аралашмасынын компоненттеринин концентрациясын аныктоо/.

ГАЗОАНАЛИЗАТОР МАГНИТНЫЙ магниттүү газ талдагыч /газ аралашмаларынын магнит касиеттерин өлчөөгө негизделген газ талдагыч/.

ГАЗОАНАЛИЗАТОР МАГНИТНО-МЕХАНИЧЕСКИЙ магнит-механикалык газ талдагыч /газдардын парамагнит касиеттерин пайдаланууга негизделген газ талдагыч/.

ГАЗОАНАЛИЗАТОР ОПТИКОАКУСТИЧЕСКИЙ оптика-акустикалык газ талдагыч /үзгүлтүктүү инфракызыл нурлануунун жутулуш даражасын өлчөөгө негизделген газ талдагыч/.

ГАЗОАНАЛИЗАТОР ОПТИЧЕСКИЙ оптикалык газ талдагыч /пайдаланылуучу газ аралашмасынын оптикалык касиеттеринин бирин өлчөөгө негизделген газ талдагыч/.

ГАЗОАНАЛИЗАТОР ТЕРМОХИМИЧЕСКИЙ термохимиялык газ талдагыч /талданылуучу газ аралашмасынын аныкталуучу компонентинин катышуусу менен өткөн химиялык реакциянын жылуулук эффектисин өлчөөгө негизделген газ талдагыч/.

ГАЗОНАПОЛНЕННЫЙ КАБЕЛЬ газ толтурулган кабель /басым пайда кылуу үчүн чел кабыктын ичинде же сыртында жайлаштырылган газ пайдалануучу басым кабели/.

ГАЗОНАПОЛНЕННЫЙ КАБЕЛЬ С ВНУТРЕННИМ ДАВЛЕНИЕМ ГАЗА ички басымдуу газ толтурулган кабель /адатта май сиңирилген кагаздан жасалган изоляциясы газ менен контактта турган газ толтурулган кабель/.

ГАЗОНАПОЛНЕННЫЙ КАБЕЛЬ С ВНЕШНИМ ДАВЛЕНИЕМ ГАЗА сырткы басымдуу газ толтурулган кабель /адатта май сиңирилген кагаздан жасалган изоляциясы газ менен контактта болгон газ толтурулган кабель/.

ГАЗОНАПОЛНЕННЫЙ ФОТОЭЛЕМЕНТ газ толтурулган фотоэлемент /жарыктын таасири астында электрондор катоддун бетинен сорултулган газга учуп чыгуучу прибор/.

ГАЗООЧИСТКА ЭЛЕКТРИЧЕСКАЯ электр менен газ тазалоо



/электр чыпкалар деп аталган атайын аппараттарда тдамы разрядынын электр талаасынын жардамы менен газ тазалоо/.

ГАЗОРАЗРЯДНЫЙ ИСТОЧНИК СВЕТА жарыктын газ разряддуу булагы /электр тогу газдар же металлдардын буусу аркылуу өткөндө электр энергиясын оптикалык нурланууга айландыруучу иондуу прибор/.

ГАЗОРАЗРЯДНЫЙ ПРИБОР газ разряддуу прибор К. ИОННЫЙ ПРИБОР

ГАЗОТРОН газотрон /инерттүү газ же сымаптын буусу менен толтурулган, катоду ысытылып туруучу эки электроддуу, иондуу прибор/.

ГАЛЬВАНИЧЕСКАЯ СВЯЗЬ гальваникалык байланыш /электрондуу схемалардын, көздө электр схемаларынын активдүү каршылык аркылуу бир бири менен байланышы/.

ГАЛЬВАНИЧЕСКИЙ ЭЛЕМЕНТ гальваникалык элемент /электр химиялык реакциянын негизинде түздөн түз электр энергиясы бөлүнүп чыгуучу электр тогунун булагы/.

ГАЛЬВАНОМЕТР гальванометр /эң кичине электр тогун же чыңалууну өлчөөгө арналган жогорку сезгичтүү электр өлчөгүч прибор/.

ГАЛЬВАНОПЛАСТИКА гальванопластика /металл же металл эмес нускага электролиттик жабуу менен так металл көчүрмө алуу/.

ГАЛЬВАНОСКОП гальваноскоп /токту өлчөө менен анын багытын дагы көрсөтүп туруучу жөнөкөй жебелүү прибор/.

ГАЛЬВАНОСТЕГИЯ гальваностегия /буюмдарды дат басуудан сактоо жана кооздоо үчүн алардын бетине электролиз жолу менен жука металл катмарын жабуу/.

ГАММА - ДЕФФЕКТОСКОПИЯ гамма-дефвектоскопия /металл куймаларынын, ширетилген жиктердин ж.б. кемчилигин $\gamma$ нурларынын карыгы менен аныктоо методу/.

ГАРМОНИЧЕСКИЙ АНАЛИЗАТОР гармоникалык талдагыч /берилгени татаал мезгилдүү $f(z)$ функциясы боюнча фурье катарынын $a_i$ жана $b_i$ коэффициенттерин табуучу атайылаштырылган эсептегич түзүлүш/.

ГАРМОНИЧЕСКИЙ БАЛАНС гармоникалык баланс /сызыксыздарды эквиваленттүү сызыкташтыруу принциби/.

ГАРМОНИЧЕСКОГО БАЛАНСА МЕТОД гармоникалык баланс методу /сызыктуу эмес автоматтык системалардагы гармоникалык кыймылга жакын мезгилдүү кыймылдарды аныктоо методу/.

ГАРМОНИЧЕСКОЕ ВОЗДЕЙСТВИЕ гармоникалык таасир /убакыт ичинде синусоида же косинусоида закону боюнча өзгөрүүчү таасир/.

ГАРМОНИЧЕСКИЕ КОЛЕБАНИЯ гармоникалуу термелүүлөр /физикалык чоңдуктардын синус же косинус закону боюнча мезгилдүү өзгөрүшү/.

ГЕКСОД Гексод /кызытылган катоду, аноду жана төрт торчосу /эки башкаруучу, эки экрандоочу/ б.а. алты электроду бар электрондуу лампа/.

ГЕКТОВАТТ гектоватт/ кубаттуулуктун 100 ватка барабар бирдиги/.

ГЕЛИОЭЛЕКТРИЧЕСКАЯ СТАНЦИЯ гелио электр станциясы /күндөн алынуучу жылуулукту түздөн түз электр энергиясына айландыруучу станция/.

ГЕНЕРАТОР ВЫСОКОЙ ЧАСТОТЫ жогорку жыштык генератору /100 кгц - 100 мгц жыштыгындагы электр магнит термелүүлөрүнүн генератору/.



ГЕНЕРАТОР ДЛЯ ДИЭЛЕКТРИЧЕСКОГО НАГРЕВА диэлектрдик ысытуу генератору /материалдарды электр талаасында ысытуу максатында конденсатордун пластинкаларына берилүүчү өндүрүштүк жыштыктагы чыңалууга айландыруучу түзүлүш/.

ГЕНЕРАТОР-ДВИГАТЕЛЬ СИСТЕМА генератор кыймылдаткыч системасы /өз алдынча көз карандысыз дүүлүктүрүүсү бар иш аткаруучу туруктуу токтун кыймылдаткычы көз карандысыз дүүлүктүрүүсү бар генератордон азыктанып турган электр кыймылга келтиргичинин системасы/.

ГЕНЕРАТОР ЗВУКОВОЙ ЧАСТОТЫ үн жыштыгынын генератору /жыштыгы герцтин үлүшүнөн тартып 100 килогерцке чейин өзгөрүүчү төмөнкү (үн) жыштыктагы электр магнит толкундарынын генератору/.

ГЕНЕРАТОР ИМПУЛЬСОВ импульстар генератору /бир биринин артынан көп же аз убакыт интервалында келүүчү токтун же чыңалуунун кыска мөөнөттүү импульстарын бере турган термелүүлөрдүн генератору/.

ГЕНЕРАТОР ИМПУЛЬСОВ ЭЛЕКТРОМАШИННЫЙ импульстардын электр машиналуу генератору /чыңалуунун импульстарын берүүчү электр машинасы/.

ГЕНЕРАТОР ИМПУЛЬСОВ ЭЛЕКТРОННО-ИОННОЙ импульстардын электрон-иондуу генератору /технологиялык операциялар үчүн арналган токтун мезгилдүү импульстарын берүүчү электрон иондуу түзүлүш/.

ГЕНЕРАТОР ИОННЫЙ ТОКОВ ПОВЫШЕННОЙ ЧАСТОТЫ жогорку жыштыктагы токтордун иондуу генератору /башкарылуучу иондуу вентилдердин жардамы менен төмөнкү жыштыктагы туруктуу өзгөрүлмө токту жогорку жыштыктагы токко айландыруучу статикалык түзүлүш/.

ГЕНЕРАТОР ЛАМПОВЫЙ ДЛЯ ИНДУКЦИОННОГО НАГРЕВА индукциялык

контурунун лампалуу генератору /электрондуу генератор лампанын жардамы менен өндүрүштүк жыштыктагы /50 гц/ токту индукциялык контуруда колдонулуучу жогорку жыштыктагы токко айландыруучу түзүлүш/.

ГЕНЕРАТОР МАШИННЫЙ ПОВЫШЕННОЙ ЧАСТОТЫ жогорулатылган жыштыктуу машина генератору /100 герцтен 1000 герцке чейинки жыштыктын диапазонундагы токту берүүчү, негизинен бир фазалуу электр машинасы/.

ГЕНЕРАТОР НА ПОЛУПРОВОДНИКОВЫХ ПРИБОРАХ жарым өткөргүч генератору /сызыктуу эмес мүнөздөмөлүү активдүү түзүлүш катарында жарым өткөргүч приборлорду колдонулуучу электр магнит термелүүлөрүнүн генератору/.

ГЕНЕРАТОР С НЕЗАВИСИМЫМ ВОЗБУЖДЕНИЕМ өз алдынча дүүлүктүрүүчү генератор /жогорку жыштыктагы электр магниттик термелүүлөрдүн күчөткүчү/.

ГЕНЕРАТОР С САМОВОЗБУЖДЕНИЕМ өзү дүүлүктүрүүчү генератор /схеманын тизмеги аркылуу чыңалуунун бөлүгүн берүүнүн негизинде дүүлүктүрүлүүчү электр магниттик термелүүлөрдүн генератору/.

ГЕНЕРАТОР СИНУСОИДАЛЬНЫХ КОЛЕБАНИЙ синусоидалык термелүүлөрдүн генератору к. ГЕНЕРАТОР ЭЛЕКТРОМАГНИТНЫХ КОЛЕБАНИЙ

ГЕНЕРАТОР ЭЛЕКТРОМАГНИТНЫХ КОЛЕБАНИЙ электр магниттик термелүүлөрдүн генератору /механикалык энергияны же турактуу токтун электр энергиясын /же өндүрүштүк жыштыктагы токту/ ар түрдүү формадагы электр магниттүү термелүүлөргө айландыруучу генератор/.

ГЕНЕРАТОР ЭЛЕКТРОСТАТИЧЕСКИЙ электростатикалык генератор /электр заряддарынын механикалык жылышуусунун негизинде механикалык энергияны электр энергиясына айландыруучу электр машинасы/.

ГЕНЕРАТОРНАЯ ЛАМПА генератор лампасы /турактуу токтун булагынын /кээде өзгөрүлмө токтун да/ энергиясын электр термелүүлөрүнүн энергиясына айландырууга арналган кубаттуу электрондук лампа /триод, тетрод, пентод, клистрон, магнетрон ж.б./.

ГЕНЕРАТОР ДВОЙНОГО ТОКА эки токтун генератору /турактуу токту да, өзгөрүлмө токту да алууга арналган генератор/.

ГЕНЕРАТОР ПОВЫШЕННОЙ ЧАСТОТЫ жогорулатылган жыштыктын генератору к. ГЕНЕРАТОР МАШИННЫЙ ПОВЫШЕННОЙ ЧАСТОТЫ

ГЕНРИ генри /эл аралык бирдиктер системасындагы /СИ/ индуктивдүүлүктүн жана өз ара индуктивдүүлүктүн бирдиги/.

ГЕОМЕТРИЧЕСКАЯ ШИРИНА ЩЕЛИ жылчыктын геометриялык эни /узунунан жазуу үчүн пайдаланылуучу магнит өркүнүн уюлдук учтарынын ортосундагы геометриялык аралык/.

ГЕОТЕРМИЧЕСКАЯ ЭЛЕКТРОСТАНЦИЯ геотермиялык электр станциясы /жердин ичиндеги жылуулукту электр энергиясына айландыруучу станция/.

ГЕРЦ Герц /мезгилдүү процесстин жыштыгынын бирдиги/.

ГЕТЕРОДИН гетеродин /транзистордон, жарым өткөргүчтүү диоддон же электрондук лампадан турган электр термелүүлөрүнүн өзү дүүлүктүрүүчү аз кубаттуу генератору/.

ГИДРАВЛИЧЕСКИЙ ИСПОЛНИТЕЛЬНЫЙ МЕХАНИЗМ гидравликалык иш аткаруучу механизм /башкаруу органдарын жылдыруу үчүн колдонулуучу гидравликалык механизм/.

ГИДРАВЛИЧЕСКИЙ ПРИВОД гидравликалык кыймылга келтиргич /башкарылуучу эрчүүчү системалардын чыгыш элементтерин же көндөө системаларынын жөндөөчү органдарын аз кубаттуу сигнал менен башкаруучу түзүлүш/.

ГИДРОГЕНЕРАТОР гидрогенератор / суу турбинасынын жардамы менен айландырылуучу синхрондуу электр генератору/.

ГИДРОЛОКАТОР гидролокатор /суудагы катуу заттарды жана алардын жайгашкан ордун аныктоочу гидроакустикалык прибор/.

ГИДРОМОТОР гидромотор /айлануучу же белгилүү бурчка бурулуучу чыгыш валы бар гидрокыймылдаткыч/.

ГИДРОФОН гидрофон /сууда таралуучу үн сигналын электр сигналына айландыруучу электр акустикалык өзгөрткүч/.

ГИДРОЭЛЕКТРИЧЕСКАЯ СТАНЦИЯ гидроэлектростанция /суу энергиясын электр энергиясына айландыруучу станция/.

ГИДРОЭЛЕКТРИЧЕСКАЯ СТАНЦИЯ С ВОДОХРАНИЛИЩЕМ суу сактагычы бар гидроэлектростанция /турбиналар аркылуу суунун өтүшүн жөнгө салууга мүмкүндүк бере турган жогорку б"ефте резервуары бар гидроэлектростанция/.

ГИПЕРСТАТИЧЕСКОЕ РЕГУЛИРОВАНИЕ гиперстатикалык жөндөө /таасир берүүчү өзгөрүлмө чоңдукту көбөйткөндө чыгуучу өзгөрүлмө чоңдуктун көбөйүшүн алууга мүмкүн болгон жөндөөнүн жолу/.

ГИПОСТАТИЧЕСКОЕ РЕГУЛИРОВАНИЕ гипостатикалык жөндөө /таасир берүүчү өзгөрүлмө чоңдукту көбөйткөндө чыгуучу өзгөрүлмө чоңдуктун кичирейишин алууга мүмкүн болгон жөндөөнүн жолу/.

ГИРЛЯНДА ИЗОЛЯТОРОВ изоляторлордун гирляндасы /өз ара ашык-машык түрүндө байланышкан саландап туруучу изоляторлордун тобу/.

ГЛАВНАЯ ОБРАТНАЯ СВЯЗЬ башкы тескери байланыш /тизмектеги негизги жөнгө салынуучу өзгөрүлмө чоңдуктун өзгөрүүсүнүн натыйжасында чечилген тескери байланыш/.



ГЛАВНОЙ ОБРАТНОЙ СВЯЗИ СИГНАЛ негизги тескери байланыштын сигналы /автоматтык жөндөө системасынын чыгышынан анын киришине берилүүчү сигнал/.

ГЛАВНАЯ ОСЬ /ПРЕОБРАЗОВАТЕЛЯ,ИЗЛУЧАЮЩЕГО ЗВУК/ башкы ок /түзүлүштүн симметрия огу же максималдуу сезгичтиктин багыты/.

ГЛАВНАЯ ЦЕПЬ КОММУТАЦИОННОГО АППАРАТА /ВЫКЛЮЧАТЕЛЯ,КОНТАКТОРА,СЕЛЕКТОРА и.др/ коммутациялык аппараттын башкы тизмеги /аппарат туташтыра же ажырата турган тизмекке бириктирилген анын ток жүрүүчү бөлүктөрү/.

ГЛАВНЫЕ КОНТАКТЫ негизги контакттар /аппараттын негизги тизмегине киргизилген контакттар. Эгерде аппараттын конатакттары бир нече элементтерден турса, анда контакттар токтун негизги бөлүгүн өткөрөт/.

ГЛАВНЫЙ АНОД негизги анод /негизги ток өтүүчү анод/.

ГЛАВНЫЙ КОНТРОЛЛЕР,КОМАНДО=КОНТРОЛЛЕР негизги контроллер,командо-контроллер /контакттары аппаратты башкаруучу жардамчы тизмектерге туташтырылган ажыраткыч же контроллер/.

ГЛАВНЫЙ ЩИТ УПРАВЛЕНИЯ башкаруунун башкы калканы /башкаруу калкандары топторго бөлүштүрүлүп, жайгаштырылган жай/.

ГЛАВНЫЙ ЭЛЕКТРОД негизги электрод /өзү аркылуу башкы /негизги/ ток өтүүчү электрод/.

ГОДОГРАФ годограф /бир башталгыч точкадан жүргүзүлгөн өзгөрүлмө векторлордун учтарынын геометриялык орду болуп эсептелүүчү ийри сызык/.

ГОЛОВКА ЗВУКОСНИМАТЕЛЯ үн чыгаргычтын бөркү /жазма алып жүргүчтүн изинин модуляциясынан улам дүүлүгүүчү жана ошол кириш механикалык сигналды чыгыш электр сигналына айландыруучу электротехникалык өзгөрткүч/.

ГОЛОГРАФИЯ голография /жарыктын интерференция көрүнүшүнө негизделген предметтердин көлөмдүү же мейкиндиктүү элесин /сүреттөлүшүн/ алуу методу/.

ГОМЕОСТАТ гомеостат /өзүнөн өзү күүлөнүүчү кибернетикалык система/.

ГОМОМОРФИЗМ гомоморфизм /об"екттердин эки көптүгүнүн /множество/ дал келүүсү, изоморфизм түшүнүгүн жалпылоо/.

ГРАДУИРОВКА градуировка /өлчөгүч прибордун же чендердин шкалаларынын бөлүктөрүн, ошондой эле билдиргичтердин чыгыш чоңдуктарын берилген физикалык чоңдуктардын өлчөө бирдиктери менен аныктоо/.

ГРАФИК НАГРУЗКИ жүктүн графиги /жүктү белгилүү убакыт ичинде өзгөрүшүн график түрүндө сүреттөө/.

ГРАФИЧЕСКАЯ ПАНЕЛЬ графикалык панель /технологиялык процесстин мнемоникалык схемасы сүреттөлгөн жана миниатюралуу өлчөгүч приборлор бекитилген текшерүү жана башкаруу калканы/.

ГРАФИЧЕСКОЕ РЕГИСТРИРУЮЩЕЕ УСТРОЙСТВО графикалык регистрациялоочу түзүлүш /информацияны график түрүндө автоматтык жол менен жазууну ишке ашыра турган информация чыгаруучу түзүлүш/.

ГРАФОВ ТЕОРИЯ графтар теориясы /математиканын графтар деп аталуучу математикалык об"екттерди изилдөөчү бөлүгү/.

ГРОМКОГОВОРИТЕЛЬ катуу сүйлөгүч /электр сигналдарын үн толкундарына өзгөртүп абага акустикалык толкундарды таратуу үчүн колдонулуучу электр акустикалык өзгөрткүч/.

ГРОМКОГОВОРИТЕЛЬ С СЕКЦИОНИРОВАННЫМ РУПОРОМ секциялаштырылган рупордуу катуу сүйлөгүч /үн таратуучу элементти жанаша жайланышкан бир нече рупорлор аркылуу айлана чөйрө менен байланыштырган катуу сүйлөгүч/.



ГРУППОВОЕ РЕГУЛИРОВАНИЕ НАПРЯЖЕНИЯ чыңалуунун тобу менен жөнгө салуу /электр станциясынын генераторлорунун бир тобунун чыңалуусунун режимин жана реактивдүү кубаттуулугун борборлоштуруп автоматтык башкаруу/.

ГРУППОВОЙ ПЕРЕКЛЮЧАТЕЛЬ тобу менен которуп туташтыргыч /ар түрдүү туташтыруулар үчүн арналган аппарат/.

ГРУППОВОЙ ПЕРЕКЛЮЧАТЕЛЬ С ВСПОМОГАТЕЛЬНЫМ ПРИВОДОМ кыймылга келтиргичи бар тобу менен которуп туташтыргыч /серво кыймылдаткыч менен башкарылуучу тобу менен которуп туташтыргыч/.

ГРУППОВОЙ ПРИВОД тобу менен кыймылга келтиргич /бир кыймылдаткыч бир нече окторду айландыруучу кыймылга келтиргич/.

ГУРВИЦА КРИТЕРИЙ гурвиц критерийи /n даражасындагы туруктуу коэффициенти бар сызыктуу дифференциалдык теңдеме менен жазылуучу динамикалык системанын туруктуулугун аныктоочу критерий/.

## Д

ДАТЧИК билдиргич /текшерилүүчү же жөнгө салынуучу чоңдуктарды аралыкка берүүгө жана андан ары колдонууга ылайыкталган чыгыш сигналына айландыргыч/.

ДАТЧИК ЕМКОСТНЫЙ сыйымдуулукту билдиргич /электрдик эмес чоңдуктарды /суюктуктардын деңгээлин, жылышууларды, күчтөрдү, нымдуулукту/ электр сыйымдуулугунун өзгөрүшүнө айландыргыч/.

ДАТЧИК ИНДУКТИВНЫЙ индуктивдүү билдиргич /жылышууну же бурулуу бурчун индуктивдүүлүктүн өзгөрүшүнө айландыргыч/.

ДАТЧИК МАГНИТОУПРУГИЙ магнит серпилгичтүү билдиргич /ферромагниттик материалдардын магниттик мүнөздөмөлөрүнүн материалдагы механикалык чыңалуусуна негизделген механикалык күчтөрдү же деформацияларды электр чоңдуктарына айландыргыч/.

ДАТЧИК ПЕРЕМЕЩЕНИЙ ФОТОЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ жылышуунун фото электрдик билдиргичи /жылышууну жарык агымына айландыруучу оптикалык системадан жана жарыктын агымын электр тогуна же чыңалуусуна айландыруучу бир же бир нече фото элементтерден турган сызыктуу жана бурчтук жылышууларды электр чоңдуктарына айландыргыч/.

ДАТЧИК ПЬЕЗОЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ пьезоэлектрдик билдиргич /түз пьезоэффект колдонулуучу күчтөрдү электр чыңалуусуна айландыргыч/.

ДАТЧИК РАБОЧЕГО ЦИКЛА жумушчу циклдин билдиргичи /эсептегич машинанын жумушчу циклин аныктай турган башкаруучу сигналдардын тобун иштеп чыгаруучу башкаруу түзүлүшүнүн түйүнү/.

ДАТЧИК РЕОСТАТНЫЙ реостаттуу билдиргич /механикалык жылышууну же бурулуу бурчун электр каршылыгынын өзгөрүшүнө айландыргыч/.

ДАТЧИК СЛУЧАЙНЫХ ЧИСЕЛ кокустук сандарды билдиргич /берилген диапазондо тегиз жайланышкан кокустук сандарды берүүчү түзүлүш/.

ДАТЧИК СТРУННЫЙ кылдуу билдиргич /өлчөгүч кылдын резонанстык термелүүлөрүнүн жыштыгы менен анын тартылуусунун ортосундагы көз карандылыкка негизделген механикалык чоңдуктарды электр тогунун жыштыгынын өзгөрүшүнө айландыргыч/.

ДАТЧИК ТРАНСФОРМАТОРНЫЙ трансформатордуу билдиргич /механикалык чоңдуктарды өзгөрүлмө токтун чыңалуусуна айландыргыч/.

ДАТЧИК УРОВНЯ ПОПЛАВКОВЫЙ деңгээлдин калкыма билдиргичи /суюктуктун деңгээлин же эки суюктуктун ортосундагы чек араны электр же пневматика сигналына айландыргыч/.



ДАТЧИК ЭДС ХОЛЛА электр кыймылдаткыч күчүнүн Холл билдиргичи /каршысына электр тогун бергенде чыгышында чыңалуу /Холл электр кыймылдаткыч күчү/ алынуучу жарым өткөргүчтүү өзгөрткүч/.

ДВИГАТЕЛЬ-ВЕНТИЛЯТОР кыймылдаткыч-желдеткич /бир же бир нече желдеткичтерден жана алардын кыймылдаткычтарынан турган агрегат/.

ДВИГАТЕЛЬ ВОЗБУЖДЕНИЕМ ОТ ПОСТОЯННОГО МАГНИТА туруктуу магниттен дүүлүктүрүлгөн кыймылдаткыч /дүүлүктүрүүнү туруктуу магниттен алган туруктуу токтун же өзгөрүлмө токтун синхрондуу кыймылдаткычтары/.

ДВИГАТЕЛЬ ДВУХФАЗНЫЙ АСИНХРОННЫЙ асинхрондуу эки фазалуу кыймылдаткыч /статору эки оромодон турган жана кыска туташтырылган ротору бар асинхрондуу кыймылдаткычтын түрү/.

ДВИГАТЕЛЬ = КОМПРЕССОР кыймылдаткыч - компрессор /компрессордон жана анын кыймылдаткычынан турган агрегат/.

ДВИГАТЕЛЬ МОМЕНТНЫЙ момент кыймылдаткычы /токтотулган абалда болсо да берилген убакыттын ичинде айлануу моментин берип туруучу кыймылдаткыч/.

ДВИГАТЕЛЬ ПОСЛЕДОВАТЕЛЬНОГО ВОЗБУЖДЕНИЯ удаалаш дүүлүктүрүлүүчү кыймылдаткыч /дүүлүктүрүүсү удаалаш кыймылдаткыч/.

ДВИГАТЕЛЬ С НЕЗАВИСИМЫМ ОХЛАЖДЕНИЕМ /ВЕНТИЛЯЦИЕЙ/ сырттан желдетилип муздатылуучу кыймылдаткыч /муздатуучу аба кыймылдаткычтын өзүнүн валынын айлануусуна көз каранды эмес бөлөк установкадан келип туруучу кыймылдаткыч/.

ДВИГАТЕЛЬ С САМООХЛАЖДЕНИЕМ /С САМОВЕНТИЛЯЦИЕЙ/ өзүн өзү муздатуучу түзүлүштөр менен жабдылган кыймылдаткыч

ДВИГАТЕЛЬ СМЕШАННОГО ВОЗБУЖДЕНИЯ аралаш дүүлүктүрүлүүчү

кыймылдаткыч /дүүлүктүрүү агымынын багыттары айкалышкан, дүүлүгүүсү удаалаш жана жарыш /же көз карандыз эмес/ болгон кыймылдаткыч/.

ДВИГАТЕЛЬ СО СМЕШАННОЙ СИСТЕМОЙ ОХЛАЖДЕНИЯ муздатуу системасы аралаш кыймылдаткыч /көз карандысыз муздатуу менен да, өзүн өзү муздатуу менен да жабдылган кыймылдаткыч/.

ДВИГАТЕЛЬ ШАГОВЫЙ кадамдуу кыймылдаткыч /электр магнит импульстарды дискреттүү бурчка же сызыктуу жылышка айландыруучу синхрондуу электр кыймылдаткыч/.

ДВИГАТЕЛЬНОЕ УПРАВЛЕНИЕ кыймылдаткычтуу башкаруу /аппараттын операцияларын электр, механика, пневматика же гидравлика энергиясынын жардамы менен ишке ашыруу/.

ДВОЙНАЯ ЦЕПНАЯ ПОДВЕСКА кош чынжырлуу илме /узатасынан көтөрүүчү тросско бекитилген жардамчы өткөргүчкө илинген бир же эки контакттык өткөргүчтөн турган чынжырлуу илме/.

ДВОЙНОЙ КОНТАКТНЫЙ ПРОВОД кош контакттык өткөргүч /потенциалдары бирдей болгон эки контакттык өткөргүчтөн турган сызык/.

ДВОЙНОЙ РАСПРЕДЕЛИТЕЛЬНЫЙ ЩИТ бөлүштүрүүчү кош калкан /аппараттар каршма-каршы эки бетине тең орнотулган капталдары жабык бөлүштүргүч калкан/.

ДВОИЧНАЯ ЕДИНИЦА ИНФОРМАЦИИ информациянын экилик бирдиги /логарифманын негизин экиге барабар кылып тандап алган учурда бирге барабар болгон информациянын саны/.

ДВОИЧНАЯ СИСТЕМА СЧИСЛЕНИЯ эсептөөнүн экилик системасы /негизи эки болгон эсептөөнүн позициялык системасы/.

ДВОИЧНАЯ ФУНКЦИЯ экилик функция /эки гана, 0 жана I маанисин же экөөнүн бирин кабыл алуучу бир же бир нече экилик өзгөрүлмөлөрдүн бир маанилүү функциясы/.



ДВОИЧНЫЙ КОД экилик код /негизи экиге барабар болгон код/.

ДВУХАДРЕСНАЯ МАШИНА эки адрестүү машина /командаларынын экиден адреси бар эсептегич машина/.

ДВУХКОЛЛЕКТОРНЫЙ ДВИГАТЕЛЬ эки коллектордуу кыймылдаткыч /бир эле тулкунун ичинде бир эле валга жайлашкан эки коллектору бар кыймылдаткыч/.

ДВУХПОЗИЦИОННОЕ ВОЗДЕЙСТВИЕ эки позициялуу таасир /чыгуучу өзгөрүлмө чоңдукка мурунтан берилген эки-үч гана маани берe турган таасирдин түрү/.

ДВУХЦЕПНАЯ ЛИНИЯ эки тизмектүү сызык /жалпы таянычка бекитилген, бир эле тармакта эки тизмеги бар аба сызыгы/.

ДВУХЦЕПНАЯ ТРЕХФАЗНАЯ ЛИНИЯ эки тизмектүү үч фазалуу сызык /эки тизмеги тең үч фазадан турган сызык/.

ДЕИОНИЗАЦИЯ деиондоштуруу /газ разряд аралыгында заряддардын жоголушу/.

ДЕИОНИЗАЦИОННАЯ СЕТКА деиондоштуруучу тор /өзүнө жанаша жаткан мейкиндикте деиондоштуруу процессин тездетүүчү жана тулкунун ичиндеги эки аймактын арасында экран түзүүчү тор/.

ДЕЙСТВИТЕЛЬНОЕ ЗНАЧЕНИЕ анык маани /башкарылуучу об"ектин чыныгы абалына тиешелүү болгон башкарылуучу чоңдуктун мааниси/.

ДЕКОДЕР код жандыргыч /код жандырууну ишке ашыруучу түзүлүш/.

ДЕКОДИРОВАНИЕ код жандыруу /кодду цифра түрүндө берилген удаалаш сандарды үзгүлтүксүз сигналга айландыруу/.

ДЕКОДИРУЮЩЕЕ УСТРОЙСТВО код жандыруучу түзүлүш /кабыл алынган сигнал боюнча алгачкы кабарды калыбына келтирүүчү түзүлүш/.

ДЕЛИТЕЛЬ НАПРЯЖЕНИЯ чыңалууну бөлгүч /туруктуу же өзгөрүлмө чыңалууларды бөлүүчү электротехникалык түзүлүш/.

ДЕЛИТЕЛЬ ЧАСТОТЫ жыштык бөлгүч /жыштыгы кириш чыңалуусунун жыштыгынан К эсе аз, мезгилдүү өзгөрүлүп туруучу чыңалууну берүүчү электрондуу түзүлүш/.

ДЕЛИТЕЛЬНЫЙ ЭЛЕКТРОД бөлүүчү электрод /анод менен катоддун арасындагы потенциалдын градиентин көрсөтүүчү жардамчы электрод/.

ДЕМОДУЛЯТОР демодулятор /модулдаштыруу процессине карама-каршы процесстер жүргүзүлүүчү электр тизмеги же түзүлүш/.

ДЕМПФЕР демпфер /термелүү энергиясын жутуу жолу менен техникалык системалардагы термелүүлөрдү басуучу же тынчытуучу түзүлүш/.

ДЕМПФИРОВАНИЕ тынчтуу /демпфер менен динамикалык системадагы термелүүлөрдү басуу/.

ДЕРЖАТЕЛЬ ПЛАВКОЙ ВСТАВКИ эрип кетүүчү кыстырманы кармагыч /сактагычтын эрип кетүүчү элементинин бекитилишин жана оңой алмаштырылышын камсыз кылуучу бөлүгү/.

ДЕТЕКТОР детектор /сигналдарды модулдаштырылган кандайдыр бир параметри /амплитудасы, жыштыгы,фазасы/ боюнча өзгөртүүгө арналган жарым өткөргүчтөн же электр вакуумдуу диоддон, транзистордон турган электр тизмеги/.

ДЕТЕКТОРНАЯ ЛАМПА детектордук лампа /электр термелүүлөрдү түзөтүү үчүн пайдаланылуучу электрондуу лампа/.

ДЕТЕКТИРОВАНИЕ детектирлөө /убакыт ичинде өзгөрүү законун көрсөтүү же аныктоо максатында электр магнит толкундарын табуу/.

ДЕФЕКТОСКОПИЯ дефектоскопия /буюмдардын, чала фабрикаттардын жана материалдардын сапатын аларды бузбай туруп аныктоо/.



ДЕШИФРАТОР шифр жандыргыч /эсептегич машинанын коддуга тиешелүү сигналга айландыруучу түйүнү/.

ДЖОУЛЕВЫ ПОТЕРИ джоуль жоготуулары /өткөргүч аркылуу ток жүргөн учурда анын иштешинен улам электр энергиясынын коромжулукка учурашы/.

ДЖОУЛЬ джоуль /энергиянын,жумуштун жана жылуулуктун бирдиги/.

ДЖОУЛЯ=ЛЕНЦА ЗАКОН Джоуль-Ленцтин закону/ электр тогунун жылуулук аракетин мүнөздөөчү закон/.

ДИАГРАММА НАПРАВЛЕННОСТИ /ЭЛЕКТРОАКУСТИЧЕСКОГО ПРЕОБРАЗОВАТЕЛЯ ПРИ ЗАДАННОЙ ЧАСТОТЕ/ багытталуунун диаграммасы /акустикалык борбор аркылуу өтүүчү белгилүү тегиздикте нурланган үн толкунунун таралуу багытынын функциясы катарында сезгичтикти графикалык түрдө көрсөтүү/.

ДИАГРАММА НАПРАВЛЕНИЙ СИГНАЛОВ сигналдардын багытынын диаграммасы /сигналдардын багытын жана алардын арасындагы көз карандылыкты көрсөтүш үчүн түзүлгөн диаграмманын түрү/.

ДИАМАГНЕТИЗМ диамагнетизм /диамагниттүү заттарда сырткы магниттөөчү талаага карама каршы багытталган магниттелишүүнүн пайда болушу/.

ДИАПАЗОН РЕГУЛИРОВАНИЯ жөндөөнүн диапазону /нормалдуу иш режимдери учурунда жөндөлүүчү чоңдуктун берилген чектеринин ортосундагы интервал/.

ДИАПАЗОН РЕГУЛИРОВАНИЯ ОТНОСИТЕЛЬНЫЙ жөндөөнүн салыштырма диапазону /жөндөөнүн диапазонунун кандайдыр бир шарттуу кабыл алынган чоңдукка болгон катышы/.

ДИВЕРТОР дивертор

ДИЗЕЛЬ ГЕНЕРАТОР дизель-генератор /дизель менен айландырылуучу электр генератору/.

ДИНАМИЧЕСКАЯ ОШИБКА динамикалык ката /жөндөө процессинде пайда болуучу, жөндөлүүчү чоңдуктун талап кылынуучу мааниси менен анык маанисинин ортосундагы айырма/.

ДИНАМИЧЕСКАЯ СИСТЕМА динамикалык система /абалы убакыт ичинде өзгөрүлүп турган физикалык об"екттердин тобу/.

ДИНАМИЧЕСКИЙ РАСЧЕТ динамикалык эсептөө /системанын кабыл алынган структуралык схемасынын туруктуулугун жана сапатын талдоону, анын сапаттык көрсөткүчтөрүн берилген көрсөткүчтөр менен салыштырууну, коррекциялоочу түзүлүштөрдү тандоону жана эсептөөнү камтыган автоматтык жөндөө системасын эсептөө/.

ДИНАМИЧЕСКИЙ РЕЖИМ динамикалык режим /автоматтык жөндөө системасынын негизги абалы туруксуз болгон режим/.

ДИНАМИЧЕСКИЙ ТРИГГЕР динамикалык триггер /туруктуу абалдарынын биринде болсо да, айрым параметрлери мезгилдүү өзгөрүп туруучу триггер/.

ДИНАМИЧЕСКОЕ ЗВЕНО динамикалык звено /звенонун киришине берилүүчү таасирдин функциялык кез карандылыгын убакыт ичинде өзгөртүүчү элементардык звено/.

ДИНАМИЧЕСКОЕ ТОРМОЖЕНИЕ ЭЛЕКТРОПРИВОДА электр кыймылга келтиргичин динамикалык тормоздоо /кыймылган кинетикалык энергия электр энергиясына айланып жана тармак менен электрдик байланышсыз туюк контурда жок болгон электр кыймылдаткычынын генератордук режими/.

ДИНАМИЧЕСКОЕ ПРОГРАММИРОВАНИЕ динамикалык программалоо /математиканын оптималдык башкаруунун маселелерин кароочу бөлүгү/.



ДИНАМИЧЕСКОЕ РАВНОВЕСИЕ динамикалык тең салмактуулук /орто эсеп менен тең жана карама каршы жыйынтыкка алып келүүчү, бир эле учурда аракет кылуучу факторлор менен мүнөздөлүүчү об"ектин же системанын абалы/.

ДИНАМОМЕТР динамометр /сезгич элементи серпилгич бөлүкчө болуп, анын деформациясы боюнча күчтү же ордукту өлчөөчү прибор/.

ДИОД диод /өзгөрүлмө токту түзөтүү, электр сигналдарын детектирлөө, токту чектөө ж.б. үчүн колдонулуучу эки электроддуу прибор/.

ДИОД ГЕРМАНИЕВЫЙ германий диоду /негизи германийден жасалган жарым өткөргүчтүү диод/.

ДИОД КРЕМНИЕВЫЙ кремний диоду /негизи кремнийден жасалган жарым өткөргүчтүү диод/.

ДИОД ПОЛУПРОВОДНИКОВЫЙ жарым өткөргүчтүү диод /жарым өткөргүчтөрдүн электрон - көңдөйлүк өткөөлүнүн же жарым өткөргүч металл контактысынын сызыктуу эмес касиеттерине негизделген эки уюлдуу прибор/.

ДИОД УПРАВЛЯЕМЫЙ башкарылма диод /омдук эки контакттардын ортосундагы негизги заряддардын тогу $p$-$n$ өткөөлүнүн инжекциясынын эффективдүү аянтын жөндөөчү бир өткөөлдүү жалпак транзистор/.

ДИОДНЫЙ ВОЛЬТМЕТР диоддуу вольтметр /ченелүүчү өзгөрүлмө чыңалуу диод менен түзөтүлгөн жана тиркелген чыңалуунун амплитудасы магнит электрдүү прибор менен ченелип, диоддун анод тогунун туруктуу түзүүчүсүнүн чоңдугу боюнча аныкталуучу вольтметр/.

ДИОДОВ ПОЛУПРОВОДНИКОВЫХ ПАРАМЕТРЫ жарым өткөргүчтүү

диоддордун параметрлери /жарым өткөргүчтүү диоддордун касиеттерин аныктоочу сандык көрсөткүчтөр/.

ДИСК РЕЛЕ relé диски /бөлүкчөлөрдүн суюктуктагы термелүү ылдамдыгын өлчөө үчүн пайдаланылуучу, толгоого серпилгичтүү илинип коюлуучу диск/.

ДИСКРЕТИЗАЦИЯ дискреттештирүү /үзгүлтүксүз кептүктөрдү дискреттүү кептүккө өзгөртүү/.

ДИСКРЕТНЫЙ СИГНАЛ дискреттүү сигнал /убакыттын дискреттүү функциясы түрүндө жазылган сигнал/.

ДИСПЕТЧЕРИЗАЦИЯ диспетчерлөө /өндүрүштүк процесстерди оперативдүү текшерүүнү жана башкарууну борборлоштуруу/.

ДИСПЕТЧЕРСКАЯ АВТОМАТИЗАЦИЯ ЭНЕРГОСИСТЕМ энергосистемалардын диспетчердик автоматташтыруу /татаал энергосистемалардын режимдерин текшерүүнү жана башкарууну кеңилдетүү үчүн колдонулуучу автоматтык түзүлүштөр/.

ДИСТАНЦИОННАЯ ПЕРЕДАЧА аралыктан берүү /байланыш сызыктарын сийлигиштирүү үчүн кошумча түзүлүштөрдү колдонбой туруп информацияны өндүрүштүк комплекстин аймагында аралыкка берүү үчүн колдонулуучу түзүлүш/.

ДИФФЕРЕНЦИРУЮЩАЯ ЦЕПЬ дифференциялоочу тизмек /чыгыш сигналы кириш сигналынын ар кандай даражадагы туундусуна шайкеш болгон төрт уюлдук/.

ДИСТАНЦИОННОЕ ИЗМЕРЕНИЕ аралыктан өлчөө /физикалык чоңдуктарды техникалык каражаттардын жардамы менен аралыктан өлчөө/.

ДИСТАНЦИОННОЕ УПРАВЛЕНИЕ аралыктан башкаруу /техникалык системаларды аралыктан башкаруунун методдору жана техникалык каражаттары/.

ДИСТАНЦИОННЫЙ ВЫКЛЮЧАТЕЛЬ аралыктан ажыраткыч /электр



импульстарынын жардамы менен аралыктан башкарылуучу аппарат/.

ДИФФЕРЕНЦИАЛЬНЫЙ СЕЛЬСИН дифференциалдык сельсин /ротору сельсинге туташтырылган момент бергичтерден алынган эки электр бурчтарынын айырмасы менен аныктала турган моментти пайда кылуучу сельсин/.

ДИФФЕРЕНЦИАЛЬНЫЙ ТРАНСФОРМАТОР дифференциалдык трансформатор /амплитудасы өзөктүн алгачкы абалынан жылышы менен аныкталган бир фазалуу электр кыймылдаткыч күчү түрүндөгү сигналды берүүчү трансформатор/.

ДИФФЕРЕНЦИРУЮЩЕЕ ЗВЕНО дифференциялоочу звено/ $W(S)=K(TS+1)$ түрүндөгү катыш функциясы бар автоматтык жендөө системасынын структуралык схемасынын типтүү элементи/.

ДИФФЕРЕНЦИРУЮЩЕЕ УСТРОЙСТВО дифференциялоочу түзүлүш /кириш чоңдугунун туундусун алуу үчүн колдонулуучу түзүлүш/.

ДИЭЛЕКТРИКИ диэлектриктер /электр тогун такыр өткөрбөөчү заттар/.

ДИЭЛЕКТРИЧЕСКАЯ ПРОНИЦАЕМОСТЬ диэлектриктик өтүп кетүүчүлүк /диэлектриктердин негизги мүнөздөмөлөрүнүн бири/.

ДИЭЛЕКТРИЧЕСКИЕ ПОТЕРИ диэлектриктик жоготуулар /өзгөрүлмө электр талаасынын таасири астында диэлектриктерде жылуулуктун бөлүнүп чыгышы/.

ДИЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ КОЭФФИЦИЕНТ диэлектрдик коэффициент /берилген чөйрөнүн диэлектриктик өтүп кетүүчүлүгүнүн вакуумдун диэлектриктик өтүп кетүүчүлүгүнө болгон катышы/.

ДИЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ НАГРЕВ диэлектрдик ысытуу /конденсатордун электр талаасында материалдарды жогорку жыштыкта ысытуу/.

ДИЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ УСИЛИТЕЛЬ диэлектрдик күчөткүч /диэлектрдик өтүп кетүүчүлүгү электр талаасына көз каранды болгон сызык-

туу эмес диэлектриктүү конденсаторлорду колдонууга негиздел-
ген чыңалуунун жана кубаттуулуктун күчөткүчү/.

ДЛИНА РАЗРЫВА /РАСТВОР КОНТАКТОВ/ ажыроо аралыгы /контакттардын ачылышы; коммутациялык аппараттын толук ажыратылган абалында анын контакттык бөлүктөрүнүн ортосундагы минимум аралык/.

ДЛИТЕЛЬНАЯ МОЩНОСТЬ узак кубаттуулук /номиналдуу чыңалуу жана дүүлүгүүнүн белгиленген чоңдугу берилгенде кыймылдаткычтардын узак режимине туура келүүчү кубаттуулук/.

ДЛИТЕЛЬНЫЙ РЕЖИМ узак режим /электр аппараттын же машинасын тармакка кошкон убакыттын ичинде алардын бөлүктөрүнүн температурасынын туруктуу маанигe жетүүчү иштин режими/.

ДЛИТЕЛЬНОСТЬ ИМПУЛЬСА импульстун узактыгы /импульстун өтүү убактысынын шарттуу чоңдугу/.

ДОБАВОЧНЫЕ ПОЛЮСЫ кошумча уюлдар/ туруктуу токтун машиналарынын коммутация процессин жакшыртуу максатында колдонулуучу оромдору машинанын якорунун оромдору менен удаалаш туташтырылган уюлдар/.

ДОБАВОЧНОЕ СОПРОТИВЛЕНИЕ кошумча каршылык /өлчөгүч приборлордун өлчөө чектерин кеңейтүү максатында колдонулуучу каршылык/.

ДОЗАТОР өлчөндөгүч /берилген сандагы ар түрдүү нерселерди автоматтык түрдө ченеп жана бере турган түзүлүш/.

ДОПОЛНИТЕЛЬНАЯ СВЯЗЬ кошумча байланыш /таасирлердин негизги тизмегине же анын кандайдыр бир участогуна берилүүчү таасирлердин жолун түзүүчү байланыш/.

ДОПУСТИМОЕ ЗНАЧЕНИЕ жол берилген мааниси /кээ бир чектөөлөрдү канааттандыруучу $x(t)$ чоңдугунун мааниси/.



Д=РАЗБИЕНИЕ Д-бөлүктөө /жөндөө системасынын параметрлеринин көп чендүү мейкиндигин ар биринде системанын мүнөздөөчү теңдемеси жалган октун оң жагында да, сол жагында да бирдей сандагы тамырлары бар көп чендүү аймактарга бөлүктөө/.

ДРЕЙФ НУЛЕВОГО УРОВНЯ нөл деңгээлинин дрейфи, жылышы /кириш сигнал жок учурда да эсепке алууга кыйын болгон себептердин негизинде күчөткүчтүн чыгышындагы чыңалуунун өзгөрүшү/.

ДРОССЕЛЬ ГИДРАВЛИЧЕСКИЙ гидравликалык дроссель /басымдын айырмасын түзүш үчүн жумушчу суюктуктун агымынын жолуна коюлуучу түзүлүш/.

ДРОССЕЛЬ ПНЕВМАТИЧЕСКИЙ пневматикалык дроссель /пневматикалык түзүлүштөрдө абанын агымына каршылык келтирүүчү жел, акма элемент/.

ДРОССЕЛЬ ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ электр дроссели /электрондук күчөткүчтөрдүн жыштыктын мүнөздөмөлөрүн түздөөчү тизмектерде, түзөткүчтөрдүн чыпкаларында, төмөнкү жыштыктагы термелүүлөрдү күчөтүүчү тизмектерде колдонулуучу индуктивдүүлүктүн түрмөгү/.

ДРОССЕЛЬНАЯ КАТУШКА дроссель түрмөгү /өзгөрүлмө ток үчүн чоң индуктивдүү каршылык катары колдонулуучу өзүнчө индукциялуу түрмөк/.

ДРОССЕЛЬНЫЙ ФИЛЬТР дроссель чыпкасы /сызыкка удаалаш туташтырылган дроссель түрмөгүнөн жана конденсатордон турган төмөнкү жыштыктын электр чыпкасы/.

ДУАЛЬНОЕ УПРАВЛЕНИЕ дуалдык башкаруу /башкарылуучу объектти изилдөө үчүн жана талаптагыдай абалга келтирүү үчүн колдонулуучу башкаруу таасири кош мүнөздөгү башкаруу/.

ДУГОВАЯ КАМЕРА жаа камерасы /жааны чектеп, анын өчүрүлүшүн жеңилдетүүчү камера/.

ДУГОВАЯ ЭЛЕКТРОСВАРКА электр жаасы менен ширетүү /электр жаасынын жардамы менен металлдарды ширетүү/.

ДУГОВОЙ РАЗРЯД жаалай разряд /разряд тогунун чоң тыгыздуулугу учурунда катоддук потенциалдын төмөндөшү менен мүнөздөлүүчү газ электр разряды/.

ДУГОГАСИТЕЛЬНАЯ КАМЕРА жаа өчүрүүчү камера /жаанын өчүрүлүшүн камсыз кылуучу, жаа түзгөн басымга туруштук бере алуучу, ажыраткычтын контакттарын толук же жарым жартылай жаап туруучу камера/.

ДУГОГАСИТЕЛЬНАЯ КАТУШКА жаа өчүрүүчү түрмөк /магнит шамалын пайда кылуу үчүн колдонулуучу өзөктүү же өзөксүз түрмөк/.

ДУГОГАСИТЕЛЬНАЯ СРЕДА жаа өчүрүүчү чөйрө /жаанын өчүрүлүшүнө шарт түзүп, эрип кетүүчү элементти курчап турган зат/.

ДУГОГАСИТЕЛЬНЫЕ КОНТАКТЫ жаа өчүрүүчү контакттар /башкы контакттарды ажыратаар менен жаа пайда болуучу кошумча контакттар/.

ДУГОГАСЯЩАЯ КАМЕРА жаа өчүрүүчү камера /кубаттуу коммутациялык түзүлүштөрдүн контакттары жайланыштырылуучу ысыкка чыдамдуу материалдардан жасалган изоляция камерасы/.

ДУТЬЕ МАГНИТНОЕ магниттик үйлөө /жаа өчүрүүчү камералардын аракетинин эффективдүүлүгүн жогорулатуучу ыктардын бири/.

ДЫМОМЕР түтүн өлчөгүч /түтүндүн тыгыздуулугун аныктагыч прибор/.



## Е

ЕДИНИЧНАЯ ФУНКЦИЯ айрым функция /аргументтин тескери маанилеринде нөлгө, оң маанилеринде бирге барабар болгон функция/.

ЕДИНИЧНОЕ СТУПЕНЧАТОЕ ВОЗДЕЙСТВИЕ айрым баскычтуу таасир /автоматтык жөндөө системасынын динамикасын талдоодо колдонулуучу типтүү таасир/.

ЕМКОСТЬ сыйымдуулук /өткөргүчтүн же өткөргүчтөрдүн системасынын электрдик мүнөздөмөсү/.

ЕМКОСТЬ ВХОДНАЯ кириш сыйымдуулугу /төрт уюлдуктун /өлчөгүч прибордун, күчөткүч каскаддын, электрондуу лампанын ж.б./ кириш тизмегиндеги сыйымдуулук/.

ЕМКОСТЬ ВЫХОДНАЯ чыгыш сыйымдуулугу / прибордун жүгүнө жарым туташтырылган анын чыгыш тизмегиндеги сыйымдуулук/.

ЕМКОСТЬ ЗАПОМИНАЮЩЕГО УСТРОЙСТВА эске тутуучу түзүлүштүн сыйымдуулугу /эске тутуучу түзүлүштөрдө бир эле учурда сакталган информациянын /сандар жана командалар/ көлөмү/.

ЕМКОСТЬ ПРИХОДНАЯ өтмө сыйымдуулук /электрондуу лампанын аноду менен башкаруучу торчосунун ортосундагы сыйымдуулук/.

ЕМКОСТНАЯ СВЯЗЬ сыйымдуулук байланыш / сыйымдуулук аркылуу аткарылуучу электр тизмектеринин ортосундагы байланыштын бир түрү/.

ЕМКОСТНАЯ НАГРУЗКА сыйымдуулуктуу электр жүгү /электр энергиясынын булагы берген кубаттуулук жана ага туура келген ток/.

ЕМКОСТНОЕ СОПРОТИВЛЕНИЕ сыйымдуулуктуу каршылык /тизмектин синусоида тогунун сыйымдуулугу менен аныкталуучу электр каршылыгы/.

## Ж

ЖЕСТКОЕ КРЕПЛЕНИЕ кыймылсыз бекитүү /кармап туруучу түзүлүшкө өткөргүч же трос кыймылсыз бекитилген учурда абадагы контакттуу илмекти бекитүүнүн ыгы/.

ЖИДКИЙ КАТОД суюк катод /суюк металлдан турган жаа разрядынын катоду/.

ЖИДКОСТНОЕ СОПРОТИВЛЕНИЕ суюктуктуу каршылык /суюктукка чөгөрүлгөн электроддордон туруучу каршылык/.

ЖИЛА /ИЗОЛИРОВАННАЯ/ тарам /өзүнчө изоляция менен капталган өткөргүч/.

ЖИЛА ИЗОЛИРОВАННОГО КАБЕЛЯ изоляцияланган кабелдин тарамы/ кабелдин ток жүрүү үчүн ылайыкталган бөлүгү/.

## З

ЗАВОД=АВТОМАТ завод-автомат /өндүрүштүк процесси автоматтык машиналардын, технологиялык агрегаттардын жана автоматтык башкаруу түзүлүштөрүнүн жардамы менен жүзөгө ашырылуучу ишкана/.

ЗАГРАДИТЕЛЬНЫЙ ФИЛЬТР С СОПРОТИВЛЕНИЕМ тосуучу каршылашма чыпка /адашкан толкундардын энергиясынын айрым бөлүгүн чачыратуучу каршылыгы бар тосуучу чыпка/.

ЗАДАННОЕ ЗНАЧЕНИЕ РЕГУЛИРУЕМОЙ ВЕЛИЧИНЫ жөндөлүүчү чоңдуктун берилген мааниси /жөндөө процессинде өзгөртпөй сактап турууга керек болгон жөндөлүүчү $x$ чоңдугунун мааниси/.



ЗАДАЮЩАЯ ВЕЛИЧИНА берүүчү чоңдук /автоматтык системанын киришине пландалган кириш таасирин мүнөздөөчү чоңдук/.

ЗАДАЮЩАЯ ОСЬ берүүчү ок /абалы жөндөлүүчү чоңдуктун керектелүүчү маанисин аныктай турган берүүчү элементтин огу/.

ЗАДАЮЩАЯ ПЕРЕМЕННАЯ берүүчү өзгөрүлмө чоңдук /берилген турактуулаңган чоңдукту аныктоочу көз карандысыз аракет кылуучу өзгөрүлмө чоңдук/.

ЗАДАЮЩЕЕ ВОЗДЕЙСТВИЕ берүүчү таасир /жөндөлүүчү чоңдуктун керектелүүчү законун аныктоочу аракет/.

ЗАДАЮЩЕЕ УСТРОЙСТВО берүүчү түзүлүш /автоматтык жөндөө системасын өзгөртпөй сактап туруу үчүн жөндөлүүчү чоңдуктун берилген маанисин аныктоочу түзүлүш/.

ЗАДАЮЩИЙ БЛОК берүүчү блок /автоматтык башкаруучу түзүлүштүн башкаруунун берилген алгоритмине жана берүүчү чоңдуктарынын маанилерине ылайык буйруктарды белгилөөчү функциялык блогу/.

ЗАДЕРЖКА ИМПУЛЬСОВ импульстарды создуктуруу /бир импульстун экинчи бир импульстан убакыт боюнча артта калышы/.

ЗАЖИМ кыскыч /I. таянычка же изоляторго өткөргүчтү туташтыруу үчүн колдонулуучу металлдан жасалган ылайыкталма; 2. электр булагынын же электр кабыл алгычтарынын аларга электр тогу жүрүүчү өткөргүчтөрдү бекитүүгө ылайыкталып жасалган орун/.

ЗАЖИМ ВЫВОДА чыгуу кыскычы /жөндөө орамасынын секциясынын чыгышы менен кошулган трансформатордун кыскычы/.

ЗАЖИМ, ПРИСОЕДИНИТЕЛЬНЫЙ ЗАЖИМ кыскыч, бириктирүүчү кыскыч /сырткы тизмекке бириктирүү үчүн арналган аппараттын ток жүрүүчү бөлүгү/.

ЗАЗЕМЛЕНИЕ жердештирүү /электр жабдууларын, машиналарын, аппараттарын, приборлорун ж.б. эксплуатациялоонун коопсуздугун камсыз кылуу максатында жер менен туташтыруу/.

ЗАЗЕМЛИТЕЛЬ, ЗАЗЕМЛЯЮЩИЙ ЭЛЕКТРОД жердештиргич, жердештирүүчү электрод /жер менен электр байланышын камсыз кылуу максатында жерге киргизилген өткөргүч же өткөргүчтөрдүн бир орундагы группасы/.

ЗАЗЕМЛЯЮЩИЙ ВЫКЛЮЧАТЕЛЬ жердештирүүчү ажыраткыч /электр тизмегинин же түзүлүштүн кандайдыр бир бөлүгүн жерге туташтыруучу ажыраткыч/.

ЗАЗЕМЛЯЮЩИЙ ЗАЖИМ жердештирүүчү кыскыч /атайын бириктирүүнүн жардамы менен аппараттын бир бөлүгүн жердештирүү үчүн колдонулуучу кыскыч/.

ЗАЗЕМЛЯЮЩИЙ КОНТАКТ жердештирүүчү контакт /аппараттын бөлүктөрүн жердештирүү үчүн пайдаланылуучу контакт/.

ЗАЗЕМЛЯЮЩИЙ ТРОСС жердештиргич тросс /электр берүү сызыктарын атмосфералык ашык чыңалуулардан жана чагылгандан сактоо максатында пайдаланылуучу цинк менен капталган зым аркан/.

ЗАЗЕМЛЯЮЩАЯ ШИНА жердештирүүчү шина /бир нече жердештирүүчү зымдарды электрдик жактан байланыштыруучу өткөргүч/.

ЗАЗЕМЛЯЮЩИЙ ПРОВОД жердештирүүчү зым /тармактын жердештирилүүчү чекити, машинанын же аппараттын тулкусу менен жердештиргич же жердештирүүчү шинаны, электрдик туташтырууну камсыз кыла турган зым/.



ЗАЗЕМЛЯЮЩЕЕ УСТРОЙСТВО /СЕТЬ ЗАЗЕМЛЕНИЯ/ жердештирүүчү түзүлүш /бир же бир нече жердештиргичтердин, жердештирүүчү өткөргүчтөрдүн, айрым учурларда жердештиргич шиналардын айкалышкан жыйындысы/.

ЗАЗЕМЛЯЮЩИЙ РАЗ"ЕДИНИТЕЛЬ жердештирүүчү ажыраткыч /жердештирилүүчү зымга орнотулган ажыраткыч/.

ЗАКОН ЛЕНЦА Ленцтин закону /электр магнит индукциясынын негизинде пайда болуучу индукциялык токтун багытын аныктоочу негизги эреже/.

ЗАКОН ОМА Омдун закону /электр тизмегинин бөлүгүндөгү туруктуу токтун күчү анын электр чыңалуусуна шайкеш келген көз карандылыкты туюнтуучу негизги эреже/.

ЗАКРЫТАЯ ЭЛЕКТРОУСТАНОВКА жабык электроустановка /жаан-чачындан сактоо үчүн жабык жайга жайлаштырылган электр установкасы/.

ЗАКРЫТЫЙ АППАРАТ жабык аппарат /чыңалууда турган бөлүктөрүнө кокусунан же атайылап тийип алуудан сактоочу жабык менен жабылган аппарат/.

ЗАКРЫТЫЙ ВЕНТИЛИРУЕМЫЙ ДВИГАТЕЛЬ жабык желдетилүүчү кыймылдаткыч /муздатуучу аба оромосуна, коллекторуна жана контакт алкагына тийбегендей кылып долбоорлонгон кыймылдаткыч/.

ЗАКРЫТЫЙ ПРЕДОХРАНИТЕЛЬ жабык сактагыч /тизмек сактагычтын жардамы менен ажыратылганда адамга жана жакын турган буюмдарга коркунуч келтирүүчү сырткы эффект болбогондой кылып эрип кетүүчү элементи толук жабылган сактагыч/.

ЗАМЕДЛЕНИЯ СХЕМА саалыктыруучу схема /электромагниттердин ишке кирүү же иштен чыгуу убактысын саалыктыруучу схема/.

ЗАМКНУТАЯ СЕТЬ тудук тармак /электр энергиязын херектээкчилер ийи талазындан шингээр оруктар болгаш бир тармакта холбаа бар электр тармаа/.

ЗАМКНУТАЯ СИСТЕМА АВТОМАТИЧЕСКОГО РЕГУЛИРОВАНИЯ автоматтык жандааштың тудук системазы /негизи энергетикалык тизмегинде тескери байланышты бар автоматтык жандаа системазы/.

ЗАМКНУТЫЙ КОНТУР тудук контур /түз жана тескери байланыш тизмегинен турган бир жакка багытталган тизмек/.

ЗАМЫКАНИЕ НА ЗЕМЛЮ /ИЛИ КОРПУС/ жерге тудукталуу же корпуска /жер менен же корпус менен/ өткөргүчтүн арасындагы изоляциянын бузулушу/.

ЗАНУЛЕНИЕ нөлдөштүрүү /электр түзүлүштөрүнүн элементтеринин нөл потенциалдуу деп аталган тизмек менен кошулушу/.

ЗАПАЗДЫВАНИЕ кечендөө /системанын же бир түзүлүштүн киришине сигнал бергенде анын чыгышында сигналдын кечигүү убактысы деп аталган убакыттан кийин пайда болушу/.

ЗАПАЗДЫВАЮЩЕЕ ЗВЕНО кечендетүүчү звено /автоматтык жандоо системасынын структуралык схемасынын кечигүүнү аныктоочу составдык бөлүгү/.

ЗАПИСЬ ИНФОРМАЦИИ информациянын жазуу /информацияны сактоо үчүн эске тутуучу түзүлүшкө түшүрүү/.

ЗАПИСЬ С ПОСТОЯННОЙ АМПЛИТУДОЙ туруктуу амплитудалуу жазуу /туруктуу амплитудадагы синусоида сигналын жазган учурда издин кыйшаюу амплитудасы сигналдын жыштыгына көз каранды эмес болгон механикалык жазуу/.

ЗАПИСЬ С ПОСТОЯННОЙ КОЛЕБАТЕЛЬНОЙ СКОРОСТЬЮ туруктуу термелүү ылдамдык менен жазуу /туруктуу амплитудадагы синусоида



сигналын жазган учурда издин кыйшаюу амплитудасы сигналдын жыштыгына тескери пропорциялаш болгон механикалык жазуу/.

ЗАПОЛНИТЕЛИ КАБЕЛЯ кабелдин толтургучтар /көп тарамдуу кабелдин тарамдарынын арасындагы жылгачаларды толтуруу үчүн колдонулуучу материалдар/.

ЗАПОМИНАЮЩЕЕ УСТРОЙСТВО эске тутуучу түзүлүш /сандардын кодун жана командаларды жазуучу, сактоочу жана аларды керек убакта берип туруучу эсептегич машиналардын бөлүгү же өзүнчө түзүлүш/.

ЗАПОМИНАЮЩЕЕ УСТРОЙСТВО С ПОСЛЕДОВАТЕЛЬНЫМ ПОИСКОМ эске тутуучу удаалаш издээчү түзүлүш /эске тутуучу түзүлүштүн керек болгон уячасын издөө, уячалардын адрестери боюнча удаалаш жүргүзүлө турган эске тутуучу түзүлүш/.

ЗАПОМИНАЮЩЕЕ УСТРОЙСТВО С ПРОИЗВОЛЬНЫМ ОБРАЩЕНИЕМ каалаганда кайрыла турган эске тутуучу түзүлүш /кайрылуу убактысы кайрылуунун адресине көз каранды болбогон эске тутуучу түзүлүш/.

ЗАПАЯННЫЙ ВЕНТИЛЬ кандалган вентиль /ичиндеги абасы соордурулуп чыгарылгандан кийин эч теше өткөрбөй тургандай кылып кандалган вентиль/.

ЗАРЯДКА АККУМУЛЯТОРА аккумуляторду заряддоо /туракгуу токтун булагынан аккумулятордун өзүнө электр кубатын жыйнап алуу процесси/.

ЗАРЯДНЫЙ ТОК заряд тогу /өткөргүчтү электр тогунун булагынын бир уюлуна же болбосо конденсаторду анын эки уюлуна тең бириктирген учурда пайда болуучу электр тогу/.

ЗАТУХАНИЕ басаңдоо /термелүүлөр энергиясынын чачылышына байланыштуу термелүүлөрдүн амплитудаларынын убакыт ичинде же мейкиндикте кичирейиши/.

ЗАТУХАНИЕ КОНТУРА контурдун термелүүсүнүн басаңдашы /термелүүчү электр контурунун өздүк басаңдоочу термелүүлөрүнүн амплитудасынын кичирейишин мүнөздөөчү параметр/.

ЗАТУХАЮЩИЕ КОЛЕБАНИЯ басаңдоочу термелүүлөр /убакыттын өтүшү менен амплитудасы кичирейген термелүүлөр/.

ЗАЩИТА ЭЛЕКТРОПРИВОДОВ электр кыймылга келтиргичтерин сактоо /ашкере жүктөлгөндө, кыска туташуу учурунда жана чыңалуу өтө азайганда электр кыймылдаткычтарын автоматтык түрдө тармактан ажыратуучу электр түзүлүштөрү/.

ЗАЩИТНОЕ ЗАЗЕМЛЕНИЕ сактоо жердештирүү /эксплуатациялоонун коопсуздугун камсыз кылуу максатында электр машиналарынын тулкуларын, трансформаторлордун жана башка электр жасалгаларынын кабыктарын, кабель муфталарын өлчөгүч трансформаторлордун төмөнкү чыңалуудагы ороомолорун жердештирүү/.

ЗВУКОЗАПИСЬ үн жазуу /сактоо жана керек болгондо чыгаруу максатында үн сигналдарын материалдык сактагычка фиксациялоо техникасы/.

ЗВУКОСНИМАТЕЛЬ үн чыгаргыч /граммофон табактарынын изиндеги ийненин механикалык термелүүлөрүн үн жыштыгынын электр чыңалуусуна айландыруучу электр динамикалык же пьезоэлектрдик түзүлүш/.

ЗАЩЕЛКА /АППАРАТА/ чып этме/ аппараттыкы / пружиналардын аракетин жана оордук күчүн үн аракетин жеңип аппараттын кыймылдуу бөлүгүн белгиленген абалда кармап туруучу түзүлүш/.

ЗАЩИТНАЯ ТРУБКА коргогуч түтүк /өзүнүн ичинен өткөрүлгөн электр өткөргүчтөрүн сактоо үчүн пайдаланылуучу металл түтүк/.

ЗАЩИТНОЕ КОЛЬЦО сактагыч шакек / гирлянданы бойлой чыңалуунун туура бөлүнүшүн камсыз кылуу жана изоляторлорду электр жаасынан сактоо үчүн таянычтын массасы же өткөргүчтөр менен электрдик туташуусу бар, гирляндасынын же изоляторлордун колонкасынын бир же эки учуна бекитилүүчү металл шакек/.

ЗАЩИТНЫЙ КОНДЕНСАТОР сактоочу конденсатор /сыйымдуулугу бар тосуучу чыпка/.

ЗАЩИТНЫЙ ПРОМЕЖУТОК сактоо аралыгы /электр жабдууларын ашыкча чыңалуудан сактоого арналган учкун аралыгы/.

ЗАЩИТНЫЙ РЕАКТОР сактагыч реактор /сызыктарды аппараттарды жана машиналарды сактоо максатында тармактарда орнотулуучу реактор/.

ЗАЩИТНЫЙ ТРОС сактагыч трос /алатта фазалык өткөргүчтөрдүн үстүнө жайланышуучу абадагы жердештирилген аба өткөргүчү/.

ЗАЩИТНЫЙ УГОЛ сактоо бурчу /чагылгандын түз урулуусунан белгиленген даражада сактоону камсыз кыла ала турган бурч/.

ЗОНА ЗАПОМИНАЮЩЕГО УСТРОЙСТВА эске тутуучу түзүлүштүн зонасы/эске тутуучу түзүлүштөгү машина сөздөрүнүн группасын сактоочу орун/.

ЗОНА ЛИНЕЙНОСТИ сызыктуулук зонасы /звенонун же системанын статикалык мүнөздөмөсүнүн кириш сигналынын өзгөрүү диапазонунда сызыктуу бойдон калышы/.

ЗОНА НАСЫЩЕНИЯ каныгуу зонасы /кириш сигналынын өзгөрүү диапазонунда чыгыш чоңдугунун турактуу жана өзүнүн максималдуу маанисинде өзгөрбөй калышы/.

ЗОНА НЕЧУВСТВИТЕЛЬНОСТИ сезгичсиздик зонасы /чыгыш чоңдугу нөлгө барабар болгон элементтин кириш чоңдугунун маанилеринин диапазону/.

# И

ИГНИТОР игнитор /анча-мынча бөлүгү катоддун сымабына чөгөрүлгөн тутандыруучу кыймылсыз анод/.

ИГНИТОРНОЕ УПРАВЛЕНИЕ игнитордук башкаруу /игниторго берилген ток аркылуу ишке ашырылуучу фазалык башкаруу/.

ИГНИТРОН игнитрон /тутандыргычты азыктандыруучу чыңалуунун жыштыгы менен катар сымаптын бетиндеги мезгилдүү пайда болуучу катоддук тактын ток өткөргүчтүүлүгү келип чыккан сымаптуу вентиль/.

ИГР ТЕОРИЯ оюндар теориясы /карама-каршы жагдайлардын сандык закон ченемдүүлүгүн көрсөтүүчү математиканын тармагы/.

ИДЕАЛЬНОЕ ВЫПРЯМЛЕННОЕ НАПРЯЖЕНИЕ ХОЛОСТОГО ХОДА куру жүрүүнүн идеалдуу түзөтүлгөн чыңалуусу /инвертордун же түзөткүчтүн теориялык түрдө түзөтүлгөн куру жүрүү чыңалуусу. Мында фазалык башкаруунун чыңалуусунун төмөндөөсү, чыңалуунун жаадагы төмөндөөсү, аз жүктөлүү учурунда чыңалуунун жогорулашы жок деп болжолдонот/.

ИЕРАРХИЧНОСТИ ПРИНЦИП УПРАВЛЕНИЯ башкаруунун иерархиялык принциби /башкаруу функциясы системанын бөлүктөрүнүн ортосунда бөлүштүрүлүп, башкаруу системаларын көп баскычтуу кылып түзүүнүн принциби/.

ИЗБИРАТЕЛЬНОСТЬ тандагычтык /электр тизмегинин киришине берилген таасирлердин бир гана түрүн бөлүп алуу касиети/.

ИЗБЫТОЧНОСТЬ СООБЩЕНИЯ билдирүүнүн ашыктыгы /элементтердин арасындагы өз ара байланыштарды пайдалануу жолу менен билдирүүлөрдү кыскартуунун информацияны жоготпой туруп мүмкүн болгон чени/.



ИЗМЕРЕНИЕ АВТОМАТИЧЕСКОЕ автоматтык өлчөө /натыйжасы адамдын катышуусуз сан түрүндө алынган өлчөө/.

ИЗМЕРЕННАЯ ОБРАТНАЯ СВЯЗЬ өлчөнгөн тескери байланыш /тизмектин чыгышындагы чоңдукту өлчөөгө негизделген тескери байланыш/.

ИЗМЕРЕННОЕ ЗНАЧЕНИЕ өлчөнгөн маани /убакыттын берилген учурундагы кандайдыр бир өлчөгүч прибордун өлчөөсүнүн негизинде алынган чоңдук/.

ИЗМЕРИТЕЛЬНАЯ ТОЧКА өлчөө чекити /кандайдыр бир чоңдукту өлчөө жүргүзүлүүчү чекит/.

ИЗМЕРИТЕЛЬНАЯ ЦЕПЬ өлчөө тизмеги /информацияларды алуу же өлчөө үчүн сигналдарды жиберүүчү тизмек/.

ИЗМЕРИТЕЛЬНЫЙ ТРАНСФОРМАТОР өлчөгүч трансформатор /биринчи оромосуна өлчөнүүчү ток же чыңалуу таасир берүүчү, ал эми экинчи оромосу өлчөгүч приборлорго же коргоо релесине кошулган электр трансформатору/.

ИЗМЕРИТЕЛЬНЫЙ МИКРОФОН өлчөгүч микрофон /жыштыктын мүнөздөмөсү пайдалануунун белгилүү шарттары үчүн чоң тактык менен белгилүү болгон микрофон/.

ИЗМЕРИТЕЛЬНЫЙ ОРГАН өлчөгүч орган /киришине кандайдыр бир физикалык чоңдук берилип, чыгышынан сигнал алынуучу түзүлүш/.

ИЗМЕРИТЕЛЬНЫЙ ОРГАН ПРЯМОГО ДЕЙСТВИЯ түз аракеттүү өлчөгүч орган /бир гана сезгич элементтен турган түзүлүш. Бул түзүлүштө чыгуучу сигнал күчөткүчсүз эле түздөн-түз пайдаланылат/.

ИЗМЕРИТЕЛЬНЫЙ ПРЕОБРАЗОВАТЕЛЬ өлчөөчү өзгөрткүч /бир

тектүү физикалык чоңдукту же сигналды бөлөк тектүү физикалык чоңдукка өзгөртүүчү түзүлүш/.

ИЗОДРОМ изодром /ийкемдүү /гибкая/ же жок болуп кетүүчү тескери байланышты ишке ашыруучу түзүлүш/.

ИЗОДРОМНОЕ ВОЗДЕЙСТВИЕ изодромдук таасир /чыгуучу өзгөрүлмө чоңдуктун өзгөрүшүнүн ылдамдыгы кирүүчү өзгөрүлмө чоңдукка мурунтан функция катарында берилген үзгүлтүксүз таасирдин түрү/.

ИЗОЛИРОВАННЫЙ КАБЕЛЬ изоляцияланган кабель /бир биринен изоляцияланган айрым өткөргүчтөрдүн тарамдарынан жасалган көп тарамдуу кабель/.

ИЗОЛИРУЮЩАЯ ШТАНГА, ОПЕРАТИВНАЯ ШТАНГА изоляциялоочу штанга /аппараттар менен операция жүргүзүүдө пайдаланылуучу жана операторду аппараттардан бөлүп туруучу штанга/.

ИЗОЛИРУЮЩИЕ КЛЕЩИ изоляциялоочу кычкачтар /чыңалуу астында турган аппараттар менен операция жүргүзүү жана операторду аппараттардан бөлүп туруу үчүн пайдаланылуучу кычкачтар/.

ИЗОЛИРУЮЩИЙ КОВРИК. ИЗОЛИРУЮЩАЯ ПОДСТАВКА изоляциялоочу килемче /операторду жерден изоляциялоо үчүн пайдаланылуучу килемче же алдына төшөгүч/.

ИЗОЛЯЦИЯ КАБЕЛЯ /ИЗОЛИРУЮЩАЯ ОБОЛОЧКА КАБЕЛЯ/ кабель изоляциясы /кабелдеги өткөргүчтөрдү бир биринен жана сырткы кабыктан изоляциялоо милдетин аткаруучу материалдар/.

ИЗОЛЯЦИЯ С НЕСТЕКАЮЩЕЙ ВЯЗКОЙ ПРОПИТКОЙ. СТАБИЛИЗИРОВАННАЯ ИЗОЛЯЦИЯ акпай турган илээшкек сиңирилмелүү изоляция /сиңирилме составы максимум жумушчу температурада жетишээрлик илээшкегин сактап, жумушчу шарттарда агып кетпей турган изоляция/.



ИЗОЛЯЦИЯ С ОБЕДНЕННОЙ ПРОПИТКОЙ сиңирүүсү азайтылган изоляция /сиңирилүүчү составдын сиңирилбей бош калган бөлүгү максимум жумушчу температурасынан жогорураак температурада алынып ташталган илээшкек сиңирилме изоляция/.

ИЗОЛЯЦИЯ С ПОЛНОЙ ПРОПИТКОЙ толук сиңирилген изоляция /сиңирүү процесси бүткөндөн кийин сиңирилүүчү составдын бош калган бөлүгү кагаз менен кошо оролуучу илээшкек сиңирилме изоляция/.

ИЗОЛЯЦИОННАЯ ТРУБА изоляциялоочу түтүк /изоляциялоочу заттар сиңирилген картон катмарынан жана коргоочу металл кабыгынан турган төмөнкү чыңалуудагы зымдарды өткөрүүчү канал катарында пайдаланылуучу түтүк/.

ИЗОЛЯЦИОННЫЙ КОРОБ изоляциялоочу куту /өткөргүчтөр жаткырылуучу оюктары бар изоляциялоочу планкалардан жана изоляциялоочу капкактардан турган электр өткөргүчтөрүн жүргүзүү үчүн колдонулуучу түзүлүш/.

ИМПУЛЬС импульс /узактыгы убакыттан алынган масштабына салыштырганда кичине болгон сигнал/.

ИМПУЛЬС НАПРЯЖЕНИЯ /ТОКА/ чыңалуунун /токтун/ импульсу /"чыңалуунун /токтун/ импульс толкуну" деген туюнтманын синоними/.

ИМПУЛЬСНАЯ ВОЛНА импульс толкуну /термелүүсү анчалык байкалбаган, бир багыттуу көпкө созулбаган токтун же чыңалуунун толкуну/.

ИМПУЛЬСНАЯ ПЕРЕХОДНАЯ ФУНКЦИЯ импульстук өтмө функция /сызыктуу системанын айрым импульстук таасирге болгон реакциясы/.

ИМПУЛЬСНАЯ ПРОПУСКНАЯ СПОСОБНОСТЬ импульстук өткөрүү жөндөмдүүлүгү /белгиленген шарттарда жандыргыч чыдап өткөрө ала турган эң чоң импульс тогу/.

ИМПУЛЬСНАЯ ПРОЧНОСТЬ ИЗОЛЯЦИИ изоляциянын импульска бышыктыгы /сыноонун белгилүү шарттарында жабдуунун изоляциясы тешилбестен чыдай ала турган формасы жана узактыгы белгилүү толук импульс толкунунун эң чоң амплитудасы/.

ИМПУЛЬСНАЯ СИСТЕМА импульстук система /абалын мүнөздөөчү чоңдуктардын бири же сырткы таасири импульстук модуляцияланган система/.

.ИМПУЛЬСНОЕ ВОЗДЕЙСТВИЕ импульстук таасир /нөлдөн убакыттын өтө эле кичине интервалында айырмаланууучу таасир/.

ИМПУЛЬСНОЕ УПРАВЛЕНИЕ ЭЛЕКТРОПРИВОДАМИ электр кыймылга келтиргичин импульстук башкаруу /кыймылдаткычтын тизмегинин параметрлеринин мезгилдүү өзгөрүшүнө же аны энергия булагына кошуунун схемасына негизделген электр кыймылдаткычтарынын айлануу ылдамдыгын же айландыруучу моментин башкаруу методу/.

ИМПУЛЬСНЫЙ СИГНАЛ импульстук сигнал /электр чыңалуусунун же тогунун кыска мөөнөттө өзгөрүшү, б.а. чыңалуунун же токтун кыска убакытка пайда болушу/.

ИМПУЛЬСНЫЙ ЭЛЕМЕНТ импульстук элемент /үзгүлтүксүз кириш чоңдугун амплитудасы, узактыгы, фазасы же жыштыгы боюнча импульстардын удаалаштыгына айландыруучу элемент/.

ИНВАРИАНТНОСТЬ инварианттуулук /автоматтык жандөө системасына аракет кылуучу таасирден системанын координаталарынын биринин толук же айрым көз карандысыздыгы/.

ИНВЕРТОР инвертор /туруктуу токту өзгөрүлмө токко айландыруучу статикалык өзгөрткүч/.



ИНВЕРТОР АВТОНОМНЫЙ автономиялуу инвертор /бөнтиндүү өткөргүчтөрдүн бир түрү/.

ИНДЕКС НАПРАВЛЕННОСТИ /ПРЕОБРАЗОВАТЕЛЯ В ДЕЦИБЕЛАХ/ багыттануунун индекси /багыттануу коэффициентинин он эселенген ондук логарифмы/.

ИНДЕКСНЫЙ РЕГИСТР индекс регистри /башкаруу түзүлүшүнүн командаларды автоматтык түрдө өзгөртүүдө пайдаланылуучу коддорду кабыл алуу, сактоо жана берүү кызматын аткаруучу түйүнү/.

ИНДИВИДУАЛЬНЫЙ ПРИВОД жекече кыймылга келтиргич /ар бир кыймылдаткыч бөлөк октон көз каранды эмес бир гана окту айландыруучу кыймылга келтиргич/.

ИНДУКТИВНАЯ СВЯЗЬ индуктивдүү байланыш /өз ара индуктивдүүлүк аркылуу ишке ашырылуучу электр тизмектеринин ортосундагы байланыштын бир түрү/.

ИНДУКТИВНОСТИ КАТУШКА индуктивдүүлүктүн түрмөгү /электр тизмегинде берилген индуктивдүүлүктү алууга мүмкүнчүлүк берүүчү электротехникалык түзүлүш/.

ИНДУКТИВНОСТЬ /КОЭФФИЦИЕНТ САМОИНДУКЦИИ/ индуктивдүүлүк /электр тизмегиндеги агым айкалышуусунун өздүк индукцияcы менен электр тогунун күчүнүн ортосундагы сандык байланышынын мүнөздөмөсү/.

ИНДУКТИВНОСТЬ ВЗАИМНАЯ /КОЭФФИЦИЕНТ ВЗАИМНОЙ ИНДУКТИВНОСТИ/ өз ара индуктивдүүлүк /бир электр тизмегиндеги өз ара индукциянын агым айкалышы менен бөлөк электр тизмегиндеги электр тогунун күчүнүн ортосундагы сандык байланыштын мүнөздөмөсү/.

ИНДУКТИВНЫЙ ШУНТ индуктивдүү шунт /магнит талаасын начарлатуучу тизмекке туташтырылуучу болот өзөктүү түрмөк/.

ИНДУКТОР индуктор /индукциялык нокту үчүн колдонулуучу электр магниттүү түзүлүш/.

ИНДУКТОРНАЯ ЭЛЕКТРИЧЕСКАЯ МАШИНА индуктордуу электр ма-

машинасы /якорунун оромосу менен дүүлүктүрүүчү оромосу статорго орнотулган, ротору тиштүү, оромосу жок электр машинасы/.

ИНДУКЦИЯ индукция к. ЭЛЕКТРОМАГНИТНАЯ ИНДУКЦИЯ

ИНДУКЦИОННЫЙ НАГРЕВ индукциялык ысытуу /электр магниттик индукциянын негизинде пайда болуучу куюндуу токтордун жылуулук аракети менен ток өткөрүүчү нерселерди ысытуу/.

ИНДУКЦИОННЫЙ НИЗКОЧАСТОТНЫЙ НАГРЕВ төмөнкү жыштыктуу индукциялык ысытуу /жыштыгы 50 гц өзгөрүлмө ток өткөн индуктордун электр магнит талаасында жайгаштырылган металл нерселерди андагы дүүлүктүрүлгөн куюндуу токтордун жылуулук аракетинин эсебинен ысытуу/.

ИНДУКЦИОННЫЙ РЕГУЛЯТОР индукциялык жөндөгүч /өзгөрүлмө токтун чыңалуусун бир калыпта кармап туруучу түзүлүш/.

ИНЕРЦИОННОЕ ЗВЕНО/АПЕРИОДИЧЕСКОЕ ЗВЕНО/ инерциялуу звено /киришине турактуу таасир бергенде чыгыш чоңдугу турактуулангын мааниге экспонента боюнча өтүүчү динамикалык системанын звеносу/.

ИНТЕГРАЛЬНОЕ ВОЗДЕЙСТВИЕ интегралдык таасир /чыгуучу өзгөрүлмө чоңдуктун өзгөрүшүнүн ылдамдыгы кирүүчү өзгөрүлмө чоңдуктун өзгөрүшүнө шайкеш болгон астатикалык таасирдин жеке учуру/.

ИНТЕГРАЛЬНЫХ ОЦЕНОК МЕТОД интегралдык баалоо методу /жөндөө процессинин сапаттык кыйыр көрсөткүчтөрүнүн жардамы менен автоматтык жөндөө системасынын сапатын баалоо жана аны синтездөөнүн анализдик методу/.

ИНТЕГРИРУЮЩАЯ ЦЕПЬ интегралдоочу тизмек /чыгыш сигналы кириш сигналынын интегралына шайкеш келген электрдик эки же төрт уюлдук/.



ИНТЕГРИРУЮЩЕЕ УСТРОЙСТВО интегралдоочу түзүлүш /$z=\int_{x_0}^{x} y\,dx$ аныктоо үчүн арналган эсептегич түзүлүш, мында $z$ – чыгыш өзгөрүлмө, $x$ жана $y$ – кириш өзгөрүлмөлөр/.

ИНТЕГРО-ДИФФЕРЕНЦИРУЮЩАЯ ЦЕПЬ интегро-дифференциялоочу тизмек /жыштыктын бир диапазонунда дифференциялоочу тизмектин, ал эми бөлөк диапазонунда интегралдоочу тизмектин касиетине ээ болгон пассивдүү төрт уюлдук/.

ИНТЕНСИВНОСТЬ ЗВУКА үндүн интенсивдүүлүгү /үн энергиясынын агымынын заматтык тыгыздыгынын орточо мааниси/.

ИНТЕРВАЛ ЗАПИРАНИЯ жабуу интервалы /мезгилдин өткөрбөөчү бөлүгү учурунда аноддун катодго карата оң потенциалда болуучу убакыт аралыгы/.

ИНТЕРВАЛ ОТРИЦАТЕЛЬНОГО ПОТЕНЦИАЛА терс потенциалдын интервалы /мезгилдин өткөрбөөчү учурунда аноддун катодго карата терс потенциалда болуучу убакыт аралыгы/.

ИНТЕРВАЛ ПРОВОДИМОСТИ өткөргүчтүүлүктүн интервалы /өзгөрүлмө чыңалуунун мезгилинин бөлүгү ичинде белгилүү разряд жолу боюнча токтун өтүшү/.

ИНТЕРПОЛЯТОР интерполятор /параметрлери берилген аналитикалык ийри боюнча үзгүлтүксүз жылуучу точканын координаталарын аныктай турган эсептегич түзүлүш/.

ИНТЕРПРЕТАЦИИ МЕТОД интерпретация методу /программадан айырмаланып турган информация боюнча шифралуу эсептегич машинада эсепти автоматтык түрдө чыгаруу/.

ИНФОРМАЦИИ ЕДИНИЦА информация бирдиги /кандайдыр бир стандарттуу билдирүүнүн ичиндеги информациянын санына барабар болгон информациянын санынын өлчөө бирдиги/.

ИНФОРМАЦИИ ОБРАБОТКА информацияны иштетүү /кабыл алынган информациянын сактоого жана андан ары колдонууга ылайыктуу түргө келтирүү/.

ИНФОРМАЦИИ СКОРОСТЬ ПЕРЕДАЧИ информацияны берүүнүн ылдамдыгы /белгилүү бир убакыт бирдигинин ичинде берилген информациянын орточо саны/.

ИНФОРМАЦИИ ТЕОРИЯ информация теориясы /информацияны чогултуу, сактоо, берүү, өзгөртүү жана эсептөө маселелерине арналган илим/.

ИНФОРМАЦИОННЫЙ ЯЗЫК информация тили /информациялык машинанын же системанын эске тутуучу түзүлүшүнө жайгаштырылган илимий техникалык маалыматтарды жазуу үчүн түзүлгөн жасалма тил/.

ИНФРАЗВУК инфра үн /угуу сезимин туудуруу үчүн жыштыгы өтө төмөн жетишсиз болгон акустикалык термелүү /.

ИОНИЗАЦИЯ иондоштуруу /1. газдын атомунан же молекуласынан бир же бир нече электрондордун бөлүнүшү; 2. катуу заттарда электрондордун валенттүү зонадан же аралашма деңгээлден өткөргүчтүүлүк зонасына өтүшү/.

ИОНИЗИРУЮЩИЙ ЭЛЕКТРОД иондоштуруучу электрод /курчап турган ээндиктеги иондошуунун өсүшүнүн натыйжасында жаанын анодго өтүшүн жеңилдетүүчү жардамчы электрод/.

ИОННАЯ ПРОВОДИМОСТЬ иондуу өткөргүчтүүлүк /составындагы эркин иондор менен аныкталуучу кээ бир заттардын электр өткөргүчтүүлүгү/.

ИОННОЕ ВОЗБУЖДЕНИЕ В СИСТЕМЕ ГЕНЕРАТОР-ДВИГАТЕЛЬ генератор-кыймылдаткыч системасынын иондуу дүүлүктүргүчү /кыймылдаткычтын иш режимин иондуу өзгөрткүч менен башкарылуучу генератор кыймылдаткыч системасы/.

ИОННЫЙ ВЕНТИЛЬ иондуу вентиль /газдын же буунун иондошуусунда маанилүү ролду аткаруучу электрондуу вентиль/.

ИОННЫЙ МИКРОФОН иондук микрофон /иш аракети үн толкунунда ионтып же муздатуу менен өткөргүчтүн каршылыгынын өзгөрүп туруусуна негизделген микрофон/.

ИОННЫЙ ПРИБОР иондуу прибор /газдардагы же металлдардын бууларындагы электр разряддарын колдонууга негизделген прибор/.

ИОНОФОН ионофон /иондоштурулган плазманын курчап турган аба менен өз ара аракетинин негизинде иштөөчү катуу сүйлөгүч/.

ИСКАЖЕНИЕ ИМПУЛЬСА импульстун бурмаланышы /электр тизмеги аркылуу өткөндө импульстук сигналдын формасынын өзгөрүшү/.

ИСКАТЕЛЬ ШАГОВЫЙ кадамдык издөгүч /көп позициялуу жана көп катарлуу электр магниттүү туташтыргыч/.

ИСКРЕНИЕ ЩЕТОК щеткалардын учкундашы /электр машиналарын эксплуатациялоо учурунда алардын контакттык шакекчелери менен щеткаларынын ортосунда учкундардын пайда болушу/.

ИСКРОВОЙ ПРОМЕЖУТОК учкун аралыгы /ар кандай электроддордун /шар, төмөнө жана пластина түрүндөгү/ ортосундагы чыңалуунун өлчөмү белгилүү чоңдукка жеткенде учкундуу разряд пайда болуучу аралык/.

ИСКРОВОЙ РАЗРЯД учкундуу разряд /электроддордун ортосундагы потенциалдардын айырмасы чоң болгон учурда пайда болуучу газдардагы разряддардын үзгүлтүктүү формасы/.

ИСКРОГАШЕНИЕ учкун өчүрүү /индуктивдүү тизмектерди коммутациялоочу контакттардын иштөө мөөнөтүн узартуу максатында кон-

такттардагы учкундуу разрядты пайда кыла турган өткөрө чыдалуу-
ларды төмөндетүү/.

ИСКУССТВЕННЫЙ МАГНИТ жасалма магнит /күчтүү магнит та-
лаасына жайлаштырганда магниттиг касиетке ээ болуучу темир же
болоттуң кезээ/.

ИСПОЛНИТЕЛЬНЫЙ БЛОК аткарыкчы блок /башкарыкчы таасирлер-
ди иштеп чыгарууну иш жүзүнө ашыруучу автоматтык башкаруучу
түзүлүштүн функциялык блогу/.

ИСПОЛНИТЕЛЬНЫЙ МЕХАНИЗМ аткарыкчы механизм /механикалык
чыгышы бар аткаруучу элемент/.

ИСПОЛНИТЕЛЬНЫЙ МЕХАНИЗМ ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ электрдик аткаруучу
механизм /жендөөчү органдын жылышы электр энергиясынын эсеби-
нен болгон аткаруучу механизм/.

ИСПОЛНИТЕЛЬНЫЙ ОРГАН аткаруучу орган /чыгыш таасирди
иш жүзүнө ашыруучу элементтин /реленин, билдиргичтин ж.б./
бөлүгү/.

ИСПОЛНИТЕЛЬНЫЙ ЭЛЕМЕНТ аткаруучу элемент /об"ектке келген
энергиянын же материалдардын агымын өзгөртүү жолу менен башка-
руу об"ектине таасир кылуучу автоматтык башкаруу системасынын
функциялык элементи/.

ИСПОЛНИТЕЛЬНЫЙ ЭЛЕМЕНТ РЕЛЕЙНОГО УСТРОЙСТВА реле түзү-
лүшүнүн аткаруучу элементи /башкарылуучу об"ектке түздөн түз
таасир кылуучу реле түзүлүшүнүн функциялык элементи/.

ИСПОЛЬЗОВАНИЕ ЭЛЕКТРИЧЕСКОЙ ЭНЕРГИИ электр энергиясын
пайдалануу /ар түрдүү максатта колдонуу үчүн электр энергия-
сынан энергиянын башка түрлөрүн алуу/.

ИСТОЧНИК СООБЩЕНИЙ билдирүүлөрдүн булагы /билдирүүлөр-



дүн ансамблинен билдирүүлөрдү тандап алууну ишке ашыруучу тү-
зүлүш/.

ИСТОЧНИК ЭЛЕКТРОПИТАНИЯ электр азыктандыруусунун булагы
/иштөө үчүн туруктуу же өзгөрүлмө токтун энергиясын керек кы-
луучу автоматикада, байланыш түзүлүштөрүндө ж.б. приборлордо
колдонулуучу ар түрдүү электр энергиясынын булактары/.

К

КАБЕЛЬ кабель /изоляцияланган жалпы кабыкка оролгон ток
өткөрүүчү бир же бир нече зымдар/.

КАБЕЛЬ В ТРУБЕ түтүктөгү кабель /болоттон жасалып, ал-
дын ала трассага коюлган түтүк өткөргүчтүн ичине тартылуучу
бир нече тарамдардан турган басым кабели/.

КАБЕЛЬ ДАВЛЕНИЯ басым кабели /минералдык май, газ же баш-
ка заттарды толтуруу жолу менен изоляцияларында бир атмосфера-
дан жогору басым кармалуучу кабель/.

КАБЕЛЬ С ВСПОМОГАТЕЛЬНЫМ КОНТРОЛЬНЫМ ПРОВОДОМ /ИЛИ ПРОВО-
ДАМИ/ жардамчы контролдук өткөргүчү бар кабель /негизги та-
рамдарынан башка өлчөө, башкаруу, сактоо жана байланыш иштери
үчүн пайдаланылуучу жардамчы өткөргүчтөрү бар кабель/.

КАБЕЛЬ С ОТДЕЛЬНО ОСВИНЦОВАННЫМИ ЖИЛАМИ тарамдары айрым
айрым коргошундалган кабель /изоляцияланган тарамдарынын ар
биринин өзүнчө коргошун кабыгы бир нече изоляцияланган тарам-
дан туруучу кабель/.

КАБЕЛЬ С ПОЯСНОЙ ИЗОЛЯЦИЕЙ курчалган изоляциялуу кабель
/изоляцияланган тарамдары спираль боюнча жайлаштырылып изоля-
циялоочу жалпы кабык менен курчалган көп тарамдуу кабель/.

КАБЕЛЬ С СЕКТОРНЫМИ ЖИЛАМИ сектор тарамдуу кабель /та-

рамдарынын туурасынан кесилиши сектор формасында болгон кабель/.

КАБЕЛЬ СО СВИНЦОВОЙ ОБОЛОЧКОЙ коргошун кабыктуу кабель /коргошундан же коргошундун куймасынан жасалган кабыгы бар кабель/.

КАБЕЛЬ С ЦЕПНОЙ ПОДВЕСКОЙ чынжыр илмеги бар кабель /көтөрүп туруучу троско чукул аралыкта илинип коюлган аба кабели/.

КАБЕЛЬНАЯ ВОРОНКА кабель воронкасы /сырткы өткөргүчтөр менен бириктирүү үчүн кабелди киргизе турган куту/.

КАБЕЛЬНАЯ СОЕДИНИТЕЛЬНАЯ /ОТВЕТВИТЕЛЬНАЯ/ МУФТА туташтыруучу кабель муфтасы /кабелдердин кошулган жерин сактоого арналган түйүк кабык/.

КАБЕЛЬНОЕ СОЕДИНЕНИЕ, КАБЕЛЬНОЕ ОТВЕТВЛЕНИЕ кабель туташтыруу /бир же бир нече кабелдердин ортосунда үзгүлтүксүз электрдик байланышты камсыз кылуу үчүн туташтыруу/.

КАБЕЛЬНЫЙ ВВОД кабель киргизме /тосмо аркылуу же аппараттын кабыгы аркылуу кабелди өткөрүүгө арналган түзүлүш/.

КАБЕЛЬНЫЙ ВВОД С ЭЛАСТИЧНЫМ УПЛОТНЕНИЕМ эластикалык жел менен тыгыздалган кабель киргизмеси /деформацияланууучу материалды кысуу жолу менен эч нерсе өткөрбөй турган кабель киргизмеси/.

КАБЕЛЬНЫЙ КАНАЛ кабель каналы /сырткы механикалык таасирлерден сактоо үчүн ичине кабелдер жайлаштырылуучу үстү ачылып жабылма канал/.

КАБЕЛЬНЫЙ ТРУБОПРОВОД кабель түтүк өткөргүчү /тоскоолдуктардан өтүүнү жеңилдетүү жана сырткы механикалык таасирлерден сактоо үчүн ичине кабель тартыла турган түтүк өткөргүч/.



КАНАЛ канал /сигналдарды өткөрүүчү түзүлүштөрдүн жана физикалык чөйрөлөрдүн жыйындысы/.

КАПСЮЛЬ ЗВУКОСНИМАТЕЛЯ үн чыгаргычтын капсюлу /өзгөртүүчү электромеханикалык элементтери жана ийнеси бар үн чыгаргычтын бөркүнүн алмаштырылуучу бөлүгү/.

КАСКАДНАЯ СИСТЕМА РЕГУЛИРОВАНИЯ жөндөөнүн көп баскычтуу системасы /бир же андан көп жөндөгүчтөрдүн белгиленген таасиринин маанисин башка бир же андан көп жөндөөчү түзүлүштөрдүн таасири астында өзгөртүүчү комплекстүү жөндөө системасы/.

КАСКАДНОЕ СОЕДИНЕНИЕ АСИНХРОННЫХ МАШИН асинхрондуу машиналарды көп баскыч боюнча кошуу /ротордун тизмегине электр кыймылдаткыч күчүн берүү жолу менен асинхрондуу кыймылдаткычтын ылдамдыгын жай салмактуу жана үнөмдүү жөндөө системасы/.

КАСКАДНЫЕ СОЕДИНЕНИЯ ТРАНСФОРМАТОРОВ трансформатор[illegible] көп баскыч туташтырылышы /орамолорунун изоляциялары менен трансформаторлордун тулкуларынын ортосуна туура келүүчү чыңалуунун чоңдугун азайтуу максатында бир нече трансформаторлорду бирге туташтыруу/.

КАСКАДНЫЕ СОЕДИНЕНИЯ ЭЛЕКТРИЧЕСКИХ МАШИН электр машиналарын көп баскычтуу туташтыруу /эки же үч электр машиналарын электр энергиясы менен удаалаш азыктандыра тургандай кылып туташтыруу/.

КАТОД катод /1. гальваникалык элементтин же электр аккумуляторунун терс уюлу; 2. электр тогунун булагынын терс уюлуна туташтырылуучу прибордун/аппараттын/ электроду; 3. электр вакуумдуу приборлордо электрондордун булагы/.

КАТОД ДУГОВОГО РАЗРЯДА жаа разрядынын катоду /электрондук эмиссиясы болжол менен газдын иондошуусунун потенциалына барабар кичине потенциалда өз алдынча кармалып туруучу катод/.

КАТОД ТЛЕЮЩЕГО РАЗРЯДА булбуддок разряддын катоду /электрондук эмиссиясы иондордун ургулоосунун натыйжасында пайда болуучу жана газдын иондошуусунун потенциалынан бир канча жогору болгон потенциалда өз алдынча бир калыпта кармалып туруучу катод/.

КАТОДНОЕ ПЯТНО катод тагы /электрондордун эмиссиясы концентрацияланган жаа разряддынын катодунун бетиндеги жаркырап турган аймак/.

КАЧАЮЩИЙСЯ ЗАЖИМ термелип туруучу кысма /изолятордун гирляндасынын бурч осинча жылганында өткөргүч менен кошо кетүүчү кысыч/.

КАЧЕСТВА ОЦЕНКА сапат баалоо /өтмө процесстердин көрсөткүчтөрүн же алардын чек араларын /аймагын/ аныктоо/.

КАЧЕСТВА ПОКАЗАТЕЛИ сапат көрсөткүчтөрү /сырткы таасирдин аракети менен пайда болгон өтмө процесстерде системанын абалын мүнөздөөчү чондуктар/.

КАЧЕСТВЕННЫЕ МЕТОДЫ сапат методдору /динамикалык системаны баяндап жазуучу теңдеменин чыгарылышын таппай туруп эле анын чыгарылыштын кээ бир мүнөздүү белгилерин аныктоо методу/.

КВАНТОВАНИЕ кванттоо /маанилеринин шкаласы үзгүлтүксүз болгон кандайдыр бир чондукту маанилеринин шкаласы дискреттүү болгон чоңдукка өзгөртүү/.

КВАНТОВЫЙ ОПТИЧЕСКИЙ ГЕНЕРАТОР оптикалуу квант генератору /дүүлүктүрүлгөн атомдор, молекулалар, иондор ж.б. индукцияланган чачыроо касиетин колдонулган оптикалык же радиодиапазондо электромагниттик когеренттүү чачыроонун булагы/.

КЕНОТРОН кенотрон /өзгөрүлмө токту түзөтүү үчүн колдонулуучу эки электроддуу электрондук лампа/.



КЕНОТРОННЫЙ ВЫПРЯМИТЕЛЬ кенотрондуу түзөткүч /вентиль катары кенотрон колдонулуучу түзөткүч/.

КИБЕРНЕТИКА кибернетика /машиналарда, жандуу организмдерде жана алардын бирикмелериндеги башкаруу процессинин жана информацияны берүүнүн жалпы закон ченемдүүлүктөрү жөнүндөгү илим/.

КИБЕРНЕТИКА ТЕХНИЧЕСКАЯ техникалык кибернетика /техникалык системаларды башкарууну үйрөнүүдө кибернетиканын идеяларын жана методдорун колдонуу менен байланыштуу илимий багыт/.

КИБЕРНЕТИЧЕСКАЯ МОДЕЛЬ кибернетикалык модель /биологиялык кибернетикалык системанын бул же тигил өзгөчөлүктөрүн окшоштуруучу татаал модель/.

КИБЕРНЕТИЧЕСКАЯ СИСТЕМА кибернетикалык система /эң көп жөнөкөй звенолордон турган информациянын агымы татаал абалдуу жана татаал структуралуу болгон башкаруу системасы/.

КИЛОВАР киловар /өзгөрүлмө токтун тизмегиндеги реактивдүү кубаттуулукту өлчөө бирдиги/.

КИЛОВАТТ киловатт /активдүү кубаттуулукту өлчөөнүн бирдиги/.

КИОСК киоск /жаан-чачындан сактай турган бардык жабдуулары металл кабинанын ичине жайлаштырылган бөлүштүргүч подстанция/.

КЛАВИШНАЯ ВЫЧИСЛИТЕЛЬНАЯ МАШИНА клавишалуу эсептегич машина /информацияны киргизүү жана башкаруу жумуштары клавиша системасы аркылуу кол менен жүргүзүлө турган цифралуу эсептегич машина/.

КЛЕММА клемма /электр машиналарынын, приборлорунун тизмекке туташтырылуучу кыскычтары /.

КЛЕММЫ ДЛЯ ПРЕДОХРАНИТЕЛЯ сактагыч кычкачтары /чыналуунун астында турган сактагычтарды алмаштыруу үчүн пайдаланылуучу изоляцияланган кычкачтар/.

КНОПКА кнопка /электр магниттүү аппараттарды кол менен аралыктан башкарууга арналган, контакттуу жана кыймылга келтирүүчү элементтерден турган электрдик команда-аппарат/.

КНОПОЧНЫЙ ВЫКЛЮЧАТЕЛЬ,КНОПКА УПРАВЛЕНИЯ кнопкалуу ажыраткыч /башкаруучу органы кнопка болуп эсептелген ажыраткыч/.

КНОПОЧНЫЙ ПУСКАТЕЛЬ кнопкалуу ишке киргизгич /380 в. чыналууга, 5-7 квт. кубаттуулукка чейин эсептелген асинхрондуу электр кыймылдаткычтарын ишке киргизүү жана токтотууга арналган кол менен башкарылуучу аппарат/.

КОГЕРЕНТНЫЕ КОЛЕБАНИЯ когеренттүү термелүүлөр /бирдей жыштыкта жана фазаларынын айырмасы турактуу эки же бир нече булактардан болгон термелүүлөр/.

КОД код / байланыш каналы боюнча берилүүчү кабарларды элестетүүчү /сүрөттөөчү/ атайын белгилердин кабыл алынган системасы/.

КОДЕР кодер / код түзүүнү ишке ашыруучу түзүлүш/.

КОДИРОВАНИЕ код түзүү /дискреттүү билдирүүлөрдү символдордун белгилүү айкалыштары түрүндөгү сигналдар аркылуу көрсөтүү/.

КОДИРУЮЩЕЕ УСТРОЙСТВО код түзүүчү түзүлүш /кабарды белгилүү кодго ылайыктап өзгөртүүчү түзүлүш/.

КОДИРУЮЩИЙ ДИСК код түзүүчү диск /валдын бурчтук бурулуусунун чоңдугун цифраларга айландыруучу түзүлүш/.



КОЛЕБАТЕЛЬНАЯ СКОРОСТЬ термелүү ылдамдыгы /термелүүчү жылышуунун убакыт боюнча туундусу/.

КОЛЕБАТЕЛЬНОЕ ЗВЕНО термелме звено $/W(S)=\frac{K}{T^2S^2+2\xi TS+1)}$ түрүндөгү өтмө функциясы бар автоматтык жөндөө системасынын структуралык схемасынын эң жөнөкөй составдык бөлүгү/.

КОЛЕБАТЕЛЬНЫЙ КОНТУР термелме контур /тизмектин өзүнүн параметрлери менен аныкталуучу жыштыкта термелүүлөр пайда боло турган электр тизмеги/.

КОЛЕБАТЕЛЬНЫЙ ПРОЦЕСС термелме процесс /тигил же бул даражада кайталана турган процесс/.

КОЛЛЕКТОР коллектор /1. электр машинасынын ротору /якору/ менен конструкциясы боюнча бириктирилген жыштыкты механикалык түрдө өзгөрткүч; 2. транзистордун коллектордук аймагын сырткы электр тизмеги менен байланыштырып туруучу электроду; 3. байланыш кабелдерин жайлаштыруу үчүн колдонулуучу жер алдындагы галерея/.

КОЛОННА /БАШЕННОЙ ОПОРЫ/ колонна /мунара таянычынын тик бөлүгү/.

КОММУТАТОР коммутатор /кириш тизмеги менен керектүү чыгыш тизмегин кошуучу түзүлүш/.

КОММУТАТОР ОПЕРАЦИИ операциянын коммутатору /операциянын кодун операциянын автоматтык түрдө аткарылышын камсыз кылуучу башкаруучу сигналдарынын ырааттуулугуна айландыруучу башкаруу түзүлүшүнүн түйүнү/.

КОММУТАТОР ЭЛЕКТРОННЫЙ электрондук коммутатор /электр вакуумдуу прибор түрүндөгү иондуу жана электрондуу лампаларды же жарым өткөргүчтүү диоддорду жана триоддорду камтыган схема түрүндөгү коммутатор/.

КОММУТАЦИЯ коммутация /электр тизмектеринде туташууларды өзгөртүү/.

КОММУТАЦИЯ ЭЛЕКТРИЧЕСКИХ МАШИН электр машиналарынын коммутациясы /коллектордуу машиналардын якорлору айланган учурда алардын оромдорунун кезеги менен коллектордун үстү боюнча жылышып өтүүчү графит щеткалар аркылуу сырткы тизмекке туташтырылышы/.

КОММУТАЦИОННАЯ АППАРАТУРА коммутация аппараты /электр установкалардын туташтыруу, ажыратуу, сактоо же башкаруу максатында колдонулуучу, негизги же жардамчы электр тизмектериндеги коммутациялык аппараттардын группасына тиешелүү жалпы термин/.

КОММУТАЦИОННАЯ РЕАКТИВНОСТЬ коммутациялык реактивдүүлүк /бир эле коммутациялоочу группанын кезектеги аноддорунан токтун өтүшүн аныктоочу реактивдүү каршылык/.

КОММУТАЦИОННОЕ ОБОРУДОВАНИЕ коммутациялык жабдуу /берилген электр тизмегин, машинаны же аппаратты башкаруу үчүн колдонулуучу коммутациялык аппаратура/.

КОММУТИРУЮЩАЯ ГРУППА коммутациялоочу топ /башкаларга көз каранды эмес коммутациялоочу разряддын жана фазалардын жолдорунун тобу/.

КОМПАУНД компаунд /электр изоляциялоочу материалдардын бир түрү/.

КОМПАУНДИРОВАНИЕ компаунддоо /1. машиналардын жүгү өзгөргөндө дүүлүктүрүү агымы автоматтык түрдө өзгөрүүчү электр машиналарын дүүлүктүрүү системасы; 2. электр изоляциялоочу булалуу материалдарга компаунд сиңирүү/.



КОМПЕНСАТОР компенсатор /электр тармактарындагы кубаттуулуктун коэффициентин жакшыртууга жана чыңалууну жөндөөгө арналган түзүлүш/.

КОМПЕНСАЦИЯ СДВИГА ФАЗ фазалардын жылышуусун компенсациялоо /кубаттуулуктун коэффициентин жогорулатуу үчүн колдонулуучу атайын методдордун бири/.

КОМПЕНСАЦИОННАЯ ОБМОТКА компенсациялоочу оромо /башкы уюлдардын ортосундагы магниттик талаа бузулбасын үчүн якордун реакциясын компенсациялоочу оромо/.

КОМПЕНСИРОВАННАЯ СЕТЬ компенсацияланган тармак /нейтралы жер менен атайын түрмөк аркылуу кошулган электр тармагы/.

КОМПЕНСИРОВАННЫЙ ДВИГАТЕЛЬ компенсацияланган кыймылдаткыч /компенсациялоочу оромосу бар кыймылдаткыч/.

КОМПЕНСИРУЮЩЕЕ УСТРОЙСТВО компенсациялоочу түзүлүш /1.об"екттин чыгыш чоңдугуна таасир кылуучу аракетти жоготуу же азайтуу үчүн арналган түзүлүш; 2. тармактардын реактивдүү параметрлерин компенсациялоого арналган түзүлүш/.

КОМПЛЕКС комплекс /бири-бири менен байланыштуу элементтердин системасы/.

КОМПЛЕКСНАЯ АВТОМАТИЗАЦИЯ комплекстүү автоматташтыруу /жалпы башкаруу системасына бириккен ар түрдүү автоматтык түзүлүштөрдүн жардамы менен алдын ала берилген программалар жана режимдер боюнча материалдарды иштетүүнүн операцияларынын бардык комплекси, автоматтык машиналардын системасы жана технологиялык агрегаттар аркылуу ишке ашырылуучу өндүрүштү автоматташтыруунун этабы/.

КОМПЛЕКТНАЯ ТРАНСФОРМАТОРНАЯ ПОДСТАНЦИЯ комплекттүү транс-

форматордук подстанция /аппаратурасы, шиналары жана трансформаторлору жалпы металл кабыкка бекитилип жайгаштырылган подстанция/.

КОМПЛЕКТНОЕ РАСПРЕДЕЛИТЕЛЬНОЕ УСТРОЙСТВО комплектүү бөлүштүрүлүүчү түзүлүш /ар түрдүү элементтери же элементтердин группалары айрым учурларда жайлаштырылган бөлүштүрүүчү калкан/.

КОНВЕКЦИОННЫЙ ТОК конвекция тогу /заряддалган нерсенин жылышынын негизинде пайда болгон электр тогу/.

КОНДЕНСАТОР конденсатор /өз ара электр сыйымдуулукту, диэлектрик менен бөлүнгөн эки өткөргүчтүн системасы/.

КОНДЕНСАТОРНЫЙ МИКРОФОН конденсатордуу микрофон /иш аракети конденсатордун электр сыйымдуулугунун өзгөрүүсүнө негизделген микрофон/.

КОНДЕНСАТОРНЫЙ ФИЛЬТР конденсатордуу чыпка /жогорку жыштыктын электр чыпкасы. Төмөнкү жыштыктагы электр тогуна конденсаторлордун өтө күчтүү каршылык көрсөтө тургандыгына байланыштуу конденсатордук чыпка төмөнкү жыштыктагы электр тогун, ошондой эле турактуу токту өткөрбөйт/.

КОНДУКТИВНАЯ СВЯЗЬ кондукциялуу байланыш /термелүүчү контурлар өз ара аракеттенгенде биринин тогу же чыңалуусу экинчи контурда электр кыймылдаткыч күчүн же чыңалууну пайда кылышы/.

КОНЕЧНЫЙ АВТОМАТ четки автомат /иштөө учурунда эске тутуу мүмкүндүгү көбөйүүгө жөндөмү жок башкаруучу системанын математикалык модели/.

КОНЕЧНЫЙ ВЫКЛЮЧАТЕЛЬ четки ажыраткыч /кыймылдуу бөлүк өзүнүн жүрүшүнүн акырына жеткенде контакттуу бөлүктөрү аракетке келүүчү кол ажыраткычы/.



КОНЕЧНЫЙ РЕВЕРСИВНЫЙ ПЕРЕКЛЮЧАТЕЛЬ реверсивдүү четки которуп туташтыргыч /артка - алга жүрүп туруучу бөлүк белгиленген акыркы абалга жеткенде контакттарын которуп туташтырып, анын кыймылынын багытын өзгөртүп туруучу аппарат/.

КОНСОЛЬ консоль /таянычтын бир жагынан чыгып туруучу анын ажыратылгыс бөлүгү болуп эсептелүүчү, аба сызыгынын өткөргүчтөрүн илүү үчүн таянычтын капталына бекитилүүчү атайын элемент/.

КОНТАКТ контакт /электр тогун өткөрүүгө мүмкүнчүлүк берүүчү өткөргүчтөрдүн бири менен биринин тийишкен жери/.

КОНТАКТ ВЫПРЯМЛЯЮЩИЙ түзөтүүчү контакт /тиркелген чыңалуунун уюлдары өзгөргөндүгүнө жараша каршылыгы өзгөрүүчү эки материалдын тийишкен жери/.

КОНТАКТНАЯ СЕТЬ контакттуу тармак /ток кабыл алгыч аркылуу кыймылдуу составды электр энергиясы менен азыктандыруу кызматын аткаруучу электр сызыгы/.

КОНТАКТНАЯ ЧАСТЬ контакттуу бөлүк /башка бир өткөргүч менен контактташууну ишке ашыруучу өткөргүч/.

КОНТАКТНОЕ НАПРЯЖЕНИЕ контакттык чыңалуу /тектери эки түрдүү болгон металлдардын бири бири менен тийишип турган жериндеги потенциалдардын айырмасы/.

КОНТАКТОРНОЕ ОБОРУДОВАНИЕ контактордук жабдуу /күчтүү ток тизмегинде которуп туташтыруу контактордун жардамы менен аткарыла турган жабдуу/.

КОНТАКТНЫЙ ПРОВОД контакттуу өткөргүч /ток кабыл алгыч, тийишип турган аба контакттык тармактын электр өткөргүчү/.

КОНТРОЛЬНЫЙ ПРОВОД контролдук өткөргүч /башкаруу, блок-

тоо жана сактоо үчүн пайдаланылуучу жардамчы өткөргүч/.

КОНТАКТНЫЙ РЕЛЬС контакттык рельс /металл рельстен жасалып, жүрүү рельстери менен бир деңгээлде жайлаштырылуучу контакттык тармактын катуу электр өткөргүчү/.

КОНТАКТОР контактор /төмөнкү чыңалуудагы электр тизмектерин коммутациялоочу электр аппараты/.

КОНТАКТОР /НОРМАЛЬНО ЗАКРЫТЫЙ/ контактор /контакттарынын жабык турган учуруна туура келе турган, бир тынч абалга ээ болгон, кол менен кыймылга келтиргичи жок аппарат/.

КОНТАКТОР /НОРМАЛЬНО ОТКРЫТЫЙ/ контактор /контакттарынын ачык турган учуруна туура келе турган, бир тынч абалга ээ болгон, кол менен кыймылга келтиргичи жок аппарат/.

КОНТАКТОР С РЕЛЕ, МАГНИТНЫЙ ПУСКАТЕЛЬ /ДЛЯ ПРЯМОГО ПУСКА/ релелүү контактор, магниттүү жүргүзгүч /белгиленген шарттарда контакторду ажыратуучу релеси бар электрмагниттүү контактор/.

КОНТАКТЫ /В УЗКОМ СМЫСЛЕ/ контакттар /тизмекти ажыратканда же туташтырганда бир бирине карата жылышып туруучу контакттык бөлүктөрдүн жыйындысы/.

КОНТРОЛИРУЕМАЯ ВЕЛИЧИНА текшерилүүчү чоңдук /текшерилүүгө тийиштүү окуя жөнүндөгү информацияны көрсөтүүчү чоңдук/.

КОНТРОЛЛЕР контроллер /электр кыймылдаткычтарын ишке киргизүү, токтотуу, айлануу ылдамдыгын жөндөө жана реверстөөгө арналган башкаруу аппараты/.

КОНТРОЛЬ АВТОМАТИЧЕСКИЙ автоматтык текшерүү /башкаруучу таасирлерди аныктоочу окуяларды табуу максатында объекттин абалы жана сырткы шарттар жөнүндөгү информацияны автоматтык түрдө алуу жана иштетүү/.



КОНТРОЛЬ ДИСТАНЦИОННЫЙ аралыктан текшерүү /сезгич элемент /билдиргич/ жана ченегич прибор бири-биринен обочо жайланышып, байланыш каналы менен кошулган автоматтык текшерүү/.

КОНТРОЛЬ МЕСТНЫЙ жергиликтүү текшерүү /текшерилүүчү технологиялык процесс өтүп жаткан орундан алыс эмес жерден жүргүзүлүүчү текшерүү/.

КОНТРОЛЬ ЦЕНТРАЛИЗОВАННЫЙ борбордоштурулган текшерүү /борбордук түзүлүштө текшерүүнүн жыйынтыктарын көрсөтүп туруучу процесстин параметрлерин автоматтык текшерүү/.

КОНТРОЛЬНИК текшергич /түшүрүлгөн перфорацияны текшерүү үчүн колдонулуучу түзүлүш/.

КОНТРОЛЬНОЕ ВОЗДЕЙСТВИЕ текшерүүчү таасир /башкарылуучу объекттин башкаруу түзүлүшүнө жасаган аракети/.

КОНТРОЛЬНЫЙ КАБЕЛЬ текшерүүчү кабель /өлчөө, башкаруу сактоо жана байланыш иши үчүн пайдаланылуучу жардамчы кабель/.

КОНТРОЛЯ АВТОМАТИЧЕСКОГО СИСТЕМА автоматтык текшерүү системасы /адамдын толук же жарым жартылай катышуусу менен объектке керектүү башкаруучу таасир бере турган техникалык каражаттардын жыйындысы/.

КОНТУР ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ электр контуру /контурдун өзүнүн параметрлери менен аныкталуучу электр термелүүлөрүнүн жыштыгы/.

КОНУСНЫЙ ГРОМКОГОВОРИТЕЛЬ конустук катуу сүйлөгүч /үн толкундарын таратуучу элементи конус формасында болгон катуу сүйлөгүч/.

КОНЦЕВАЯ МУФТА аяккы муфта /сырткы өткөргүчтөргө кошуу үчүн кабелдин учу киргизилүүчү түзүлүш/.

КОНЦЕВАЯ ОПОРА аяккы таяныч /сызыктын аягына орнотулган анкер таянычы/.

КОНЦЕВОЙ ЗАЖИМ аяккы кыскыч /тросту же өткөргүчтү анкерлөө максатында анын учтарына орнотулуучу деталь/.

КОНЦЕВЫЕ ОПОРЫ акыркы таянычтар /электр берүү сызыктарынын башталган жана бүткөн жерлерине орнотулуучу таянычтар/.

КООРДИНАТА ВХОДНАЯ кириш координатасы /системанын же элементтин киришинин таасирин мүнөздөөчү жалпыланган координата/.

КООРДИНАТА ОБОБЩЕНИЯ жалпыланган координата /убакыттын ар бир удулунда автоматтык жөндөө системасынын абалын аныктоочу чоңдук/.

КООРДИНАЦИЯ ИЗОЛЯЦИИ изоляцияны координациялоо /өтө чыңалуудан электротехникалык жабдуулардын зыян тартышын алдын алуу жана кыска туташууну таратпоо максатында ишке ашырылуучу чаралар/.

КООРДИНИРУЮЩИЙ ПРОМЕЖУТОК координациялоочу аралык /изоляцияны координациялоо үчүн пайдалануучу сактоо аралыгы/.

КОРРЕКТИРУЮЩАЯ ЦЕПЬ коррекциялоочу тизмек /автоматтык жол менен жөндөө системасынын динамикалык касиеттерин жакшыртуу үчүн колдонулуучу электрдик көп уюлдук/.

КОРРЕКТИРУЮЩЕЕ ВОЗДЕЙСТВИЕ коррекциялоочу таасир /бир нече таасир берүүчү өзгөрүлмө чоңдуктардын өзгөрүүсүнүн натыйжасында пайда болгон кыйшаюуну азайтуу максатында жөндөөчү түзүлүш иштеп чыккан коррекциялоочу өзгөрүлмө чоңдуктун өзгөрүшү/.

КОРРЕКТИРУЮЩИЙ КОД коррекциялоочу код /каталарды табууга же оңдоого жардам берүүчү код/.



КОРРЕКТИРУЮЩИЙ ЭЛЕМЕНТ коррекциялоочу элемент /автоматтык жөндөө системасынын динамикалык касиеттерин жакшыртууга арналган элемент/.

КОРРЕЛЯЦИЯ корреляция /сан менен көрсөтүүгө мүмкүн болгон кокустук окуялардын же чоңдуктардын ортосундагы статистикалык же мүмкүн болгон байланыштын эң жөнөкөй жана практикалык түрү/.

КОРРЕКЦИЯ ДИНАМИЧЕСКИХ СВОЙСТВ динамикалык касиеттерди коррекциялоо /параметрлери жана мүнөздөмөлөрү жеңил өзгөрүлө турган элементтердин жардамы менен автоматтык жөндөө системасына талаптагыдай динамикалык касиеттерди берүү/.

КОРНЕВОГО ГОДОГРАФА МЕТОД тамырдык годограф методу /кандайдыр бир параметр өзгөргөндө комплекстүү тегиздикте мүнөздөөчү теңдеменин тамырынын жылыш траекториясын изилдөөгө негизделген автоматтык жөндөө системасынын динамикалык касиеттерин изилдөө методу/.

КОРОННЫЙ РАЗРЯД таажы разряды /тегиз эмес күчтүү электр талаасында пайда болуучу жеткиликтүү тыгыз газдагы стационардуу электрдик разряддын түрү/.

КОРОТКИЕ ВОЛНЫ кыска толкундар /10-15 метрге чейинки узундуктагы электрмагнит толкундары/.

КОРОТКОЕ ЗАМЫКАНИЕ кыска туташуу /эң аз каршылык аркылуу электр тизмегиндеги эки чекиттин кокусунан же атайылап туташтырылышы/.

КОЭРЦИТИВНАЯ СИЛА коэрцитивдүү күч /алдын ала магниттелген ферромагнит материалдын магниттешүү касиетин жоюу үчүн жумшалуучу магнит талаасынын чыңалышынын чоңдугу/.

КОЭФФИЦИЕНТ ВЗАИМНОСТИ /ЭЛЕКТРОАКУСТИЧЕСКОГО ПРЕОБРАЗОВАТЕЛЯ, УДОВЛЕТВОРЯЮЩЕГО ПРИНЦИПУ ВЗАИМНОСТИ ПРИ ЗАДАННОЙ ЧАСТОТЕ/ <u>өз аралык коэффициенти</u> /белгиленген жыштыкта электроакустикалык өзгөрткүчтүн өз аралык принцибин канааттандыруучу коэффициент; төмөндө келтирилген эки катыштын биринин жалпы мааниси: I. үндү кабыл алгыч катарында пайдаланылуучу өзгөрткүчтүн эркин үн талаасындагы чыңалуу боюнча сезгичтигинин ошол эле өзгөрткүчтүн үн чыгаргыч катарында пайдаланылган учурдагы ток боюнча сезгичтигине болгон катышы; 2. үн кабыл алгыч катарында пайдаланылуучу өзгөрткүчтүн эркин үн талаасындагы ток боюнча сезгичтигинин ошол эле өзгөрткүчтүн үн чыгаргыч катарында пайдаланылган учурдагы чыңалуу боюнча сезгичтигине болгон катышы/.

КОЭФФИЦИЕНТ ИСКАЖЕНИЯ /СТАТИЧЕСКОГО ПРЕОБРАЗОВАТЕЛЯ/ <u>бузулуу коэффициенти</u> /кубаттуулуктун коэффициентинин жылышуу коэффициентине болгон катышы/.

КОЭФФИЦИЕНТ ИСПОЛЬЗОВАНИЕ УСТАНОВЛЕННОЙ МОЩНОСТИ /МАКСИМАЛЬНОЙ МОЩНОСТИ, МАКСИМУМА НАГРУЗКИ /аныкталган кубаттуулукту пайдалануунун убактысынын узактыгынын каралуучу мезгилдин толук узактыгына болгон катышы/.

КОЭФФИЦИЕНТ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ ЭЛЕКТРИЧЕСКОЙ СТАНЦИИ <u>электр станциясынын пайдалануу коэффициенти</u> /электр станциясы тарабынан жыл боюнча анык иштелип чыгарылган электр энергиясынын ошол станцияда орнотулган бардык генераторлор жыл боюнча тыныгысыз иштеп чыгуусуна мүмкүн болгон электр энергиясынын санына болгон катышы/.



КОЭФФИЦИЕНТ МАГНИТНОГО РАССЕЯНИЯ <u>магниттик чачыроонун коэффициенти</u> /жалпы магнит агымынын пайдалуу магниттик агымына болгон катышы/.

КОЭФФИЦИЕНТ МОЩНОСТИ <u>кубаттуулуктун коэффициенти</u> /электр тизмегинин активдүү кубаттуулугунун анын толук кубаттуулугуна болгон катышы/.

КОЭФФИЦИЕНТ НАГРУЗКИ ЭЛЕКТРИЧЕСКОЙ СТАНЦИИ <u>электр станциясынын жүктөлүү коэффициенти</u> /белгилүү бир мезгилдин ичиндеги электр станциясынын орточо электр жүгүнүн ошол эле мезгилдин ичиндеги максимум электр жүгүнө болгон катышы/.

КОЭФФИЦИЕНТ НАПРАВЛЕННОСТИ /ПРЕОБРАЗОВАТЕЛЯ, ИЗЛУЧАЮЩЕГО ЗВУК ПРИ ЗАДАННОЙ ЧАСТОТЕ / <u>багытталуу коэффициенти</u> /белгиленген жыштыкта үн чыгаруучу өзгөрткүчтүн; өзгөрткүчтүн башкы огунда өлчөнгөн эркин талаадагы үн басымынын квадратынын ортосунда үн таратгыч жайланышкан сферанын үстүнкү бетиндеги алынган чекит аркылуу өтүүчү басымдын орто квадратына болгон катышы/.

КОЭФФИЦИЕНТ СДВИГА <u>жылышуу коэффициенти</u> /статикалык өзгөрткүчтүн өзгөрүлмө ток жагындагы токтун жана чыңалуунун негизги гармоникаларынын жылышуу бурчунун косинусу/.

КОЭФФИЦИЕНТ ОДНОВРЕМЕННОСТИ <u>бир мезгилдүүлүк коэффициенти</u> /берилген убакыттын ичинде машиналардын же установкалардын группасы тарабынан керектелүүчү максимум кубаттуулуктун ушул эле убакыттын ичинде установкалардын же машиналардын ар бир жеке керектөөчү максимум кубаттуулуктардын суммасына болгон катышы/.

КОЭФФИЦИЕНТ ПОЛЕЗНОГО ДЕЙСТВИЯ <u>пайдалуу аракет коэффициенти</u> /машина тарабынан аткарылган пайдалуу жумуштун машинаны кыймылга келтирүү үчүн сарп кылынган жалпы жумушка болгон катышы/.

КОЭФФИЦИЕНТ ПОЛЕЗНОГО ДЕЙСТВИЯ ЭЛЕКТРИЧЕСКОЙ СТАНЦИИ <u>электр станциясынын пайдалуу аракет коэффициенти</u> /жылдык электр стан-

циялarында бардык генераторлор тарабынан иштелип чыгарылган электр энергиясынын отунду жагуунун натыйжасында алынган энергияга болгон катышы, ал эми гидроэлектр станцияларында болсо бардык генераторлор тарабынан иштелип чыгарылган электр энергиясынын турбиналар аркылуу өткөн суунун потенциалдык энергиясына болгон катышы/.

КОЭФФИЦИЕНТ ПОЛНОТЫ ГРАФИКА ПОТРЕБЛЕНИЯ керектөө графигинин толуктугунун коэффициенти /белгилүү убакыт ичинде керектелген электр энергиясынын ушул мезгилдин ичинде керектелүүгө тийиш болгон энергияга болгон катышы/.

КОЭФФИЦИЕНТ ПОЛНОТЫ НАГРУЗКИ жүктүн толуктугунун коэффициенти /иштелип чыгарылган, берилген же керектелген электр энергиясынын иштелип чыгарылууга тийиш болгон энергияга болгон катышы/.

КОЭФФИЦИЕНТ ПОЛНОТЫ НАГРУЗКИ СТАНЦИИ станциянын жүгүнүн толуктугунун коэффициенти /белгилүү убакыт ичинде генератор же генераторлордун тобу иштеп чыгарган энергиянын ошол генератор же генераторлордун тобу каралып жаткан убакыттын ичинде эксплуатациялоого мүмкүн болгон максималдуу узактыкка толук кубаттуулук менен иштегенде бере ала турган электр энергиясына болгон катышы/.

КОЭФФИЦИЕНТ ПУЛЬСАЦИИ пульстоо коэффициенти /түзөтүлгөн пульстоочу чыңалуунун негизги жыштыгынын азыктандыруучу тармактын жыштыгына болгон катышы/.

КОЭФФИЦИЕНТ РАЗНОВРЕМЕННОСТИ ар мезгилдүүлүк коэффициенти /бир мезгилдүүлүк коэффициентине болгон тескери чоңдук/.

КОЭФФИЦИЕНТ РЕГУЛИРОВАНИЯ жөндөө коэффициенти /кечигүү бурчунун берилген маанисиндеги түзөтүлгөн чыңалуунун кечигүү бурчу нөлгө барабар болгон учурдагы чыңалуунун маанисине болгон катышы/.

КОЭФФИЦИЕНТ РЕЗЕРВА резерв коэффициенти /станциядагы ор-



нотулган генераторлордун жалпы кубаттуулугунун алардын максимум электрдик жүгүнө болгон катышы/.

КОЭФФИЦИЕНТ САМОИНДУКЦИИ өзүн өзү индукциялоо коэффициенти к. ИНДУКТИВНОСТЬ

КОЭФФИЦИЕНТ СПРОСА талап кылуу коэффициенти /белгилүү убакыт ичинде установкалардын тобунун максималдуу керектөөчү кубаттуулугунун ошол топтун аныкталган кубаттуулугуна болгон катышы/.

КОЭФФИЦИЕНТ ТРАНСФОРМАЦИИ трансформациялоонун коэффициенти /трансформатордун жүксүз иштөө учурунда анын биринчи оромосунун чыңалуусунун экинчи оромосунун чыңалуусуна болгон катышы/.

КОЭФФИЦИЕНТ УСИЛЕНИЯ күчөтүү коэффициенти /чыгыш сигналынын өзгөрүшүнүн кириш сигналынын өзгөрүшүнө болгон катышынын сандык мааниси менен аныкталуучу сызыктуу элементтин параметри/.

КОЭФФИЦИЕНТ ЭЛЕКТРИЧЕСКОЙ ПРОЧНОСТИ электрдик бышыктыктын коэффициенти /электр чыңалуусунун изоляцияны тешип өтүүчү маанисинин анын нормалдуу иш мезгилиндеги маанисине болгон катышы/.

КОЭФФИЦИЕНТ ЭЛЕКТРОАКУСТИЧЕСКИЙ СВЯЗИ /ПАССИВНОГО И ОБРАТИМОГО ЭЛЕКТРОАКУСТИЧЕСКОГО ПРЕОБРАЗОВАТЕЛЯ/ электроакустикалык байланыштын коэффициенти /1.тормоздолгон акустикалык системадагы үн басымынын электр системасындагы токко болгон комплекстүү катышы; 2. электр системасындагы бош жүрүү чыңалуусунун акустикалык системадагы көлөмдүк термелүү ылдамдыгына болгон комплекстүү катышы/.

КОЭФФИЦИЕНТ ЭЛЕКТРОМЕХАНИЧЕСКИЙ СВЯЗИ электр механикалык байланыштын коэффициенти /1.тормоздолгон механикалык системада пайда болуучу күчтүн электр системасындагы токко болгон комплекстүү катышы; 2.электр системасындагы бош жүрүү чыңалуусунун механикалык системадагы ылдамдыкка болгон катышы/.

КРАТКОВРЕМЕННЫЙ РЕЖИМ РАБОТЫ иштөөнүн кыска мөөнөттүү режими /электр механикалык түзүлүштүн түзүлүштүн жүктөлүү учурунда бе-

луктөрүнүн температурасы тектиленген маанисине жетпей, ал эми тармактан ажыратылган учурда температурасы айлана-чөйрөнүн температурасына чейин төмөндөй турган режим/.

КРЕМНИЙ кремний /жарым өткөргүч техникасынын негизги материалдарынын бири/.

КРИВАЯ НАМАГНИЧИВАНИЯ магниттелүүнүн ийри сызыгы /магнит материалдарынын, магнит индукциясынын, магнит талаасынын чыңалышына көз карандылыгын көрсөтүүчү ийри сызык/.

КРИОСАР криосар /электр тизмектерин төмөнкү температураларда ажыратуу же туташтырууга арналган ылдам аракеттүү, жарым өткөргүчтүү прибор/.

КРИТРОН критрон /муздак катоду бар каа разряддуу, импульстук иондуу прибор/.

КРУГОВАЯ ДИАГРАММА тегерек диаграмма /ажыратылган автоматтык жөндөө системасынын амплитуда фазалык мүнөздөмөсү боюнча туюк автоматтык жөндөө системасынын жыштык мүнөздөмөсүн аныктоочу диаграмма/.

КУБ ФЕРРИТОВЫЙ феррит кубу /феррит өзөктүү эске туткуч түйүлүштөрдүн чогултуучу блоктору/.

КУЛАЧКОВЫЙ ВЫКЛЮЧАТЕЛЬ /КОНТРОЛЛЕР/ муштумча ажыраткыч /белгилүү ирээт боюнча муштумча валдын жардамы менен башкарылуучу кыймылдуу жана кыймылсыз контакттары бар ажыраткыч же контроллер/.

КУ=МЕТР ку-метр /термелме контурдун сапаттуулугун ченөөчү прибор/.

Л

ЛАЗЕР лазер /кванттык күчөтүүнүн принцибинде иштөөчү оптикалык диапазондогу электр магниттик термелүүлөрдүн генератору/.

ЛАМПА ДНЕВНОГО СВЕТА күндүзгүдөй жарык берүүчү лампа



/разряддын ультрафиолеттик чачыроосунун таасири астында жарык агымы люминофорлордун жарык берүүсү менен аныкталуучу жарыктын газ разряддуу булагы/.

ЛАМПА НАКАЛИВАНИЯ кызытуу лампасы /электр тогу менен кызытылган өткөргүч чыгаруучу жарык булагы/.

ЛАМПА НЕОНОВАЯ ИНДИКАТОРНАЯ неондуу индикатор лампасы /төрө жарыктаныштагы өзү пайда болуучу бүлбүлдөгөн газ разряд прибору/.

ЛАМПА ПРИЕМНО=УСИЛИТЕЛНАЯ кабыл алып күчөтүүчү лампа /электр магниттик термелүүлөрдү күчөтүүчү, пайда кылуучу, детектирлөөчү жана жыштыктарды өзгөртүүчү аз кубаттуу электрондуу лампа/.

ЛАМПА С АВТОЭЛЕКТРОННОЙ ЭМИССИЕЙ автоэлектрондук эмиссиялуу лампа /күчтүү электр талаасынын таасири астында ысытылбаган катоддун бетинен электрондор чыгуучу лампа/.

ЛАМПА УСИЛИТЕЛНАЯ күчөтүүчү лампа /туруктуу токтун электр термелүүсүнүн кубатын, чыңалуусун күчөтүүчү электрондуу лампа/.

ЛАМПА ЭЛЕКТРОННАЯ КОМБИНИРОВАННАЯ айкалыштырылган электрондук лампа /өз алдынча электрондук агымдарды берген эки же андан көп электроддордун системасын ичине алган электрондуу лампа/.

ЛАМПОВЫЙ ВОЛЬТМЕТР лампалуу вольтметр /электрондуу лампа негизги элементи катарында колдонулган вольтметр/.

ЛАМПОВОЙ ГЕНЕРАТОР лампалуу генератор /төмөнкү жыштыктагы өзгөрүлмө токту, ошондой эле туруктуу токту жогорку жыштыктагы өзгөрүлмө токко айландыруучу атайын түзүлүш/.

ЛАРИНГОФОН ларингофон /кекиртекке такап пайдаланууга ылайыкталган микрофон/.

ЛЕНТОПРОТЯЖНЫЙ МЕХАНИЗМ лента тарткыч механизм /жазуучу магнит бөркүнүн уилдари аркылуу магнит лентасын тартып өткөрүүчү магнитофондун негизги бөлүгү/.

ЛЕНТОЧНЫЙ МИКРОФОН денталуу микрофон /түздөп-түз үн толкундары менен кыймылга келтирилүүчү, кыймылдуу өткөргүчү жука лента формасында болгон микрофон/.

ЛИНЕАРИЗАЦИИ ДИАПАЗОН сызыкташтыруу диапазону /автоматтык башкаруу системасынын же об"екттин мүнөздөмөсүнүн бир топ маанилерин жетишерлик тактыкта сызыктуу функция катарында караган аймак/.

ЛИНЕАРИЗАЦИЯ сызыкташтыруу /сызыктуу эмес системанын ордуна ага кандайдыр бир маанide эквивалент боло ала турган сызыктуу моделин изилдөө/.

ЛИНЕАРИЗАЦИЯ СТАТИСТИЧЕСКАЯ статистикалык сызыкташтыруу /кокусунан дүүлүктүрүүчү таасир астында турган динамикалык системаны сызыкташтыруу/.

ЛИНЕЙНАЯ ГРУППА МИКРОФОНОВ микрофондордун сызыктуу тобу /түз сызык боюнча жайланышкан өзгөрткүчтөрдүн катарынан же ошондой катардын акустикалык эквивалентинен турган багыттуу микрофон/.

ЛИНЕЙНАЯ ЗАВИСИМОСТЬ сызыктуу көз карандылык /бирөө калгандарынын суммасы менен аныктала турган математикалык бир нече об"екттердин ортосундагы көз карандылык/.

ЛИНЕЙНАЯ ИНТЕРПОЛЯЦИЯ сызыктуу интерполяция /сызыктуу функциянын көз бир белгилүү маанилери боюнча анын орто аралык чоңдуктарынын маанисин табуу/.

ЛИНЕЙНАЯ СИСТЕМА сызыктуу система /процесстери сызыктуу



дифференциалдык теңдемелер менен жазылуучу система/.

ЛИНЕЙНАЯ ФУНКЦИЯ сызыктуу функция /графикада түз сызык менен сүрөттөлүүчү эң жөнөкөй функция/.

ЛИНЕЙНЫЕ ИСКАЖЕНИЯ сызыктуу бузулуштар /гармоникалык эмес сигналдардын жыштыктык жаңы түзүүчүлөрү пайда болбогон бузулушу/.

ЛИНЕЙНОЕ НАПРЯЖЕНИЕ сызыктуу чыңалуу /электр берүүчү сызыктардагы фазалык өткөргүчтөрдүн арасындагы чыңалуу/.

ЛИНЕЙНЫЙ КОД сызыктуу код /символдору бири бири менен сызыктуу байланыштар менен бириккен коррекциялоочу код/.

ЛИНЕЙНЫЙ КОНТАКТОР сызыктуу контактор /коммутациялоочу аппаратура өзүнүн алгачкы абалына келгенче күчтүү токтун тизмегин ажыратуу үчүн колдонулуучу ажыраткыч же контактор/.

ЛИНИЙ СВЯЗИ КАБЕЛЬНЫЕ И ВОЗДУШНЫЕ аба жана кабель байланыш сызыктары /электр сигналдарынын жардамы менен информацияларды берүүчү тармак/.

ЛИНИЯ /ЭЛЕКТРИЧЕСКАЯ/ сызык /электрдик; электр энергиясын берүү же бөлүштүрүү кызматын аткаруучу изоляцияланган өткөргүчтөрдөн, көмөкчү түзүлүштөрдөн турган курулуш/.

ЛИНИЯ ЗАДЕРЖКИ солкуктатуу сызыгы /өзү боюнча өтүп жаткан сигналдарды кечиктирип кармап калуучу түзүлүш/.

ЛОГАРИФМИРУЮЩАЯ СХЕМА логарифмалоочу схема /кирүүчү сигналдын логарифмасына шайкеш /пропорциялаш/ болгон чыгуучу сигналды берүүчү түзүлүш/.

ЛОГИЧЕСКАЯ МАШИНА логикалык машина /логика алгебрасынын маселелерин чыгарууга арналган атайын цифралуу эсептегич машина/.

ЛОГИЧЕСКАЯ СХЕМА логикалык схема /бир катар шарттарды канааттандыруучу алгоритмдердин жазылышы/.

ЛОГИЧЕСКАЯ ЦЕПЬ логикалык тизмек /математикалык логиканын кандайдыр бир функциясын моделдеечү схема/.

ЛОГИЧЕСКИЙ ЭЛЕМЕНТ логикалык элемент /логикалык алгебранын функциясын ишке ашыруучу элемент/.

ЛОГИЧЕСКОЕ ЗВЕНО логикалык звено /өзүнүн киришине берилген таасирлерге карата логикалык операцияны ишке ашыруучу элементтердик звено/.

ЛОШАДИНАЯ СИЛА ат күчү /75 кгм/сек. же 736 ваттка барабар болгон кубаттуулукту билдирүүчү бирдик. Практикада кубаттуулуктун бирдиги катары көбүнчө киловатт колдонулат/.

ЛЮМИНЕСЦЕНЦИЯ люминесценция /жарык толкунунун мезгилинен көп эсе узун люминесценцияны дүүлүктүрүүчү аракеттер токтогондон кийин нерселердин жылуулук чачыратуусунан ашык болгон жарыкты бир топ убакытка чейин тең салмактуу эмес түрдө чачыратуусу/.

ЛЮМИНОФОРЫ люминофорлор /өзү туткан энергияны жарык нурунун энергиясына айландыруучу заттар/.

## М

МАГАЗИН СОПРОТИВЛЕНИЙ каршылыктардын магазини /салыштырма каршылыгы жогору болгон зымдардан оролгон, каршылыгынын маанисн белгилүү түрмөктөрдөн турган бир блокко орнотулган электр каршылыктарынын жыйнагы/.

МАГИСТРАЛЬНЫЕ ЛИНИИ ЭЛЕКТРОПЕРЕДАЧИ магистралдык электр берүү сызыктары /электр энергиясын бир канча ири тармактарга таратып берүүгө ылайыкталынып курулган сызыктар/.



МАГНЕСИН магнесин /айлануучу валдын бурчтук абалын билдирүүчү контактсыз билдиргич/.

МАГНЕТИКИ магнетиктер /нерселердин магниттерин үйрөнүүдө колдонулуучу ат/.

МАГНЕТО магнето /ичинен күйүүчү кыймылдаткычтардын цилиндрлериндеги аралашманы электр учкундарынын жардамы менен тутандыруу үчүн колдонулуучу өзгөрүлмө токтун магнит электр генератору/.

МАГНЕТРОН магнетрон /өтө жогорку жыштыктардын диапазондорундагы термелүүлөрдү пайда кылуучу электрондук прибор/.

МАГНИТ магнит /магнит талаасын пайда кылуучу, башкача айтканда магниттештирүү касиети бар нерсе/.

МАГНИТНАЯ ВОСПРИИМЧИВОСТЬ магниттик кабыл алуучулук /нерсенин магниттелишинин магнит талаасынын чыңалышына болгон катышына барабар болгон, анын магниттик уюлдашууга болгон жөндөмдүүлүгүнүн сандык мүнөздөмөсү/.

МАГНИТНАЯ ГОЛОВКА магниттүү бөрк /магниттелген беттеги информацияларды өчүрүп же жазып туруучу атайын жасалган бөрк/.

МАГНИТНАЯ ЗАПИСЬ магниттик жазуу /ферромагниттик нерселердин магнит талаасында магниттелишине негизделген электр сигналдарын каттоо/.

МАГНИТНАЯ ИНДУКЦИЯ магнит индукциясы /магниттик талаанын электр тогуна карата болгон күчүнүн аракетин, ошондой эле өзү өзгөргөн учурда индукцияланууучу электр талаасын дүүлүктүрүүгө жарамдуулугун көрсөтө турган вектордук чоңдук/.

МАГНИТНАЯ ЛЕНТА магниттүү лента, тасма /бир тектүү магнит материалдарынан же магнит эмес, бирок магниттелүүчү заттар

менен капталган материалдардан /целлофандан, синтетикалык кагаздан/ жасалган жазууга ылайыкталган тасма/.

МАГНИТНАЯ ПОСТОЯННАЯ <u>магниттик туруктуу чондук</u> /эл аралык бирдиктердин системасына ылайык жазылган электр магнит закондорунун формулаларына кирүүчү, $\mu_0 = 4\pi 10^{-7}$ Гн/м барабар скалярдык чондук/.

МАГНИТНАЯ ПРОВОДИМОСТЬ <u>магниттик өткөргүчтүүлүк</u> /кандайдыр бир тизмектин участогундагы магнит агымынын ошол участоктогу магнит кыймылдатуучу күчкө болгон катышы менен аныкталуучу магнит тизмегинин параметри/.

МАГНИТНАЯ ПРОВОЛОКА /МАГНИТНАЯ НИТЬ/ <u>магнит зымы</u> /бир тектүү магнит материалынан же магнит катмары бар магнит эмес материалдан жасалган, жазууга ылайыкталган зым түрүндөгү нерсе/.

МАГНИТНАЯ ПРОНИЦАЕМОСТЬ <u>магниттик өтүп кетүүчүлүк</u> /заттардын магниттик касиеттерин мүнөздөөчү физикалык чондук/.

МАГНИТНАЯ СТАЛЬ <u>магниттүү болот</u> /электр машиналарында жана аппараттарында пайдаланылуучу жогорку сапаттуу болот/.

МАГНИТНАЯ СТАНЦИЯ <u>магниттик станция</u> /электр кыймылдаткычтарын башкарууда колдонулуучу магниттик жүргүзгүчтөр, релелер, рубильниктер жайлаштырылган панель/.

МАГНИТНАЯ СТРЕЛКА <u>магниттүү жебе</u> /эркин айланып туруучу магниттештирилген болот жебе/.

МАГНИТНАЯ ЦЕПЬ <u>магнит чынжыры</u> /магнит агымы өтүүчү магнетиктердин удаалаштыгы/.

МАГНИТНОЕ ДУТЬЕ <u>магниттик үйлөтүү</u> /магнит талаасынын жардамы менен электр ажыраткыч аппараттардын контакттарынын арасында пайда болуучу электр жаасын өчүрүү/.



МАГНИТНОЕ НАПРЯЖЕНИЕ <u>магнит чыналуусу</u> /магнит талаасынын чыналышынын магнит тизмегинин узундугуна көбөйтүлгөнүнө барабар болгон чондук/.

МАГНИТНОЕ НАСЫЩЕНИЕ <u>магниттик каныгуу</u> /сырткы магнит талаасынын чыналышын көбөйтүүдөн магниттелиши чек маанисине жеткен нерсенин абалы/.

МАГНИТНОЕ ПОЛЕ <u>магнит талаасы</u> /магниттик моменти бар кыймылдагы заряддалган бөлүкчөлөргө жана нерселерге, ток өтүп жаткан өткөргүчтөргө гана аракет кылуучу электр магнит талаасынын бир формасы/.

МАГНИТНОЕ СМЕЩЕНИЕ <u>магниттик ойлонгуштуруу</u> /сигнал берген талаага кошумча түрдө туруктуу же өзгөрүлмө талаанын жардамы менен магниттик жазуунун процессинде алып жүргүчкө жардамчы магниттик таасир берүү/.

МАГНИТНОЕ СОПРОТИВЛЕНИЕ <u>магниттик каршылык</u> /магниттик чынжырдын каралуучу участогундагы магнит кыймылдаткыч күчүнүн ошол участоктогу магнит агымына болгон катышына барабар чондук/.

МАГНИТНОЙ ЗАПИСИ СПОСОБЫ <u>жазуунун магниттик ыкмалары</u> /магниттүү бетке кош информацияларды жазып түшүрүүнүн ыкмалары/.

МАГНИТНЫЕ АНОМАЛИИ <u>магниттик аномалиялар</u> /жер шарынын түрдүү жерлеринде магниттик жебенин көрсөтүүлөрүнүн бири-биринен айырмаланышы/.

МАГНИТНЫЕ ПОТЕРИ <u>магниттик коромжулар</u> /өзгөрүлмө магнит талаасында мезгил мезгили менен которуп магниттештиргенде ферромагнит материалдарындагы жылуулуктун бөлүнүп чыгышы/.

МАГНИТНЫЕ СПЛАВЫ магниттик куймалар /магниттик касиети жогору, башкача айтканда магниттик өткөргүчтүүлүгүнүн, магниттик индукциясынын жана коэрцетивдик күчүнүн мааниси чоң куймалар/.

МАГНИТНЫЙ БАРАБАН магниттүү барабан /каптал бетинде магниттик касиетке ээ болгон катмары бар цилиндр түрүндөгү информация алып жүргүч/.

МАГНИТНЫЙ ГИСТЕРЕЗИС магниттик гистерезис /ферромагниттиктин алдын ала магниттелишинин маанисине көз каранды болгон магниттештирүүчү талаанын бирдей чыңалышында ферромагнетиктин магниттелишинин маанилериндеги айырмасы/.

МАГНИТНЫЙ ДИСК магниттүү диск /бетинде магниттик касиетке ээ болгон катмары бар диск түрүндөгү информация алып жүргүч/.

МАГНИТНЫЙ МЕРИДИАН магниттик меридиан /оккo эркин орнотулган магнит жебеси жайланышкан вертикалдык тегиздик/.

МАГНИТНЫЙ МОДУЛЯТОР магниттик модулятор /туруктуу токтун күчөткүчүнүн биринчи каскады катарында иштөөчү реверсивдүү магниттик күчөткүч/.

МАГНИТНЫЙ МОМЕНТ ТЕЛА нерсенин магниттик моменти /нерселердин жана алардын бөлүкчөлөрүнүн магниттик касиетин мүнөздөөчү вектордук чоңдук/.

МАГНИТНЫЙ МОМЕНТ ТОКА токтун магниттик моменти /токтун чоңдугуна жана токтун контуру курчап турган аянтка пропорциялаш момент/.

МАГНИТНЫЙ ПОТОК магнит агымы /магнит индукциясынын векторунун кандайдыр бет аркылуу өткөн агымы/.



МАГНИТНЫЙ ПУСКАТЕЛЬ магниттик жүргүзгүч /асинхрондуу электр кыймылдаткычтарын аралыктан ишке киргизүү, токтотуу жана сактоого арналган аппарат/.

МАГНИТНЫЙ УСИЛИТЕЛЬ магниттүү күчөткүч /иштөө принциби ферромагниттик материалдардын тармактуу эмес мүнөздөмөсүн пайдаланууга негизделген электр сигналдарынын күчөткүчү/.

МАГНИТНЫЙ УСИЛИТЕЛЬ БЫСТРОДЕЙСТВУЮЩИЙ тез аракеттенүүчү магниттүү күчөткүч /азыктандырып туруучу чыңалуунун мезгилинин бир бөлүгүнүн ичинде өтмө процесси бүтүүчү магниттүү күчөткүч/.

МАГНИТНЫМИ УСИЛИТЕЛЯМИ УПРАВЛЕНИЕ ЭЛЕКТРОПРИВОДОМ электр кыймылга келтиргичин магниттүү күчөткүчтөр менен башкаруу /туруктуу жана өзгөрүлмө токтун кыймылдаткычтарынын ылдамдыгын бир жана үч фазалуу магниттүү күчөткүчтөр менен жөнгө салуу/.

МАГНИТОДВИЖУЩАЯ СИЛА магниттик кыймылдаткыч күч /электр тогунун магниттик аракетин мүнөздөөчү чоңдук/.

МАГНИТОДИЭЛЕКТРИК магнитодиэлектрик /жогорку температурада чоң басым астында монолиттүү кылып пресстелген ферромагнит уну/пермаллой, алсифер, ферит ж.б./ менен диэлектриктердин /смола, пластмасса, лак ж.б./ аралашмасы/.

МАГНИТОМЕТР магнитометр /магниттик чоңдуктарды өлчөөгө арналган прибор/.

МАГНИТОПРОВОД магнит өткөргүч /магнит агымын анын концентрациясын чоңойтуу жана магнит талаасына каалагандай конфигурация берүү үчүн колдонулуучу ферромагнит материалынан жасалган электротехникалык түзүлүштүн бөлүгү/.

МАГНИТОСТАТИЧЕСКОЕ ПОЛЕ *магнитостатикалык талаа* /кыймылсыз абалдагы туруктуу магниттин магнит талаасы/.

МАГНИТОСТРИКЦИОННЫЙ ГРОМКОГОВОРИТЕЛЬ *магнитострикциялык катуу сүйлөгүч* /магнитострикциялык касиети бар заттын деформацияланышынан улам аракетке келүүчү катуу сүйлөгүч/.

МАГНИТОСТРИКЦИОННЫЙ МИКРОФОН *магнитострикциялык микрофон* /иш аракети магнитострикциялуу материалдардын деформацияланышына негизделген микрофон/.

МАГНИТОСТРИКЦИОННЫЙ ПРЕОБРАЗОВАТЕЛЬ *магнитострикциялык өзгөрткүч* /магнитострикция кубулушуна негизделген электрмеханикалык өзгөрткүч/.

МАГНИТОСТРИКЦИЯ *магнитострикция* /магниттелүү учурунда нерселердин өлчөмдөрүнүн жана формаларынын өзгөрүшү/.

МАКСВЕЛЛ *максвелл* /СГС бирдиктер системасындагы магнит агымынын бирдиги/.

МАКСИМАЛЬНАЯ ВЫРАБАТЫВАЕМАЯ МОЩНОСТЬ *иштелип чыгарылуучу максималдуу кубаттуулук* /белгилүү мезгилдин ичинде станция бере ала турган кубаттуулуктун максималдуу мааниси/.

МАКСИМАЛЬНАЯ ПОТРЕБЛЯЕМАЯ МОЩНОСТЬ *керектелүүчү максималдуу кубаттуулук* /белгиленген убакыттын ичинде байкала турган керектелүүчү кубаттуулуктун эң чоң мааниси/.

МАКСИМАЛЬНОЕ ОБРАТНОЕ НАПРЯЖЕНИЕ *максималдуу тескери чыңалуусу* /мезгилдин өткөрбөөчү бөлүгүндө анод менен катоддун ортосундагы чыңалуунун заматтык максималдуу мааниси/.

МАКСИМАЛЬНОЕ ПОЛОЖИТЕЛЬНОЕ НАПРЯЖЕНИЕ *максималдуу оң чыңалуу* /тизмектин жабылган интервалынын анод менен катоддун ортосундагы чыңалуунун заматтык максималдуу мааниси/.



МАКСИМАЛЬНЫЙ ВЫКЛЮЧАТЕЛЬ *максималдык ажыраткыч* /берилген электр тизмеги үчүн чектүү чоңдуктан ашык өлчөмдөгү электр тогу жүрө баштаган учурда автоматтык түрдө аракетке келүүчү электр ажыраткычы/.

МАЛОГО ПАРАМЕТРА МЕТОД *кичине параметр методу* /сызыктуу эмес дифференциалдык теңдемелердин системасынын чыгарылыштарын болжолдоп табуу жолу/.

МАНОМЕТР *манометр* /газдын, буунун жана суюктуктун басымын өлчөөчү прибор/.

МАСЛЯНЫЙ ВЫКЛЮЧАТЕЛЬ *майлуу ажыраткыч* /тизмекти ажыратуу жана туташтыруу иштери майдын ичинде жүргүзүлө турган ажыраткыч/.

МАСЛОНАПОЛНЕННЫЙ АППАРАТ *май толтурулган аппарат* /негизги элементтери же анын бөлүктөрү майга чөгөрүлгөн аппарат/.

МАСЛОНАПОЛНЕННЫЙ КАБЕЛЬ *май толтурулган кабель* /басым түзүү үчүн минералдык май колдонулуучу басым кабели/.

МАСС=СПЕКТРОМЕТР *масс-спектрометр* /иондоштурулган бөлүкчөлөрдү массасынын анын зарядына болгон катышы боюнча электр жана магнит талааларынын жардамы менен ажыратуучу прибор/.

МАТЕМАТИЧЕСКОЕ ПРОГРАММИРОВАНИЕ *математикалык программалоо* /функциянын экстремалдык маанилерин табуунун методдорун жана теориясын иштеп чыгуучу математиканын тармагы/.

МАШИННЫЙ ЗАЛ *машина залы* /турбоагрегаттар көмөкчү жабдуулар жана алар орнотулган имаратты камтыган электр энергиясын өндүрүүчү установканын бир бөлүгү/.

МАШИННЫЙ ПЕРЕВОД *машина которуусу* /бир тилден экинчи тилге электрондук эсептегич машина менен которуу/.

МГНОВЕННАЯ МОЩНОСТЬ ЭЛЕКТРИЧЕСКОЙ ЦЕПИ электр тизмегинин заматтык кубаттуулугу /электр тизмегиндеги токтун жана тизмектин кысkычтарындагы чыңалуунун заматтык маанилеринин көбөйтүндүсүнө барабар болгон чоңдук/.

МГНОВЕННАЯ ПЛОТНОСТЬ АКУСТИЧЕСКОЙ КИНЕТИЧЕСКОЙ ЭНЕРГИИ акустикалык кинетикалык энергиянын заматтык тыгыздыгы /заматтык термелүү ылдамдыгынын квадратынын чөйрөнүн тыгыздыгына болгон көбөйтүндүсүнүн жарымы/.

МГНОВЕННАЯ ПЛОТНОСТЬ АКУСТИЧЕСКОЙ ПОТЕНЦИАЛЬНОЙ ЭНЕРГИИ акустикалык потенциалдуу энергиянын заматтык тыгыздыгы /заматтык үн басымынын квадратынын кысылуучу чөйрөнүн кысылуу модулуна болгон катышынын жарымы/.

МГНОВЕННАЯ ПЛОТНОСТЬ ПОТОКА ЗВУКОВОЙ ЭНЕРГИИ үн энергиясынын агымынын заматтык тыгыздыгы /беттин элементи аркылуу берилүүчү үн энергиясынын заматтык агымынын ошол элементтин аянтына болгон катышы/.

МГНОВЕННАЯ ПЛОТНОСТЬ ПОЛНОЙ ЗВУКОВОЙ ЭНЕРГИИ толук үн энергиясынын заматтык тыгыздыгы /потенциалдык жана кинетикалык энергиялардын заматтык тыгыздыктарынын суммасы/.

МГНОВЕННОЕ ЗВУКОВОЕ ДАВЛЕНИЕ /В НЕКОТОРОЙ ТОЧКЕ СРЕДЫ/ заматтык үн басымы /статикалык басым менен каралып жаткан учурдагы басымдын ортосундагы айырма/.

МГНОВЕННОЕ ЗНАЧЕНИЕ ЭЛЕКТРИЧЕСКОГО ТОКА электр тогунун заматтык мааниси /электр тогунун убакыттын каралуучу учурундагы мааниси/.

МГНОВЕННЫЙ ПОТОК ЗВУКОВОЙ ЭНЕРГИИ үн энергиясынын заматтык агымы /заматтык үн басымынын беттин элементин кесип өтүүнүн көлөмдүк термелүү ылдамдыгына болгон көбөйтүндүсү/.



МЕГА мега /бирдиктердин алдына коюлуп жазылып, алардын миллион эсе көбөйтүлгөндүгүн көрсөтүүчү курамы мүчө/.

МЕГАВАТТ мегаватт /$10^6$ ваттка барабар болгон электр кубаттуулугун өлчөөнүн бирдиги/.

МЕГАГЕРЦ мегагерц /$10^6$ герцке барабар болгон электр термелүүлөрүнүн жыштыгын өлчөөнүн бирдиги/.

МЕГОМ мегом /$10^6$ омго барабар болгон электр каршылыгын өлчөөнүн бирдиги/.

МЕДЛЕННАЯ ДЕТОНАЦИЯ жай детонация /жазуу же үн чыгаруу учурунда алып жүргүчтүн кыймылынын жай өзгөрүүсү/.

МЕЖДУНАРОДНАЯ СИСТЕМА ЕДИНИЦ эл аралык бирдиктердин системасы /чендер жана салмактар боюнча XI Генералдык конференция кабыл алган жана илимдин, техниканын, эл чарбасынын бардык тармактары үчүн практикалык колдонууга сунуш кылынган /1960 ж., Париж/ физикалык чоңдуктардын бирдигинин универсалдык бирдиктүү системасы/.

МЕМБРАНА мембрана /пленка түрүндөгү серпилгичтүү элемент/.

МЕСТНОЕ УПРАВЛЕНИЕ жергиликтүү башкаруу /башкарылуучу аппараттын өзү же ага катар жайланышкан түзүлүштүн жардамы менен операцияларды башкаруу/.

МЕТАЛЛИЧЕСКОЕ СОПРОТИВЛЕНИЕ металл каршылыгы /металл өткөргүчтөрдөн турган каршылык/.

МЕТОД ГАРМОНИЧЕСКОГО БАЛАНСА гармоникалык баланс методу /сызыктуу эмес автоматтык системаларда гармоникалык кыймылдарга жакын мезгилдүү кыймылдарды аныктоонун жакындаштырылган методу/.

МЕТОД ЭКВИВАЛЕНТНОЙ ЛИНЕАРИЗАЦИИ тармакташтыруунун эквиваленттүү методу

МЕХАНИЧЕСКАЯ ХАРАКТЕРИСТИКА ЭЛЕКТРОДВИГАТЕЛЕЙ электр кыймылдаткычтардын механикалык мүнөздөмөсү /кыймылдаткычтын туруктуу айлануу ылдамдыгынын анын айлантуучу моментине болгон көз карандылыгы/.

МЕХАНИЧЕСКИЙ ИЗЛУЧАТЕЛЬ УЛЬТРАЗВУКА ультра үндүн механикалык булагы /механикалык энергиянын түздөн түз ультра үнгө айландыруучу түзүлүш/.

МЕХАНИЧЕСКИЙ УСИЛИТЕЛЬ МОЩНОСТИ кубаттуулуктун механикалык күчөткүчү /тышкы булактан алынган механикалык энергиянын эсебинен механикалык жылышты чоң кубаттагы жылышка айландыруучу түзүлүш/.

МЕХАНИЧЕСКОЕ РЕЛЕ механикалык реле /кыймылдуу бөлүгү контролдонуучу электрдик эмес физикалык чоңдуктардын бири же бир нечеси өзгөргөндө кыймылга келүүчү аппарат/.

МИКРО микро /I. бирдиктердин алдына кошулуп жазылып, алардын миллион эсе кичирейтилишин көрсөтүүчү куранды мүчө; 2. кичине өлчөмдөрдү көрсөтүүчү татаал сөздөрдүн башталыш бөлүгү/.

МИКРОАМПЕР микроампер /ампердин миллиондон бир бөлүгүнө барабар болгон электр тогун өлчөөнүн бирдиги/.

МИКРОВОЛЬТ микровольт /вольттун миллиондон бир бөлүгүнө барабар болгон чыңалууну өлчөөнүн бирдиги/.

МИКРОВЫКЛЮЧАТЕЛЬ микро ажыраткыч / кыймылга келтирүү элементине белгилүү күч жумшалганда электр тизмектерин коммутациялоочу кичине өлчөмдүү ажыраткыч/.

МИКРОЗАПИСЬ микро жазуу /изинин тереңдигинин жана энинин өтө аздыгы менен айырмаланып туруучу механикалык жазуу; эни 0,I мм ден аз/.



МИКРОПРИВОД микро кыймылга келтиргич /өтө кичине кубаттуу /бир нече жүз вт го чейинки/ электр кыймылга келтиргич/.

МИКРОФАРАДА микрофарада /фараданын миллиондон бир бөлүгүнө барабар болгон сыйымдуулукту өлчөөнүн бирдиги/.

МИКРОФОН микрофон /акустикалык термелүүлөрдү электр термелүүлөрүнө айландыруучу электроакустикалык өзгөрткүч/.

МИКРОФОН БЛИЖНОГО ДЕЙСТВИЯ жакындан иштөөчү микрофон /сүйлөөчүгө жакын коюлуп иштөөгө ылайыкталган микрофон/.

МИКРОФОН-ПРИЕМНИК ГРАДИЕНТА ДАВЛЕНИЯ басымдын градиентин кабыл алуучу микрофон /негизинен үн басымынын градиентине карай аракетке келүүчү микрофон/.

МИКРОФОН=ПРИЕМНИК ДАВЛЕНИЯ басымды кабыл алгыч микрофон /негизинен үн басымынан улам аракетке келүүчү микрофон/.

МИКРОФОН С ПОДВИЖНОЙ КАТУШКОЙ кыймылдуу түрмөктүү микрофон /кыймылдуу өткөргүчү түрмөк формасында болгон электродинамикалык микрофон/.

МИКРОФОН С ШУМОПОДАВЛЕНИЕМ чуу өчүргүчү бар микрофон /чуудан пайдалуу үндү бөлүп алууга ылайыкталган микрофон/.

МИЛЛИ милли /бирдиктердин алдына кошулуп жазылып, алардын миң эсе кичирейтилгендигин көрсөтүүчү куранды мүчө/.

МИЛЛИАМПЕР миллиампер /ампердин миңден бир бөлүгүнө барабар болгон токтун күчүн өлчөөнүн бирдиги/.

МИЛЛИОМ миллиом /омдун миңден бир бөлүгүнө барабар болгон каршылыкты өлчөөнүн бирдиги/.

МИНИМИЗАЦИЯ /СТРУКТУРЫ РЕЛЕЙНОГО УСТРОЙСТВА/ минимумдаштыруу /реле түзүлүшүнүн аткаруучу функциясын бузбастан, анын элементтеринин санын азайтууну көздөгөн өзгөрүүлөр/.

МИХАЙЛОВА КРИТЕРИЙ Михайлов критерийи /туруктуу параметрлери бар сызыктуу автоматтык жөндөө системасынын туруктуулугунун критерийи/.

МНОГОАДРЕСНАЯ МАШИНА көп адрестүү машина /командалары бирден көп адрестерди ичине алган эсептегич машина/.

МНОГОАНОДНЫЙ ВЕНТИЛЬ көп аноддуу вентиль /бир тулкуда эки же андан ашык башкы аноддору бар вентиль/.

МНОГОДОРОЖЕЧНАЯ ФОНОГРАММА көп жолдуу фонограмма /бири биринен бөлөк эки же андан көп жолчолорго бөлүнгөн фонограмма/.

МНОГОКАСКАДНЫЙ УСИЛИТЕЛЬ көп баскычтуу күчөткүч /үчтөн көп деңгээлди пайдаланып таасир берүү/.

МНОГОПОЛОСНЫЙ ГРОМКОГОВОРИТЕЛЬ көп тилкелүү катуу сүйлөгүч /белгиленген ар түрдүү жыштыктардын тилкесин бир мезгилде берүү үчүн колдонулуучу, алатта, фильтрлер менен бөлүнүп кошулуучу эки же андан көп катуу сүйлөгүчтөрдүн системасы/.

МНОГОПОЛЮСНИК көп уюлдук /бөлөк электр тизмектерин кошууга мүмкүн болгон бир нече кыскычтары бар электр тизмеги /аппарат/ түзүлүш/.

МНОГОСЕТОЧНАЯ ЛАМПА көп тордуу лампа /торлорунун саны эки же андан көп болгон электрондук лампалар: тетрод, пентод, гексод, октдот/.

МНОГОСТУПЕНЧАТЫЙ РОТОРНЫЙ ПУСКАТЕЛЬ С СОПРОТИВЛЕНИЯМ /РОТОРНЫЙ РЕОСТАТ/ роторунда көп баскычтуу каршылыгы бар жүргүзгүч /өзгөрүлмө токтун кыймылдаткычтарынын роторунун оромдоруна удаалаш бир же бир нече баскычтуу каршылыктарды кошуп аларды бирин артынан бирин ажыратып туруу жолу менен өзгөрүлмө кыймылдаткычты жүргүзгүч/.



МНОГОСТУПЕНЧАТЫЙ СТАТОРНЫЙ ПУСКАТЕЛЬ С СОПРОТИВЛЕНИЯМИ статорунда көп баскычтуу каршылыгы бар жүргүзгүч /өзгөрүлмө токтун кыймылдаткычынын статорунун оромдоруна удаалаш бир же бир нече баскычтуу каршылыктарды туташтырып, аларды биринен улам бирин чыгарып туруу жолу менен кыймылдаткычты жүргүзгүч/.

МНОГОТАКТНОЕ УПРАВЛЕНИЕ көп тактуу башкаруу /кыймылга келүүчү механизмдин аз-аздан жылышына жетишүү үчүн электр кыймылдаткычын же электр магнитти көп жолу кыска убакытка кайталап туташтыруу/.

МНОГОФАЗНАЯ КАБЕЛЬНАЯ ВОРОНКА көп фазалуу кабель воронкасы /көп тарамдуу кабелдин тышкы өткөргүчтөр менен кошулган жерине аба жана нымдын таасиринен сактай тургандай кылып орнотулган түзүлүш/.

МНОГОФАЗНАЯ ЦЕПЬ көп фазалуу тизмек /бирдей жыштыктуу, бири биринен фазасы боюнча жылыштырылган ар биринде электр кыймылдаткыч күчү /чыңалуу/ аракет кылуучу эки же андан көп түзүүчү тизмектерден турган өзгөрүлмө токтун тизмеги/.

МНОЖИТЕЛЬНОЕ УСТРОЙСТВО көбөйтүүчү түзүлүш /чондуктарды көбөйтүү операциясын ишке ашыруучу аналогдуу эсептегич машинанын түйүнү же блогу/.

МО мо /электр өткөргүчтүүлүктүн колдонууга сунуш кылынбаган бирдигинин аты. Сименс менен алмаштырылган к. СИМЕНС/.

МОДЕЛИРОВАНИЕ моделдөө /моделдерде же кадимки эле установкаларда эксперименттерди коюп жана иштеткен убакта окшоштук теориясынын методдорун пайдаланып изилдөө/.

МОДЕЛИРОВАНИЕ МАТЕМАТИЧЕСКОЕ математикалык изилдөө /оригиналдын жана моделдин теңдемелеринин окшоштугуна жана аларда-

гы өзгөрүлмөлүү чоңдуктардын ортосундагы катыштын бирдей мааниде болуусуна негизделген атайын моделдин жардамы менен физикалык кубулуштарды изилдөө/.

МОДЕЛИРОВАНИЕ ФИЗИЧЕСКОЕ физикалык моделдөө /кандайдыр бир об"екти же көрүнүштү үйрөнүүдө физикалык жаратылышы ошол об"екттин же көрүнүштүн өзүнүкүндөй модель менен алмаштырып, аны эксперименталдык изилдөө моделдөөнүн түрү/.

МОДЕЛИРОВАНИЕ ПРОЦЕССОВ ПЕРЕМАГНИЧИВАНИЯ магниттештирүү процессин моделдөө /ферромагниттик материалдардан турган тизмектерди ичине алган автоматтык түзүлүштөрдү иштеп чыгуу жана аларды колдонуу боюнча жүргүзүлгөн эсептөөлөрдү тактоо жана жөнөкөйлөштүрүү/.

МОДЕЛИРОВАНИЕ ПРОИЗВОДСТВЕННЫХ ПРОЦЕССОВ өндүрүштүк процесстерди моделдөө /процесстердин структурасынын, об"екттердин мүнөздөмөлөрүнүн жана информациялардын агымынын моделдерин түзүү жолу менен өндүрүштүк процесстерди изилдөө/.

МОДЕЛИРОВАНИЕ ЭНЕРГОСИСТЕМ энергия системаларын моделдөө /энергия системасындагы процесстерди моделдерде изилдөө/.

МОДЕЛИРУЮЩЕЕ УСТРОЙСТВО моделдөөчү түзүлүш /өзүнчө математикалык операцияларды аткаруучу функциялык блоктордон турган түзүлүш/.

МОДУЛЬ модуль /аппаратта же прибордо өз алдынча милдет аткаруучу, өз ара алмашылуучу тетиктердин комплекси түрүндө унификацияланган түйүн/.

МОДУЛЯТОР модулятор /жогорку жыштыктагы электр термелүүлөрүн модуляциялоочу түзүлүш/.

МОДУЛЯТОР АМПЛИТУДНЫЙ амплитудалык модулятор /жогорку



жыштыктагы термелүүлөрдүн амплитудасын модуляциялоочу түзүлүш/.

МОДУЛЯТОР БАЛАНСНЫЙ баланстык модулятор /алып жүрүүчү жыштыктагы термелүүнү жок кылуу менен жогорку жыштыктагы термелүүнү амплитудасы боюнча модуляциялоочу түзүлүш/.

МОДУЛЯТОР ИМПУЛЬСНЫЙ импульстук модулятор / билдиргичтердин иштешин башкара турган кубаттуу электр сигналдарын пайда кылуучу түзүлүш/.

МОДУЛЯТОР СВЕТА жарыктын модулятору /фотографиялык фонограмманы алуу максатында өзгөрүлмө токту жарык агымынын өзгөрүүсүнө айландыруучу оптикалык ылайыкталма жана жарыктын булагы менен жабдылган түзүлүш/.

МОДУЛЯТОР ФАЗОВЫЙ фазалык модулятор /жогорку жыштыктагы электр термелүүлөрүн төмөнкү жыштыктагы термелүүлөр менен фаза боюнча модуляциялоочу түзүлүш/.

МОДУЛЯТОР ЧАСТОТНЫЙ жыштыктык модулятор /жогорку жыштыктагы термелүүлөрдү жыштыгы боюнча модуляциялоочу түзүлүш/.

МОДУЛЯЦИЯ модуляция /өзгөрүп туруучу сигналдын аракети астында физикалык процесстин параметрлеринин өзгөртүү/.

МОЛЕКУЛЯРНЫЙ ГЕНЕРАТОР молекулалык генератор /генерациялоо үчүн молекулалардын индукциялык нурланышын пайдаланган сантиметрдик диапазондогу электр магниттик термелүүнүн генератору/.

МОЛНИЕОТВОД /ГРОМООТВОД/ чагылгандан сактагыч /имараттарды жана энер жай курулуштарын /электровышкалары, подстанциялар ж.б./ чагылгандын түз тийүүсүнөн сактай турган түзүлүш/.

МОМЕНТ ТОКА токтун моменти /электр тармагынан таралып

чыккан токтун чоңдугунун өзү чыккан чекиттен тармактын белгилүү бир чекитине чейинки аралыкка болгон көбөйтүндүсү/.

МОНТАЖНАЯ СХЕМА монтаждоо схемасы

МОНТЕ-КАРЛО МЕТОД монте-карло методу /кокустук кубулуштарды моделдөөнүн жардамы менен маселелерди чыгаруунун сандык методу/.

МОСТ НЕЛИНЕЙНЫЙ сызыктуу эмес көпүрө /ийиндеринин бири сызыктуу эмес каршылыктан турган көпүрө /.

МОСТ ПЕРЕМЕННОГО ТОКА өзгөрүлмө токтун көпүрөсү /автоматтык түрдө тең салмакта туруучу өзгөрүлмө токтун көпүрө схемасы бар комплекстүү каршылыктын түзүүчүсүн ченөөчү прибор/.

МОСТ РЕЗОНАНСНЫЙ резонанстуу көпүрө /ийиндеринин үчөө активдүү, ал эми төртүнчүсү реактивдүү каршылыктан турган өзгөрүлмө токтун ченөөчү көпүрөсү/.

МОСТОВАЯ СХЕМА көпүрө схемасы /схеманын электр энергиясынын булагы менен түздөн түз кошулбаган эки точкасынын ортосунда көпүрө тармагы болгондой кылып электр тизмегинин элементтерин туташтыруу/.

МОСТОВЫЕ ИЗМЕРЕНИЯ көпүрөлүү ченөөлөр /көпүрө схемаларынын жардамы менен өзгөрүлмө жана туруктуу токтун электр тизмектеринин параметрлерин ченөө/.

МУЛЬТИВИБРАТОР мультивибратор /дээрлик тик бурчтуу формадагы үзгүлтүктүү термелүүнү түзүүчү, каршылык сыйымдуулукту байланышы бар релаксациялык термелүүнүн эки каскаддуу генератору/.

МУЛЬТИПРОГРАММИРОВАНИЕ мультипрограммалоо /бир нече маселелерди бир убакта чыгаргыдай кылып, цифралуу эсептегич машинанын иштешин уюштуруунун жолу/.



МУТАТОР мутатор /симаптуу вентилдин синоними/.

МУФТА муфта /1. айландыруучу моментти бир валдан экинчи валга берүүчү түзүлүш ; 2. сызык өткөргүчүнүн эки бөлүгүн механикалык жана электрдик туташтыруу үчүн колдонулуучу түзүлүш/.

## Н

НАГРЕВ МАШИНЫ машинанын ысышы /электр машинасы иштеген убакта анын оромосунун жана башка тетиктеринин ысышынан бүт машинанын ысышы/.

НАГРЕВ ОБМОТКИ оромонун ысышы /электр машинасы иштеген убакта анын оромосунун температурасынын көтөрүлүшү/.

НАГРУЗКА /ПЕРЕДАВАЕМАЯ ИЛИ ПОТРЕБЛЯЕМАЯ МОЩНОСТЬ/ жүк /берилүүчү же керектелүүчү кубаттуулук/ электр установкасы же анын айрым бөлүгү тарабынан убакыттын белгилүү учурунда берилип туруучу же керектелүүчү электр кубаттуулугу/.

НАГРУЗОЧНАЯ ХАРАКТЕРИСТИКА жүк мүнөздөмөсү /белгилүү шартта жүктөлгөн электр машинасынын ишин мүнөздөөчү эки чоңдуктун ортосундагы көз карандылыкты сүрөттөөчү ийри сызык/.

НАГРУЗОЧНАЯ ЦЕПЬ жүк тизмеги /электр энергиясын пайдаланып жаткан электр тизмегинин бир бөлүгү/.

НАГРУЗОЧНОЕ СОПРОТИВЛЕНИЕ жүк каршылыгы /электр энергиясынын кабыл алгычтары көрсөткөн каршылык/.

НАДЕЖНОСТЬ ишенимдүүлүк /техникалык түзүлүштөрүн ишкежарамдуулук сапатын жана иш учурундагы бузулуулардын болушун аныктоочу касиеттердин тобу/.

НАДЕЖНОСТЬ МАШИН машиналардын ишенимдүүлүгү /машин белгилүү шартында берилген мезгилдин ичинде машинанын үзгүлтүксүз иштөө жөндөмдүүлүгү/.

НАДЕЖНОСТЬ ПОЛУПРОВОДНИКОВЫХ ПРИБОРОВ жарым өткөргүчтүү приборлордун ишенимдүүлүгү

НАДЕЖНОСТЬ СИСТЕМЫ ТЕЛЕМЕХАНИКИ телемеханика системасынын ишенимдүүлүгү

НАДЕЖНОСТЬ СТРУКТУРНАЯ структуралык ишенимдүүлүк /системанын кээ бир бөлүктөрүндө катанын пайда болушуна карабастан, анын өз милдетин ишенчтүү аткарууга болгон жөндөмдүүлүгү/.

НАЙКВИСТА КРИТЕРИЙ найквист критерийи /параметрлери туруктуу өзгөрүү болгон автоматтык жөндөө системасынын туруктуулугунун жыштыктык критерийи/.

НАКАЛА ЦЕПЬ кызытуу тизмеги /электрондук лампалардын катоддорун кызытуучу түзүлүш/.

НАКАЛЕННЫЙ КАТОД кызытылган катод

НАКОНЕЧНИК уч бекиткич /өткөргүчтүн учуна бекитилип, аны тизмекке кошууну жеңилдетүүчү металл тетик/.

НАМАГНИЧИВАНИЕ магниттештирүү /нерсени же анын айрым бир бөлүгүн магниттик моментке ээ кылуу процесси/.

НАМАГНИЧИВАЮЩАЯ РЕАКЦИЯ ЯКОРЯ якордун магниттөөчү реакциясы

НАМАГНИЧИВАЮЩАЯ СИЛА магниттештирүүчү күч/ электр тогунун магниттик аракетин мүнөздөөчү чоңдук .Бул чоңдукту магнит кыймылдатуу күчү деп да атайбыз. Аналогия боюнча электр тизмеги үчүн электр кыймылдатуучу күчү кандай мааниге ээ болсо, магнит тизмегинде магниттештирүү күчү да ошондой эле мааниге ээ/.

НАМАГНИЧИВАЮЩИЙ ТОК магниттештирүүчү ток /электр машиналарында магнит талаасын пайда кылуучу ток/.

НАМАГНИЧЕННОСТЬ магниттешкендик /магниттештиргенде зат-



тын абалын мүнөздөөчү вектордук физикалык чоңдук/.

НАПРАВЛЕНИЕ ВРАЩЕНИЯ айлануу багыты

НАПРАВЛЕННЫЙ МИКРОФОН багытталган микрофон /өзгөчө үн толкундарынын багытына көз каранды болгон микрофон/.

НАПРЯЖЕНИЕ чыңалуу /заряддалган бөлүкчөнүн электр талаасынын бир чекитинен экинчи чекитине жылгандагы аткарылган жумуштун ошол заряддын чоңдугуна болгон катышы/.

НАПРЯЖЕНИЕ КОРОТКОГО ЗАМЫКАНИЯ кыска туташуу чыңалуусу /трансформатордун экинчи орамосу кыска туташтырылып андан номиналдуу токтун жүрүшүн камсыз кылуу үчүн трансформатордун биринчи орамосуна кошулууга тийиш болгон чыңалуу. Бул чоңдук кыска туташуунун номиналдык чыңалуусу катары эсептелинет. Трансформаторлордун жарыш иштөө мезгилинде кыска туташуунун номиналдуу чыңалуусунун чоңдугу өтө зор мааниге ээ болот/.

НАПРЯЖЕНИЕ НАКАЛА кызытуу чыңалуусу

НАПРЯЖЕНИЕ СЕТИ тармак чыңалуусу

НАПРЯЖЕНИЕ СМЕЩЕНИЯ жылдыруу чыңалуусу

НАПРЯЖЕНИЯ ПОРОГА ИОНИЗАЦИИ иондошуу босогосундагы чыңалуу /белгилүү шарттарда интенсивдүүлүгү өлчөнгөн бөлүнлөй жануу процесси пайда болууу өнөр жай жыштыгындагы чыңалуунун аракеттенүүчү мааниси/.

НАПРЯЖЕННОСТЬ МАГНИТНОГО ПОЛЯ магнит талаасынын чыңалышы /магнит талаасын мүнөздөөчү вектордук чоңдук. Ал каралуучу чекиттеги магнит индукциясынын геометриялык айырмасын магниттик туруктуу санга жана ошол чекиттин магниттештүүсүнүн маанисине бөлгөндөгү тийиндиге барабар/.

НАПРЯЖЕННОСТЬ ЭЛЕКТРИЧЕСКОГО ПОЛЯ электр талаасынын чы-

калышы /заряддалган нерселерге жана бөлүкчөлөргө электр талаасынын жасоочу күч аракетин мүнөздөй турган вектордук чоңдук/.

НАСТРОЙКА күүлөө /кандайдыр бир параметрди /басым, температура, ток, ылдамдык, кубаттуулук ж.б./ мурунтан белгиленген маанисине келтириш үчүн жүргүзүлгөн аракет/.

НАСТРОЙКА РЕГУЛЯТОРА жөнгөүчтү күүлөө /жөндөө процессинин көрсөткүчтөрүн жакшыртуу максатында автоматтык жөнгөүчтүн параметрлерин өзгөртүү/.

НАСТРОЙКИ ХАРАКТЕРИСТИКА күүлөө мүнөздөмөсү /жөнгөүчтүн күүлөнгөн параметрлери менен жөнгө салынуучу об"екттин параметрлеринин ортосундагы графикалык көз карандылык/.

НАСЫЩЕНИЕ каныгуу /кирүүчү сигнал каалаган мааниге жетсе да, чыгуучу сигналдын белгилүү гана мааниде сакталып калышы/.

НАСЫЩЕНИЯ ТОК каныгуу тогу /чоңдугу электроддордун ортосундагы потенциалдардын айырмасына көз каранды эмес ток/.

НАТЯЖНОЕ УСТРОЙСТВО керүүчү түзүлүш /өткөргүчтөрдүн керилишин жөндөөгө мүмкүндүк берүүчү түзүлүш/.

НАТЯЖНОЙ ИЗОЛЯТОР, НАТЯЖНАЯ ГИРЛЯНДА тартылып туруучу изолятор /аба сызыгынын таянычына өткөргүчтөрдүн тартуусунан келип чыгуучу суммардык механикалык күчтү берүүчү изолятор анын гирляндасы/.

НАУЧНО-ТЕХНИЧЕСКОЙ ИНФОРМАЦИИ ОБРАБОТКА илимий-техникалык информацияны иштетүү /илимий-техникалык билдирүүлөрдү максимум эффект менен пайдалануу үчүн жүргүзүлө турган процесстердин тобу/.

НАЧАЛЬНАЯ КООРДИНАТА баштапкы координата

НАЧАЛЬНАЯ КРИВАЯ НАМАГНИЧИВАНИЯ магниттештирүүнүн баштапкы ийри сызыгы /магниттешүүсү алдын ала жандырылган ферромагнит материалды магниттештирген учурда магнит индукциясы менен магнит талаасынын чыңалышынын ортосундагы функциялык көз карандылыкты көрсөтүүчү ийри сызык/.



НАЧАЛЬНАЯ СКОРОСТЬ баштапкы ылдамдык

НАЧАЛЬНАЯ ФАЗА баштапкы фаза

НАЧАЛЬНАЯ ФАЗА СИНУСОИДАЛЬНОГО ТОКА синусоидалуу токтун баштапкы фазасы /синусоидалуу токтун башталуу учурундагы фазасынын мааниси/.

НАЧАЛЬНОЕ ОБРАТНОЕ НАПРЯЖЕНИЕ баштапкы тескери чыңалуу /өткөрүмдүүлүк мезгилинен кийин дароо пайда болуучу анод менен катоддун ортосундагы терс чыңалуунун заматтык мааниси/.

НАЧАЛЬНОЕ УСЛОВИЕ баштапкы шарт /чыгарылуучу дифференциалдык теңдеменин белгилүү масштабдагы баштапкы шартына туура келүүчү операциялык күчөткүчтөрдүн чыгышындагы чыңалуунун мааниси/.

НЕАВТОМАТИЧЕСКОЕ УПРАВЛЕНИЕ автоматтык эмес башкаруу /операцияларды башкаруунун түздөн-түз адам аркылуу ишке ашырылышы/.

НЕВЕНТИЛИРУЕМЫЙ ДВИГАТЕЛЬ /ЗАКРЫТЫЙ ДВИГАТЕЛЬ/ желдетилбөөчү кыймылдаткыч /сырткы аба менен кыймылдаткычтын ичиндеги абанын ортосунда байланыш болбогудай кылып долбоорлонгон кыймылдаткыч/.

НЕЗАВИСИМОЕ ВОЗБУЖДЕНИЕ көз каранды эмес дүүлүктүрүү /чыңалуусу машинанын жүгүнө көз каранды болбогон токтун сырткы булагы менен электр машинасын дүүлүктүрүү/.

НЕЗАВИСИМОЕ РЕГУЛИРОВАНИЕ көз каранды эмес жөндөө

НЕЗАВИСИМОЕ РУЧНОЕ УПРАВЛЕНИЕ көз каранды эмес кол менен башкаруу /операциянын башталышында кол күчү менен жыйналган энергияны, операцияны операторго көз карандысыз аяктоо үчүн пайдалануу/.

НЕЗАТУХАЮЩИЕ КОЛЕБАНИЯ басаңдабас термелүүлөр /белгилүү бир убакыт ичинде энергиясы өзгөрбөгөн термелүүлөр/.

НЕЙТРАЛЬ нейтраль /чыңалуусу абсолюттук маниси боюнча сырткы кыскычтарга карата бирдей болгон электр генераторлору-трансформаторлор ж.б. оромолорунун чекити/.

НЕМАГНИТНЫЙ МАТЕРИАЛ магнитсиз материал /магниттик касиетке дээрлик ээ болбогон материал/.

НЕЛИНЕЙНАЯ СИСТЕМА сызыктуу эмес система

НЕЛИНЕЙНАЯ ЭЛЕКТРИЧЕСКАЯ ЦЕПЬ сызыктуу эмес электр тизмеги /электр чынжырынын өткөргүчтөрдү же сыйымдуулуктарды, же индуктивдүүлүктү камтыган электр тизмеги/.

НЕЛИНЕЙНОЕ ЗВЕНО сызыктуу эмес звено /параметрлери звенонун кирүүчү же чыгуучу координаталарына көз каранды болгон автоматтык жөндөө системасынын бир бөлүгү/.

НЕЛИНЕЙНОЕ ИСКАЖЕНИЕ сызыктуу эмес бузулуу /спектрлеринде жаңы гармоникалык түзүүчүлөрдүн пайда болушунан сигналдардын бузулушу/.

НЕЛИНЕЙНОЕ ПРОГРАММИРОВАНИЕ сызыктуу эмес программалоо /сызыктуу эмес көз карандылыктарды ичине алган шарттуу экстремалдык маселелерди чыгаруунун методдору жана теориясы/.

НЕЛИНЕЙНОЕ СОПРОТИВЛЕНИЕ сызыктуу эмес каршылык /Омдун законуна баш ийбеген электр каршылыктары/.

НЕЛИНЕЙНОСТЬ сызыксыздык /мүнөздөмөлөрүндө сызыктуу эмес көз карандылыкты пайда кылуучу элементтин же системанын касиети/.



НЕЛИНЕЙНОСТЬ ДОПОЛНИТЕЛЬНАЯ кошумча сызыксыздык /системанын динамикалык касиетин жакшыртуу үчүн киргизилүүчү сызыксыздык/.

НЕЛИНЕЙНЫЙ РЕШАЮЩИЙ ЭЛЕМЕНТ сызыктуу эмес эсептөөчү элемент /чоңдугу кирүүчү чыңалуудан алынган функцияга шайкеш ток пайда кылуучу машинанын блогунун схемасынын бир бөлүгү/.

НЕНАГРУЖЕННЫЙ ДВИГАТЕЛЬ жүксүз кыймылдаткыч

НЕНАПРАВЛЕННЫЙ МИКРОФОН багытталбаган микрофон /сезгичтиги үн толкундарынын келүү багытына көз каранды эмес микрофон/.

НЕНАСЫЩЕННАЯ МАГНИТНАЯ СИСТЕМА каныкпаган магнит системасы

НЕПЛАНИРУЕМАЯ СОСТАВЛЯЮЩАЯ ВОЗДЕЙСТВИЯ таасирдин пландалбаган түзүүчүсү /башкаруунун алгоритми тарабынан алдын ала каралбаган таасирдин түзүүчүсү/.

НЕПОДВИЖНЫЙ КОНТАКТ кыймылсыз контакт /контакттык бөлүктүн бекитилген элементи/.

НЕПРЕРЫВНОЕ ВОЗДЕЙСТВИЕ үзгүлтүксүз таасир /чыгуучу өзгөрүлмө чоңдукту белгилүү бир берилген закон боюнча өзгөртүүчү таасир/.

НЕПРЕРЫВНАЯ ЗАВИСИМОСТЬ үзгүлтүксүз көз карандылык /эки чоңдуктун ортосундагы биринин кичине эле өзгөрүлүшүнө экинчисинин өзгөрүшү туура келген көз карандылык/.

НЕПРЕРЫВНАЯ СИСТЕМА үзгүлтүксүз система

НЕПРЕРЫВНЫЙ СИГНАЛ үзгүлтүксүз сигнал /убакыттын үзгүлтүксүз функциясы катарында жазылуучу сигнал/.

НЕПРЕРЫВНЫЙ СПЕКТР үзгүлтүксүз спектр /түзүүчүлөрү жыш-

тыктын каралуучу диапазонунда үзгүлтүксүз таралган үндүн спектри/.

НЕПРЕРЫВНОЕ РЕГУЛИРОВАНИЕ үзгүлтүксүз жөндөө

НЕПРЕРЫВНЫЙ ПРОЦЕСС үзгүлтүксүз процесс

НЕПРОВОДЯЩЕЕ НАПРАВЛЕНИЕ өткөрбөөчү багыт /өткөрүүчү багытка каршы багыт/.

НЕПРОВОДЯЩАЯ ЧАСТЬ ПЕРИОДА мезгилдин өткөрбөөчү бөлүгү /өзгөрүлмө чыңалуунун мезгилинин ток өтпөй турган бөлүгү/.

НЕРАВЕНСТВО барабарсыздык /сандардын же чоңдуктардын экинчи бир санга же чоңдукка карата алардын чоң, кичинесин көрсөтүүчү катыш/.

НЕРАВНОМЕРНОСТЬ бир калыпта эместик

НЕПРЯМОЙ УДАР МОЛНИИ чагылгандын кыйыр уруусу /түздөн түз электр установкасынын кандайдыр бир чекитине тийбесе да, анда өтө чыңалууну пайда кылуучу чагылгандын разряды/.

НЕСУЩАЯ ВЕЛИЧИНА алып жүрүүчү чоңдук /таасир берүүнү алып жүрүүчү чоңдук/.

НЕСУЩАЯ ЧАСТОТА алып жүрүүчү жыштык /билдирүүлөрдү бериш үчүн информациялык сигналдар менен модулдаштырылган гармоникалык термелүүнүн жыштыгы/.

НЕУСТАНОВИВШЕЕСЯ ДВИЖЕНИЕ калыптанбаган кыймыл /ылдамдыгы убакыт өткөн сайын өзгөрүп турган кыймыл/.

НЕУСТАНОВИВШИЙСЯ РЕЖИМ калыптанбаган режим /автоматтык жөндөө системасынын башкаруучу жана жөндөлүүчү чоңдуктарынын ортосундагы функциялык көз карандылыктын дайыма бузулуп турган режими/.

НЕУСТАНОВИВШИЙСЯ ТОК калыптанбаган ток /электр тизмегин туташтыруу же ажыратуу мезгилдеринде, ошондой эле түрдүү себеп-



тер менен тизмектин каршылыктары өзгөргөн учурда пайда болуучу ток/.

НЕУСТОЙЧИВОСТЬ туруксуздук

НЕУСТОЙЧИВОЕ ПОВРЕЖДЕНИЕ туруксуз залалдануу /жоюлушу үчүн чыккан жеринде кийлигишүүнү талап кылбай турган залалдануу/.

НЕЧЕТНАЯ ГАРМОНИКА жуп эмес гармоника

НЕЧУВСТВИТЕЛЬНЫЙ ЭЛЕМЕНТ сезгич эмес элемент

НИЗКАЯ ЧАСТОТА төмөнкү жыштык /I5000 герцтен төмөнкү термелүүлөрдүн жыштыгы/.

НИЗКОЧАСТОТНАЯ ДЕТОНАЦИЯ төмөнкү жыштыктуу детонация /алатта 0,I ден I0 герцке чейинки жыштыкта жазуу же үн чыгаруу процессиндеги алып жүргүчтүн кыймылдоо ылдамдыгынын бир калыпта эместигинен пайда болгон мите жыштыктуу модуляция/.

НОМИНАЛЬНАЯ ВЕЛИЧИНА номиналдуу чоңдук /электр машиналарынын, аппараттарынын номиналдуу параметрлерине кирген номиналдуу тогу, чыңалуусу, жыштыгы ж.б./.

НОМИНАЛЬНАЯ СКОРОСТЬ номиналдуу ылдамдык

НОМИНАЛЬНАЯ ЧАСТОТА номиналдуу жыштык /номиналдык параметрлерге тийиштүү электр машиналарынын, түзүлүштөрүнүн нормалдуу ишинин жыштыгы/.

НОМИНАЛЬНОЕ НАПРЯЖЕНИЕ номиналдуу чыңалуу /номиналдуу параметрлерге кирген чыңалуунун мааниси/.

НОМИНАЛЬНОЕ НАПРЯЖЕНИЕ ИЗОЛЯЦИИ /ОБОРУДОВАНИЯ/ изоляциянын номиналдык чыңалуусу /изоляциянын деңгээлин шарттуу түрдө белгилөө үчүн жабдуунун параметрлерине киргизилген чыңалуунун аракеттүү мааниси/.

НОМИНАЛЬНЫЕ ВЕЛИЧИНЫ номиналдык чоңдуктар /электр машина-

ларынын жана башка электр аппараттарынын калканчаларында жана паспортторунда көрсөтүлүүчү кубаттуулуктун, чыңалуунун айлануу ылдамдыгын билдирүүчү чоңдуктар/.

НОМИНАЛЬНЫЕ ПАРАМЕТРЫ номиналдуу параметрлер /жасап чыгарган завод тарабынан электр машиналарына, түзүлүштөрүнө берилген жана алардын белгилүү бир шартта иштешин аныктоочу электрдик жана механикалык көрсөткүчтөр /.

НОМИНАЛЬНЫЙ РЕЖИМ РАБОТЫ иштин номиналдуу режими /электр машиналарынын, аппараттарынын дайыма иштөөгө арналган режими/.

НОМИНАЛЬНЫЙ ТОК номиналдуу ток /машиналардын, энергетикалык агрегаттардын нормалдуу режимин мүнөздөөчү ток/.

НОМИНАЛЬНЫЙ ЭЛЕМЕНТ номиналдык элемент /электр кыймылдаткыч күчүнүн чоңдугу ар дайым туруктуу маанide сакталып тура ала турган элемент/.

НОРМАЛЬНО ЗАКРЫТЫЙ ВСПОМОГАТЕЛЬНЫЙ КОНТАКТ нормалдуу турдө жабык туруучу жардамчы контакт /ажыраткыч ажыратылган абалда турганда жабылып туруучу жардамчы контакт/.

НОРМАЛЬНО ЗАМКНУТЫЙ КОНТАКТ нормалдуу жабык контакт

НОРМАЛЬНО ОТКРЫТЫЙ ВСПОМОГАТЕЛЬНЫЙ КОНТАКТ нормалдуу түрдө ачык туруучу контакт /ажыраткыч ажыратылган абалда турганда ачылып туруучу жардамчы контакт/.

НОРМАЛЬНО ОТКРЫТЫЙ КОНТАКТ нормалдуу ачык контакт

НОСИТЕЛЬ ИНФОРМАЦИИ информация алып жүргүч /информацияны жыйноо үчүн пайдаланылуучу физикалык чөйрө/.

НУЛЕВОЙ ПРОВОД нөлдүк өткөргүч /тармактын нейтралдык чекитине туташтырылган өткөргүч/.



НУЛЬ-ОРГАН нөл орган /нөл методу боюнча иштей турган ченөөчү приборлордун салыштыргыч элементи/.

# О

ОБКЛАДКИ КОНДЕНСАТОРА конденсатордун обкладкалары /конденсатордун диэлектрик менен бөлүнгөн электроддору/.

ОБЛАСТЬ РЕГУЛИРОВАНИЯ жөндөө аймагы

ОБЛАСТЬ УСТОЙЧИВОСТИ туруктуулук аймагы

ОБМОТКА оромо /электр машиналарында жана аппараттарында магнит агымдарын дүүлүктүрүүчү өткөргүч зымдардын системасы/.

ОБМОТКА ВОЗБУЖДЕНИЯ дүүлүктүргүч оромо /электр машиналарын жүргүзүү үчүн зарыл болгон магнит талаасын пайда кылуучу оромо/.

ОБМОТКА РЕГУЛИРОВАНИЯ жөндөө оромосу /туташтырганда же ажыратканда трансформатордун кыскычтарындагы чыңалууну жөндөөгө мүмкүнчүлүк берүүчү жөндөлүүчү трансформатордун бир нече секцияга бөлүнгөн атайын оромосу/.

ОБМОТКА САМОВОЗБУЖДЕНИЯ өзүн өзү дүүлүктүрүүчү оромо

ОБМОТКА СИГНАЛА УПРАВЛЕНИЯ башкаруу сигналынын оромосу

ОБМОТКА СМЕЩЕНИЯ жылдыруучу оромо

ОБМОТКА ЭЛЕКТРИЧЕСКИХ МАШИН электр машиналарынын оромосу /өз ара белгилүү иретте туташтырылып, статордун же ротордун жылгачаларына жайлаштырылуучу же алардын уюлдарына кийгизилүүчү катушкалардын, секциялардын түзө турган өткөргүчтөрдүн системасы/.

ОБМОТКА ЯКОРЯ якордун оромосу /якордун жылгачаларына жайланыштырылган оромо/.

ОБОБЩЕННЫЙ ПОРТРЕТ жалпыланган портрет /берилген кибер-

нетикалык системага мүнөздүү болгон чагылтылган образды баалдоо/.

ОБОЛОЧКА КАБЕЛЯ кабелдин кабыгы /үзгүлтүксүз түтүк түрүндөгү бир тектүү материалдан, кабелдин изоляциясын нымдан же анын ички металл экранын коррозиядан сактоо максатында жасалган катмар/.

ОБОРУДОВАНИЕ жабдуу

ОБОРУДОВАНИЕ С ИНДИВИДУАЛЬНЫМИ КОНТАКТОРАМИ жекече контакторлуу жабдуу /жалаң гана жекече башкарылуучу контакторлордон турган контактордук жабдуу/.

ОБОРУДОВАНИЕ НЕПОСРЕДСТВЕННОГО УПРАВЛЕНИЯ түздөн түз башкаруунун жабдуусу /күчтүү ток тизмегинин схемасындагы өзгөрүүлөр түздөн түз кол менен башкарылуучу контреллер тарабынан ишке ашырыла турган жабдуу/.

ОБОРУДОВАНИЕ С КУЛАЧКОВЫМИ ГРУППОВЫМИ КОНТАКТОРАМИ И СЕРВОДВИГАТЕЛЕМ сервокыймылдаткычы жана муштумча группалык контакторлору бар жабдуу /сервокыймылдаткыч менен айландыруучу бир же бир нече муштумчалуу валдардын жардамы менен иштей турган контактордук жабдуу/.

ОБРАТИМЫЙ ПРЕОБРАЗОВАТЕЛЬ кайра айлантуучу өткөргүч /электр энергиясын механикалык же акустикалык энергияга жана, тескерисинче, аларды электр энергиясына айландыра алуучу өзгөрткүч/.

ОБРАТНАЯ ДОПОЛНИТЕЛЬНАЯ СВЯЗЬ кошумча тескери байланыш /таасирдин негизги тизмегинин каралуучу участогунун чыгышынан киришине карай багытталган кошумча байланыш/.

ОБРАТНАЯ СВЯЗЬ тескери байланыш /системанын чыгуучу чоңдугунун анын кирүүчү чоңдугуна болгон таасири/.



ОБРАТНАЯ ЦЕПЬ тескери тизмек /токтун подстанцияга кайтышын камсыз кылуу үчүн жүрүү рельстеринен, алардын электрдик туташтыргычтарынан жана соруу линиясынан турган электр тизмеги/.

ОБРАТНАЯ ЭЛЕКТРОДВИЖУЩАЯ СИЛА тескери электр кыймылдаткыч күч

ОБРАТНОЕ ЗАЖИГАНИЕ тескери тутануу /вентилдин токту бир гана багытта өткөрүү касиетин жоготууга алып келе турган аноддо кокусунан пайда болуучу ток/.

ОБРАТНЫЙ ПРОВОД тескери өткөргүч /электр тогунун кайрадан токтун булагына келишин камсыз кылуучу өткөргүч/.

ОБРАТНЫЙ ТОК ПЕРЕХОДА өткөөлдүн тескери тогу /тескери чыналуу жумшалганда р-п өткөөлү аркылуу өткөн ток/.

ОБРАЩЕНИЕ К ЗАПОМИНАЮЩЕМУ УСТРОЙСТВУ эсте тутуучу түзүлүшкө кайрылуу /эсте тутуучу түзүлүшкө информацияны жазуунун же андан алынган информацияны окуунун толук цикли/.

ОБУЧАЕМАЯ АВТОМАТИЧЕСКАЯ СИСТЕМА үйрөнүүчү автоматтык система /башкаруу алгоритми кандайдыр бир белгиленген көрсөткүч берилген аймакка тиешелүү болгондой же ошол областка киргизиле тургандай кылып башкаруунун натыйжаларын баалоого жараша өзгөрүлө турган өзү ылайыктануучу система/.

ОБУЧАЕМАЯ МАШИНА үйрөнүүчү машина /иш процессинде өзүнүн мүнөздөмөлөрүн жакшыртуучу техникалык түзүлүш/.

ОБУЧАЮЩАЯ МАШИНА үйрөтүүчү машина /кишини фактыларга жана иштарга үйрөтүүчү машина/.

ОБХОДНАЯ /ОБВОДНАЯ/ ЛИНИЯ айланып өтүүчү линия /станциянын эки жагындагы жолдун эки участогунун үзгүлтүксүз электрдик байланышын камсыз кылуу менен станциянын өзүнүн контакттык тармагын изоляциялоого мүмкүндүк берүүчү линия/.

ОБХОДНЫЕ ШИНЫ айланып өтүүчү шиналар /жумушчу шиналар менен жандай коюлган өчүргүчтөр аркылуу байланышкан негизги ажыратуучу аппаратура иштен чыккан линияларды туташтыруу үчүн колдонулуучу шиналардын көмөкчү системасы/.

ОБЩАЯ ДЛИНА РАЗРЫВА /ОДНОГО ПОЛЮСА/ ажыроонун жалпы узундугу /коммутациялык аппараттын толук ажыратылган абалында бир уюлдун башкы же жааны өчүрүүчү контакттарынын арасынан орун алган бардык ажыроолордун узундуктарынын суммасы/.

ОБЩИЙ КОЭФФИЦИЕНТ УСИЛЕНИЯ күчөтүүнүн жалпы коэффициенти

ОБ"ЕКТ РЕГУЛИРОВАНИЯ жөнгө салынуучу об"ект

ОБ"ЕКТА ХАРАКТЕРИСТИКА об"екттин мүнөздөмөсү /об"екттин киришиндеги берилген сигналга анын чыгышындагы сигналды туура келтирүүчү функциялардын, чондуктардын, эрежелердин жана алгоритмдердин тобу/.

ОБ"ЕМНАЯ КОЛЕБАТЕЛЬНАЯ СКОРОСТЬ /ПЕРЕСЕЧЕНИЯ ЭЛЕМЕНТА ПОВЕРХНОСТИ/ көлөмдүк термелүү ылдамдыгы /беттин элементинин аянтынын ага перпендикулярдуу термелүү ылдамдыгынын түзүүчүсүнө болгон көбөйтүндүсү/.

ОГРАНИЧИТЕЛЬ ПЕРЕНАПРЯЖЕНИЙ өтө чыңалууларды чектегич /өткөргүчтөрдүн ортосундагы потенциалдардын айырмасы чектелген маанiден ашкан учурда тиешелүү шарттарды камсыз кылуучу аппарат/.

ОГИБАЮЩАЯ СИГНАЛА сигналдын жандашуучусу /амплитудасынын өзгөрүш законун аныктоочу функциялык көз карандылык/.

ОГРАНИЧЕННОЕ ВОЗДЕЙСТВИЕ чектелген таасир /модулу боюнча чектелген козгоочу таасирдин категориясы/.

ОГРАНИЧИТЕЛЬ АМПЛИТУДЫ амплитуданы чектегич /чыңалуунун амплитудасынын жогорку же төмөнкү бөлүгүн кесүү жолу менен чыңалуунун формасын өзгөртүү/.



ОГРАНИЧИТЕЛЬ СКОРОСТИ ылдамдыкты чектегич

ОДНО /ДВУХ/ СТОРОННИЙ ПРИВОД бир /эки/ жактуу кыймылга келтиргич /ар бир кыймылдаткыч кубаттуулукту өзүнүн валынын бир /эки/ учунан берүүчү кыймылга келтиргич/.

ОДНОАДРЕСНАЯ МАШИНА бир адрестүү машина /командалары бир гана адрести ичине алган цифралуу эсептегич машина/.

ОДНОАНОДНЫЙ ВЕНТИЛЬ бир аноддуу вентиль /бир гана башкы аноду бар вентиль/.

ОДНОБАКОВЫЙ ВЫКЛЮЧАТЕЛЬ НАГРУЗКИ /ОДНОБАКОВЫЙ ВЫКЛЮЧАТЕЛЬ/ бир челектүү жүк ажыраткыч, бир челектүү ажыраткыч /бардык полюстардын ажыратуучу элементтери жайланышкан май толтурулган бир жалпы челеги бар көп уюлдуу жүк ажыраткыч/.

ОДНОЖИЛЬНЫЙ /ДВУХЖИЛЬНЫЙ, ТРЕХЖИЛЬНЫЙ, ЧЕТЫРЕХЖИЛЬНЫЙ, МНОГОЖИЛЬНЫЙ/ КАБЕЛЬ бир тарамдуу /эки тарамдуу, үч тарамдуу, төрт тарамдуу көп тарамдуу/ кабель /бир, эки, үч, төрт жана андан да көп тарамдары бар кабель/.

ОДНОЛИНЕЙНАЯ СХЕМА бир сызыктуу схема /электр жасалгаларынын схемасын кагазга түшүрүүнү, аны окууну жөнөкөйлөштүрүү жана көргөзмөлүү кылуу максатында колдонулуучу схема/.

ОДНОНАПРАВЛЕННАЯ ЦЕПЬ бир багыттуу тизмек /бир тарапка багытталган таасири бар сызыктуу жана сызыктуу эмес звенолордон турган тизмек/.

ОДНОНАПРАВЛЕННЫЙ МИКРОФОН бир багыттуу микрофон /өзүнө 2π чегиндеги бурчунан келүүчү үн толкундарын сезүүчү микрофон/.

ОДНОПОЛУПЕРИОДНЫЙ ВЫПРЯМИТЕЛЬ жарым мезгилдүү түзөткүч

ОДНОСЛОЙНЫЕ ОБМОТКИ бир катмардуу оромдор /ротордун жылгачаларына оромолорунун бир гана жактары жайланышкан оромо/.

ОДНОСТОЕЧНАЯ ОПОРА жалкы таяныч /түздөн түз өзү же таш жалгама аркылуу жерге орнотулган бир гана тиректен туруучу таяныч/.

ОДНОСТОРОННЕЕ ЗАПОМИНАЮЩЕЕ УСТРОЙСТВО бир жактуу эсте тутуучу түзүлүш /информацияны окууну гана ишке ашыра турган эсте тутуучу түзүлүш/.

ОДНОСТУПЕНЧАТЫЙ МАГНИТНЫЙ УСИЛИТЕЛЬ бир баскычтуу магниттүү күчөткүч

ОДНОФАЗНАЯ КАБЕЛЬНАЯ ВОРОНКА бир фазалуу кабель воронкасы /башка өткөргүч менен кошулган жериндеги изоляциянын абанын жана нымдын таасиринен сактоо үчүн бир тарамдуу кабелдин учуна орнотулуучу түзүлүш/.

ОДНОФАЗНАЯ МАШИНА бир фазалуу машина /бир фазалуу токту генерациялоочу же пайдалануучу машина/.

ОДНОФАЗНЫЙ ТРАНСФОРМАТОР бир фазалуу трансформатор /бир фазалуу токту трансформациялоочу трансформатор/.

ОДНОЦЕПНАЯ ЛИНИЯ бир тизмектүү сызык /бир гана тизмеги бар аба сызыгы/.

ОДНОЯКОРНЫЙ ПРЕОБРАЗОВАТЕЛЬ бир якордуу өзгөрткүч /өзгөрүлмө токту турактуу токко жана, тескерисинче, турактуу токту өзгөрүлмө токко айландыруучу атайын конструкциялуу электр машинасы/.

ОКЕАНОТЕРМИЧЕСКАЯ ЭЛЕКТРОСТАНЦИЯ океанотермиялык электр станция /деңиз жылуулугун электр энергиясына айландыруучу станция/.

ОКОНЕЧНАЯ СТУПЕНЬ акыркы баскыч /схеманын чыгышында каалаган кубаттагы электр сигналын алууга арналган схеманын акыркы баскычы/.



ОКТОД октод /кабыл алыш күчөтүүчү, сегиз электроддуу лампа/.

ОМИЧЕСКИЙ ДЕЛИТЕЛЬ НАПРЯЖЕНИЯ чыңалуунун омдук бөлүүчүсү /учтарына берилген чыңалуунун бир бөлүгүн төмөндөтүп бөлүп алууну ишке ашыра турган орундары бар каршылык/.

ОММЕТР омметр / активдүү электр каршылыгын өлчөө үчүн колдонулуучу прибор/.

ОПЕРАНД операнд /математикалык операция жүргүзүлүп жаткан чоңдук ; м.: кошууда - кошулуучулар, көбөйтүүдө - көбөйтүүчү же көбөйтүүчүлөр/.

ОПЕРАТИВНОЕ ЗАПОМИНАЮЩЕЕ УСТРОЙСТВО оперативдүү эсте тутуучу түзүлүш /арифметикалык жана башкаруу түзүлүшү аркылуу ишке ашырылуучу операцияларды аткаруу процессинде түздөн түз катышуучу информация үчүн даярдалган эсте тутуучу түзүлүш/.

ОПЕРАТОР ДИФФЕРЕНЦИРОВАНИЯ дифференциялоо оператору

ОПЕРАТОР ЛОГИЧЕСКОЙ СХЕМЫ логикалык схеманын оператору /эсте тутуу абалын анын жаңы абалына карата өзгөртүп түзүү/.

ОПЕРАЦИИ ДЕШИФРАТОР операциянын дешифратору / операция коддорун алардын аткарылышын камсыз кылуучу сигналдар системасына айландыруучу схема/.

ОПЕРАЦИОННОЕ ИСЧИСЛЕНИЕ операциялык эсептөө /татаал дифференциалдык жана интегралдык теңдемелердин чыгарылышын алуу мүмкүнчүлүгүн бере турган колдонмо математикалык анализдин методдорунун бирикмеси/.

ОПЕРАЦИОННЫЙ УСИЛИТЕЛЬ операциялык күчөткүч /белгилүү математикалык операцияны аткарууга арналган тескери байланышы бар турактуу ток күчөткүчү/.

ОПЕРАЦИОННЫЙ УСИЛИТЕЛЬ МАГНИТНЫЙ операциялык магниттүү күчөткүч /белгилүү математикалык операцияны аткарууга арналган көп каскаддуу тескери байланышы бар магниттүү күчөткүч/.

ОПЕРЕЖАЮЩАЯ ЦЕПЬ озуучу тизмек /кирүүчү сигналга карата кээ бир жыштыктын тилкеси үчүн чыгуучу сигналдын оң фазалык жылышын камсыз кылуучу электр төрт уюлдугу/.

ОПЕРЕЖАЮЩЕЕ ЗВЕНО озуучу звено /автоматтык жөндөө системасынын фазалык өсүшүн камсыз кылуучу структуралык схеманын бөлүгү/.

ОПЕРЕЖЕНИЕ ФАЗЫ фазанын озуусу /туруктуу жыштыктагы чыгуучу мезгилдүү сигналдын ошол эле жыштыктагы кирүүчү мезгилдүү сигналына карата озуусу/.

ОПЛЕТКА КАБЕЛЯ кабелдин ороосу /буланган материалдан жасалуучу, кабелди сактоочу кабык/.

ОПОРА таяныч /изоляторлордун жардамы менен аба сызыгынын зымдарын илүүгө ылайыкталынган ар кандай конструкция/.

ОПОРНОЕ НАПРЯЖЕНИЕ таяныч чыңалуу /өзүнө карата башка чыңалууларды эсептөөгө мүмкүн болгон чыңалуу/.

ОПОРЫ ВОЗДУШНЫХ ЛИНИЙ аба сызыктарынын таяныччтары /электр берүү сызыктарында пайдаланылуучу өткөргүчтөр асылып коюлган жыгачтан, темирден же темир бетондон жасалган таяныччтар/.

ОПРОКИДЫВАНИЕ төңкөрүлүү /фазалардын өткөрүмдүүлүгүнүн туура эмес удаалаштыгын түзүүчү инвертордогу оң эместик/.

ОПРОКИДЫВАНИЕ ФАЗЫ фазанын төңкөрүү

ОПРОС ВЕЛИЧИН чоңдуктарды табуу /алынган сигналдарды иштетиш үчүн текшерилүүчү чоңдуктардын билдиргичтерин ирети менен жалпы түйүнгө туташтыруу/.



ОПТИМАЛЬНАЯ СИСТЕМА оптималдуу система /атайы кабыл алынган критерийдин /кээде бир топ критерийлердин/ маанисин оптималдуу болгон система/.

ОПТИМАЛЬНОЕ ЗНАЧЕНИЕ оптималдуу маани /кабыл алынган чектөөлөрдөн кийин системанын мүмкүн болгон эң ылайыктуу сапатынын пайда болушун камсыз кылган параметрдин мааниси/.

ОПТИМАЛЬНОЕ РЕГУЛИРОВАНИЕ оптималдуу жөндөө

ОПТИМАЛЬНОЕ УПРАВЛЕНИЕ оптималдуу башкаруу /берилген чектөөлөр коюлгандан кийин башкаруунун эффективдүүлүгүнүн мүнөздөй турган белгилүү критерийлердин ылайыктуу маанисин камсыз кылуучу башкаруу/.

ОПТИМАЛЬНОЕ УПРАВЛЕНИЕ ЭЛЕКТРОПРИВОДОМ электр кыймылга келтиргичтерин оптималдуу башкаруу /убакыттын белгиленген мөөнөтүндө ылдамдыктын эң чоң өсүшүн камсыз кыла тургандай кылып электр кыймылга келтиргичтерин башкаруу/.

ОПТИМАЛЬНЫЙ ПАРАМЕТР оптималдуу параметр

ОПТИМАЛЬНЫЙ РЕЖИМ оптималдуу режим

ОПТИМИЗАТОР оптималдаштыргыч /башкарылуучу процесстин көрсөткүчтөрүнүн бири экстремалдык маанини кабыл алгандай кылып көрсөткүчтөрүнүн бири автоматтык түрдө таап жана аны анын кирүүчү чоңдугунун бирин автоматтык түрдө таап жана аны кармап туруучу түзүлүш/.

ОПТИМИЗАЦИИ СИСТЕМА оптималдаштыруу системасы /реалдуу башкаруучу об"ектке таасир берүү менен об"ектке өтүп жаткан процесстин эң жакшы болушун камсыз кылуучу, об"екттин параметрлеринин маанисин табууга жана бир калыпта кармап турууга мүмкүнчүлүк берүүчү система/.

ОПТИЧЕСКАЯ ВОСПРОИЗВОДЯЩАЯ СИСТЕМА оптикалык чыгаруучу система /жазылып алынган оптикалык сигналдарды электр сигналдарына айлантуу максатында фотографиялык үн алып жүргүчтүн жарык шооласына карата кыймылдоосун камсыз кылуучу жарыктын булагынан, оптикалык жана механикалык системалардан туруучу түзүлүш/.

ОПТИЧЕСКАЯ СИСТЕМА ОСЦИЛЛОГРАФА осциллографтын оптикалык системасы /инерциясыз же катоддук осциллографтын негизги бөлүктөрүнүн бири/.

ОРЕШКОВЫЙ ИЗОЛЯТОР жаңгак түрүндөгү изолятор /өзүнөн кеткен кылгачалары бар, өз ара түз бурчтуу эки тешиктен турган изолятор/.

ОРИГИНАЛ ФУНКЦИИ функциянын оригиналы

ОРТИКОН ортикон /чыгыш сигналынын чоңдугунун фотокатоддун жарыктанышына көз карандылыгы түз сызыктуу, берүүчү теле көрсөткүч түтүк/.

ОСЕВАЯ ЧУВСТВИТЕЛЬНОСТЬ /ПРЕОБРАЗОВАТЕЛЯ ПРИ ОПРЕДЕЛЕННОЙ ЧАСТОТЕ/ октук сезгичтик /таралуу багыты өзгөрткүчтүн башкы огуна туура келген үн толкунунун эркин талаадагы сезгичтиги/.

ОСЛАБЛЕНИЕ ПОЛЯ талаанын начарлашы /токту өзгөртүп дүүлүктүрүү талаасына таасир жасоо же дүүлүктүрүү оромосунун аракет жасоочу оромдорунун санын өзгөртүү жолу менен кыймылдаткычтын ылдамдыгын жөндөө ыгы/.

ОСЛАБЛЕНИЕ ПОЛЯ СЕКЦИОНИРОВАНИЕМ ОБМОТКИ ВОЗБУЖДЕНИЯ дүүлүктүрүү оромосун секциялаштыруу менен талааны начарлатуу /дүүлүктүрүү тогун анчалык өзгөртпөстөн эле дүүлүктүрүүчү



оромонун оромдорунун санын өзгөртүп, талааны начарлатып жөндөө методу/.

ОСЛАБЛЕНИЕ ПОЛЯ ШУНТИРОВАНИЕМ ОБМОТКИ ВОЗБУЖДЕНИЯ дүүлүктүрүү оромосун шунттоо менен талааны начарлатуу /дүүлүктүрүү оромосунун оромдорунун санын өзгөртпөстөн жалпы токтун айрым бөлүгүн бөлүп кетүү менен талааны начарлатып жөндөө методу/.

ОСНОВНАЯ ГАРМОНИКА негизги гармоника

ОСНОВНАЯ КРИВАЯ НАМАГНИЧИВАНИЯ магниттештирүүнүн негизги ийри сызыгы /симметриялуу гистерезис илмектеринин чокуларынын геометриялык орду аркылуу алынуучу ийри сызык/.

ОСНОВНАЯ СВЯЗЬ негизги байланыш /тизмектин звенолорунун ортосундагы таасирдин негизги тизмегин түзүүчү байланыш/.

ОСНОВНАЯ ЦЕПЬ ВОЗДЕЙСТВИЙ таасирлердин негизги тизмеги /автоматтык системанын киришинен чыгышына баруучу таасирлердин шарттуу бөлүнүп алынган тизмеги/.

ОСНОВНАЯ ЧАСТОТА негизги жыштык

ОСНОВАНИЕ, РАМА, КОРПУС негиз, рама, тулку /аппараттын ар түрдүү элементтери монтаждалуучу кыймылсыз бөлүгү/.

ОСНОВАНИЕ КОДА коддун негизи /кодду түзүүдө пайдаланылуучу ар түрдүү символдордун саны/.

ОСНОВАНИЕ ПРЕДОХРАНИТЕЛЯ сактагычтын негизи /тарамакка кошуучу кыскычы бар сактагычтын кыймылсыз бөлүгү/.

ОСНОВНОЙ АНОД негизги анод

ОСНОВНОЙ ВХОД негизги кириш /системанын же звенонун негизги сырткы таасир жумшалган чекити/.

ОСНОВНОЙ /ГЛАВНЫЙ/ ПОЛЮС ДВИГАТЕЛЯ кыймылдаткычтын /негизги/ башкы уюлу /дүүлүктүрүүчү негизги /башкы/ агымды түзүүчү магниттик уюлу/.

ОСТАТОЧНАЯ ИНДУКЦИЯ калдык индукция /магнит талаасынын чыңалышы нөлгө чейин азайган учурда да затта сакталып кала турган магнит индукциясы/.

ОСТАТОЧНЫЙ МАГНЕТИЗМ калдык магнетизм /сырткы магнит талаасын алып салгандан кийин ферромагниттүү заттарда калып калган магниттелиш/.

ОСТАЮЩЕЕСЯ НАПРЯЖЕНИЕ калуучу чыңалуу /разряд тогу өтүп жаткан учурда разряддыктын кыскычтарында пайда боло турган эң чоң чыңалуу/.

ОСТЕОФОН, ТЕЛЕФОН КОСТНОЙ ПРОВОДИМОСТИ остеофон, сөөк өткөрүмдүүлүгүнүн телефону /электр термелүүлөрүн механикалык термелүүлөргө өзгөртүүчү сөөк системасы менен байланыштуу шартта иштөө үчүн ылайыкталган электромеханикалык өзгөрткүч/.

ОСЦИЛЛОГРАФ осциллограф /физикалык ар кандай чоңдуктардын убакыт боюнча тез өзгөрүшүн көз менен байкоого жана алардын траекториясын жазып калтырууга ылайыкталган өлчөгүч прибор/.

ОСЦИЛЛОГРАФИЧЕСКАЯ ТРУБКА осциллограф түтүгү /радиолокаторлордогу сүрөттөлүштү, осциллограммаларды каттоочу көп каналдуу электровакуумдук прибор/.

ОТВЕТВЛЕНИЕ тармактануу /негизги сызыкка туташтырылган кошумча /жайда/ сызык/.

ОТВЕТВИТЕЛЬНАЯ ВИЛКА тармактандыруучу айрыча /штепсель розеткасынын уяларына кошулуучу металл штырлары бар түзүлүш/.

ОТВЕТВИТЕЛЬНАЯ КОРОБКА тармактандыруучу куту /өткөргүч



сымдарды бутактандырып бөлүү үчүн пайдаланылуучу коргоолгон же жабык түзүлүш/.

ОТВЕТВИТЕЛЬНАЯ МУФТА тармактандыруучу муфта /негизги кабелдин тарамдарынан бир же бир нече тармактарды бөлүп чыгарууну ишке ашыра турган муфта/.

ОТВЕТВИТЕЛЬНЫЙ ЗАЖИМ тармактандыруучу кыскыч /бутактандырып бөлүүнү ишке ашыруучу Т – түрүндөгү кыскыч/.

ОТКАЧИВАЕМЫЙ ВЕНТИЛЬ сордуруп чыгарылуучу вентиль /иштөө учурунда сордуруп чыгаруу системасы менен такай бириктирилип коюлган вентиль/.

ОТКЛОНЕНИЕ /РЕГУЛИРУЕМОЙ ПЕРЕМЕННОЙ/ кыйшаюу /жөнгө салынуучу өзгөрүлмө чоңдуктун чыныгы мааниси менен белгиленген маанисинин ортосундагы айырма/.

ОТКЛОНЕНИЕ СРЕДНЕКВАДРАТИЧНОЕ орточо квадраттык кыйшаюу /кокустук чоңдуктардын дисперсиясынан алынган квадраттык тамырдын мааниси/.

ОТКЛОНЕНИЙ ОБЛАСТЬ ДОПУСТИМАЯ кыйшаюулардын мүмкүн болгон аймагы

ОТКЛЮЧАЮЩАЯ СПОСОБНОСТЬ ажыратууга жөндөмдүүлүк /пайдаланууну белгиленген шарттарында, сырткы эффекттердин мүмкүн болгон деңгээлинде жана калыбына келип жаткан чыңалуунун белгилүү маанисине жеткен учурда аппарат ажырата ала турган токтун чоңдугу менен туюнтулуучу аппараттын жөндөмдүүлүгү/.

ОТКРЫТАЯ ЭЛЕКТРОУСТАНОВКА ачык электроустановкасы /атайын имараттын ичинде эмес, ачык жерде жайгаштырылган электр установкасы/.

ОТКРЫТЫЙ АППАРАТ ачык аппарат /чыңалуу астында турган бе-

лүктөрү жабык эмес, ага тийип алууга мүмкүн болгон аппарат/.

ОТКРЫТЫЙ ПРЕДОХРАНИТЕЛЬ ачык сактагыч /тизмекти ажыраткан учурда жалындын, газдын, металл күкүмдөрүнүн чыгарылышын жана таралышын чектөөчү тоомоосу жок сактагыч/.

ОТЛАДКА ПРОГРАММЫ программаны оңдоо /машинанын жардамы менен программадагы каталарды табуу жана аларды оңдоо/.

ОТНОСИТЕЛЬНАЯ ВЕЛИЧИНА салыштырмалуу чоңдук /тигил же бул кубулуштарды мүнөздөөчү абсолюттук чоңдуктардын катышын ачык туюнтуу жана талдоо үчүн колдонулуучу чоңдук/.

ОТНОСИТЕЛЬНАЯ ЧУВСТВИТЕЛЬНОСТЬ салыштырмалуу сезгичтик /стандарттуу шарттардагы сезгичтигине салыштырылган өзгөрткүчтүн айрым учурдагы сезгичтиги/.

ОТНОСИТЕЛЬНАЯ ЭФФЕКТИВНОСТЬ ОСЛАБЛЕНИЯ ПОЛЯ талааны начарлатуунун салыштырмалуу эффективдүүлүгү /минимум талаа учурундагы кыймылдаткычтын ылдамдыгынын максималдуу талаа учурундагы ылдамдыкка болгон катышы/.

ОТНОСИТЕЛЬНОЕ ИЗМЕНЕНИЕ СКОРОСТИ ылдамдыктын салыштырмалуу өзгөрүшү /эки түрдүү режимде айлануу ылдамдыгынын абсолюттук өзгөрүшүнүн биринчи режим убагындагы айлануу ылдамдыгына болгон катышы/.

ОТНОШЕНИЕ СИГНАЛ=ПОМЕХА сигнал жолтоо-кедерги катышы /сигналды жана аддитивдүү жолтоону мүнөздөөчү чоңдуктардын катышы/.

ОТОБРАЖЕНИЯ УСТРОЙСТВО чагылдыруучу түзүлүш /сигналды текшерип өлчөөчү приборлордун иштерин байкоого ыңгайлуу кылып өзгөртө турган ушул эле приборлордун бир түзүлүшү/.

ОТРАЖЕНИЯ ВОЛНА чагылышкан толкун /түйүндүү чекиттен



чагылышкандан кийин артка кайтуучу, адашып жүрүүчү толкундун бир бөлүгү/.

ОТРИЦАТЕЛЬНЫЙ ПАРАМЕТР терс параметр

ОТРИЦАТЕЛЬНЫЙ ПОТЕНЦИАЛ терс потенциал

ОТСТАВАНИЕ ФАЗЫ фазанын кечигиши /туруктуу жыштыктагы мезгилдүү чыгыш сигналынын ошол эле жыштыктагы мезгилдүү кириш сигналынан артта калышы/.

ОТТЯЖКА, ТЯГА керүү, тартуу /таянычтын механикалык бышыктыгын камсыз кылуу максатында колдонулуучу зым/.

ОШИБКА ИЗМЕРЕНИЙ өлчөөнүн катасы

ОШИБКА РЕГУЛИРОВАНИЯ жөнгө салуунун катасы /жөнгө салуучу өзгөрүлмө чоңдуктун чыныгы маанисинин анын берилген маанисинен айырмаланышы/.

ОШИБКА СРЕДНЕ=КВАДРАТИЧНАЯ орточо квадраттык ката /Динамикалык системанын иштеш сапатынын ыктымалдуулук мүнөздөмөсү/.

ОШИБКИ СИГНАЛ катанын сигналы /туюк автоматтык жөнгө салуу системасындагы башкы тескери байланыштын сигналы менен кирүүчү сигналдын ортосундагы айырма /.

П

ПАДЕНИЕ НАПРЯЖЕНИЯ чыңалуунун төмөндөшү /активдүү каршылыгы бар өткөргүчтөн ток өткөндө, ошол өткөргүчтүн узундугу боюнча чыңалуунун акырындап төмөндөшү/.

ПАДЕНИЕ НАПРЯЖЕНИЯ В ДУГЕ жаадагы чыңалуунун төмөндөшү /өткөргүчтүүлүктүн интервалынын ичинде анод менен катоддун ортосунда чыңалуунун төмөндөшү/.

ПАЗ жылгача /электр машиналарынын оромолору жайгаштырылган кап-

талдарынан жарыш тегиздиктер менен чектелүүчү тереңдетилген тилке/.

ПАМЯТЬ эс /эсептегич машинанын код түрүндө берилген информацияны жазып, сактап жана берип туруучу бөлүгү/.

ПАРАЗИТНАЯ СВЯЗЬ зыяндуу байланыш /радиотехникалык кирүүчү жана чыгуучу тизмектеринин арасындагы зыяндуу байланыш/.

ПАРАЗИТНЫЕ ТОКИ зыяндуу токтор /электротехникалык практикада мите токтор төмөндөгүдөй шарттарда пайда болот: а/ гальваникалык элементтердин электроддорунда материалдарынын теги бир түрдүү болбогон учурда; б/ электр тизмегинин айрым участокторундагы контакттык орундарда потенциалдардын айырмасынын болушунан же болбосо айрым участоктордун температураларынын бири биринен айырмаланышынан улам; в / электр магниттик термелүүлөрүн берүүчү генераторлордун иштөө учурунда/.

ПАРАЛЛЕЛЬНАЯ ВЕНТИЛЯЦИЯ жарыш вентиляция /муздатуучу аба эки агым менен бири-статорду уза, экинчиси-роторду узата аккан вентиляция системасы/.

ПАРАЛЛЕЛЬНАЯ ОБМОТКА жарыш оромо /электр машинасынын якорунун оромдук кадамы бирге барабар болгон оромосу/.

ПАРАЛЛЕЛЬНАЯ РАБОТА ГЕНЕРАТОРОВ генераторлордун жарыша иштеши /жалпы шинага жарыш кошулган бир нече генераторлордун бирге иштеши. Туруктуу токтун генераторлорунун жарыша иштеши үчүн алардын чыңалууларынын барабар жана уюлдарынын туура туташтырылышы талап кылынат/.

ПАРАЛЛЕЛЬНАЯ РАБОТА СИНХРОННЫХ ГЕНЕРАТОРОВ синхрондуу генераторлордун жарыша иштеши /өзгөрүлмө токтун синхрондуу генераторлорунун жалпы шинага чыңалуулары, жыштыктары, ошондой



эле фазаларынын ирээти бири бириникине дал келгендей кылып иштетүү/.

ПАРАЛЛЕЛЬНАЯ РАБОТА ТРАНСФОРМАТОРОВ трансформаторлордун жарыш иштеши /трансформацияланa турган кубаттуулук бир трансформатордун кубаттуулугунан көп болгон учурда экиден көп трансформаторлордун чогуу иштеши. Трансформаторлордун жарыша иштеши үчүн алардын биринчи жана экинчи оромдорунун номиналдык чыңалуулары бири бирине барабар болушу, ошону менен бирге, биринчи оромолорунун да экинчи оромолорунун да фазаларынын ирээти бирдей болушу талап кылынат/.

ПАРАЛЛЕЛЬНОГО ДЕЙСТВИЯ МАШИНА жарыша аракеттүү машина /информацияны берүүчү жана коддорго болгон аракеттерди бир убакта жүргүзүүчү цифралуу эсептегич машина/.

ПАРАЛЛЕЛЬНОЕ ВОЗБУЖДЕНИЕ жарыш дүүлүктүрүү

ПАРАЛЛЕЛЬНОЕ СОЕДИНЕНИЕ жарыш туташтыруу /эки же андан көп өткөргүчтөрдү электр тизмегинин эки чекитинин ортосуна туташтыруу/.

ПАРАЛЛЕЛЬНОЕ СОЕДИНЕНИЕ УЧАСТКОВ ЭЛЕКТРИЧЕСКОЙ ЦЕПИ электр тизмегинин участокторун жарыша туташтыруу /электр тизмегинин эки же андан көп участокторунун /токтун булактарын, лампаларды, электр кыймылдаткычтарын, аппараттарды, приборлорду/ бир учтары бир түйүнгө, экинчи учтары экинчи түйүнгө чогуу бириктирилгендей кылып туташтыруу/.

ПАРАЛЛЕЛЬНО =ПОСЛЕДОВАТЕЛЬНАЯ СТРУКТУРА жарыш удаалаш структура /эки уюлдуу жарыша жана удаалаш туташтырылган реле тизмеги бар реле түзүлүшүнүн структурасы/.

ПАРАЛЛЕЛЬНО=ПОСЛЕДОВАТЕЛЬНОГО ДЕЙСТВИЯ МАШИНА жарыша удаа-

Даш аракеттүү машина /ар бир бөлүктүн бардык разряддарын жарыша иштеткен убакта коддор менен болгон аракеттерди бөлүктөп, биринин артынан экинчисин аткаруучу цифралуу эсептегич машина/.

ПАРАМАГНИТНЫЙ УСИЛИТЕЛЬ КВАНТОВЫЙ кванттык парамагнит күчөткүчү /диамагниттик эриткичте анчалык көп эмес кошумчада болгон парамагниттик заттардын иондорунун индукцияланган нурлануусун пайдаланган кванттык күчөткүч/.

ПАРАМАГНЕТИЗМ парамагнетизм /оң магниттик кабыл алуучулугу бар парамагнетиктердин магниттик касиеттеринин биримдиги/.

ПАРАМЕТР параметр /кээ бир түзүлүштүн же кубулуштун негизги касиетин мүнөздөөчү чондук/.

ПАРАМЕТР РАСПРЕДЕЛЕННЫЙ жайылган параметр /системанын абалынын өзгөрүш процессин убакыт боюнча гана эмес, мейкиндик боюнча да аныктоочу параметр/.

ПАРАМЕТР СИСТЕМЫ системанын параметри /динамикалык системанын касиетин мүнөздөөчү чондук/.

ПАРАМЕТР СОСРЕДОТОЧЕННЫЙ топтоштурулган параметр /системанын абалынын мейкиндикте жайланышканын /бөлүштүрүлгөнүн/ эске албаган параметр/.

ПАРАМЕТРА ОБЛАСТЬ параметрдин аймагы /параметрдин мүмкүн болгон маанилеринин аймагы/.

ПАРАМЕТРИЧЕСКИЙ УСИЛИТЕЛЬ параметрдик күчөткүч /системанын реактивдүү /сыйымдуулук же индуктивдүүлүк/ параметрлерин мезгил мезгили менен өзгөртүүчү энергиянын эсебинен электр сигналдарынын кубатын көбөйтүүчү күчөткүч/.

ПАРАМЕТРИЧЕСКОЕ ПРОГРАММИРОВАНИЕ параметрдик программалоо /бир же бир нече параметрлерге көз каранды болгон математикалык



программалоонун маселелерин талдоонун үнөмдүү методдорунун тобу/.

ПАРАМЕТРОН параметрон /эки же үч негизги туруктуу абалга ээ болгон термелүүнүн параметрлерин козгоону пайдаланууга негизделген схема/.

ПАРАФОНИЧЕСКАЯ ЧУВСТВИТЕЛЬНОСТЬ /МИКРОФОНА ПРИ ЗАДАННОЙ ЧАСТОТЕ/ парафондук сезгичтик /чыгыш жагындагы электр кыймылдатуу күчүнүн булактын эркин талаасындагы үн басымына болгон катышы/.

ПАССИВНАЯ ЭЛЕКТРИЧЕСКАЯ ЦЕПЬ пассивдүү электр чынжыры /электр тогунун булагы жок болгон электр тизмеги/.

ПАССИВНЫЙ ДВУХПОЛЮСНИК пассивдүү эки уюлдук /тизмегинде электр кубатынын булагы болбогон эки уюлдук/.

ПАССИВНЫЙ ПРЕОБРАЗОВАТЕЛЬ пассивдүү өзгөрткүч /чыгышындагы энергия жалаң гана кирүүчү энергиянын булагынын эсебинен алына турган өзгөрткүч/.

ПАССИВНЫЙ ЧЕТЫРЕХПОЛЮСНИК пассивдүү төрт уюлдук /тизмегинде электр тогунун булагы жок төрт уюлдук/.

ПАСЫНОК жалгама /жыгачтан жасалган тагынчты жерге орнотуу үчүн ага жалгаштырылуучу жыйналма конструкция/.

ПАТРОН ЛАМПЫ лампанын патрону /электр лампасынын цоколу бекитилип, аны азыктандыруучу тармакка кошуу үчүн колдонулуучу түзүлүш/.

ПАТРОН ПРЕДОХРАНИТЕЛЯ сактагычтын патрону. /эки жагында металл контакттары бар эрип кетүүчү кистырма коюла турган цилиндр түрүндөгү изоляциялоочу кабык/.

ПАТРОН С ВЫКЛЮЧАТЕЛЕМ ажыраткычтуу патрон /кол менен аракетке келтирилүүчү ачкыч, тутка, чынжыр менен ажыраткычы бар патрон/.

ПЕНТОД пентод /беш электроддуу электрондук лампа/..

ПЕРВИЧНАЯ ОБМОТКА биринчи оромо /трансформатордун токтун булагы менен туташтырылуучу оромосу/.

ПЕРВИЧНЫЙ ДВИГАТЕЛЬ баштапкы кыймылдаткыч /электр энергиясынан башка энергияны пайдаланып, электр генераторун кыймылга келтирүүчү машина/.

ПЕРВЫЙ ЗАКОН ФАРАДЕЯ Фарадейдин биринчи закону /электр тогу өткөндө электроддо бөлүнүп чыккан заттын массасы ошол электрод аркылуу өткөн электр зарядынын санынын маанисине түз пропорциялаш /шайкеш/.

ПЕРЕГРУЗКА ашык жүктөлүү /установканын же анын элементтеринин биринин номиналдуу кубаттуулугунан ашык иштелип чыгарылуучу кубаттуулук же жүк/.

ПЕРЕДАТОЧНАЯ ФУНКЦИЯ катыш функция /баштапкы шарттары нөл болгон учурда сызыктуу динамикалык системанын чыгуучу чоңдугунан алынган Лапластын өзгөртүүсүнүн $y(s)$ анын кирүүчү чоңдугунан Лапластын өзгөртүүсүнө $-x/S/$ болгон катышы, б.а.
$K(s)=\frac{y(s)}{x(s)}$ /.

ПЕРЕДАЧИ И ИНФОРМАЦИИ ВЕРНОСТЬ информациянын берүүнүн тактыгы /кабыл алынган билдирүүнүн /сигналдын/ берилген билдирүүгө туура келиши/.

ПЕРЕДАЧА ЭЛЕКТРИЧЕСКОЙ ЭНЕРГИИ электр энергиясын берүү /көбүнчө алыс аралыктарга чоң сандагы электр энергиясын берүү/.

ПЕРЕДАЮЩАЯ ТЕЛЕВИЗИОННАЯ ТРУБКА берүүчү теле көрсөтүү түтүгү /жарык сүрөттөлүшүн теле көрсөтүү сигналдарына айландыруучу электрон нур прибору/.



ПЕРЕДВИЖНАЯ ПОДСТАНЦИЯ көчмө подстанция /бир жерде такай иштөө үчүн транспорт каражатына орнотулган подстанция/.

ПЕРЕДВИЖНАЯ ЭЛЕКТРОСТАНЦИЯ көчмө электр станциясы /транспорт каражаттарына орнотулган электр станциясы/.

ПЕРЕЗАПИСЬ кайра жазуу /мурда жазылып алынган сигналды ар кандай ык менен жаңыртып көчүрүп жазып алуу/.

ПЕРЕЗАПИСЫВАЮЩЕЕ УСТРОЙСТВО кайра жазуучу түзүлүш /информацияны алып жүрүүчүдөн сигналдарды окуп жана аларды башка алып жүрүүчүгө көчүрүп жазуучу түзүлүш/.

ПЕРЕКЛЮЧАТЕЛЬ которуп туташтыргыч /бир нече тизмектердин ичинен кайсынысын болсо да которуп туташтыруучу аппарат/.

ПЕРЕКЛЮЧАТЕЛЬ ПИТАНИЯ электр булагын которуп туташтыргыч /эки системанын тогуна колдонууга эсептелген кабыл алгычты бир системадан экинчи системага которуп туташтыруучу түзүлүш/.

ПЕРЕКЛЮЧАТЕЛЬ ПОЛЮСОВ уюлдарды которуп туташтыргыч /уюлдардын керек болгон санын алыш үчүн статорунда бир нече оромолору бар асинхрондуу кыймылдаткычтарды ишке киргизүү максатында оромолорун ар кандай туташтыруу менен колдонулуучу жүргүзгүч. Жүргүзгүч ар түрдүү оромо кыймылдаткычты жүргүзүү үчүн керек болгондой удаалаштык менен кошууну камсыз кылат/.

ПЕРЕКЛЮЧАТЕЛЬ ПОЛЯ талааны которуп туташтыргыч /талааны начарлатуу үчүн колдонулуучу группалуу которуп туташтыргыч/.

ПЕРЕКЛЮЧАТЕЛЬ СО ЗВЕЗДЫ НА ТРЕУГОЛЬНИК жылдыздан үч бурчтукка которуп туташтыргыч /электр кыймылдаткычтарын жүргүзгөн учурда алардын оромолорунда ашык ток пайда болбоо үчүн статордун оромолорун жылдыз түрүнөн үч бурчтук түрүнө келтирүүчү түзүлүш/.

ПЕРЕКЛЮЧАТЕЛЬ СТУПЕНЕЙ ПОД НАГРУЗКОЙ жүктөлгөн бойдон которуп туташтыргыч /тизмектин чыгышындагы кыскычтарды күчтүү ток өтүп жаткан тизмекти ажыратпай туруп эле которуп, туташтыруучу атайын конструкциялуу группалуу которуп туташтыргыч/.

ПЕРЕКЛЮЧАТЕЛЬНЫЙ ПУНКТ которуп туташтыруучу пункт /сызыктарды ажыраткычтар аркылуу жүксүз кошуу же ажыратуу жолу менен тармакты же электр берүү сызыктарын секциялаштырууну аткаруучу подстанция/.

ПЕРЕКЛЮЧАЮЩЕЕ УСТРОЙСТВО которуп туташтыруучу түзүлүш /электр тизмектерин которуп коммутациялоочу түзүлүш/.

ПЕРЕКЛЮЧАЮЩИЙ КОНТАКТ которуп туташтыруучу контакт

ПЕРЕКЛЮЧЕНИЕ которуп туташтыруу

ПЕРЕМЫЧКА туташтырма /контакттык рельстердин ажыраган жерлеринде электрдик үзгүлтүксүздүктү камсыз кылуу үчүн колдонулуучу изоляцияланган өткөргүч/.

ПЕРЕМЕЖАЮЩЕЕСЯ ПОВРЕЖДЕНИЕ алмаштырылып кайталанып туруучу залалдануу /бир эле себептен улам тизмектин бир ордунда улам улам пайда болгон жана өзүнөн өзү жоюлуп турган мүнөздөгү залалдануу/.

ПЕРЕМЕШАННАЯ СЛАГАЮЩАЯ ВЫПРЯМЛЕННОГО НАПРЯЖЕНИЯ түзөтүлгөн чыңалуунун өзгөрүлмө түзүүчүсү

ПЕРЕМЕННАЯ СОСТАВЛЯЮЩАЯ өзгөрүлмө түзүүчү

ПЕРЕМЕННЫЙ ПАРАМЕТР өзгөрүлмө параметр

ПЕРЕМЕННЫЙ ТОК өзгөрүлмө ток /убакыт боюнча чоңдугу жана багыты өзгөрүлүп туруучу ток/.

ПЕРЕМНОЖАЮЩЕЕ УСТРОЙСТВО көбөйтүүчү түзүлүш

ПЕРЕНАПРЯЖЕНИЕ өткөрө чыңалуу /электр жабдууларынын



изоляцияларына коркунуч келтирип алардын нормалдуу иштешин бузуучу чыңалуу/.

ПЕРЕРЕГУЛИРОВАНИЕ ашыра жөндөө /жөндөлүүчү координаталардын маанилеринин анын жаңы же туруктуу маанилеринен максималдуу айырмаланышы/.

ПЕРЕХОД ПЕРЕСОЕДИНЕНИЕ которуп туташтыруу /күч тизмегин толук ажыратпастан, кыймылдаткычтарды туташтыруунун бир түрүнөн экинчисине өтүү/.

ПЕРЕХОДНАЯ ВИЛКА өткөөл айрыча /тиешелүү типтеги дагы бир башка штепсель айрычасын кошууга ылайыкталган тешиктери бар айрыча/.

ПЕРЕХОДНАЯ МУФТА өткөөл муфта /үч тарамдуу кабелди бир тарамдуу үч кабель менен туташтыруучу муфта/.

ПЕРЕХОДНАЯ ПРОВОДИМОСТЬ өтмө өткөргүчтүүлүк /электр тизмегине туруктуу чыңалуу берилген учурдагы өтмө электр тогунун ошол чыңалуунун чоңдугуна болгон катышына барабар убакыттын функциясы/.

ПЕРЕХОДНАЯ ФУНКЦИЯ өтмө функция /бирдик таасирлер жумшалган учурда тынч абалда турган сызыктуу системанын ага болгон реакциясы/.

ПЕРЕХОДНАЯ ХАРАКТЕРИСТИКА өтмө мүнөздөмө /бирдик амплитудалуу импульстук кирүүчү сигналдын таасиры астында пайда болгон чыгуучу сигналдын убакытка көз карандылыгы/.

ПЕРЕХОДНОЕ ИНДУКТИВНОЕ СОПРОТИВЛЕНИЕ өтмө индуктивдүү каршылык

ПЕРЕХОДНОЕ СОПРОТИВЛЕНИЕ өтмө каршылык /каршылыктын баскычтарын которуп туташтыргыч бир кыскычтан экинчи кыскычка өт-

кен учурунда ошол эки кыскычтын ортосуна туташтырылуучу атайын каршылык/.

ПЕРЕХОДНЫЙ ПЕРЕКЛЮЧАТЕЛЬ өтмө которуп туташтыргыч /кыймылдаткычтардын бир схемадан экинчи схемага өтүшүн камсыз кылуучу группалуу которуп туташтыргыч/.

ПЕРЕХОДНЫЙ ПРОЦЕСС өтмө процесс /динамикалык системага таасир жумшаган учурдан тартып анын абалынын туруктуу процесске чейин убакыт боюнча өзгөрүшү/.

ПЕРЕХОДНЫЙ ПРОЦЕСС В ЭЛЕКТРИЧЕСКОЙ ЦЕПИ электр тизмегинин өтмө процесси /бир калыптагы маанидеги бир режимден экинчи бир режимге өтүү учурунда электр тизмегинде пайда болуучу электр магниттик процесси/.

ПЕРЕХОДНЫЙ РЕАКТОР өтмө реактор /ортончу чекити иштөөчү чекитке такай туташтырылган, учтары болсо баскычтарды которуп туташтыргычтын кыскычтарынын биринен сала бирине кошулуучу индуктивдүү каршылык/.

ПЕРЕХОДНЫЙ РЕЖИМ өтмө режим

ПЕРЕХОДОВ ДИАГРАММА өтүштөрдүн диаграммасы /көп тактуу реле түзүлүшүнүн иштөө шартын графика түрүндө берүү/.

ПЕРЕХОДЯЩЕЕ ПОВРЕЖДЕНИЕ өтүп кетүүчү залал /өзүнөн өзү жоюлуучу залал/.

ПЕРИОД ЗАПАЗДЫВАНИЯ кечигүү мезгили

ПЕРИОД КОЛЕБАНИЙ термелүүлөрдүн мезгили /термелип жаткан чондук орто аралык маанилердин баарын өтүп, эркин тандалып алынган алгачкы маанисине кайрылып келген убакыт/.

ПЕРИОД РАЗГОНА күүлөнүү мезгили /системанын же анын айрым звеносунун ылдамдыгынын өсүш учурундагы өтмө процесстин бир бөлүгү/.



ПЕРИОД ЭЛЕКТРИЧЕСКОГО ТОКА электр тогунун мезгили /мезгилдүү электр тогунун заматтык маанилери кайрадан кайталануучу эң чоң убакыттын аралыгы. Мисалы, электр тогунун стандарттуу өнөр жай мезгили 0,02 секундага барабар/.

ПЕРИОДЫ МАКСИМАЛЬНОЙ НАГРУЗКИ максималдык жүктүн мезгилдери /абсолюттук пиктин пайда болушу ыктымал деп эсептелүүчү мезгилдер/.

ПЕРИОДЫ ПРОВАЛА НАГРУЗКИ жүктүн түшүп кетүү мезгилдери /абсолюттук максимумдун пайда болушу ыктымал эмес деп эсептеле турган мезгилдер/.

ПЕРИОДИЧЕСКИЙ ПРОЦЕСС мезгилдүү процесс

ПЕРИОДИЧЕСКИЙ РЕЖИМ мезгилдүү режим /динамикалык системанын координаталары убакытка карата мезгилдүү закон боюнча өзгөргөн абалы/.

ПЕРИОДИЧЕСКИЙ ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ ТОК мезгилдүү электр тогу /заматтык маанилери белгилүү убакытта кайталанып туруучу электр тогу/.

ПЕРИОДИЧЕСКОЕ ДВИЖЕНИЕ мезгилдүү кыймыл /абалы мезгили менен кайталанып турган системанын кыймылы/.

ПЕРИОДИЧНОСТЬ мезгилдүүлүк /коммутациялоочу топтун бир мезгилдин ичиндеги коммутациялардын саны/.

ПЕРПЕНДИКУЛЯРНАЯ МАГНИТНАЯ ЗАПИСЬ магниттик перпендикулярдуу жазуу /информация алып жүрүүчү магниттештирүү алып, бетине перпендикулярдуу багытта ишке ашырылуучу жазуунун ыгы/.

ПЕРФОРАТОР перфоратор /информацияны алып жүрүүчү материалдарга /перфокарта, перфолента/, көзөнөктөр /тешиктер/ түрүндө жазып калтыруучу түзүлүш/.

ПЕРФОРАЦИОННАЯ КАРТА перфорация картасы /цифралуу же алфавит-цифралуу информацияны алып жүрүүчү стандарттуу формадагы жана өлчөмдөгү карточкалар/.

ПЕРФОРАЦИОННАЯ ЛЕНТА перфорациялык лента /кагаздан, пластмассадан же целлулоидден жасалып, информацияны алып жүрүүчү тасма/.

ПЕРФОРАЦИОННЫЙ ВЫЧИСЛИТЕЛЬНЫЙ КОМПЛЕКТ перфорациялуу эсептегич комплект /иштелип чыгарылуучу информацияны алып жүрүүчү перфокарталар болуп эсептелген, табулятордон жана башка машиналардан, түзүлүштөрдөн туруучу эсептегич комплект/.

ПЕТЛЕВАЯ СЕТЬ илмектүү тармак /четки пункттарында баары азыктандыруучу бир гана булакка кошулган бүт бойдон же көпчүлүгү илмек сызыктардан турган тармак же тармактын бөлүгү/.

ПЕТЛИЧНЫЙ МИКРОФОН илмектүү микрофон /пайдалануучу адамдын кийимине бекитилип коюлууга ылайыкталган микрофон/.

ПЕТЛЯ илмек /механикалык жүгү жок эки анкердик аралыктын өткөргүчтөрүнүн электрдик туташтырылуусун камсыз кылуучу кыска өткөргүч/.

ПЕТЛЯ ГИСТЕРЕЗИСА гистерезис илмеги /бир эле маанидеги магниттөөчү талаанын чыңалышында ферромагнетиктин магниттелишүүсүнүн маанилериндеги айырма/.

ПЕЧАТАЮЩЕЕ УСТРОЙСТВО басуучу түзүлүш /эсептегич машинадан алынган жыйынтыктарды окууга мүмкүн кылып кагазга же аны алмаштыруучу бөлөк материалга басуучу түзүлүш/.

ПИК ВОЛЬТМЕТР пик вольтметр /синусоида же башка формадагы чыңалуу менен азыктандырган учурда экинчи оромодогу чыңалуунун импульстарын берүүчү трансформатор/.



ПИК ТОКА (ПРИ ОТКЛЮЧЕНИИ ЦЕПИ ТОКООГРАНИЧИВАЮЩИМ АППАРАТОМ) эң чоң ток (тизмекти токту чектөөчү аппарат менен ажыраткан учурда, кыска туташылган тизмекти токту чектөөчү аппараттын жардамы менен ажыратуу учурунда пайда болуучу токтун заматтык максималдуу мааниси).

ПИКОВОЕ ЗНАЧЕНИЕ эң чоң маани (электр тогунун чыңалуусунун же кубаттын кыска убакыттын ичинде өсүп жеткен эң жогорку мааниси).

ПИСТОНФОН пистонфон (кичине өлчөмдөгү жабык камерада белгилүү үн басымын пайда кылуу үчүн колдонулуучу, белгилүү жыштыктагы жана белгилүү амплитудадагы артка алга жылуучу кыймылга келтиргич менен жабдылган аппарат).

ПИТАТЕЛЬНЫЙ ПРОВОД азыктандыруучу өткөргүч (электр станциялардан же подстанциялардан электр энергиясын керектөөчүлөргө жеткирүүчү өткөргүчтөр).

ПИТАЮЩАЯ ЛИНИЯ, ФИДЕР азыктандыруучу сызык (өзүн бардык узундугунда тармактанып бөлүнбөгөн тармакты азыктандыруучу сызык).

ПИТАЮЩАЯ СЕТЬ азыктандыруучу тармак

ПИТАЮЩАЯ НАПРЯЖЕНИЕ азыктандыруучу чыңалуу

ПИТАЮЩИЙ ЗАЖИМ азыктандыруучу кыскыч (контакттык илмектин өткөргүчтөрүнүн өз ара же азыктандыруучу өткөргүч менен электрдик байланышын камсыз кыла турган өткөрүүчү тетик).

ПЛАВКАЯ ВСТАВКА эрип кетүүчү кыстарма (сактагычтын алмаштырылып туруучу эрип кетме бөлүгү).

ПЛАВКИЙ ЭЛЕМЕНТ эрип кетүүчү элемент (сактагыч иштеген учурда анын эрип кетме бөлүгү).

ПЛАНИРУЕМАЯ СОСТОВЛЯЮЩАЯ ВОЗДЕЙСТВИЯ таасирдин пландалуучу түзүүчүсү (башкаруунун же иштөөнүн алгоритми тарабынан каралган таасирдин түзүүчүсү).

ПЛАТИНОТРОН платинотрон /өтө жогорку жыштыктагы термелүүлөрдү генерациялоочу жана күчөтүүчү электрон вакуумдуу прибор/.

ПЛЕНКИ ПОЛУПРОВОДНИКОВЫЕ жарым өткөргүчтүү пленкалар /жогорку сапаттагы жарым өткөргүчтүү приборлорду жасап чыгарууда пайдаланылуучу германийдин же кремнийдин жука катмары/.

ПЛЕНОЧНОЕ СОПРОТИВЛЕНИЕ пленкалуу каршылык /ток өткөрүүчү бөлүгү изоляциянын бетиндеги жука пленка түрүндө тартылган каршылык/.

ПЛОТНОМЕР ГИДРОАКУСТИЧЕСКИЙ гидроакустикалык тыгыздык өлчөгүч /иши суюктуктун белгилүү тереңдигиндеги басымдын анын тыгыздыгына болгон көз карандылыгына негизделген прибор/.

ПЛОТНОМЕР ПОПЛАВКОВЫЙ калкыма тыгыздык өлчөгүч /иш аракети Архимеддин законуна негизделген прибор/.

ПЛОТНОМЕР РАДИОИЗОТОПНЫЙ радиоизотоптуу тыгыздык өлчөгүч /иш аракети өлчөнүүчү чөйрө аркылуу радиоактивдүү изотоптордун нурларын жиберүүгө негизделген тыгыздык өлчөгүч/.

ПЛОТНОСТИ ЗАПИСИ ИНФОРМАЦИИ информациянын жазуунун тыгыздыгы /информацияны алып жүргүчтүн өлчөө бирдигине туура келүүчү информациянын экилик белгилеринин саны/.

ПЛОТНОСТЬ ТОКА токтун тыгыздыгы /электр тогунун чоңдугунун ал өтүп жаткан өткөргүчтүн туура кесилиш аянтына болгон катышы/.

ПЛОТНОСТЬ ЭЛЕКТРИЧЕСКОГО ТОКА ПЕРЕНОСА которулушуу электр тогунун тыгыздыгы /заряддалган бөлүкчөлөрдүн кыймылынын багытына нормалдуу түрдө жайланышкан нерсенин бетинин кээ бир элементи аркылуу өтүүчү которулушуу тогунун, ошол элементтин нөлгө умтулуучу чоңдугуна болгон катышынын чегине барабар болгон вектордук чоңдук. Бул вектордук чоңдуктун багыты оң заряддалган бөлүкчөлөрдүн багыты менен дал келет же терс заряддалган бөлүкчөлөрдүн багытына карама каршы/.

ПЛОТНОСТЬ ЭЛЕКТРИЧЕСКОГО ТОКА ПРОВОДИМОСТИ өткөргүчтүүлүктүн электр тогунун тыгыздыгы /заряддалган бөлүкчөлөрдүн кыймылынын багытына нормалдуу түрдө жайланышкан нерсенин бетинин кээ бир элементин аралап өтүүчү өткөргүчтүүлүктүн электр тогунун элементтин нөлгө умтулуучу чоңдугуна болгон катышынын чегине барабар вектордук чоңдук. Бул вектордук чоңдуктун багыты оң заряддалган бөлүкчөлөрдүн кыймылдоо багытына карама-каршы келет/.

ПЛЯСКА ПРОВОДОВ өткөргүчтөрдүн термелүүсү /аба сызыктарынын өткөргүчтөрүнүн ар түрдүү себептер менен тоңгон муздар күбүлүп түшкөндө же катуу шамалдан улам пайда болгон амплитудалуу термелүүсү/.

ПНЕВМАТИЧЕСКИЙ ГРОМКОГОВОРИТЕЛЬ пневматикалык катуу сүйлөгүч /абанын агымынын модуляцияланышынан улам аракетке келүүчү катуу сүйлөгүч/.

ПНЕВМАТИЧЕСКИЙ СУММАТОР пневматикалык сумматор /кысылган абанын басым түрүндө берилүүчү сигналдарды алгебралык түрдө суммалоочу түзүлүш/.

ПНЕВМАТИЧЕСКИЙ ШТЕКЕР пневматикалык штекер /пневматикалык приборлорду туташтыруучу жана ажыратуучу түзүлүш/.

ПОВЕРХНОСТНЫЙ ШУМ беттик чуу /үн жазылган жердин контактташуучу бетинин бүдүр ала болуусунан улам үн чыкканда коошо пайда болуучу чуу/.

ПОВЕРХНОСТНЫЙ ЭФФЕКТ беттик эффект /өзгөрүлмө токтун өткөргүчтүн туура кесилиш аянты боюнча бир калыпта эмес таралышы/.

ПОВОРОТНАЯ КОНСОЛЬ бурулуучу консоль /чынжырлуу илмектин узатасынан жана керек өлчөмдө жылышын камсыз кылуучу консоль/.

ПОВОРОТНЫЙ ВЫКЛЮЧАТЕЛЬ бурулуучу ажыраткыч /кыймылдуу контакттык бөлүктөрү айлананын жаасы боюнча жыла турган ажыраткыч же которуп туташтыргыч/.

ПОВРЕЖДЕНИЕ залалдануу /электр тизмегинин айрым жердеги мүнөздөмөсүнүн кокусунан өзгөрүүсү/.

ПОВРЕЖДЕНИЕ ИЗОЛЯЦИИ изоляциянын залалданышы /өткөргүч менен жердин же эки өткөргүчтүн арасындагы изоляциянын каршылыгынын кокусунан жок болушу же азайышы/.

ПОВТОРИТЕЛЬ кайталагыч /аппараттардын биринин абалын аралыктан көрсөтүп туруу кызматын аткаруучу контакт, лампа же аппарат/.

ПОВТОРНО КРАТКОВРЕМЕННЫЙ РЕЖИМ кыска мөөнөттүү кайталанма режим /электр аппараттарынын жүктөлүп турган мезгили жүк алынып ташталган мезгил менен алмашып турган иш режими/.

ПОГРЕШНОСТЬ /В СИСТЕМЕ АВТОМАТИЧЕСКОГО РЕГУЛИРОВАНИЯ/ каталык /жөнгө салуу процессинде жөндөлүүчү чоңдуктун мааниси менен анын берилген маанисинин ортосундагы айырма/.

ПОГРЕШНОСТЬ ИЗМЕРЕНИЯ өлчөөнүн каталыгы /өлчөөнүн натыйжасында алынган өлчөнүүчү чоңдуктун мааниси менен анын чыныгы маанисинин ортосундагы айырма/.

ПОГРЕШНОСТЬ РЕШЕНИЯ чыгарылыштын катасы /математикалык ма-



селенин божомол чыгарылышы менен анын так чыгарылышынын ортосундагы айырма/.

ПОГРЕШНОСТЬ ТЕЛЕИЗМЕРЕНИЯ теле өлчөөнүн катасы /байланыш каналдарындагы теле өлчөөчү өзгөрткүчтөрдө чуулардын кезектешинин негизинде пайда болгон ката/.

ПОГРУЖНАЯ МАШИНА суу астында иштөөчү машина /узак убакыт бою суу астында чөгөрүлгөн абалда иштөөчү электр машинасы/.

ПОДВЕСНОЙ ИЗОЛЯТОР илинүүчү изолятор /ашык-машыктын жардамы менен илип коюуга ылайыкталган изолятор/.

ПОДВИЖНЫЙ КОНТАКТ /АППАРАТА/ кыймылдуу контакт /туташтыруу жана ажыратуу операцияларын камсыз кылуучу кыймылдуу контакттык бөлүктү алып жүрүүчү аппараттын кыймылдуу элементи/.

ПОДДЕРЖИВАЮЩИЙ ИЗОЛЯТОР /ПОДДЕРЖИВАЮЩАЯ ГИРЛЯНДА/ кармап туруучу изолятор; кармап туруучу гирлянда /таянычка өткөргүчтөрдүн тартылуусунун механикалык күчтөрдүн суммасын бербестен, өткөргүчтөрдүн салмагынан жана анда болгон башка механикалык ашык жүктөлүүлөрдөн келип чыккан тик күчтү гана кабыл алуучу изолятор же изоляторлордун гирляндасы/.

ПОДЗЕМНАЯ /ПОДВОДНАЯ/ ЛИНИЯ жер алдындагы /суу алдындагы/ сызык /жердин алдынан өткөрүлгөн электр сызыгы/.

ПОДПРОГРАММЫ СТАНДАРТНЫЕ стандарттуу подпрограммалар /мурунтан түзүлгөн эреже боюнча маселелерди шифралуу эсептегич машинада чыгарууда пайдаланылуучу программа/.

ПОДГРЕВНЫЙ КАТОД жылытылуучу катод /электр тогунун бөлөк булагы менен термоэлектрондук эмиссиянын температурасына чейин жылытылуучу катод/.

ПОДСТАНЦИЯ подстанция /электр энергиясын трансформациялоо

же өзгөртүү үчүн, ошондой эле, эки же бир нече тармактарды байланыштыруу үчүн жалпы пунктка жайлаштырылган электр жабдууларынын жыйындысы/.

ПОДУШКА БРОНИРОВАННОГО КАБЕЛЯ <u>брондолгон кабелдин жаздыгы</u> /кабелдин бронунун алдына жаздалуучу сактагыч материалдардын бир же бир нече катмары/.

ПОИСК АВТОМАТИЧЕСКИЙ <u>автоматтык издөө</u> /автоматтык башкаруу процессинде, башкаруучу түзүлүш сыноо катарында башкаруу аракетин жүргүзүп, жыйынтыгын талдап жана анын негизинде башкарылуучу об"екти каалаган режимге алып келүүчү таасирди аныктоо/.

ПОИСК ИНТЕРАЦИЯМИ <u>интерация жолу менен издөө</u> /улам жакындаштыруу жолу менен бир нече өзгөрүлмө функциянын экстремумун издөө методу/.

ПОИСК СТАТИЧЕСКИЙ <u>статистикалык издөө</u> /кокустук факторлору бар маселелерди автоматтык түрдө издөө/.

ПОИСКОВОЕ УСТРОЙСТВО <u>издөөчү түзүлүш</u> /изилдөөнүн методуна ылайык кандайдыр бир чоңдуктун максимумун же минимумун аныктоочу экстремалдык жөндөө системасынын элементи/.

ПОКРЫТИЕ КАБЕЛЯ <u>кабелдин жабуусу</u> /кабелди тышкы таасирлердин аракетинен сактоочу материалдардын айкалышкан жыйындысы/.

ПОЛЕЗНАЯ СОСТАВЛЯЮЩАЯ <u>пайдалуу түзүүчү</u> /пайдалуу информацияны алып жүргөн кирүүчү сигналдын бир түзүүчүсү/.

ПОЛЕЗНОЕ ВРЕМЯ РАБОТЫ ВЫЧИСЛИТЕЛЬНОЙ МАШИНЫ <u>эсептегич машинанын пайдалуу иштөө убактысы</u> /эсептегич машинанын маселелерди чыгаруу же программаларды өздөштүрүү режиминде баш тартпай иштеген убактысы/.

ПОЛЕЗНЫЙ СИГНАЛ <u>пайдалуу сигнал</u> /пайдалуу информацияны алып



жүрүү менен кабыл алынып жана иштетилүүчү сигнал/.

ПОЛЗУНКОВЫЙ РЕОСТАТ <u>жылгычтуу реостат</u> /каршылыкты каалаган чектин ичинде бир калыпта өзгөртүп турууга арналган жылып туруучу контакты бар реостат/.

ПОЛНАЯ АВТОМАТИЗАЦИЯ <u>толук автоматташтыруу</u> /өндүрүштүк операциялардын машиналардын жардамы менен адам баласынын кийлигишүүсүз автоматтык түрдө аткарылышы/.

ПОЛНАЯ ИМПУЛЬСНАЯ ВОЛНА <u>толук импульстук толкун</u> /чыңалуусу кескин төмөндөбөгөн импульстук толкун/.

ПОЛНАЯ ПРОВОДИМОСТЬ <u>толук өткөргүчтүк</u> /электр тизмегиндеги синусоидалык токтун амплитудасынын ошол эле тизмектин кыскычтарындагы синусоидалык чыңалуунун амплитудасына болгон катышына барабар болгон чоңдук/.

ПОЛНАЯ ПРОВОДИМОСТЬ ЭЛЕКТРИЧЕСКОЙ ЦЕПИ <u>электр тизмегинин толук өткөргүчтүүлүгү</u> /тизмектеги токтун аракетке келүүчү маанисинин ошол эле тизмектин кыскычтарындагы чыңалуунун аракетке келүүчү маанисине болгон катышы/.

ПОЛНОЕ ВРЕМЯ ОТКЛЮЧЕНИЯ <u>ажыратуунун толук убактысы</u> /ажыратуунун өздүк убактысы /жааны өчүрүүчү контакттардын ажырашына чейинки /менен жаанын күйүү убактысынын суммасы/.

ПОЛНОЕ ВРЕМЯ ОТКЛЮЧЕНИЯ ПРЕДОХРАНИТЕЛЯ <u>сактагычтын ажыратуусунун толук убактысы</u> /кыстырманын эрүү убактысы менен жаанын күйүү убактысынын суммасы/.

ПОЛНЫЙ ПРОВОД <u>толук өткөргүч</u> /тегерек же фасондуу зымдардан спираль түрүндө буралган, кээде бышыгыраак болсун үчүн өзөк салынган туурасынан кесилиши шакекке окшош өткөргүч/.

ПОЛОСА ПРОПУСКАНИЯ <u>өткөрүү тилкеси</u> /сигналдын амплитуда-

сын көп күчүрөйтпөстөн өткөрө турган жыштыктын тегиз спектрынын участогу/.

ПОЛОСА ЧАСТОТ жыштыктар тилкеси /жыштыктын тегиз спектрынын участогу/.

ПОЛОСНЫЙ ФИЛЬТР тилке чыпкасы /конденсаторлордун жана индуктивдүү түрмөктөрдүн белгилүү схема боюнча туташтырылышынан түзүлүп, белгилүү тилкедеги жыштыктардын тогун гана өткөрүүчү түзүлүш/.

ПОЛУАВТОМАТИЧЕСКИЙ ПУСКАТЕЛЬ жарым автоматтык жүргүзгүч /оператордун каалоосу боюнча жүргүзүү операцияларын азайтып же көбөйтүп чектөөгө боло турган аппарат/.

ПОЛУЗАКРЫТЫЙ ПРЕДОХРАНИТЕЛЬ чала жабык сактагыч /тизмекти ажыратканда пайда болгон жаадан, жалындын таралышынан бөлүнүп чыккан газдан, металл күкүмдөрүнүн учушунан адамга келтирилүүчү коркунучту чектөөгө ыңгайлаштырылган сактагыч/.

ПОЛУПРОВОДНИК жарым өткөргүч /электр өткөргүчтүгү металлдардын электр өткөргүчтүгү менен диэлектриктердин электр өткөргүчтүгүнүн ортосундагы абалды ээлей турган материал/.

ПОЛУПРОВОДНИКОВАЯ ИНТЕГРАЛЬНАЯ СХЕМА жарым өткөргүчтүү интегралдык схема /элементтеринин бардыгы жарым өткөргүч кристаллынын көлөмүндө же бетинде кристалл торун кошоруштуруу менен жайлаштырылган интегралдык микросхема/.

ПОЛУПРОВОДНИКОВЫЕ ПРИБОРЫ жарым өткөргүчтүү приборлор /иши жарым өткөргүчтөрдүн ар түрдүү касиеттерин колдонууга негизделген приборлор/.

ПОЛУПРОВОДНИКОВЫЙ ВЕНТИЛЬ жарым өткөргүчтүү вентиль /ар кандай өткөргүчтүү жарым өткөргүчтөрдүн беттешкен жеринде электрон көңдөйлүк өткөөлдүн касиетин пайдалануунун негизинде түзүлгөн бир багыттуу өткөрүмдүүлүгү бар прибор).



ПОЛУПРОВОДНИКОВЫЙ ВЫПРЯМИТЕЛЬ жарым өткөргүчтүү түзөткүч (түзөтүүчү элемент катары жарым өткөргүчтүү диод колдонулган өзгөрүлмө токту туруктуу токко айландыруучу түзүлүш).

ПОЛУПРОВОДНИКОВЫЙ ДИОД жарым өткөргүчтүү диод (p-n өтүмдөрүнүн касиеттерине негизделип жасалган эки электроддуу жарым өткөргүчтүү прибор).

ПОЛУПРОВОДНИКОВЫЙ ЛАЗЕР жарым өткөргүчтүү лазер к. ЛАЗЕР

ПОЛУПРОВОДНИКОВЫЙ ПРЕОБРАЗОВАТЕЛЬ ПОСТОЯННОГО ТОКА туруктуу токтун жарым өткөргүчтүү өзгөрткүчү (жарым өткөргүчтүү приборлордун жардамы менен бир чыңалуудагы туруктуу токко айландыруучу электр энергиясынын булагы).

ПОЛУПРОВОДНИКОВЫЙ ТРИОД жарым өткөргүчтүү триод (үч электроддуу жарым өткөргүчтүү прибор).

ПОЛУПРОВОДНИКОВЫЙ УСИЛИТЕЛЬ жарым өткөргүчтүү күчөткүч (күчөтүүчү элемент катары жарым өткөргүчтүү приборлор колдонулган электр сигналдарынын күчөткүчү).

ПОЛУПРОВОДНИКОВЫЙ ЭЛЕКТРОПРИВОД жарым өткөргүчтүү электр кыймылга келтиргич

ПОЛЮС уюл (магниттин же электр магниттин учтары).

ПОЛЮС КОММУТАЦИОННОГО АППАРАТА коммутациялык аппараттын уюлу (онюнун бир өткөргүчү же фаза менен байланышкан аппараттын элементтеринин комплекси/.

ПОЛЮСНОЕ ДЕЛЕНИЕ уюлдук бөлүк .(электр машинасынын роторунун же статорунун айланасы боюнча жайланышкан коңшулаш нейтраль сызыктарынын же коңшулаш уюлдарынын борборлорунун ортосундагы аралык).

ПОЛОСНЫЕ БАШМАКИ уюл башмакчалары /электр машинасынын болот өзөкчөлөрүнүн жайылтып жасалган учтары/.

ПОЛЯРИЗАЦИЯ ДИЭЛЕКТРИКОВ диэлектриктерди уюлдаштыруу /диэлектриктин көлөмүндөгү ар бир элементте электрдик диполь моментинин пайда болушу/.

ПОМЕХИ кедерги /ар кандай информацияны, кабарларды берүүдө аларга болгон жолтоолор. Кабыл алынган кабардын берилген кабардан айырмаланып калышын пайда кылуучу каналдагы дүүлүгүү/.

ПОЛЯРИЗОВАННОЕ РЕЛЕ уюлдаштырылган реле

ПОМЕХОПОДАВЛЯЮЩИЕ УСТРОЙСТВА кедергини басуучу түзүлүштөр /радио кабыл алгычтардын ишине жолтоо кылуучу булактардын схемасына жана конструкциясына жолтоолорду басыш үчүн колдонула турган түзүлүш/.

ПОМЕХОУСТОЙЧИВОСТЬ кедергиге туруктуулук /кабыл алуучу түзүлүштүн киришиндеги жолтоого карабастан системанын информацияларды туура кабыл алууга жөндөмдүүлүгү. Берүү системасынын жолтоолордун зыяндуу аракеттерине туруктуулугу/.

ПОПЕРЕЧНАЯ ЗАПИСЬ туурасынан жазуу /сигнал жазылган издин модуляцияланууу багытты жазууну алып жүргүч материалдын жылышынын багытына перпендикулярдуу жана анын бетине жарыш болгон механикалык жазуу/.

ПОПЕРЕЧНОЕ ПЕРЕНАПРЯЖЕНИЕ туурасынан өтө чыңалуу /жер менен өткөргүчтүн, корпустун, конструкциянын ортосунда пайда болуучу өтө чыңалуу/.

ПОПЕРЕЧНЫЙ ТРОС туура трос /жолго туурасынан тартылып, бир же бир нече контакттык зымдарды кармап туруу же туурасынан келүүчү салмакты кабыл алуу кызматын аткаруучу электрден изоляцияланган трос же өткөргүч/.



ПОПЛАВКОВОЕ РЕЛЕ, ПОПЛАВКОВЫЙ ВЫКЛЮЧАТЕЛЬ калкыма реле, калкыма ажыраткыч /калкыма белгиленген деңгээлге жеткенде контакттары иштей турган реле же ажыраткыч/.

ПОРОГОВОЕ ЗНАЧЕНИЕ кирүүчү мааниси /автоматтык көзөмөл системасынын элементинин чыгуучу маанисинин чоңдугун кескин түрдө жогорулатууга алып келе турган анын кирүүчү чоңдугунун мааниси/.

ПОРТАЛЬНАЯ ОПОРА порталдык таянгыч /жогорку бөлүгү туурасынан коюлган матке менен байланган, бир нече тиреечтерден же колонналардан турган таянычтын кызматын аткаруучу конструкция/.

ПОСЛЕДОВАТЕЛЬНАЯ ВЕНТИЛЯЦИЯ удаалаш вентиляция/муздатуучу аба роторду бойлоп өтүп, андан кийин тескери багытта статорду бойлоп өтө турган желдетүүнүн системасы/.

ПОСЛЕДОВАТЕЛЬНАЯ ОБМОТКА удаалаш оромо /оромдук кадамы уюлдук бөлүктөргө караганда эки эсе көп болгон якордун оромосу/.

ПОСЛЕДОВАТЕЛЬНОЕ ВОЗБУЖДЕНИЕ удаалаш дүүлүктүрүү /электр машинасын анын якорунун оромосуна удаалаш туташтырылган оромо аркылуу дүүлүктүрүү/.

ПОСЛЕДОВАТЕЛЬНОЕ СОЕДИНЕНИЕ УЧАСТКОВ ЭЛЕКТРИЧЕСКИХ ЦЕПЕЙ электр тизмегинин участкаларын удаалаш туташтыруу /электр тизмегин анын бардык участкалары боюнча бирдей чоңдуктагы ток өтө тургандай кылып биринчи өткөргүчтүн аягын экинчи өткөргүчтүн башталышы менен, экинчи өткөргүчтүн аягын үчүнчү өткөргүчтүн башталышы менен туташтыруу/.

ПОСЛЕДОВАТЕЛЬНО-ПАРАЛЛЕЛЬНАЯ ОБМОТКА удаалаш-жарыш оромо /тизмектеринин саны экиден көп, ал эми оромдук кадамы, болжол менен уюлдук бөлүктөргө караганда эки эсе ашык оромо/.

ПОСЛЕДОВАТЕЛЬНОГО ДЕЙСТВИЯ МАШИНА удаалаш аракеттүү маши-

на /информацияны берүү жана коддордун үстүнөн болгон аракеттери удаалаш жүргүзүлгөн цифралуу эсептегич машина/.

ПОСЛЕДОВАТЕЛЬНОСТЬ ВЫХОДНАЯ чыгуучу удаалаштык /чыгуучу комбинациялардын удаалаштыгы б.а. автоматтын чыгаруучу элементтеринин абалынын комбинациясы/.

ПОСЛЕДОВАТЕЛЬНОСТЬ ОПЕРАЦИЙ операциялардын удаалаштыгы /ар түрдүү операциялардын жүргүзүлүшү үчүн белгиленген тартип/.

ПОСТОЯННАЯ ВРЕМЕНИ убакыттын туруктуу чоңдугу /убакыттын өлчөмү менен туюнтулган автоматтык башкаруу системаларынын кээ бир типтүү звенолорунун параметри/.

ПОСТОЯННАЯ ВРЕМЕНИ ДИФФЕРЕНЦИРУЮЩЕГО ЗВЕНА дифференциялоочу звенонун убакыт туруктуулугу

ПОСТОЯННАЯ ВРЕМЕНИ ЗВЕНА звенонун убакыт туруктуулугу

ПОСТОЯННАЯ ВРЕМЕНИ ИНТЕГРИРУЮЩЕГО ЗВЕНА интегралдоочу звенонун убакыт туруктуулугу

ПОСТОЯННАЯ ВРЕМЕНИ ЭЛЕКТРИЧЕСКОЙ ЦЕПИ электр тизмегинин убакыт туруктуулугу

ПОСТОЯННАЯ ЗАТУХАНИЯ басаңдоо туруктуулугу

ПОСТОЯННАЯ ИНТЕГРИРОВАНИЯ интегралдоо туруктуулугу

ПОСТОЯННАЯ СЧЕТЧИКА эсептегичтин туруктуу саны /электр эсептегичтин дискасынын бир айланышына туура келүүчү кубаттуулук/.

ПОСТОЯННОЕ ВОЗДЕЙСТВИЕ туруктуу таасир /чыгуучу өзгөрүлмө чоңдукту үзгүлтүксүз пайда кылуучу таасир/.

ПОСТОЯННОЕ СОСТАВЛЯЮЩЕЕ ТОКА токтун туруктуу түзүүчүсү

ПОСТОЯННЫЙ МАГНИТ туруктуу магнит /коэрцетивдүү күчү чоң магниттештирүүчү талаанын таасири жоюлгандан кийин дагы күчтүү калдык магнетизмди сактап калган ферромагнит материалдан жасалган магнит/.



ПОСТОЯННЫЙ КОЭФФИЦИЕНТ туруктуу коэффициент

ПОСТОЯННЫЙ ТОК туруктуу ток /убакыт боюнча чоңдугу жана багыты өзгөрбөгөн электр тогу/.

ПОТЕНЦИАЛ ИОНИЗАЦИИ иондоштуунун потенциалы /электр талаасында газдардын атомдорунан электрондорду бөлүп чыгарууга жетиштүү потенциал/.

ПОТЕНЦИАЛ ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ электрдик потенциал /электр статикалык талаанын энергетикалык мүнөздөмөсүн көрсөтүүчү скалярдык чоңдук; кыймылсыз электр заряддарынын электр талаасы/.

ПОТЕНЦИАЛОВ МЕТОД потенциалдар методу /матрица же тармак түрүндө коюлган транспорттук маселелерди чыгаруунун методу/.

ПОТЕНЦИАЛОСКОП потенциалоскоп /кирүүчү электр сигналдарын заряддар формасында жазып калтыруучу электрон нурдуу түтүкчө/.

ПОТЕНЦИОМЕТР потенциометр /чыңалууну жөндөп бөлүү үчүн активдүү каршылыктардан жасалган түзүлүш/.

ПОТЕРИ /ЭЛЕКТРИЧЕСКОЙ МАШИНЫ ИЛИ АППАРАТА/ коромжу /электр машиналары же аппараттары иштеген учурда кубаттуулуктун коромжусу/.

ПОТЕРИ В ДУГЕ жаадагы коромжу /кубаттуулуктун жаадагы коромжусу/

ПОТЕРИ В ОБМОТКАХ оромодогу коромжу /токтун квадратынын ал жүрүүчү оромонун активдүү каршылыгына көбөйтүндүсү/.

ПОТЕРИ В ПОДШИПНИКАХ подшипниктердеги коромжу /электр машиналарынын подшипниктериндеги сүрүлүүлөргө, машинанын айлануучу бөлүктөрүнүн аба менен болгон сүрүлүүлөрүнө кетүүчү механикалык коромжулар/.

ПОТЕРИ В СТАЛИ болоттогу коромжу / электр машиналарынын же аппараттарынын болоттон жасалган бөлүктөрүндөгү куюндуу токтордун жана гистерезис кубулушунун натыйжасында пайда болуучу коромжулар/.

ПОТЕРИ В ЭЛЕКТРИЧЕСКИХ МАШИНАХ электр машиналарындагы коромжу /электр машиналарынын иш учурунда анын оромосунда, болот өзөгүндө, подшипниктеринде кеткен кубаттуулуктун коромжусу/.

ПОТЕРИ ХОЛОСТОГО ХОДА куру жүрүштөгү коромжу /электр машиналары жүксүз иштеген учурда сарпталган электр энергиясы/.

ПОТЕРЯ НАПРЯЖЕНИЯ чыңалуунун коромжусу /бир электр тармагынын эки чекитинин ортосундагы электр чыңалууларынын алгебралык айырмасы/.

ПОТЕРЯ ЭЛЕКТРОЭНЕРГИИ электр энергиясынын коромжусу /электр системасынын элементтеринин ток өткөрүүчү бөлүктөрүн контууга кеткен электр энергиясы/.

ПОТЕРЯ НА ПОИСК издөө коромжусу /издөө процессинин сапатын мүнөздөөчү чыгуучу чондуктун калыптанган режимде экстремалдуу маанисинен айырмаланган орточо мааниси/.

ПОТОК ВОЗБУЖДЕНИЯ дүүлүктүрүү агымы /электр машиналарында электр кыймылдаткыч күчүн пайда кылуучу агым/.

ПОТОК РАССЕЯНИЯ чачыроо агымы /электр машиналарынын, трансформаторлорунун оромолорун магнит сызыктарынын толук аралабастан өзүнчө туташышы/.

ПОТОКОСЦЕПЛЕНИЕ агым айкалышуу /берилген электр контуру менен айкалышкан магнит агымы/.

ПОТОКОСЦЕПЛЕНИЕ ВЗАИМНОЙ ИНДУКЦИИ өз ара индукциянын агым айкалышуусу /башка электр тизмегинде электр тогу жүргөндө берилген шарттуу электр тизмегинде пайда болгон агым айкалышуусу/.



ПОТРЕБЛЕНИЕ керектөө /белгилүү убакыт ичинде керектөөчүлөр тарабынан сарпталган электр энергиясы/.

ПОТРЕБЛЯЕМАЯ МОЩНОСТЬ керектелүүчү кубаттуулук /кыска убакыт ичиндеги жүктүн орточо мааниси/.

ПОЮЩАЯ ДУГА үн чыгаруучу жаа /токтун жана электр жаасынын калыңдыгын мезгилдүү түрдө өзгөрүп турууларынын натыйжасында үн толкундарын пайда кыла турган электр жаасы/.

ПРАВИЛО БУРАВЧИКА бурама эрежеси /өткөргүчтө электр тогу аркылуу түзүлгөн магнит талаасынын багытын аныктоочу эреже. Бураманын алга умтулган кыймылы өткөргүчтөгү токтун багыты менен дал келсе, анда анын бөркүнүн айлануу багыты өткөргүчтүн айланасында пайда болгон магнит талаасынын күч сызыктарынын багытын көрсөтөт/.

ПРАВИЛО ЛЕВОЙ РУКИ сол кол эрежеси /ток жүрүп турган өткөргүчтүн магнит талаасы менен өз ара аракеттенүүчү күчүнүн багытын аныктоочу эреже. Сол колду магнит талаасынын күч сызыктары алаканга тике киргендей түрдө, ал эми сунулган төрт салаары алаканга тике киргендей түрдө, ал эми сунулган төрт салаалары токтун багытын көрсөткөндөй жайлаштырсак, түз бурч түрүндө сунулган бармак өткөргүчкө таасир этүүчү күчтүн багытын көрсөтөт/.

ПРАВИЛО ПРАВОЙ РУКИ оң кол эрежеси /өткөргүчтө индукциялануучу электр кыймылдатуу күчүнүн багытын аныктоочу эреже. Эгерде оң колду магнит талаасынын күч сызыктары алаканга тике киргендей, ал эми төрт салаага түз бурчтук түрүндө сунулган бармак өткөргүчтүн кыймылдоо багытын көрсөткөндөй жайлаштырсак, сунулган төрт салаа электр тизмегиндеги индукциялануучу электр кыймылдаткыч күчтүн багытын көрсөтөт/.

ПРЕДВАРИТЕЛЬНАЯ КОРРЕКЦИЯ алдын ала коррекциялоо /мүнээдемээсү коррекцияланууга тийиш болгон кандайдыр бир белгилүү элементтен мурда кожулган кызуу же чыгаруу системазының эвенезунда жүргүзүлгөн коррекция/.

ПРЕДЕЛЫ ИЗМЕРЕНИЯ өлчээ чектери /өлчээ херектүү тактикада жүргүзүлгендей кылып өлченүүчү чондуктардын четки маанилеринин ортозундагы аралык/.

ПРЕДЕЛЫ РЕГУЛИРОВАНИЯ жөндээ чектери /нормалдуу иш режиминде жөндөлүүчү чондуктун берилген маанилеринин ортозундагы аралык/.

ПРЕДЕЛЬНАЯ СКОРОСТЬ чектүү ылдамдык /белгиленген шарттар боюнча стенддик сыноолор учурунда кыймылдаткычтын максималдуу айлана турган ылдамдыгы/.

ПРЕДЕЛЬНОЕ ЗНАЧЕНИЕ чектик маани /f /x/ функциясынын аргумент x чек чекитине умтулгандагы маанисы/.

ПРЕДЕЛЬНЫЙ ТОК САМОПОГАШЕНИЯ өзү өчүү чегиндеги ток /жаанын өзүнөн өзү өчүшү боло турган заладдануунун максималдуу тогу/.

ПРЕДОХРАНИТЕЛЬ сактагыч /өтүп жаткан ток белгилүү чондукка жеткенден кийин жетишээрлик убакыттын өтүшү менен ошого эсептелип тандалып алынган өлчөмдөгү бөлүктөрүнүн күйүп кетишинен улам өзү кошулган тизмекти ажыратуу үчүн колдонулуучу аппарат/.

ПРЕДОХРАНИТЕЛЬ С УКАЗАТЕЛЕМ СРАБАТЫВАНИЯ иштегенин көрсөтүүчү сактагыч /эрип кетүүчү элементтин күйүп кеткендигин билдирип туруучу түзүлүшү бар сактагыч/.

ПРЕДПИСАННОЕ ЗНАЧЕНИЕ алдын ала көрсөтүлгөн маани /иштөөнүн алгоритми тарабынан алдын ала көрсөтүлгөн башкарылуучу чондуктун мааниси/.

ПРЕДСКАЗАНИЕ алдын ала айтуу /мурунку маанилерине көз



каранды болгон көө бир берилген маанилердин тобу боюнча, функциянын кийинки белгисиз маанисин так же болжолдоп аныктоо процесси/.

ПРЕДСКАЗАНИЯ ТЕОРИЯ алдын ала айтуу теориясы /алдын ала айтуунун оптималдуу методдорун түзүүчү жана изилдөөчү математикалык предмет/.

ПРЕДСТАВЛЕНИЕ СОБЫТИЙ окуяларды элестетүү /автоматтын өзүнүн киришиндеги болуп жаткан бир окуяны экинчи бир окуядан ажыратып билүү жөндөмдүүлүгү/.

ПРЕДСТАВЛЯЮЩИЙ ПАРАМЕТР түшүндүрүүчү параметр /өзгөрүүсү аркылуу ошол чондуктан берилип жаткан таасирден өзгөрүшүн аныктай турган алып жүрүүчү чондуктун сандык көрсөткүчү /параметри/.

ПРЕОБРАЗОВАНИЕ КООРДИНАТ координаталарды өзгөртүп түзүү /бир координаталык системадан экинчи координаталык системага өтүү/.

ПРЕОБРАЗОВАНИЕ ЛАПЛАСА Лапластын өзгөртүп түзүүсү

ПРЕОБРАЗОВАНИЕ ФУРЬЕ Фурьенин өзгөртүп түзүүсү

ПРЕОБРАЗОВАНИЕ ЭЛЕКТРИЧЕСКОЙ ЭНЕРГИИ электр энергиясын өзгөртүү, айландыруу /электр энергиясын жыштыгы, тогу, ийри сызыгы башка түрдөгү электр энергиясынан алуу/.

ПРЕОБРАЗОВАТЕЛЬ КОДА код өзгөрткүч /көз билдирүүлөрдүн тобунун мазмунун өзгөртпөстөн туруп, алардан код түзүү жолун автоматтык түрдө өзгөртүүчү эсептегич түзүлүш/.

ПРЕОБРАЗОВАТЕЛЬ МАГНИТНЫЙ магниттүү өзгөрткүч /киришттеги магниттик чондуктун өзгөрүшүн чыгышында механикалык, физикалык ж.б. чондуктарга айландыруучу түзүлүш/.

ПРЕОБРАЗОВАТЕЛЬ ТЕЛЕИЗМЕРИТЕЛЬНЫЙ теле өлчөөчү өзгөрткүч /билдиргичтен чыккан сигналдарды байланыш каналдары боюнча берилүүчү сигналдарга айландыруучу же кабыл алынган сигналдарды башкаруучу сигналга айландыруучу түзүлүш/.

ПРЕОБРАЗОВАТЕЛЬ ФУНКЦИОНАЛЬНЫЙ функциялык өзгөрткүч /берилген өзгөрүлмө чоңдукту б.а. кандайдыр бир функцияны башка бир өзгөрүлмө чоңдукка же бир нече өзгөрүлмө чоңдуктарга айландыруучу түзүлүш/.

ПРЕОБРАЗОВАТЕЛЬ ЧАСТОТЫ жыштыкты өзгөрткүч /электр чыңалуусунун жыштыгын өзгөртүүчү түзүлүш/.

ПРЕОБРАЗОВАТЕЛЬ ЭЛЕКТРОМЕХАНИЧЕСКИЙ электромеханикалык өзгөрткүч /электр тогунун өзгөрүшүн тиешелүү механикалык кыймылга айландыруучу түзүлүш/.

ПРЕОБРАЗОВАТЕЛЬ ЭЛЕКТРОПНЕВМАТИЧЕСКИЙ электропневматикалык өзгөрткүч /электр тогунун өзгөрүшүн абанын басымынын тиешелүү өзгөрүшүнө айландыруучу түзүлүш/.

ПРЕОБРАЗОВАТЕЛЬ ЭЛЕКТРОХИМИЧЕСКИЙ электрохимиялык өзгөрткүч /иши электрохимиялык кубулуштарды пайдаланууга негизделген электрондук түзүлүштөрдүн билдиргичтери жана элементтери/.

ПРЕОБРАЗОВАТЕЛЯ ЧУВСТВИТЕЛЬНОСТЬ өзгөрткүчтүн сезгичтиги /өзгөрткүчтүн чыгуучу чоңдугунун өзгөрүшүнүн анын кирүүчү чоңдугунун өзгөрүшүнө болгон катышы б.а:, $S = \frac{\Delta y}{\Delta x}$ /.

ПРЕРЫВАТЕЛЬ үзгүч /бир багыттагы пульсациялоочу электр тогун алуу үчүн тизмекти тез тез туташтырып жана ажыратып туруучу түзүлүш/.

ПРЕРЫВИСТАЯ СИСТЕМА үзгүлтүктүү система

ПРЕРЫВИСТОЕ ВОЗДЕЙСТВИЕ үзгүлтүктүү таасир /чыгуучу өзгөрүлмө чоңдуктун өзгөрүүсүн үзгүлтүктүү мүнөздө берүүчү таасир/.



ПРЕРЫВИСТОЕ РЕГУЛИРОВАНИЕ үзгүлтүктүү жөндөө /жөндөлүүчү объектиге энергияны мезгилдеп берүүнүн негизинде автоматтык жөндөө/.

ПРЕРЫВИСТЫЙ ПРОЦЕСС үзгүлтүктүү процесс

ПРЕРЫВИСТЫЙ РЕЖИМ РАБОТЫ иштөөнүн үзгүлтүктүү режими

ПРИБОЙНАЯ ГИДРОЭЛЕКТРИЧЕСКАЯ СТАНЦИЯ толкундук гидроэлектр станциясы /деңиз толкунунун энергиясын электр энергиясына айландыруучу гидроэлектростанция/.

ПРИВОД кыймылга келтиргич /машиналарды жана механизмдерди кыймылга келтирүүчү түзүлүш/.

ПРИЕМНИК кабыл алгыч

ПРИЕМНИК УЛЬТРАЗВУКА ультра үндүү кабыл алгыч /ультра үндүн талаасын чечмелөөчү же көрсөтүүчү түзүлүш/.

ПРИЕМНО=УСИЛИТЕЛЬНАЯ ЛАМПА кабыл алып күчөтүүчү лампа /электромагниттик термелүүлөрдү кабыл алуучу, күчөтүүчү жана детектирлөөчү аз кубаттуу электрондуу лампа/.

ПРИЛИВНАЯ ГИДРОЭЛЕКТРИЧЕСКАЯ СТАНЦИЯ ташкын гидроэлектр станциясы /деңиз ташкындарынын энергиясын электр энергиясына айландыруучу гидроэлектр станция/.

ПРИНЦИП ВЗАИМНОСТИ өз аралык принциби /эркин үн талаасында үндү кабыл алгыч катарында пайдаланылуучу сызыктуу пассивдүү электроакустикалык өзгөрткүчтүн чыңалуу боюнча сезгичтиги менен анын үн чыгаргыч катарында пайдаланылгандагы чыңалуу боюнча сезгичтигинин ортосундагы катыш өзгөрткүчтүн касиеттерине көз каранды эмес принциби/.

ПРИНЦИП ГАРМОНИЧЕСКОГО БАЛАНСА гармоникалык баланс принциби к. ГАРМОНИЧЕСКИЙ БАЛАНС

ПРИНЦИП СУПЕРПОЗИЦИИ суперпозиция принциби

ПРИНЦИПИАЛЬНАЯ ЭЛЕКТРИЧЕСКАЯ СХЕМА негизги электр схема /электр түзмөктөрүнүн туташууларын сүрөттөөчү чийме/.

ПРИСОЕДИНИТЕЛЬНЫЙ ЗАЖИМ бириктирүүчү кыскыч / зымдарды бириктирүү же бутактандырып бөлүү үчүн колдонулуучу изоляциясы бар бириктирүүчү түзүлүш/.

ПРИСОЕДИНИТЕЛЬНЫЙ ШНУР бириктирилүүчү шнур /бир учу аппаратка экинчи учу штепселдик бириктиргичтин айрычасына бириктирилгe турган ар кандай узундуктагы изоляциялуу ийилгич өткөргүчтөрдүн комплекти/.

ПРОБОЙ тешүү /электр чыңалууларынын таасири астында диэлектриктердин /изоляторлордун/ залалга учурап, электр тогун өткөрүп жиберүү кубулушу/.

ПРОВОД /ЛИНИИ/ өткөргүч, сызыктын /атайын ток өткөрүү үчүн арналган сызыктын бөлүгү/.

ПРОВОДИМОСТЬ өткөргүчтүк /чөйрөдөгү электр талаасынын чыңалышы менен toктун тыгыздыгынын ортосундагы байланышты мүнөздөөчү физикалык чоңдук/.

ПРОВОДНИКИ өткөргүчтөр /электр тогун жакшы өткөрүү жөндөмдүүлүгү бар күмүш, жез, алюминий/.

ПРОВОДЯЩЕЕ НАПРАВЛЕНИЕ өткөрүүчү багыт /вентилдеги жумушчу тогунун нормалдуу аноддон катодго карай кеткен багыты/.

ПРОГРАММА программа /коюлган маселени чыгарууга тийиштүү болгон информацияны иштетүү процессин кандайдыр бир формалдык тилге толук жана так түшүрүү/.



ПРОГРАММНАЯ АВТОМАТИЧЕСКАЯ СИСТЕМА программалуу автоматтык система /иштөө алгоритминде башкарылуучу чоңдукту алдын ала белгиленген функцияга ылайык өзгөртүп туруу үчүн көрсөтмөсү бар автоматтык система/.

ПРОГРАММА ВВОД киргизүү программасы /алгачкы берилген чоңдуктар менен бирге машинага киргизилип жана эске тутуучу түзүлүшкө жайлаштырылган чыгарылуучу маселенин программасынын бир бөлүгү/.

ПРОГРАММА УПРАВЛЯЮЩАЯ башкаруучу программа /автоматтык башкаруу системасындагы цифралуу эсептегич машинанын убакыттын масштабында берилген иш программасы/.

ПРОГРАММИРОВАНИЕ программалоо /цифралуу эсептегич машиналарда чыгарылуучу математикалык жана информациялык маселелердин программасын түзүү/.

ПРОГРАММНОЕ РЕГУЛИРОВАНИЕ программалуу жөндөө /жөндөлүүчү процесстин параметрлерин берилген программа боюнча өзгөртүү/.

ПРОГРАММНОЕ УПРАВЛЕНИЕ программалуу башкаруу /процессти берилген программа боюнча башкаруу/.

ПРОГРАММНЫЙ КОНТРОЛЬ программалык контроль /машинанын жана анын айрым бөлүктөрүнүн ишинин тууралыгын атайын сыноочу программаларды колдонуу же атайын эсептеп чыгаруу процесстерин уюштуруу аркылуу контролдоо/.

ПРОДОЛЖИТЕЛЬНОСТЬ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ УСТАНОВЛЕННОЙ МОЩНОСТИ /МАКСИМАЛЬНОЙ МОЩНОСТИ, МАКСИМУМА НАГРУЗКИ/ аныкталган кубаттуулукту пайдалануунун коэффициенти /белгилүү мезгил ичиндеги иштелип чыгарылган же керектелген энергиянын санынын аныкталган кубаттуулукка болгон катышы/.

ПРОДОЛЖИТЕЛЬНОСТЬ ПЕРЕХОДНОГО ПРОЦЕССА өтмө процесстин узактыгы

ПРОДОЛЖИТЕЛЬНОСТЬ ЭКСПЛУАТАЦИОННОГО ИСПОЛЬЗОВАНИЯ эксплуатациялык пайдалануунун узактыгы /белгиленген убакыт ичинде установканын же машинанын накта /анык/ иштеген убактысынын жалпы узактыгы/.

ПРОДОЛЬНАЯ МАГНИТНАЯ ЗАПИСЬ узатасынан магниттик жазуу / сигнал алып жүргүчтү магниттештирүүнү негизинен анын кыймыл багытына карыш багытта ишке ашыруу менен жүргүзүлө турган жазуу иги/.

ПРОДОЛЬНОЕ ПЕРЕНАПРЯЖЕНИЕ узатасынан өтө чыңалуу /бир эле өткөргүчтүн эки чекитинин ортосунда пайда болуучу өтө чыңалуу/.

ПРОДОЛЬНЫЙ НЕСУЩИЙ ТРОС, НЕСУЩИЙ ТРОС узатасынан көтөрүп туруучу трос /зым аркан менен жардамчы өткөргүчтү кармап туруучу узата тартылган трос/.

ПРОИЗВОДИТЕЛЬНОСТЬ ГИДРОЭЛЕКТРИЧЕСКОЙ СТАНЦИИ гидроэлектр станциянын өндүрүмдүүлүгү /белгилүү убакыт ичинде, абдан ыңгайлуу шарттар болгон учурда бардык гидравликалык ресурстарды пайдалануу менен иштеп чыгарууга мүмкүн болгон максимум энергиянын саны/.

ПРОИЗВОДСТВО ЭЛЕКТРИЧЕСКОЙ ЭНЕРГИИ электр энергиясын өндүрүү /энергиянын башка түрлөрүнөн электр энергиясын алуу/.

ПРОЛЕТ аралык /1. подстанциянын же станциянын айрым кошулуучу /сызык, трансформатор/ коммутациялоочу аппаратура жайланыша турган участогу; 2. аба сызыгынын коншу таянычтарынын ортосундагы аралык/.



ПРОМЕЖУТОЧНАЯ ОПОРА орто аралык таяныч /сызыктын трассасындагы түз сызыктуу участокторунда орнотулуучу таяныч/.

ПРОМЕЖУТОЧНЫЙ ЭЛЕМЕНТ РЕЛЕЙНОГО УСТРОЙСТВА реле түзүлүшүнүн орто аралык элементи /абалы кабыл алуучу элементтин гана абалы менен аныкталбастан реле түзүлүшүнүн башка дагы функциялык элементтеринин абалы менен аныкталуучу элемент/.

ПРОМЫШЛЕННАЯ ЧАСТОТА өнөр жай жыштыгы /өзгөрүлмө токтун жалпы союздук стандарт катарында кабыл алынган жыштыгы /50 гц/.

ПРОПОРЦИОНАЛЬНОЕ ВОЗДЕЙСТВИЕ шайкеш таасир /чыгуучу өзгөрүлмө чоңдуктун өзгөрүшүн кирүүчү өзгөрүлмө чоңдуктун өзгөрүшүнө шайкеш келтирүүчү үзгүлтүксүз таасирдин түрү/.

ПРОПУСК ЗАЖИГАНИЯ тутануунун өткөрүп жиберүү /нормалдуу өткөрүмдүүлүк интервалында аноддун тутанбай калышы/.

ПРОПУСКНАЯ СПОСОБНОСТЬ өткөрүү жөндөмдүүлүгү /информация берүүнүн теориялык жактан жетишүүгө мүмкүн болгон эң чоң ылдамдыгы/.

ПРОПУСКНАЯ СПОСОБНОСТЬ КАНАЛА каналдын өткөрүү жөндөмдүүлүгү /канал боюнча информацияны берүүнүн эң чоң ылдамдыгы/.

ПРОСТАЯ КОНТАКТНАЯ ПОДВЕСКА жөнөкөй контакттык илме /бир контакттык өткөргүчтөн турган илме/.

ПРОСТРАНСТВЕННЫЙ ЗАРЯД мейкиндик заряды /кандайдыр бир көлөмдүн ичинде жайланышкан заряд/.

ПРОСТРАНСТВО ПАРАМЕТРОВ параметрлердин мейкиндиги /координаталары системанын параметрлери болгон мейкиндик/.

ПРОСТРАНСТВО СОСТОЯНИЙ абалдардын мейкиндиги /ар бир чекитине каралып жаткан динамикалык системанын белгилүү бир абалы туура келген мейкиндик/.

ПРОСТОЙ /СДВОЕННЫЙ и.т.д./ ИНДУКТИВНЫЙ ШУНТ жөнөкөй /кош ж.у.с./ индуктивдүү каршылык /ар бири өзүнчө кыймылдаткычтардын талаасын начарлатуучу тизмекке кошулуучу, бир өзөкчөдө жайланышкан, бир же бир нече түрмөктөрдөн турган индуктивдүү шунт/.

ПРОТИВОФАЗНАЯ ФОНОГРАММА фазага каршы фонограмма /сигнал фазаларынын жылышуусу $180^{0}$ка барабар жанаша кеткен эки из түрүндө жазылган фонограмма/.

ПРОТИВОФАЗНАЯ ФОНОГРАММА КЛАССА А А классындагы фазага каршы фонограмма /ар бирине фазаларынын жылышуусу $180^{0}$ка барабар болгон толук сигнал жазылган жанаша эки фонограмманын жыйындысы/.

ПРОТИВОФАЗНАЯ ФОНОГРАММА КЛАССА Б Б классындагы фазага каршы фонограмма /бирине сигналдын оң маанисы, экинчисине сигналдын терс мааниси жазылган жанаша эки фонограмманын жыйындысы/.

ПРОФИЛАКТИЧЕСКИЙ КОНТРОЛЬ профилактикалык текшерүү / параметрлеринин мааниси мүмкүн болгон чекке чукул болгон машинанын элементтерин, түйүндөрүн, түзүлүштөрүн алдын ала аныктоо/.

ПРОХОДНОЙ ИЗОЛЯТОР өтмө изолятор /тосмо же дубал аркылуу өтүүчү өткөргүчтөрдү изоляциялоо үчүн колдонулуучу жөнөкөй же татаал изолятор/.

ПРОЦЕСС ПУСКА ишке киргизүү процесси

ПРОЦЕСС РЕГУЛИРОВАНИЯ жөнгө салуу процесси

ПРЯМАЯ ДОПОЛНИТЕЛЬНАЯ СВЯЗЬ түз кошумча байланыш /негизги тизмектин каралуучу участогунун киришинен чыгышына багытталган кошумча байланыш/.



ПРЯМОЕ НАПРЯЖЕНИЕ түз чыңалуу

ПРЯМОЕ РЕГУЛИРОВАНИЕ түз жөнгө салуу

ПРЯМОЙ ТОК түз ток

ПРЯМОЙ УДАР МОЛНИИ чагылгандын түз тийиши /электр установкасына, электр сызыгынын кандайдыр бир элементине же өткөргүчүнө чагылгандын түздөн түз жаныши/.

ПРЯМОЙ /ОБРАТНЫЙ/ ХОД АППАРАТА /НАПР.КУЛАЧКОВОГО ВАЛА/ аппараттын түз /тескери/ жүрүүсү /контроллердун алга же артка кыймылына туура келүүчү аппараттын аракетинин багыты/.

ПРЯМОУГОЛЬНОЕ НАПРЯЖЕНИЕ тик бурчтуу чыңалуу

ПСИХРОМЕТР психрометр /кургак жана нымдалган термометрлердин жардамы менен абанын нымдуулугун аныктоочу прибор/.

ПУЛЬСАЦИЯ пульсация /кандайдыр бир кубулуштун мүнөздөмөсүнүн тынымсыз өзгөрүп турушу/.

ПУЛЬСИРУЮЩЕЕ ПОЛЕ пульсациялоочу талаа /чоңдугу боюнча өзгөрүп, багыты боюнча өзгөрбөгөн талаа/.

ПУЛЬСИРУЮЩИЙ ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ ТОК пульсациялоочу электр тогу /чоңдугу боюнча аздыр-көптүр өзгөрүп багыты боюнча өзгөрбөй турган мезгилдүү электр тогу/.

ПУЛЬТ пульт /шкаф түрүндөгү бөлүштүрүүчү калкан/.

ПУЛЬТ ДИСПЕТЧЕРСКИЙ диспетчер пульту /телемеханика жана байланыш каражаттары менен өндүрүштүк же башка процесстерди диспетчердик башкаруу жүргүзүлүүчү түзүлүш/.

ПУЛЬТ УПРАВЛЕНИЯ башкаруу пульту /адамга информацияларды берип туруучу каражаттарды жана об"екттерди башкаруучу органдар жайлаштырылган стол же стенд түрүндөгү түзүлүш/.

ПУЛЬТ УПРАВЛЕНИЯ ЦИФРОВОЙ ВЫЧИСЛИТЕЛЬНОЙ МАШИНЫ цифралуу

эсептегич машинанын пульту /цифралуу эсептегич машинанын иштешин башкарып туруучу түзүлүш/.

ПУНКТ ДИСПЕТЧЕРСКИЙ диспетчер пункту /телемеханика жана байланыш каражаттары менен өндүрүштү же башка процесстерди диспетчердик башкарып туруучу орган/.

ПУНКТ МЕЖСИСТЕМНОЙ СВЯЗИ система аралык байланыш пункту /эки же бир нече системаларды байланыштыруучу бир же бир нече сызыктар кошулган подстанция/.

ПУНКТ ПИТАНИЯ азыктандыруу пункту /сызык же тармак электр энергиясын ала турган пункт/.

ПУНКТ ПОТРЕБЛЕНИЯ керектөө пункту /керектөөчү электр энергиясын ала турган пункт/.

ПУСК ишке киргизүү /электр машинасынын тынч абалынан баштап, айланып жумушчу ылдамдыгына жеткенге чейинки процесс/.

ПУСКАТЕЛЬ жүргүзгүч /кыймылдаткычты жүргүзүү же башка бир аппаратты башкаруу үчүн колдонулуучу аппарат; аппараттардын комплекси/.

ПУСКАТЕЛЬ С АВТОМАТИЧЕСКИМ РАСЦЕПЛЕНИЕМ автоматтык түрдө ажырап кетүүчү жүргүзгүч /белгиленген шарттарда кыймылдаткычты автоматтык түрдө тармактан ажыратып жиберүүчү жүргүзгүч/.

ПУСКОВАЯ КНОПКА ишке киргизүү кнопкасы /электр машиналарын ишке киргизүүчү кнопка/.

ПУСКОВОЕ ИМПУЛЬСНОЕ ВОЗДЕЙСТВИЕ ишке киргизүүчү импульстуу таасир /кыска мөөнөттүү сигналдын узак убакытка созулуучу операцияга алып келишин берүүчү таасир/.

ПУСКОВЫЕ ОБМОТКИ жүргүзүү оромолору /синхрондуу электр кыймылдаткычтарын асинхрондуу электр кыймылдаткычтар катары жүргүзүүчү оромолор/.



ПУСКОВОЕ УСТРОЙСТВО жүргүзүүчү түзүлүш /электр машиналарын тармакка кошуп, аларга баштапкы ылдамдыкты берүүчү түзүлүш/.

ПУСКОВОЙ КОНДЕНСАТОР жүргүзгүч конденсатор /жүргүзүү үчүн керек болгон фазалардын жылышуусун камсыз кылуу үчүн бир фазалуу кыймылдаткычтын оромосуна удаалаш туташтырылуучу конденсатор/.

ПУСКОВОЙ КОНТАКТОР жүргүзүүчү контактор /электр машиналарын ишке киргизүү үчүн аларды азыктандыруучу тармакка туташтыруучу аппарат/.

ПУСКОВОЙ МОМЕНТ жүргүзүү моменти /жүргүзүү процессинде кыймылдаткычтын валга берген айландыруучу моменти/.

ПУСКОВОЙ РЕОСТАТ жүргүзгүч реостат /электр кыймылдаткычын же башка бир электр түзүлүшүн ишке киргизген учурда анын якорунда пайда болуучу токту чектөө үчүн колдонулуучу реостат/.

ПУСКОВОЙ ТОК ишке киргизүү тогу /электр кыймылдаткычтарын ишке киргизиш үчүн аны чыңалууга туташтырганда пайда болуучу ток/.

ПУСКОВОЙ ЭЛЕКТРОД ишке киргизүүчү электрод

ПУТЕВОЙ ВЫКЛЮЧАТЕЛЬ жолдогу ажыраткыч /кандайдыр бир түзүлүштүн кыймылдуу бөлүктөрү белгиленген абалга келгенде гана контакттары аракетке кире турган аппарат/.

ПУТЕВОЙ ДРОССЕЛЬ жолдогу дроссель /салыштырма индуктивдүү каршылыгы жогору, активдүү каршылыгы аз болгон өзөкчөлүү түрмөк/.

ПЬЕЗОЭЛЕКТРИЧЕСКИЕ МАТЕРИАЛЫ пьезоэлектр материалдары /жакшы пьезоэлектр эффектиси бар бир кристаллдуу же поли кристаллдуу электр изоляциялоочу заттар/.

ПЬЕЗОЭЛЕКТРИЧЕСКИЕ ПРИБОРЫ пьезоэлектр приборлору /иш аракети механикалык энергияны электр энергиясына же тескерисинче электр энергиясын механикалык энергияга айландыруу пьезоэлектрдик эффекттин негизинде жүргүзүлүүчү ар түрдүү максат үчүн жасалган түзүлүштөр/.

ПЬЕЗОЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ ГРОМКОГОВОРИТЕЛЬ пьезоэлектрдик катуу сүйлөгүч /иш аракети пьезоэлектрдик касиети бар кристалл түрүндөгү заттардын деформацияланышына негизделген катуу сүйлөгүч/.

ПЬЕЗОЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ ЭФФЕКТ пьезоэлектрдик эффект /деформацияланган учурда /кысканда, чойгондо же кескенде/ кээ бир пьезоэлектрдик кристаллдардын карама каршы кырларында ар түрдүү багыттагы электр заряддарынын пайда болуу кубулушу/.

## Р

РАБОЧАЯ ОБЛАСТЬ жумушчу аймак /ичинде автоматтык башкаруу системасынын же анын звенолорунун нормалдуу иштей турган маанилери жаткан координаталык системанын же параметрлердин мейкиндиги/.

РАБОЧАЯ ХАРАКТЕРИСТИКА иштөө мүнөздөмөсү /автоматтык жөндөө системасынын берилген режимин мүнөздөөчү чоңдуктун аракет кылуучу өзгөрүлмө чоңдукка болгон көз карандылыгын көрсөтүүчү мүнөздөмө/.

РАБОЧИЙ ЦИКЛ ВЫЧИСЛИТЕЛЬНОЙ МАШИНЫ эсептегич машинанын жумушчу цикли /бир команданы аткарып жаткан учурун машина тарабынан жасалуучу мезгилдүү кайталануучу аракеттердин удаалаштыгы/.

РАВНОВЕСИЯ СОСТОЯНИЕ абалдын тең салмактуулугу /таасир берүү-



чү күчтөрдүн жана моменттердин суммасы нөлгө барабар болгондогу динамикалык системанын абалы/.

РАВНОСИЛЬНОСТЬ АЛГОРИТМОВ алгоритмдердин бирдейлиги /алгоритмдердин мүмкүн болгон баштапкы маанилерине карата алардын өз ара алмашууга мүмкүнчүлүгү/.

РАВНОСИЛЬНОСТЬ ЛОГИЧЕСКИХ СХЕМ логикалык схемалардын бирдейлиги /кээ бир класстагы маселелерге карата логикалык схемалардын өз ара алмашуулук мүмкүнчүлүгү/.

РАДИАЛЬНАЯ ВЕНТИЛЯЦИЯ радиалдык вентиляция /муздатуучу абанын кириши же чыгышы кыймылдаткычтын орто ченинде радиустун багыты менен кетүүчү желдетүү системасы/.

РАДИАЛЬНАЯ ЛИНИЯ радиалдык сызык /азыктандыруу пунктунан башталып керектөөчү пунктта бүтө турган сызык/.

РАДИАЛЬНАЯ СЕТЬ радиалдык тармак /бүт бойдон же көбүнчө радиалдык сызыктардан турган тармак же тармактын бөлүгү/.

РАДИОАКТИВНЫХ ИЗОТОПОВ ПРИМЕНЕНИЕ радиоактивдүү изотопторду пайдалануу /радиоактивдүү изотоптордун ар кандай автоматтык текшерүүчү түзүлүштөрдө колдонулушу/.

РАДИОВОЛНЫ радиотолкундар /радиотехникада пайдаланылуучу электр магниттик толкундар/.

РАЗНОСНАЯ СКОРОСТЬ аша күүлөнүү ылдамдыгы /электр жабдууларына кире турган айлануучу машиналардын жана тартуучу кыймылдаткычтардын механикалык жактан бекемдигин текшерүү үчүн стенддик сыноолордо уруксат берилүүчү айлануу ылдамдыгы/.

РАДИОЛАМПА радиолампа /радио кабыл алгычтарда, радио бергичтерде, теле көрсөткүчтөрдө ж.б. электр магниттик термелүү-

лэрдү иштеп чыгаруу, күчөтүү жана аны өзгөртүү үчүн колдонулуучу түзүлүш/.

РАДИОЛИНИЯ /В ТЕЛЕМЕХАНИКЕ/ радио сызык /башкаруу жана текшерүү сигналдарын алыска бериш үчүн бир же бир нече байланыш каналдарын түзгөн радио түзүлүштөрүнүн тобу/.

РАДИОПЕРЕДАТЧИК радио бергич /турактуу же төмөнкү жыштыктагы өзгөрүлмө токтун кубатын жогорку жыштыктагы токтун кубатына айландыруучу жана термелүүлөрдү башкаруучу жасалгалардын бири бири менен айкалыштырылып, атайын схема боюнча туташтырылышынан түзүлгөн аппарат/.

РАДИОПРИЕМНИК радио кабыл алгыч /антенна тарабынан кабыл алынган сигналдарды күчөтүп аларды төмөнкү жыштыктагы же турактуу токко айландырып, керектүү сигналдарды түрдүү жолтоолордон ажыратып алуучу жасалгалардын белгилүү схема боюнча туташтырылышынан түзүлгөн аппарат/.

РАДИОПЕРЕДАТЧИКОВ АВТОМАТИЧЕСКАЯ ПОДСТРОЙКА радио бергичтерди автоматтык күүлөө /автоматтык издөө системасы менен радио бергичтерди оптималдуу режимге келтирүү/.

РАДИОСПЕКТРОСКОПИЯ радиоспектроскопия /радио толкундарынын ар кандай заттарга резонанстык жутулушун изилдөөчү физиканын бир бөлүгү/.

РАДИОТЕЛЕИЗМЕРЕНИЕ радио теле өлчөө /радио сызыктарынын жардамы менен объекттерди текшерүүчү чоңдуктарды автоматтык түрдө алыска берүү үчүн пайдаланыла турган теле өлчөөнүн бир түрү/.

РАДИОТЕЛЕМЕХАНИКА радиотелемеханика /башкаруу сигналдарын алыска берүү үчүн радио каналдарын пайдалануучу телемеханиканын бир бөлүгү/.



РАДИОТЕЛЕМЕХАНИЧЕСКАЯ СИСТЕМА радиотелемеханикалык система /радиотехникалык каражаттардын жардамы менен об"екттердин абалын контролдоону жана башкарууну алыстан камсыз кылуучу түзүлүштөрдүн, негизги жана жардамчы приборлордун комплекси/.

РАДИОТЕХНИКА радиотехника /электр магнит термелүүлөрүн жана радио диапазонунун жыштыгындагы толкундарды пайда кылуу, өзгөртүү, нурлантуу жана кабыл алуу жөнүндөгү илим; радио аппаратураларын иштеп чыгуу, жасоо жана колдонууну ишке ашыруучу техникалык тармагы/.

РАДИОЭЛЕКТРОНИКА радиоэлектроника /информацияны берүү, кабыл алуу жана өзгөртүү үчүн электр магнит энергиясын колдонуучу маселелерди камтыган илим менен техниканын тармагы/.

РАЗБИЕНИЕ ФАЗОВОГО ПРОСТРАНСТВА НА ОБЛАСТИ фазалык мейкиндикти аймактарга бөлүү /динамикалык системанын абалдары бирдей болгондой кылып, анын фазалык мейкиндигин аймактарга бөлүүчү динамикалык системанын өзгөчө траекторияларын табуу/.

РАЗВЕРНУТАЯ СХЕМА жайык схема /убакытка карата ирети менен туташтырылышы, ажыратылышы жана кайра туташтырылышы ачык сүрөттөлгөн схема/.

РАЗВЕРТКА жайылтуу /каттоочу приборлордо, осциллографтарда физикалык чоңдукту убакыттын функциясы катарында сүрөттөө/.

РАЗВЕТВИТЕЛЬНАЯ КАБЕЛЬНАЯ ВОРОНКА кабелдин тармактарга бөлүүчү воронкасы /кабелди башка өткөргүчтөр менен батыраак кошуу үчүн пайдаланыла турган кабелдин учуна орнотулуучу түзүлүш/.

РАЗДЕЛЯЮЩАЯ КАТУШКА бөлүүчү түрмөк /ар түрдүү фазалардан азыктануучу эки же бир нече коммутациялоочу топтордун жарым иштөөсүн камсыз кылуу үчүн колдонулуучу электромагниттик түзүлүш/.

РАЗМАГНИЧИВАЮЩЕЕ ПОЛЕ магнитсиздендирүүчү талаа /өзүнүн аракети менен нерсенин магниттелишин азайтуучу же жоготуучу талаа/.

РАЗНОВИДНОСТИ РЕЖИМОВ РАБОТЫ иштөө режиминин түрлөрү /электр машиналарынын же аппараттарынын көп кезиге турган негизги иш режиминин түрлөрү: узак иштөө, мезгилдүү жана кыска мөөнөттүү иштөө/.

РАЗНОСТЬ СКАЛЯРНЫХ МАГНИТНЫХ ПОТЕНЦИАЛОВ ДВУХ ТОЧЕК эки чекиттин ортосундагы скалярдык магниттик потенциалдардын айырмасы /тандалып алынган жолдун участогундагы магнит талаасынын чыңалуусунун векторунун сызыктуу интегралына барабар скалярдык чоңдук/.

РАЗНОСТЬ ЭЛЕКТРИЧЕСКИХ ПОТЕНЦИАЛОВ ДВУХ ТОЧЕК эки чекиттин ортосундагы электрдик потенциалдардын айырмасы /талаанын бир чекитинен экинчи чекитине чейин алынган электр талаасынын чыңалуусунун сызыктуу интегралына барабар чоңдук/.

РАЗНОУРОВНЕВОЕ ВОЗДЕЙСТВИЕ түрдүү деңгээлдүү таасир /деңгээлдерин чыгуучу өзгөрүлмө чоңдуктун бир эле белгидеги эки маанисинин бирине туура келтире ала турган эки позициялуу таасир/.

РАЗОМКНУТАЯ СИСТЕМА АВТОМАТИЧЕСКОГО РЕГУЛИРОВАНИЯ автоматтык жөндөөнүн ачык системасы /негизги энергетикалык тизмегинде тескери байланышы жок автоматтык жөндөө системасы/.



РАЗОМКНУТОЕ УПРАВЛЕНИЕ ачык башкаруу /башкы тескери байланыш жок учурда сигналды бир же андан көп берүүчү тизмектер аркылуу берүүнүн жолу/.

РАЗОМКНУТЫЙ КОНТУР ажыратылган контур /таасирди багыттоочу удаалаш туташтырылган звенолордун тизмеги/.

РАЗРЫВ КОНТАКТНОГО РЕЛЬСА контакттык рельстин үзүлүшү /контакттык рельстин удаалаш келген эки участогунун ортосундагы жылчык/.

РАЗРЫВНАЯ МОЩНОСТЬ үзүүчү кубаттуулук /электр ажыраткычтары тарабынан үзүлүүчү максимум кубаттуулук/.

РАЗРЯД АККУМУЛЯТОРА аккумулятордун разряды /тигил же бул керектөөчүлөрдү электр кубаты менен камсыз кылуу максатында аккумулятордун сырткы тизмекке ток берип иштеп турушу/.

РАЗРЯДНОЕ СОПРОТИВЛЕНИЕ разряд каршылыгы /теги статикалык электр заряддарынын агып кетишин камсыз кылуу үчүн сызыктын зымдары менен жердин ортосуна туташтырылган каршылык/.

РАЗРЯДНОСТЬ ВЫЧИСЛИТЕЛЬНОЙ МАШИНЫ эсептегич машинанын разряддуулугу /эсептегич машинанын бир машина сөзүнө тиешелүү болгон разряддардын максималдуу саны/.

РАЗРЯДЫ В ГАЗАХ газдардагы разряд /газ чөйрөлөрүндө электр тогунун өтүү кубулушу/.

РАЗРЯДНЫЙ РЕАКТОР разряд реактору /теги статикалык электр заряддарынын агып кетишин камсыз кылуу үчүн жер менен сызыктын зымдарынын ортосуна туташтырылган реактор/.

РАЗРЯДНЫЙ ТОК разряд тогу /разряддык же учкун аралыгы аркылуу өтүүчү импульстук ток/.

РАЗ"ЕДИНИТЕЛЬ ажыраткыч /электр тизмегинин бир участогунан экинчисине ток жүрбөй турган учурда ажыратуу жана бириктирүү операцияларын ишке ашыруу үчүн пайдаланылуучу жалын өчүрүүчү атайын жасалгалары жок аппарат/.

РАЗ"ЕМ ажыраткыч /электр тизмектерин туташтырып же ажыратып туруучу электр механикалык түзүлүш/.

РАМОЧНАЯ АНТЕННА рамалуу антенна /изоляциялоочу материалдан жасалган каркаска рама түрүндө оролгон өткөргүч/.

РАСПОЛОЖЕНИЕ ПРОВОДОВ өткөргүчтөрдүн жайгаштырылышы /таянычка карата өткөргүчтөрдүн геометриялык орун алышы/.

РАСПРЕДЕЛЕНИЕ ЭЛЕКТРИЧЕСКОЙ ЭНЕРГИИ электр энергиясын бөлүштүрүү /электр энергиясын аны пайдалануучу установкаларга берүү/.

РАСПРЕДЕЛИТЕЛЬ бөлүштүргүч /электр тизмектерин убакыт боюнча удаалаш туташтыра турган коммутациялоочу түзүлүш/.

РАСПРЕДЕЛИТЕЛЬ ГИДРАВЛИЧЕСКИЙ гидравликалык бөлүштүргүч /гидравликалык системанын ар кандай түзүлүштөрүнө жиберилүүчү суюктуктарды токтотуучу, алардын багытын өзгөртүүчү түзүлүш/.

РАСПРЕДЕЛИТЕЛЬ СЖАТОГО ВОЗДУХА кысылган абанын бөлүштүргүч /пневматикалык системанын ар кандай түзүлүштөрүнө абанын агымын жиберүүчү, токтотуучу же анын багытын өзгөртүүчү түзүлүш/.

РАСПРЕДЕЛИТЕЛЬ ТЕЛЕМЕХАНИЧЕСКИЙ БЕСКОНТАКТНЫЙ контактсыз телемеханикалык бөлүштүргүч /телемеханикалык системада электр тизмектерине импульстарды ирети менен бөлүштүрүүчү түзүлүш/.

РАСПРЕДЕЛИТЕЛЬ ТЕЛЕМЕХАНИЧЕСКИЙ РЕЛЕЙНО=КОНТАКТНЫЙ контакттуу реле телемеханикалык бөлүштүргүч /контакттуу релелерден чогултулган бөлүштүргүч/.

РАСПРЕДЕЛИТЕЛЬ ЭЛЕКТРОМЕХАНИЧЕСКИЙ электр механикалык бөлүштүргүч /кыймылга келтиргич катарында туруктуу же өзгөрүлмө токтун кыймылдаткычын колдонуучу, айлануучу же импульстук бөлүштүргүчтүн бир түрү/.



РАСПРЕДЕЛИТЕЛЬ ЭЛЕКТРОННОЛУЧЕВОЙ электрон нурдуу бөлүштүргүч /электр тизмектерин туташтыргыч катарында электрон нурлары пайдаланылган бөлүштүргүч/.

РАСПРЕДЕЛИТЕЛЬНАЯ КОЛОНКА бөлүштүрүүчү колонка /башкаруунун электр аппараттары орнотулган колонка/.

РАСПРЕДЕЛИТЕЛЬНАЯ КОРОБКА /ВОЗДУШНАЯ/ бөлүштүргүч куту / туташтырууларды ажыратыла турган, жердин үстүнө жайгаштырылып туруп, өзүнө кошулган электр тизмектерин туташтырууну жана ажыратууну ишке ашыруу үчүн пайдаланылуучу куту/.

РАСПРЕДЕЛИТЕЛЬНАЯ КОРОБКА /ПОДЗЕМНАЯ/ бөлүштүргүч куту /туташтырууларды ажыратыла турган, жердин астына жайгаштырылып туруп өзүнө кошулган электр тизмектерин туташтырууну жана ажыратууну ишке ашыруу үчүн пайдаланылуучу куту/.

РАСПРЕДЕЛИТЕЛЬНАЯ ПОДСТАНЦИЯ бөлүштүргүч подстанция /бөлүштүргүч электр тармагын азыктандыруучу подстанция/.

РАСПРЕДЕЛИТЕЛЬНЫЕ ПРОВОДА бөлүштүргүч өткөргүчтөр /электр тогун азыктандыруучу пункттарынан керектөөчүлөргө жеткирүү кызматын аткаруучу өткөргүчтөр/.

РАСПРЕДЕЛИТЕЛЬНОЕ УСТРОЙСТВО бөлүштүргүч түзүлүш /белгилүү схема боюнча жайгаштырылган ар түрдүү электр аппараттарынан, өлчөгүч ж.б. приборлордон турган түзүлүш/.

РАСПРЕДЕЛИТЕЛЬНЫЙ ЩИТ бөлүштүрүүчү калкан /электр тизмектерин башкаруу үчүн арнал болгон коммутациялык аппараттардын жана аларды бириктирүүчү өткөргүчтөрдүн рамага бекитилген комплекси/.

РАСПРЕДЕЛИТЕЛЬНЫЙ ЩИТ С ВЫДВИЖНЫМИ БЛОКАМИ жылдырылуучу блоктору бар бөлүштүрүүчү калкан /жылдыруучу элементтерден турган бөлүштүрүүчү калкан/.

РАСПРЕДЕЛИТЕЛЬНЫЙ ЩИТ С КОРРИДОРОМ ОБСЛУЖИВАНИЯ тейлөөчү коридорлуу бөлүштүрүлүүчү калкан /аппараттары тейлөөчү коридор менен бөлүнгөн бет маңдай эки жакка орнотулган бөлүштүрүүчү калкан/.

РАСПРЕДЕЛИТЕЛЬНЫЙ ЩИТ С МНЕМОНИЧЕСКОЙ СХЕМОЙ мнемо схемалуу бөлүштүрүүчү калкан /башкы тармактардын коммутациялык аппараттарын башкаруучу түзүлүштөр жана установканын схемасы көрсөтүлгөн бөлүштүрүүчү калкан/.

РАСПРЕДЕЛИТЕЛЬНЫЙ ШКАФ бөлүштүрүүчү шкаф /коммутациялоочу аппараттардын комплекти жайлаштырылган шкаф түрүндөгү түзүлүш/.

РАСПРЕДЕЛИТЕЛЬНЫЙ ЯЩИК, ПУСКОВОЙ ЯЩИК бөлүштүргүч үкөк, жүргүзгүч үкөк /электр кыймылдаткычын же кандайдыр бир электр аппаратын башкаруу жана сактоо үчүн зарыл болгон жабдуулары бар үкөк/.

РАССОГЛАСОВАНИЕ келишпөөчүлүк /системанын чыгуучу чоңдугу менен таасир берүүчү чоңдугунун ортосундагы айырма/.

РАССРЕДОТОЧЕННЫЕ ОБ"ЕКТЫ чачыранды об"екттер /текшерилүүчү комплекстик территорияда группа боюнча же бир бирден болуп жайлаштырылган теле башкаруунун же теле текшерүүнүн об"екттери/.

РАСХОДОМЕР ВЕРТУШЕЧНЫЙ айланма сарпталыш өлчөгүч /калакчалардын айлануу саны боюнча заттардын көлөмдүк сарпталышын аныктоо/.



РАСХОДОМЕР ИНДУКЦИОННЫЙ индукциялык сарпталыш өлчөгүч /магнит талаасындагы агып жаткан суюктуктун агымында индукциялык жол менен пайда болгон электр кыймылдаткыч күчүнүн чоңдугу боюнча суюктуктун сарпталышын аныктагыч/.

РАСХОДОМЕР ИОНИЗАЦИОННЫЙ иондоштуруучу сарпталыш өлчөгүч /газдардын агымын иондоштуруу жолу менен сарпталышын өлчөө/.

РАСЦЕПИТЕЛЬ /РАСЦЕПЛЯЮЩЕЕ УСТРОЙСТВО/ МАКСИМАЛЬНОГО ТОКА максималдуу токтун бөлгүчү /өзү аркылуу өтүп жаткан туруктуу ток багытын карама-каршы багытка өзгөрткөндө автоматтык түрдө иштөөчү түзүлүш/.

РАСЧЕТНЫЙ СТОЛ эсептөө столу /электр системаларын же анын элементтерин алмаштыруучу схеманы түзүүгө мүмкүн болгондой сандагы элементтерден турган установка/.

РАСШИФРОВЫВАЮЩАЯ МАШИНА шифрлерди жандырма машина /перфокартага тешип түшүрүлгөн информацияларды түшүндүрүп жана аларды ошол эле перфокартага жазып калтыруучу машина/.

РАСЩЕПЛЕННЫЙ ПРОВОД ажыратылган өткөргүч /бир биринен белгилүү аралыкта атайын кергичтер менен ажыратылган жарым туташтырылган, буралган же бүтүн бир зымдан турган өткөргүч/.

РАУСА КРИТЕРИЙ раус критерийи /туруктуу токтун коэффициенттери бар даражасындагы сызыктуу дифференциалдык теңдеме менен туюнтулган динамикалык системанын туруктуулугун аныктоочу критерий/.

РЕАКТАНЦ реактанц /электр тизмегинин реактивдүү электр каршылыгы/.

РЕАКТИВНАЯ КАТУШКА реактивдүү түрмөк /активдүү каршылыгы аз, бирок индуктивдүү каршылыгы чоң түрмөк/.

РЕАКТИВНАЯ ЛАМПА реактивдүү лампа /атайын схемаларда өзгөрүлмө реактивдүүлүктү берүүчү электрондук лампа/.

РЕАКТИВНАЯ МОЩНОСТЬ В ВЕНТИЛЬНЫХ ПРЕОБРАЗОВАТЕЛЯХ вентилдүү өзгөрткүчтөрдөгү реактивдүү кубаттуулук /вентилдүү өзгөрткүчтөр иштеген учурда алардын азыктандыруучу тармактардан кабыл алган кубаттуулугу/.

РЕАКТИВНАЯ МОЩНОСТЬ ЭЛЕКТРИЧЕСКОЙ ЦЕПИ электр тизмегинин реактивдүү кубаттуулугу /өзгөрүлмө токтун тизмегиндеги конденсаторлордо жана индуктивдүү түрмөктөрдө жыйналган энергия/.

РЕАКТИВНАЯ ПРОВОДИМОСТЬ ЭЛЕКТРИЧЕСКОЙ ЦЕПИ электр тизмегинин реактивдүү өткөрүмдүүлүгү /толук жана активдүү өткөрүмдүүлүктөрдүн квадраттарынын айырмасынын чарчы тамырына барабар болгон чоңдук. Реактивдүү өткөрүмдүүлүк эгерде ток фазасы боюнча чыңалуудан артта болсо – /+/ белгиси менен, ал эми фазасы боюнча ток чыңалуудан озуп жүрө турган болсо – /–/ белгиси менен алынат/.

РЕАКТИВНОЕ АКУСТИЧЕСКОЕ СОПРОТИВЛЕНИЕ реактивдүү акустикалык каршылык /акустикалык каршылыктын анык эмес бөлүгү/.

РЕАКТИВНОЕ МЕХАНИЧЕСКОЕ СОПРОТИВЛЕНИЕ реактивдүү механикалык каршылык /механикалык каршылыктын анык эмес бөлүгү/.

РЕАКТИВНОЕ НАПРЯЖЕНИЕ реактивдүү чыңалуу /өзгөрүлмө токтун тизмегиндеги толук чыңалуунун түзүүчүлөрүнүн бири/.

РЕАКТИВНОЕ СОПРОТИВЛЕНИЕ ЭЛЕКТРИЧЕСКОЙ ЦЕПИ электр тизмегинин реактивдүү каршылыгы /толук жана активдүү каршылыктардын квадраттарынын айырмасынын чарчы тамырына барабар болгон чоңдук. Реактивдүү каршылык ток чыңалуудан фазасы боюнча артта болсо /+/ белгиси менен, ал эми ток фазасы боюнча өсүп жүрө турган болсо /–/ белгиси менен алынат/.



РЕАКТИВНОЕ УДЕЛЬНОЕ АКУСТИЧЕСКОЕ СОПРОТИВЛЕНИЕ реактивдүү салыштырмалуу акустикалык каршылык /салыштырмалуу акустикалык каршылыктын анык эмес бөлүгү/.

РЕАКТИВНЫЙ ТОК реактивдүү ток /өзгөрүлмө токтун тизмегиндеги токтун толук маанисинин түзүүчүлөрүнүн бири/.

РЕАКТИВНЫЙ ЭЛЕКТРОДВИГАТЕЛЬ реактивдүү электр кыймылдаткыч /ротору оромосуз жана туруктуу магнитсиз ачык уюлдуу болуп жасалган синхрондуу электр кыймылдаткыч/.

РЕАКТОР реактор /кыска туташуу мезгилинде пайда болуучу күчтүү токтордун чоңдугун чектөө максатында жана чыңалууну мындай учурда берилген чекте кармап туруу үчүн пайдаланылуучу индуктивдүү түрмөк. Реакторлор болот өзөкчөсү жок түрмөк түрүндө жасалгандыктан алардын индуктивдүүлүгү токтун чоңдугуна көз каранды болбойт/.

РЕАКТОР С ОТПАЙКАМИ отпайкалуу реактор /индуктивдүүлүгүн оромдорунан чыгарылган отпайкаларын которуштуруп туташтыруу жолу менен өзгөртүүгө боло турган реактор/.

РЕАКТОР /ДРОССЕЛЬ/ С РЕГУЛИРУЕМЫМ ВОЗДУШНЫМ ЗАЗОРОМ жөндөлүүчү аба жылчыгы бар реактор /жөндөштүрүлүп туруучу аба жылчыгынын жардамы менен магнит тизмегинин өткөрүмдүүлүгүн өзгөрткөндө индуктивдүүлүгү да өзгөрүп туруучу реактор/.

РЕАКЦИЯ НА ВОЗДЕЙСТВИЕ таасирге болгон реакция /киришинде таасири бар автоматтык жөндөө системасынын чыгышындагы процесс/.

РЕАКЦИЯ ЯКОРЯ якордун реакциясы /якордун магниттештирүү күчүнүн машинанын магнит талаасына болгон таасири/.

РЕВЕРСОР реверсор /тизмектин участокторун карама-каршы которуп туташтыруу үчүн колдонулуучу аппарат/.

РЕВЕРСИВНОЕ УПРАВЛЕНИЕ реверстүү башкаруу /кыймылдаткычтарды айлануу багытын өзгөртүп башкаруу/.

РЕВЕРСИВНЫЙ КОНТАКТОР реверстүү контактор /кыймылдаткычтардын айлануу багытын өзгөртүш үчүн колдонулуучу контакттуу аппарат/.

РЕВЕРСИРОВАНИЕ реверстөө /кыймылдаткычтардын айлануу багытын өзгөртүү/.

РЕГЕНЕРАЦИЯ регенерация /эске тутуучу түзүлүштөгү информацияны сактап калыш үчүн берилген чоңдуктарды кайра жазуу/.

РЕГИСТР регистр /эсептегич машинанын машина сөздөрүн жана анын бөлүктөрүн ошондой эле айрым функционалдык белгилерди эске тутуу кызматын аткаруучу түйүнү/.

РЕГИСТР КОМАНД командалардын регистри /командалардын аткарылыш процессинде аларды өзгөртүп жана сактап туруучу эсептегич машинанын башкаруучу түзүлүшүндөгү түйүн/.

РЕГИСТР ПРИРАЩЕНИЯ АДРЕСА өсүндү адрестин регистри /команданы пайдалануунун алдында анын адрестик бөлүгүнө кошула турган кодду сактоого арналган башкаруу түзүлүшүндөгү түйүн/.

РЕГИСТРАЦИЯ АВТОМАТИЧЕСКАЯ автоматтык каттоо /информацияны сактап жана пайдаланыш үчүн аны автоматтык түрдө жазуу/.

РЕГУЛИРОВАНИЕ АВТОМАТИЧЕСКОЕ автоматтык жөндөө /автоматтык башкаруунун бир түрү/.

РЕГУЛИРОВАНИЕ АСТАТИЧЕСКОЕ астатикалык жөндөө /жумушчу мүнөздөмөнүн каалаган точкасында статизмдин коэффициентин нөлгө жеткириш жөндөөнүн жолу/.



РЕГУЛИРОВАНИЕ ВОЛЬТОДОБАВОЧНЫМ ТРАНСФОРМАТОРОМ вольт кошумчалоочу трансформатор менен жөндөө /негизги трансформаторго удаалаш туташтырылган вольт кошумчалоочу трансформатору бар чыңалуу жөндөгүч түзүлүш/.

РЕГУЛИРОВАНИЕ ИЗМЕНЕНИЕМ НАПРЯЖЕНИЯ чыңалууну өзгөртүү менен жөндөө /жөндөлүүчү генератордун же трансформатордун жардамы менен берилип жаткан чыңалууну өзгөртүп кыймылдаткычтардын айлануу ылдамдыктарын жөндөө методу/.

РЕГУЛИРОВАНИЕ ИЗМЕНЕНИЕМ ЧИСЛА ПОЛЮСОВ уюлдардын санын өзгөртүү менен жөндөө /көп фазалуу кыймылдаткычтардын жуп уюлдарынын санын өзгөртүү менен эң кеминде эки ылдамдык алууга мүмкүндүк берүүчү жөндөөнүн методу/.

РЕГУЛИРОВАНИЕ ИЗМЕНЕНИЕМ ЧАСТОТЫ /ЧАСТОТНОЕ РЕГУЛИРОВАНИЕ/ жыштыкты өзгөртүү менен жөндөө /берилип жаткан токтун жыштыгын өзгөртүү менен бир нече ылдамдыкты же ылдамдыктын үзгүлтүксүз өзгөрүшүн алууга мүмкүндүк берүүчү кыймылдаткычтардын айлануу ылдамдыгын жөндөөнүн методу/.

РЕГУЛИРОВАНИЕ ИМПУЛЬСНОЕ импульстук жөндөө /башкаруу таасири удаалаш импульстардан турган жөндөө/.

РЕГУЛИРОВАНИЕ ПРИМЕНЕНИЕМ КАСКАДНОГО СОЕДИНЕНИЯ /КАСКАДНОЕ РЕГУЛИРОВАНИЕ/ электр машиналарын баскычтуу туташтыруу менен жөндөө /синхрондуу ылдамдыктан төмөнкү маанидеги ылдамдыкты алуу үчүн кыймылдаткычтарды бир бири менен механикалык түрдө кошуп жана алардын биринин экинчисинин роторунан азыктандыргандай кылып туташтырып индуктивдүү эки кыймылдаткычтын ылдамдыктарын жөндөө методу/.

РЕГУЛИРОВАНИЕ ПО ПРОИЗВОЛЬНОЙ туунду боюнча жөндөө /ка-

танын убакыт боюнча алынган туундузунга көвү карангы таасир менен жендээ/.

РЕГУЛИРОВАНИЕ ПРОГРАММНОЕ программалыг жендээ /системаның кандыг-бир параметрине же убакытка функция түрүнде берилген объекттиң абалын мүнездээр бир же бир нече чондуктарны жендээ/.

РЕГУЛИРОВАНИЕ ПРЯМОГО ДЕЙСТВИЯ туу арааттуу жендээ /кошумча азыктандыруунуң булагыноз жанге салуу/.

РЕГУЛИРОВАНИЕ СКОРОСТИ ВРАЩЕНИЯ айлануу ылдамдыгын жендээ /объекттиң айлануу ылдамдыгын турактуу маанидe кармап туруу же башкаруучу таасирниң өзгерүүнүн ылайык ылдамдыкты өзгертүү/.

РЕГУЛИРОВАНИЕ СКОРОСТИ ЭЛЕКТРОДВИГАТЕЛЕЙ электр кыймылдаткычтарының ылдамдыгын жендээ /өндүрүштүн технологиялык процесстериниң талабына жараша электр кыймылдаткычтарының роторлорунуң айлануу ылдамдыгын өзгертүү/.

РЕГУЛИРОВАНИЯ ВРЕМЯ жендээ убактысы /турактуу динамикалык системаның кандыйдыр бир баштапкы абалынан турактуулашкан кыймылга өтүүгө кеткен убактысы/.

РЕГУЛИРОВАНИЯ ДИАПАЗОН жендөө диапазону /автоматтык жендөө системасын башкаруучу таасирдин маанисинин өзгөрүүгө мүмкүн болгон аймагы/.

РЕГУЛИРОВАНИЯ ОШИБКА жендээнүн катасы /жендөлүүчү чондуктун чыныгы мааниси менен талап кылынуучу маанисинин ортосундагы айырма/.

РЕГУЛИРОВАНИЯ СИСТЕМА жендээ системасы /кандайдыр бир физикалык чондуктун өзгөрүшүн берилген закон боюнча жүргүзүүчү системасы/.



РЕГУЛИРОВАНИЯ СТАТИКА жендээнүн статикасы /бардык сырткы аракеттер турактуу болгон учурда турактуулашкан абалда автоматтык түрдө иштөө режими/.

РЕГУЛИРОВОЧНЫЙ РЕАКТОР, РЕГУЛИРОВОЧНЫЙ ДРОССЕЛЬ жендөөчү реактор, жендөөчү дроссель /өзү туташтырылган тизмектеги токту же чыңалуунун төмөндөөсүн белгилүү чекте өзгөртүп туруучу аппарат/.

РЕГУЛИРУЕМАЯ ВЕЛИЧИНА жендөлүүчү чондук /мааниси автоматтык жендөө системасында турактуу маанидө болгон же берилген программага ылайык өзгөрүп туруучу чондук/.

РЕГУЛИРУЕМАЯ ПЕРЕМЕННАЯ жендөлүүчү өзгөрүлмө чондук /мааниси жөнгө салынып же такталып туруучу өзгөрүлмө чондук/.

РЕГУЛИРУЕМЫЙ ТРАНСФОРМАТОР жендөлүүчү трансформатор /берилген чыңалууну алыш үчүн атайын ороомосу бир нече секцияларга бөлүнгөн трансформатор/.

РЕГУЛИРУЮЩАЯ ПЕРЕМЕННАЯ жендөөчү өзгөрүлмө чондук /башкаруу объектисинин кирүүчү чондугунун бири болгон жендөөчү түзүлүштүн чыгуучу чондугу/.

РЕГУЛИРУЮЩЕЕ ВОЗДЕЙСТВИЕ жендөөчү таасир /жендөлүүчү чондуктун маанисин каалаган мааниге жеткирүү үчүн жөнгөтүүчүнүн объектке болгон аракети/.

РЕГУЛИРУЮЩИЙ ОРГАН жендөөчү орган /жендөлүүчү өзгөрүлмө чондукту башкара турган жендөөчү элемент/.

РЕГУЛЯТОР жендегич /кандайдыр бир чондукту /токту, чыңалууну, ылдамдыкты, кубаттуулукту/ иш жүзүндө бир калыпта кармап турууга же белгиленген закону ылайык өзгөртүп турууга жендемдүү аппарат/.

РЕГУЛЯТОР АВТОМАТИЧЕСКИЙ автоматтык жөнгөгүч /объекттин жөнгөлүүчү чоңдуктарын автоматтык түрдө жөнгөө үчүн ага туташтырылган түзүлүштөрдүн тобу/.

РЕГУЛЯТОР АСТАТИЧЕСКИЙ астатикалык жөнгөгүч /жөнгөлүүчү чоңдуктун туруктуулаган маанисин сырткы таасирге көз каранды болбогондой кылып жөнгөөчү түзүлүш/.

РЕГУЛЯТОР ДАВЛЕНИЯ басым жөнгөгүч /басымды берилген маанилеринин чегинде кармап турууга арналган пневматикалык автоматтык түзүлүш/.

РЕГУЛЯТОР МАКСИМАЛЬНОГО ДАВЛЕНИЯ жогорку басымдуу жөнгөгүч /берилген басымдын маанисине жеткенде же ал маанiден жогору өткөндө электр же пневматика тизмегин ажыратуучу пневматикалык автоматтык түзүлүш/.

РЕГУЛЯТОР МИНИМАЛЬНОГО ДАВЛЕНИЯ төмөнкү басымдуу жөнгөгүч /берилген басымдын маанисине жеткенде же ал маанiден төмөн түшкөндө электр же пневматика тизмегин ажыратуучу пневматикалык автоматтык түзүлүш/.

РЕГУЛЯТОР НАПРЯЖЕНИЯ чыңалуунун жөнгөгүч /электр машиналарынын чыңалуусун берилген деңгээлде кармап туруучу же жөнгөөчү түзүлүш/.

РЕГУЛЯТОР НАТЯЖЕНИЯ керүүнүн регулятору /туурасынан тартылган тростун же үзүлө кеткен контакттык элементин керилишин жөнгөө үчүн пайдалануучу түзүлүш/.

РЕГУЛЯТОР НЕПРЯМОГО ДЕЙСТВИЯ кыйыр аракеттүү жөнгөгүч /сезгич элементи жөнгөөчү органга кубаттын бир же бир нече күчөткүчтөрү аркылуу таасир кылуучу жөнгөгүч/.

РЕГУЛЯТОР ПНЕВМАТИЧЕСКИЙ пневматикалык жөнгөгүч /элементтеринин ортосундагы өз ара байланыш жана жөнгөөчү органга берилген аракет кысылган абанын жардамы менен жүргүзүлүүчү жөнгөгүч/.



РЕГУЛЯТОР ПРЕРЫВИСТОГО ДЕЙСТВИЯ үзгүлтүктүү аракеттүү жөнгөгүч /жөнгөлүүчү органга болгон таасири импульстардын удаалаштыгынан турган автоматтык жөнгөгүч/.

РЕГУЛЯТОР ПРЯМОГО ДЕЙСТВИЯ түз аракеттүү жөнгөгүч /сезгич элементи жөнгөлүүчү органга аралагы энергияны пайдаланбастан түздөн түз аракет кылуучу жөнгөгүч/.

РЕГУЛЯТОР СКОЛЬЖЕНИЯ жылмышуунун жөнгөгүч /асинхрондуу кыймылдаткычтардын валындагы жүктүн чоңдугу өзгөргөндө алардын айлануу моментин бир калыпта автоматтык түрдө кармап туруучу аппарат/.

РЕГУЛЯТОР СТАТИЧЕСКИЙ статикалык регулятор /жөнгөлүүчү чоңдуктун туруктуулаган маанисин жүктүн чоңдугуна карата өзгөртүп туруучу жөнгөгүч/.

РЕГУЛЯТОР ЧАСТОТЫ жыштыктын жөнгөгүч /энергетикалык системаларда активдүү кубаттын ашыктыгынан же жетишсиздигинен пайда болгон жыштыктын кыйшаюусун жөнгөөчү аппарат/.

РЕГУЛЯТОР ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ электр жөнгөгүч /аткаруу органдарын башкаруу үчүн электр энергиясын пайдалануучу жөнгөгүч/.

РЕГУЛЯТОР ЭЛЕКТРОМЕХАНИЧЕСКИЙ электр механикалык жөнгөгүч/аткаруучу механизмди иштетүү электр энергиясынын, ал эми ар бир элементтин ортосундагы байланыш механикалык энергиянын жардамы менен болгон жөнгөгүч/.

РЕЖИМ режим /жабдыктардын иштешинин же технологиялык процесстердин жүрүшүнүн мурдатан берилген параметрлеринин жыйындысы/.

РЕЗЕРВНЫЕ ШИНЫ резервдик шиналар /ажыраткычтын жардамы менен каалаган тизмекти которуп туташтырууга боло турган шиналардын экинчи системасы/.

РЕЗИСТОР резистор /электр тогун жана чыңалуусун жөндөө максатында колдонулуучу электр тогуна белгилүү каршылык көрсөтө ала турган электр тизмегинин структуралык элементи/.

РЕЗНАТРОН резнатрон /күчтүү термелүүлөрдү генерациялоочу жана күчөтүүчү лампа/.

РЕЗОНАНС резонанс /термелме системада турактууланган термелүүлөрдүн амплитудасынын кескин түрдө өсүшү/.

РЕЗОНАНС КОЛЕБАНИЙ термелүүлөрдүн резонансы /контурдун өздүк термелүү жыштыгынын аны азыктандыруучу токтун булагынын термелүү жыштыгы менен дал келүү кубулушу. Резонанстын пайда болушу контурдагы токтун жана чыңалуунун, ошондой эле индуктивдүүлүктүн жана сыйымдуулуктун көбөйүү процесстеринин пайда болушу менен мүнөздөлөт/.

РЕЗОНАНС НАПРЯЖЕНИЙ чыңалуулардын резонансы /индуктивдүүлүгү жана сыйымдуулугу бар участоктордун удаалаш туташтырылышынан турган электр тизмегиндеги резонанс кубулушу. Резонанс тизмектин индуктивдүү каршылыгы менен сыйымдуулуктун каршылыгы бир бирине барабар болгон учурда пайда болот/.

РЕЗОНАНС ТОКОВ токтордун резонансы /индуктивдүүлүгү жана сыйымдуулугу бар участоктордун жарыш туташтырылышынан түзүлгөн электр тизмегиндеги резонанс кубулушу. Резонанс индуктивдүүлүктөгү жана сыйымдуулуктагы реактивдүү өткөрүмдүүлүктөр бир бирине барабар болгон учурда пайда болот/.

РЕЗОНАНСНАЯ ЧАСТОТА резонанс жыштыгы /аргасыздан болгон термелүүнүн амплитудасынын кескин түрдө жогорулашына алып келген мезгилдүү сырткы таасирдин жыштыгы/.



РЕЗОНАНСНОЕ ПЕРЕНАПРЯЖЕНИЕ резонанстык өтө чыңалуу (тизмектин электр резонансынын натыйжасында пайда болуучу негизги же гармоникалык жыштыктын ашык чыңалуусу);

РЕКОРДЕР рекордер (акустикалык же электрдик сигналдарды механикалык термелүүлөргө айландыруучу электр механикалык өзгөрткүч).

РЕКУПЕРАТИВНОЕ ТОРМОЖЕНИЕ рекуперациялык токтотуу (генератор режиминде иштеп жаткан электр кыймылдаткычтарынын энергиясын кайрадан тармакка берүү менен токтотуу).

РЕКУПЕРАЦИЯ ЭЛЕКТРИЧЕСКОЙ ЭНЕРГИИ электр энергиясынын рекуперацияланышы (тормоздолгон учурда электр кыймылдаткычтарынын генератордук режимге өтүп электр кубатын тармакка кайрадан бериши/.

РЕКУРРЕНТНЫЙ КОД рекуррент коду (келүүчү символдордун ар бири алдындагы символдор жана билдирүүнүн ушул элементи аркылуу аныкталуучу код).

РЕЛАКСАЦИОННОЕ КОЛЕБАНИЕ релаксациялык термелүүлөр (чыңалуусу (тогу) же алардын туундуларынын кескин түрдө өзгөрүшү менен мүнөздөлгөн электр термелүүлөрү).

РЕЛЕ реле (сырткы физикалык кубулуштардын таасири астында секирип өзгөрүүчү чоңдуктарды пайда кылуучу автоматтык түзүлүштүн элементи).

РЕЛЕ АКУСТИЧЕСКОЕ акустикалык реле (акустикалык термелүүнүн өзгөрүшүн сезип ишке кирүүчү реле).

РЕЛЕ ВРЕМЕНИ убакыт релеси (бир түзүлүштөн экинчи түзүлүшкө же автоматтык түзүлүштүн бир бөлүгүнөн экинчи бөлүгүнө таасирди берүүдө убакыттын белгилүү бир мөөнөтүн түзүүгө арналган реле).

РЕЛЕ ЗАЩИТНОЕ сактагыч реле /электр системасын чукул туташуудан же кокустук режимдердин пайда болушунан сактоочу реле/.

РЕЛЕ КОДОВОЕ код релеси /код түзүүгө, берүүгө же кабыл алууга арналган реле/.

РЕЛЕ КОНТРОЛЯ СКОРОСТИ ылдамдыкты контролдоочу реле

РЕЛЕ МАГНИТНОЕ магниттик реле /материалдардын магниттик мүнөздөмөсүнүн же магниттик чоңдуктарынын өзгөрүшүн сезип ишке кирүүчү реле/.

РЕЛЕ МАКСИМАЛЬНОГО ТОКА максималдуу токтун релеси /электр системасындагы чоң токту сезүүгө арналган жана ал ток белгилүү маанисинен ашканда гана ишке кирүүчү реле/.

РЕЛЕ МЕХАНИЧЕСКОЕ механикалык реле /заттардын механикалык параметрлеринин же механикалык чоңдуктарынын өзгөрүшүн сезип иштөөчү реле/.

РЕЛЕ НАПРЯЖЕНИЯ чыңалуу релеси /кысkычтарындагы чыңалуу белгилүү мааниге жеткенде иштөөчү реле/.

РЕЛЕ НУЛЕВОЕ нөл релеси /кандайдыр бир чоңдукту сезүүгө арналган жана ал чоңдуктун кичирейиш чеги чектелбеген минималдуу реле/.

РЕЛЕ ПЕРВИЧНОЕ алгачкы реле /электр түйүнүнө түздөн түз туташтырылуучу реле/.

РЕЛЕ ПРОМЕЖУТОЧНОЕ аралыгы реле /өзүнөн мурдагы реледен келген импульстардын күчүн өзгөртүүчү жана ал импульстарды ар бир түйүндөргө бөлүштүрүүчү реле/.

РЕЛЕ УПРАВЛЕНИЯ башкаруу релеси /электр түзүлүштөрүнүн системасын ишке киргизүүчү жана иштетүүчү реле/.

РЕЛЕ УСКОРЕНИЯ ылдамдануу релеси /айлануучу машинанын ылдамдануусун жөндөөчү реле/.



РЕЛЕ ЧАСТОТЫ ТОКА токтун жыштык релеси /токтун жыштыгынын белгилүү бир маанисинде ишке кирүүчү реле/.

РЕЛЕ ЭЛЕКТРИЧЕСКОЕ БЕСКОНТАКТНОЕ контактсыз электр релеси /реле режиминде иштеген магниттүү күчөткүч/.

РЕЛЕ ЭЛЕКТРИЧЕСКОЕ РЕЗОНАНСНОЕ резонанстык электр релеси /иши электрдик жана механикалык термелүү системаларында пайда болуучу резонанстык кубулушка негизделген реле/.

РЕЛЕ ЭЛЕКТРОМАГНИТНОЕ электр-магнит релеси /ферромагнит көзөнөгүнүн же өзөгүнүн орамологу аркылуу өткөн токтун чоңдугун сезүүчү реле/.

РЕЛЕЙНАЯ ЗАЩИТА релелик сактоо /электр машиналарын жана аппараттарын чукул туташтыруудан, артык баш жүктөлүүнүн тогунан залал тартуудан релелерди колдонуу менен автоматтык түрдө сактап калуу чаралары/.

РЕЛЕЙНАЯ ХАРАКТЕРИСТИКА релелик мүнөздөмө /чыгуучу чоңдук кирүүчү чоңдуктун маанисине карата эки же үч туруктуу маани кабыл алуучу бөлүктөрү сызыктуу мүнөздөмө/.

РЕЛЕЙНАЯ ЦЕПЬ реле тизмеги /реле түзүлүштөрүндө аракеттерди берүүнүн жолу/.

РЕЛЕЙНОГО УСТРОЙСТВА СТРУКТУРА реле түзүлүшүнүн структурасы /түзүлүштүн кириши менен чыгышынан жана элементтердин ортосундагы өз ара аракет кылып турган реле элементтеринин жана байланыштарынын түзүлүштөрүн түзүүчү состав/.

РЕЛЕЙНОГО УСТРОЙСТВА ЭЛЕМЕНТЫ реле түзүлүшүнүн элементтери /реле түзүлүштөрүнүн составдык бөлүктөрү/.

РЕЛЕЙНОГО ЭЛЕМЕНТА СРАБАТЫВАНИЕ реле элементинин ишке кириши /реле элементинин абалын өзгөртүүгө мажбур кылган өтмө процесс/.

РЕЛЕЙНОЕ ВОЗДЕЙСТВИЕ релелик таасир /деңгээлдеринин бири чыгуучу өзгөрүлмө чоңдуктун мурунтан берилген маанисине, ал эми экинчи деңгээли нөлгө туура келген эки позициялуу таасир/.

РЕЛЕЙНОЕ ДЕЙСТВИЕ реле аракети /чыгыш сигналдарынын маа-ниси чектүү мааниге ээ болгон түзүлүштөрдүн же элементтердин мүнөздөмөсү/.

РЕЛЕЙНОЕ УСТРОЙСТВО релелүү түзүлүш /реле аракеттүү эле-менттерден турган түзүлүш/.

РЕЛЕЙНОЕ УСТРОЙСТВО АВТОНОМНОЕ автономиялуу реле түзүлүшү /кабыл алуучу элементи болбогон б.а. кирүүчү таасири жок тү-зүлүш/.

РЕЛЕЙНОЕ УСТРОЙСТВО АСИНХРОННОЕ асинхрондуу реле түзүлүшү /абалынын өзгөрүш моменти арадагы элементтердин абалынын өз-гөрүш моменти менен аныкталуучу реле түзүлүшү/.

РЕЛЕЙНОЕ УСТРОЙСТВО СИНХРОННОЕ синхрондуу реле түзүлүшү /абалынын өзгөрүш моменти атайын синхрондоштурулган туруктуу жыштыктагы импульстардын таасири менен аныкталуучу реле түзү-лүшү/.

РЕЛЕЙНЫЙ БЕСКОНТАКТНЫЙ ЭЛЕМЕНТ контактсыз реле элементи

РЕЛЕЙНЫЙ ДВУХПОЗИЦИОННЫЙ ЭЛЕМЕНТ эки позициялуу реле эле-менти /аткаруучу органы эки түрдүү абалда болууга мүмкүн бол-гон реле элементи/.

РЕЛЕЙНЫЙ ДВУХПОЛЮСНИК релелик эки уюлдук /азыктандыруучу булакка туташтырыла турган бир түйүнү жана чыгуучу таасир берүү-чү экинчи түйүнү бар контакттуу реле түзүлүшү/.

РЕЛЕЙНЫЙ КОНТАКТНЫЙ ЭЛЕМЕНТ контакттуу реле элементи /ат-каруучу органдар катары электр контакттары кызмат кылуучу реле элементи/.



РЕЛЕЙНЫЙ ЭЛЕМЕНТ реле элементи /релелик мүнөздөмөсү бар бири бири менен байланыштырылган тетиктердин минималдык тобу/.

РЕЛЕЙНЫЙ ЭЛЕМЕНТ ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ электрдик реле элементи /андан электр тогу өткөндө пайда болуучу кубулуштардын таасирине негизделген реле элементи/.

РЕМОНТНОЕ ЗАЗЕМЛЕНИЕ, РЕМОНТНОЕ ЗАЗЕМЛЯЮЩЕЕ УСТРОЙСТВО ремонт-тук жердештирүү, ремонттук жердештирүүчү түзүлүш /нормалдуу иш учурунда чыңалууга туташтырылган, бирок ремонт учурунда чыңалуу-дан ажыратылган схеманын элементтери менен байланышкан убактылуу жердештирүүчү түзүлүш/.

РЕОСТАТ реостат /кандайдыр кошулган бөлүктөрүн ажыратпас-тан эле чоңдугун өзгөртүп турууга мүмкүн болгон жөнгө салуучу кар-шылык/.

РЕОСТАТ ВОЗБУЖДЕНИЯ дүүлүктүрүүчү реостат /электр машина-сынын дүүлүктүрүү тогун жөнгө салып туруу үчүн колдонулуучу реостат/.

РЕОСТАТ ДЛЯ РЕГУЛИРОВАНИЯ СКОРОСТИ ылдамдыкты жөнгө салуучу рео-стат /кыймылдаткычтын ылдамдыгын жөнгө салуу үчүн пайдаланылуучу реостат/.

РЕОСТАТНОЕ РЕГУЛИРОВАНИЕ реостаттуу жөнгө салуу /кыймылдаткычтын якоруна удаалаш туташтырылган жөнгө салуучу каршылыктарды колдонуу менен электр кыймылдаткычтарынын айлануу ылдамдыктарын жөнгө салуу методу/.

РЕОСТАТНЫЙ КОНТРОЛЛЕР реостаттуу контроллер /реостаттар-дын чыгыш кыскычтарын которуштуруп туташтыруучу түзүлүш/.

РЕПРОДУКТОР репродуктор /перфокарталардын массивдерин кай-радан группалоо жана көчүрүү үчүн же перфоленталарды көчүрүү үчүн колдонулуучу перфоратор/.

РЕЧЕВОЙ ШУМ <u>сүйлөөдөгү чуу</u> /спектрдик составы боюнча адамдын орто үнүнө туура келүүчү татаал үн/.

РЕШЕТЧАТАЯ БАШЕННАЯ ОПОРА <u>тор сымтуу мунара таяныч</u> /тор формасында сорттуу болоттун стержендеринен жасалган мунара таяныч /.

РЕБРА БАШЕННОЙ ОПОРЫ <u>мунара таянычтын кыры</u> /саны адатта төрткө барабар болгон тор сымтуу мунара таянычынын негизги курчоолору/.

РОЛИК ШТАНГОВОГО ТОКОПРИЕМНИКА <u>штангалуу ток кабыл алгычтын ролиги</u> /өткөргүч менен контакт түзүүгө арналган кобулу бар ролик/.

РОЛИКОВЫЙ КОНТАКТ <u>роликтуу контакт</u> /бир элементи экинчисинин үстү менен айланып жылуучу контакттык түзүлүш/.

РОТОР <u>ротор</u> /электр машиналарынын айлануучу негизги бөлүгү/.

РОТОРНАЯ КЛЕТКА <u>ротор клеткасы</u> /учу туташтырылган ротордун оромолорунун арасындагы боштук/.

РОТОРНЫЙ РЕОСТАТ <u>ротор реостаты</u> /кыймылдаткычтын ротор оромосунун тизмегине туташтырылган реостат/.

РОТОРНАЯ ОБМОТКА <u>ротор оромосу</u> /дүүлүктүрүүнү толук пайда кылуучу оромдор/.

РТУТНАЯ ЛАМПА <u>сымаптуу лампа</u> /сымаптын бууларында электр разрядынын жүрүү кубулуштарына негизделген лампа/.

РТУТНЫЙ ВЕНТИЛЬ <u>сымаптуу вентиль</u> /электр тогун бир багытта гана өткөрүүчү иондуу прибор/.

РТУТНЫЙ ВЫПРЯМИТЕЛЬ <u>сымаптуу түзөткүч</u> /өзгөрүлмө токту туруктуу токко же тескерисинче туруктуу токту өзгөрүлмө токко айландыруучу комплекстүү түзүлүш/.



РТУТНЫЙ ИНВЕРТОР <u>сымаптуу инвертор</u> /сымаптуу вентилдер пайдаланылуучу инвертор/.

РТУТНЫЙ КАТОД <u>сымаптуу катод</u> /сымаптан турган суюк катод/.

РТУТНЫЙ ПРЕОБРАЗОВАТЕЛЬ <u>сымаптуу өзгөрткүч</u> /сымаптуу вентилдер пайдаланылуучу статикалык өзгөрткүч/.

РУБИЛЬНИК <u>рубильник</u> /кол менен аракетке келтирилүүчү электрдик ажыраткычтардын бир, эки жана үч уюлдуу жөнөкөй түрү/.

РУПОРНЫЙ ГРОМКОГОВОРИТЕЛЬ <u>рупордуу катуу сүйлөгүч</u> /нурлантып таратуучу элементи айлана чөйрө менен рупор аркылуу байланышта турган катуу сүйлөгүч/.

РУЧНАЯ ПРОГРАММА <u>кол менен түзүлгөн программа</u> /башкаруучу жабдыктардын составына кирген түзүлүштөрдү пайдаланып киши-оператор тарабынан түзүлгөн программа/.

РУЧНОЕ УПРАВЛЕНИЕ <u>кол менен башкаруу</u> /аппараттын операцияларын энергиянын кандайдыр булагынын жардамысыз эле кол менен ишке ашыруу/.

РЫСКАНИЕ <u>чайпалуу</u> /автоматтык башкаруу системасынын жөнгө салынуучу өзгөрүлмө чоңдугунун каалабагандай маанилерге жетип мезгилдүү термелип турушу/.

## С

САМОВОЗБУЖДЕНИЕ <u>өзүнчө дүүлүгүү</u> (электр машиналарындагы магнит талаасын токту машиналардын якорунан түздөн түз же өзгөртүүчү түзүлүштөр аркылуу алып дүүлүктүрүү ыгы).

САМОИНДУКЦИЯ <u>өзүнчө индукция</u> (электр тогу тизмегинде өтүп жаткан электр тогу өзгөргөндө ал тизмекте электр кыймылдаткыч күчүнүн пайда болушу).

САМОКОРРЕКТИРУЮЩАЯСЯ СИСТЕМА өзү коррекцияланууч у система /башкаруу алгоритми башкаруунун натыйжаларына жараша өзгөрө турган өзү ыңгайлануучу система/.

САМОНАСТРАИВАЮЩАЯСЯ МОДЕЛЬ өзү күүлөнүүчү модель /сырткы таасирдин жардамы менен мүнөздөмөсүн өзгөртүүчү модель/.

САМОНАСТРАИВАЮЩАЯСЯ МОДЕЛЬ ЛИНЕЙНОГО ОБ"ЕКТА сызыктуу об"ектинин өзү күүлөнүүчү модели /келишпөөчүлүк критерийинин чоңдугу минимум болгондой кылып башкарылуучу моделдин параметрлеринин тандалышы/.

САМОНАСТРАИВАЮЩАЯСЯ СИСТЕМА өзү күүлөнүүчү система /адаптация тизмеги туюк системадан турган өзү ылайыкталуучу системанын бир түрү/.

САМОНАСЫЩАЮЩИЙСЯ ДРОССЕЛЬ өзү каныгуучу дроссель

САМООБУЧАЮЩАЯСЯ СИСТЕМА өзү үйрөнүүчү система /системанын иш аракетин эң жакшы өткөрүүнү камсыз кылуу максатында опыт жыйналган сайын иштөө алгоритми автоматтык түрдө өзгөрүлүп туруучу өзү ыңгайланылуучу система/.

САМООРГАНИЗИРУЮЩАЯСЯ СИСТЕМА өзү уюшулуучу система /ыңгайлануу процессинде өзүнүн структурасын автоматтык түрдө өзгөртүп туруучу өзү ыңгайланылуучу система/.

САМОПОДДЕРЖИВАЮЩИЙСЯ КАБЕЛЬ өзү кармалып туруучу кабель /бир кыйла аралыктарда жайланышкан пункттардын ортосуна өткөрүүгө же илип коюуга жетиштээрлик бышыктыгы бар аба кабели/.

САМОПРИСПОСАБЛИВАЮЩАЯСЯ СИСТЕМА өзү ыңгайланылуучу система /башкарууну жакшыртуу максатында башкаруучу бөлүгүнүн иши автоматтык түрдө өзгөрүлүп турган автоматтык башкаруу системасы/.



САМОСИНХРОНИЗАЦИЯ өзү синхрондошуу /эки же бир нече мезгилдүү өзгөрүүчү кубулуштардын өз ара бири бирине дал келиши/.

САМОСТОЯТЕЛЬНЫЙ РАЗРЯД өздүк разряд /разряддын өзүндө болгон процесстердин жардамы менен кармалып туруучу газдардагы электр разрядынын түрү/.

СБАЛАНСИРОВАННЫЙ МОСТОВОЙ ПЕРЕХОД балансташтырылган көпүрөчө өтүү /көпүрөчө туташтырууну ажыратуунун алдында каршылыктардын жана кыймылдаткычтардын тизмектериндеги токтордун айырмасы минимумга чейин төмөндөтүлүүчү көпүрөчө өтүүнүн бөтөнчө түрү/.

СБОРКИ ИЗ ЯЩИКОВ ящиктерден турган жыйнакма /аппараттары бар айрым ящиктерден жыйналган комплекттүү түзүлүш/.

СБОРНЫЕ ШИНЫ жыйноочу шиналар /бир нече азыктандыруучу булактар же бир нече тароочу сызыктар бириктирилген өткөргүчтөр/.

СБРОС НАГРУЗКИ жүктүн алынышы.

СВАРКА ПРИ ВЫСОКОЧАСТОТНОМ НАГРЕВЕ жогорку жыштык менен ысытып ширетүү /жогорку жыштыктагы ток менен индукциялык ысытууда ажырагыч бирикмелердин пайда болушу/.

СВАРКА ТЕРМОПЛАСТОВ ВЫСОКОЧАСТОТНАЯ термопласттарды жогорку жыштык менен ширетүү /жогорку жыштыктуу электр талаасында жикти ысытуу менен металлды илээшме абалга жеткирип басымы астында ширетүү/.

СВАРКА ЭЛЕКТРОННОЛУЧЕВАЯ электрон нурдук ширетүү /электрон нуру металлдын бетине түшкөн учурда анын кинетикалык энергиясынын жылуулук энергиясына айланып металлдардын кошулуп турган жерлерин эритип ширетүүсү/.

СВАРОЧНАЯ ДУГА ширетүү жаасы /электр ширетүү жумушунда пайдаланылуучу электр жаасы/.

СВЕРХПРОВОДИМОСТЬ ашкере өткөргүчтүүлүк /абсолюттук нөлгө жакын температурада кээ бир металлдардын жана алардын кошулмаларынын электр каршылыгынын толук жоголушу/.

СВЕРХТОК ашык ток /электр установкаларын туташтырганда же авариялык режим учурунда пайда болуучу ток/.

СВЕТОВОЙ УКАЗАТЕЛЬ /СИГНАЛЬНАЯ ЛАМПА/ жарыктуу көрсөткүч /көрсөткүч /индикатор/ катары пайдаланылуучу лампа/.

СВОБОДНАЯ СОСТАВЛЯЮЩАЯ эркин түзүүчү /автоматтык жөндөө системасын аныктоочу бир тектүү дифференциалдык теңдеменин жалпы чыгарылышы/.

СВОБОДНОЕ ЗВУКОВОЕ ПОЛЕ эркин үн талаасы /чектөөчү беттин таасири жок дээрлик аз болгон үн талаасы/.

СВОБОДНЫЕ КОЛЕБАНИЯ эркин термелүүлөр /сырткы күчтүн таасирисиз баштапкы алынган энергиянын эсебинен кармалып туруучу термелүү/.

СВОБОДНЫЕ ЭЛЕКТРОНЫ эркин электрондор /атомдордон ажыратылган электрондор/.

СВОБОДНЫЙ АПЕРИОДИЧЕСКИЙ ТОК эркин апериоддуу ток /убакыттын өтүүсү менен белгисин өзгөртпөй өзгөрүүчү электр тогу/.

СВОБОДНЫЙ КОЛЕБАТЕЛЬНЫЙ ТОК термелүүчү эркин ток /белгисин эркин өзгөртүп термелип туруучу электр тогу/.

СБОЙ ЦИФРОВОЙ ВЫЧИСЛИТЕЛЬНОЙ МАШИНЫ цифралуу эсептегич машинанын иштен чыгышы /эсептердин чыгарылыш жолуна таасир кылуучу машинанын ишинин бузулушу/.

СВЯЗАННЫЕ ЦЕПИ байланыштуу тизмектер /бир тизмекте өтүп



жаткан процесстердин экинчи тизмектеги процесстерге таасирин тийгизүүчү электр тизмеги/.

СВЯЗИ КОЭФФИЦИЕНТ байланыш коэффициенти /байланыштуу электр тизмектеринин бири бирине өз ара таасирин сандык баалоонун чени/.

СВЯЗЬ ОПТИЧЕСКАЯ оптикалык байланыш /оптикалык диапазондогу электр магниттик термелүүлөрдүн жардамы менен информация берүү жана кабыл алуу/.

СВЯЗЬ СТРУКТУРНОЙ СХЕМЫ структуралык схеманын байланышы /звенолордун арасындагы таасирлерди берүүнүн багытын жана жолун көрсөтүүчү автоматтык түзүлүштүн структуралык схемасынын эң жөнөкөй бөлүгү/.

СГЛАЖИВАНИЕ ПУЛЬСАЦИЙ пульсациянын текшилөө /түзөтүлгөн туруктуу токтун же чыңалуунун өзгөрүлмө түзүүчүсүн азайтуу же жоготуу/.

СГЛАЖИВАЮЩИЙ ДРОССЕЛЬ текшилөөчү дроссель /түзөтүлгөн токтун пульсацияланышын жоюучу удаалаш туташтырылган индуктивдүү түрмөктөрдөн жана конденсатордон турган чыпка/.

СГЛАЖИВАЮЩИЙ КОНТУР текшилөөчү контур

СГЛАЖИВАЮЩИЙ РЕАКТОР текшилөөчү реактор /түзөтүү тизмегиндеги жүккө жарыш кылып реактивдүү түрмөктү туташтыруу жолу менен токтун же чыңалуунун өзгөрүлмө түзүүчүсүн жойгуч. Түзөтүлгөн токтун толкундарын басаңдатуу максатында статикалык өзгөрткүчтүн туруктуу ток жагынан кошулуучу статикалык түзүлүш/.

СГЛАЖИВАЮЩИЙ ФИЛЬТР текшилөөчү чыпка /белгилүү жыштыктагы өзгөрүлмө токту кармап калуучу индуктивдүүлүктөн жана

сыйымдуулуктан турган электр тизмеги/.

СДВИГ ФАЗ __фазалардын жылышы__ /жыштыктары бирдей болгон гармоникалык эки функциянын фазаларынын айырмасы/.

СДВИГАТЕЛЬ __жылдыргыч__ /эсептегич машинанын машина сөзүн же анын бөлүктөрүн белгиленген сандагы разряддарга жылдыруу кызматын аткаруучу бөлүгү/.

СДВОЕННЫЕ ЛАМПЫ __кош октолгон лампалар__ /бир баллонго жайланыштырылган жалпы же өзүнчө катоддору бар электрондуу лампалар/.

СДВОЕННЫЙ ДВИГАТЕЛЬ __кош октолгон кыймылдаткыч__ /жарым жайланышкан валдарга бир эле корпустун ичине орнотулган эки якору бар кыймылдаткыч/.

СЕКТОРНЫЙ ПРОВОД __сектордук өткөргүч__ /туурасынан кесилиши секторго окшош элементтерден турган жумуру зым/.

СЕКЦИОННЫЙ ИЗОЛЯТОР __секцияланган изолятор__ /аба аралыгы изоляция боло албаган учурда электрдик секциялоого арналган түзүлүш/.

СЕЛЕКТИВНОСТЬ __селективдүүлүк__ /автоматтык түзүлүштүн ар кандай информацияны алып жүргөн сигналдын тобунан керектүү сигналды бөлүп алуу жөндөмдүүлүгү/.

СЕЛЕКТОР АМПЛИТУДНЫЙ __амплитудалык селектор__ /удаалаш импульстардын ичинен амплитудасы белгилүү бир деңгээлден жогору болгон импульстарды бөлүп алуучу түзүлүш/.

СЕЛЕКТОР ЧАСТОТНЫЙ __жыштык селектору__ /берилген жыштыктагы радио сигналдарды бөлүп алуучу түзүлүш/.

СЕЛЕКЦИЯ ТЕЛЕМЕХАНИЧЕСКИХ СИГНАЛОВ __телемеханикалык сигналдарды селекциялоо__ /телемеханикалык билдирүүлөрдү элементардык сигналдарга ажыратуу/.



СЕЛЕН __селен__ /Менделеевдин мезгилдүү системасынын VI группасында жайгашкан жарым өткөргүч техникасынын материалынын бири катарында колдонулуучу элемент/.

СЕЛЬСИН __сельсин__ /валдын буруулуу бурчун башка машинага аралыктан берип турган өзү синхрондошуучу электр машинасы/.

СЕЛЬСИН БЕСКОНТАКТНЫЙ __контактсыз сельсин__ /роторунун ороомосуна ток контактсыз берилүүчү сельсин/.

СЕЛЬСИН-ДАТЧИК __сельсин-билдиргич__ /валдын буруулуу бурчун аныктоочу индукциялык машина/.

СЕЛЬСИН-ПРИЕМНИК __сельсин-кабыл алгыч__ /валдын буруулуу бурчун кабыл алып, аны синхрондуу түрдө кайра айыруучу индукциялык машина/.

СЕМИОТИКА __семиотика__ /белгилер системасынын ар кандай касиеттерин изилдөөчү илимий-теориянын комплексинин жалпы аты/.

СЕРВОДВИГАТЕЛЬ __сервокыймылдаткыч__ /аткаруучу механизмдерге таасир берүүчү машиналарды, аппараттарды башкаруучу же жөндөөчү кошумча кыймылдаткыч/.

СЕРВОМЕХАНИЗМ __сервомеханизм__ /кыймылдын мүнөзүн бузбастан анын механикалык энергиясын көбөйтүүчү түзүлүш/.

СЕРВОМОТОР __сервомотор__ /сезгич элементтин башкаруучу сигналына ылайык токтун кошумча булагынын энергиясын механикалык энергияга айландыруучу элемент/.

СЕРДЕЧНИК __өзөк__ /электр машиналарында, трансформаторлордо ж.б. түзүлүштөрүндө ороомолор кийгизиле турган магнит өткөргүч/.

СЕТКА __тор__ /разряд жолунда потенциалдын бөлүштүрүлүшүнө таасир этүүчү жана электрондорду же иондорду өткөрүү үчүн бир же бир нече көзөнөктөрү бар жардамчы электрод/.

СЕТКА С ПЛАВАЮЩИМ ПОТЕНЦИАЛОМ өзгөрмө потенциалдуу тор /потенциалы белгиленбеген изоляцияланган тор/.

СЕТКА УПРАВЛЕНИЯ башкаруу тору /катоддон анодго багытталган электрондордун жолуна жайланыштырылып катодго карата өзүнүн потенциалын өзгөртүү менен аноддук токтун чоңдугун өзгөртүүчү электрод/.

СЕТОЧНОЕ ЗАПИРАНИЕ тордук жабылуу /башкаруучу торлорго терс потенциал берип аноддогу жаңын күйүшүн жоготуу менен өзгөрткүчтүн тогун үзүүнүн ыгы/.

СЕТОЧНОЕ НАПРЯЖЕНИЕ тордук чыңалуу /башкаруучу торго жумшалган чыңалуу/.

СЕТОЧНОЕ СМЕЩЕНИЕ тордук жылыш /электрондук лампанын башкаруучу торуна берилүүчү терс маанидеги чыңалуу/.

СЕТОЧНОЕ СОПРОТИВЛЕНИЕ тор каршылыгы

СЕТОЧНОЕ УПРАВЛЕНИЕ тордуу башкаруу /башкаруучу торго чыңалуу берүү менен ишке ашырылуучу фазалык башкаруу/.

СЕТОЧНЫЙ ТОК тордук ток /электрондуу лампанын тизмегинде пайда болуучу ток/.

СЕТЬ тармак /чыңалуунун жогорулатуучу жана төмөндөтүүчү подстанциялардан жана электр энергиясын өткөрүүчү зымдардан турган электр системасынын бир бөлүгү/.

СЕТЬ С ВОЗВРАТОМ ТОКА ЧЕРЕЗ ЗЕМЛЮ ток жер менен кайтып келүүчү тармак /өткөргүчтөрдүн биринин кызматын жер аткарган тармак/.

СЕТЬ С ЗАЗЕМЛЕННОЙ НЕЙТРАЛЬЮ нейтралы жердештирилген тармак /нейтралы чоң эмес активдүү же индуктивдүү каршылык аркылуу же болбосо түз эле жерге туташтырылган тармак/.



СЕТЬ С ИЗОЛИРОВАННОЙ НЕЙТРАЛЬЮ нейтралы изоляцияланган тармак /каршылыгы өтө чоң көрсөткүч, өлчөгүч приборлор, сактоочу ж.б. түзүлүштөр аркылуу жердештирилгенин эсепке албаганда бир дагы нейтралы атайылап жерге кошулбаган тармак/.

СЕТЬ С ПАРАЛЛЕЛЬНЫМ ВКЛЮЧЕНИЕМ жарыш кошулган тармак /ток кабыл алгычтарынын бардыгы жарыш жана бирдей чыңалуу менен азыктандырылуучу бөлүштүргүч тармак/.

СЕТЬ С ПОСЛЕДОВАТЕЛЬНЫМ ВКЛЮЧЕНИЕМ удаалаш кошулган тармак /ток кабыл алгычтарынын бардыгы удаалаш кошулган жана бирдей номиналдуу ток өткөрүп туруучу бөлүштүргүч тармак/.

СИГНАЛ сигнал /кандайдыр бир белгини же билдирүүнү сүрөттөөчү жана алардын байланыш каналдары аркылуу берүүчү физикалык процесс/.

СИГНАЛ ТЕЛЕМЕХАНИЧЕСКИЙ телемеханикалык сигнал /байланыш каналы боюнча башкаруу информациясын берүүчү сигнал/.

СИГНАЛ УПРАВЛЕНИЯ башкаруу сигналы

СИГНАЛИЗАЦИЯ АВТОМАТИЧЕСКАЯ автоматтык сигналдоо /автоматтык каражаттардын жардамы менен тигил же бул окуянын пайда болушун операторго билдирүү/.

СИГНАЛЬНОЕ УСТРОЙСТВО сигналдык түзүлүш /аппараттын белгилүү шарттарга жооп бере тургандай абалда тургандыгын аралыктан көрсөтүп туруу милдетин аткаруучу лампа, контакт же аппарат/.

СИЛА ТОКА токтун күчү /убакыт бирдигинин ичинде өткөргүчтүн туурасынан кесилиши аркылуу өтүүчү электр санынын ошол убакыт бирдигине катышы/.

СИЛА ТЯГИ тартуу күчү /тартуу режиминде тартуучу кыймыл-

даткычтар тарабынаң кыймылдагы дептелектерге берилүүчү күч/.

СИЛА ТЯГИ ДЛИТЕЛЬНОГО РЕЖИМА /ДЛИТЕЛЬНАЯ СИЛА ТЯГИ/ узак режимниң тартуу күчү /номиналдыг чыңалууда жана белгиленген дүүлүгүүдө узак режимге туура келүүчү тартуу күчү/.

СИЛА ТЯГИ ЧАСОВОГО РЕЖИМА /ЧАСОВАЯ СИЛА ТЯГИ/ сааттык режимдин тартуу күчү /номиналдуу чыңалууда жана белгиленген дүүлүгүүдө тартуучу кыймылдаткычтардын сааттык режимине туура келүүчү тартуучу күч/.

СИЛОВАЯ ЦЕПЬ күч тизмеги /тартуу кубаттуулугунун /тартуучу кыймылдаткычтардын, өзгөрткүчтөрдүн ж.б./ реализацияланышына байланыштуу иштөөчү машиналардын токтору жүрүп туруучу тизмектердин айкалышкан кыйындысы/.

СИЛОВОЙ ГРУППОВОЙ ПЕРЕКЛЮЧАТЕЛЬ күч тизмегинин группалуу алмаштырып туташтыргычы /күч тизмогинде ар түрдүү туташтыруулардын жүргүзүүчү группалуу алмаштырып туташтыргыч/.

СИМЕНС сименс /электрдик өткөргүчтүүлүктүн бирдиги. Учтарындагы чыңалуулары бир вольтко барабар болгон электр тизмегинин бир метр узундугу аркылуу бир ампер ток жүрүп турган учурдагы өткөргүчтүүлүгү/.

СИММЕТРИЧНАЯ МНОГОФАЗНАЯ СИСТЕМА электр кыймылдаткыч күчтөрүнүн симметриялуу көп фазалуу системасы /амплитудалары боюнча барабар фазасы боюнча бир биринен артта болгон электр кыймылдаткыч күчтөрүнүн системасы/.

СИММЕТРИЧНАЯ МНОГОФАЗНАЯ ЦЕПЬ симметриялуу көп фазалуу тизмек /фазаларындагы каршылыктарынын комплекстүү түзүүчүлөрү бир бирине барабар болгон көп фазалуу тизмек/.



СИММЕТРИЧНАЯ ПЕТЛЯ ГИСТЕРЕЗИСА гистерезистин симметриялуу илмеги /магнит талаасынын чыңалышынын абсолюттук чоңдуктары бирдей максималдуу жана минималдуу маанилердин чегинде өзгөргөн учурда пайда болуучу магниттик гистерезистин илмеги/.

СИММЕТРИЧНАЯ СТРУКТУРА симметриялуу структура /симметриялуу логикалык функцияларды ишке ашыруучу реле структурасы/.

СИНТЕЗ синтез /башкаруучу түзүлүштүн параметрлерин, схемасын, башкаруу принциптерин жана автоматтык башкаруу системасынын башкаруучу бөлүктөрүн аныктоо/.

СИНТЕЗ АВТОМАТИЧЕСКИЙ автоматтык синтез /башкаруу жана байланыш системаларынын структураларын жана параметрлеринин оптималдуу маанилерин автоматтык түрдө аныктоо/.

СИНТЕЗ ОПТИМАЛЬНЫХ СХЕМ оптималдуу схемаларды синтездөө /башкаруучу түзүлүштүн оптималдуу параметрлерин жана мүнөздөмөлөрүн аныктоо, анын структуралык схемасын иштеп чыгуу/.

СИНУСОИДАЛЬНЫЕ КОЛЕБАНИЯ синусоидалык термелүүлөр /синус функциясы аркылуу туюнтулган термелүү/.

СИНУСОИДАЛЬНЫЙ ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ ТОК синусоидалуу электр тогу /убакыттын синусоидалуу функциясы болуп эсептелүүчү электр тогу/.

СИНХРОНИЗАЦИЯ синхрондоштуруу /мезгилдүү процесстерди убакыт боюнча бири бирине дал келтирүү/.

СИНХРОНИЗАЦИЯ КОЛЕБАНИЙ термелүүлөрдү синхрондоштуруу /термелүүлөрдү убакыт боюнча бири бирине дал келтирүү/.

СИНХРОНИЗАЦИЯ РАБОТЫ МАШИНЫ машиналардын ишин синхрондоштуруу /цифралуу эсептегич машинанын кээ бир түзүлүштөрүнүн

жана элементтеринин ишин машинанын убакыттык иш диаграммасына ылайыктоо/.

СИНХРОНИЗИРУЮЩИЙ МОМЕНТ синхрондоштуруучу момент /синхрондуу машинанын роторду синхрондук ылдамдыктан чыккан учурда аны синхронизмге киргизүү үчүн синхрондуу машинанын валына аракет кылуучу момент/.

СИНХРОНИЗИРУЮЩИЙ ТОК синхрондоштуруучу ток

СИНХРОНИЗМ синхронизм /эки же бир нече кубулуштардын же процесстердин убакыт боюнча бири-бирине дал келиши/.

СИНХРОННАЯ МАШИНА синхрондуу машина /валынын айлануу ылдамдыгы аныктандырып турган өзгөрүлмө токтун магнит талаасы менен турактуу катташта турган машина/.

СИНХРОННАЯ ПЕРЕДАЧА синхрондук берүү /өз ара механикалык байланышы жок эки же бир нече окторду синфазалуу жана синхрондуу жылдыруучу система/.

СИНХРОННАЯ СКОРОСТЬ синхрондук ылдамдык /берилген об"екттин айлануу ылдамдыгынын экинчи бир об"екттин айлануу ылдамдыгы менен дал келиши. Мисалы, синхрондуу электр кыймылдаткычтын роторунун айлануу ылдамдыгы статорунун магнит талаасынын айлануу ылдамдыгына барабар/.

СИНХРОННАЯ ЦИФРОВАЯ ВЫЧИСЛИТЕЛЬНАЯ МАШИНА синхрондуу цифралуу эсептегич машина /операциялардын аткаруунун башталышы жана бүтүшү башкаруучу түзүлүш аркылуу берилө турган эсептегич машина/.

СИНХРОННОЙ СВЯЗИ СИСТЕМА синхрондуу байланыш системасы /өз ара механикалык байланышы жок эки же бир нече окторду буруучу түзүлүштөрдүн тобу/.



СИНХРОННОЙ СВЯЗИ СИСТЕМА ИНДУКТИВНАЯ индуктивдүү синхрондуу байланыш системасы /сыйымдуу чоң жылыштарды алыстан берүүчү байланыш/.

СИНХРОННАЯ СВЯЗЬ ФЕРРОДИНАМИЧЕСКАЯ ферродинамикалык синхрондуу байланыш /системанын негизги элементи катарында өз ара индуктивдүүлүктүн билдиргичи болуп ферродинамикалык өзгөрткүч пайдаланылат/.

СИНХРОННЫЙ ГЕНЕРАТОР синхрондуу генератор /өзгөрүлмө токтун генератору катарында иштөөчү синхрондуу электр машинасы/.

СИНХРОННЫЙ КОМПЕНСАТОР синхрондуу компенсатор /кыймылдаткыч режиминде иштөөчү валында жүгү жок синхрондуу электр машинасы. Синхрондуу компенсатор өзгөрүлмө токтун реактивдүү кубаттуулугун иштеп чыгаруу менен энергосистемалардын чыңалууларын жөнгө салуу, электр машиналарынын жана электр тармактарынын кубаттуулугунун коэффициентин жакшыртуу максатында пайдаланылат/.

СИНХРОННЫЙ ЭЛЕКТРОДВИГАТЕЛЬ синхрондуу электр кыймылдаткыч /электр кыймылдаткыч катарында иштөөчү синхрондуу электр машинасы/.

СИСТЕМА АВТОМАТИЧЕСКОГО УПРАВЛЕНИЯ автоматтык башкаруу системасы /автоматтык башкаруучу жабдыктардын жана об"ектилердин тобу/.

СИСТЕМА ГЕНЕРАТОР-ДВИГАТЕЛЬ генератор-кыймылдаткыч системасы /чыңалуусу жөнгө салынуучу турактуу токтун генераторунан жана башкарылуучу турактуу токтун кыймылдаткычынан турган система/.

СИСТЕМА КОНТРОЛЯ контролдоо системасы /машинанын же

анын айрым бөлүктөрүнүн ишинин тууралыгын контролдоону камсыз кылуучу методдордун жана каражаттардын жыйындысы/.

СИСТЕМА КООРДИНАТ координаталар системасы /эсептөө системасы катарында пайдаланылуучу октордун өз ара жайланышы/.

СИСТЕМА ОТКАЧКИ сордуруп чыгаруу системасы /вентилде вакуумду түзүү жана аны кармап туруу үчүн пайдаланылуучу аппаратуралардын, вакуумдук насостордун жана башка түзүлүштөрдүн айкалышкан жыйындысы/.

СИСТЕМА С ВОЗДУШНОЙ КОНТАКТНОЙ СЕТЬЮ абадагы контакттык тармак системасы /кыймылдуу составды электр энергиясы менен бир же бир нече аба өткөргүчтөрүнүн жардамы менен азыктандыруучу система. Аба өткөргүчтөрүнүн токту кабыл алгычтар менен болгон контакты кыймылдуу составдын үстүнө бекитилген роликтин, жаанын же жылгычанын жардамы менен ишке ашырылат/.

СИСТЕМА С ИЗОЛИРОВАННОЙ ОБРАТНОЙ ЦЕПЬЮ тескери тизмеги изоляцияланган система /изоляцияланган өткөргүчтөр азыктандыруучу жана тескери тизмек катары пайдаланыла турган система/.

СИСТЕМА С КОНТАКТНЫМ РЕЛЬСОМ контакттуу рельс системасы /жүрүү жолуна жарыш жайгаштырылган изоляцияланган контакттуу рельс /же рельстер/ аркылуу кыймылдуу составды электр энергиясы менен азыктандыруу системасы/.

СИСТЕМА "ЧЕЛОВЕК И АВТОМАТ" "адам жана автомат" системасы /процесстерди башкарууга багытталган информацияны иштеп чыгуучу кишилердин жана автоматтардын бирикмеси/.

СКАЛЯРНЫЙ МАГНИТНЫЙ ПОТЕНЦИАЛ скалярдык магниттик потенциал /берилген чекит менен туш келди тандалып алынган башка



бир чекиттин ортосундагы скалярдык магниттик потенциалдарынын айырмасы/.

СКАЛЯРНЫЙ ЭЛЕКТРОДИНАМИЧЕСКИЙ ПОТЕНЦИАЛ скалярдык электрдинамикалык потенциал /градиенти тескери белги менен алынган электр талаасынын чыңалышынын жана вектордук электр магниттүү потенциалдын убакыт боюнча туундусунун геометриялык суммасына барабар болгон скалярдык чоңдук/.

СКАЧОК ПОТЕНЦИАЛА потенциалдын секирүүсү /тектери ар түрдүү болгон эки заттын тийишип турган чегиндеги потенциалдардын айырмасы/.

СКИН-ЭФФЕКТ беттик эффект

СКЛЕИВАНИЕ ВЫСОКОЧАСТОТНОЕ жогорку жыштык менен чаптоо /металл эмес материалдардын чапталуу процессин ылдамдатыш үчүн анын жиктерин жогорку жыштыктуу электр талаасында ысытуу/.

СКОРОСТЬ ВЫПОЛНЕНИЯ ОПЕРАЦИЙ операцияларды аткаруунун ылдамдыгы /цифралуу эсептегич машинанын убакыт бирдигинде аткарган операцияларынын саны/.

СКОРОСТЬ ВЫХОДА НА АВТОМАТИЧЕСКУЮ ХАРАКТЕРИСТИКУ автоматтык мүнөздөмөгө чыгуу ылдамдыгы /реостаттык жүргүзүүнүн аягында (бардык каршылыктар ажыратылганда) белгиленген шарттарда жана кыймылдаткычтын дүүлүгүүсү толук болгон учурда жетишилүүчү ылдамдык/.

СКОРОСТЬ ДЛИТЕЛЬНОГО РЕЖИМА /ДЛИТЕЛЬНАЯ СКОРОСТЬ/ узак режимдин ылдамдыгы /кыймылдаткычтардын узак режимдеги айлануу ылдамдыгы/.

СКОРОСТЬ ПЕРЕДАЧИ ИНФОРМАЦИИ информациянын берүүнүн ылдамдыгы /убакыттын бирдиги ичинде канал боюнча берилүүчү информациянын саны/.

СКОРОСТЬ РЕГУЛИРОВАНИЯ жөндээ ылдамдыгы /1. жөндээчү түвүлүм үчүн көзгөөчү таасир жумшалгандан кийин жөндээчү өзгерүлме чондуктун убакыттын берилген учурунда өзгерүшүнүн ылдамдыгы; 2. автоматтык башкаруу системазы үчүн көзгөөчү таасир жумшалгандан кийин женге салыңуучу өзгерүлме чондуктун убакыттын берилген учурунда өзгерүшүнүн ылдамдыгы/.

СКОРОСТЬ СОЗДАНИЯ СООБЩЕНИЯ билдириглерди түзүүнүң ылдамдыгы /информацияны берүүнүн көргүзүлген тууралыгын берүүчү билдириглерниң ансамбли жонундегү информацияның эң аз санының убакыт бирдиглине болгон катыжы/.

СКОРОСТЬ ЧАСОВОГО РЕЖИМА /ЧАСОВАЯ СКОРОСТЬ/ шааттык режимниң ылдамдыгы /тартуучу кыймылдаткычтың шааттык режимдеги айлануу ылдамдыгы/.

СКРУЧЕННЫЙ ПРОВОД буралган өткүргүч /аразында изоляциязы чок спираль түрүнде буралган бир же бир нече стренга /келеп/.

СЛЕДЯЩАЯ АВТОМАТИЧЕСКАЯ СИСТЕМА өөрчиме автоматтык системa /иштээ алгоритминде автоматтык системаның кириштиндеги алдын ала билдинмес өзгерүлме чондуктуң маанызынче жараша башкарылгуучу чондукту өзгертүп турар автоматтык система/.

СЛЕДЯЩАЯ СИСТЕМА өөрчиме система /чигүүчү чондук белгилүү тактыкта тескери байланыштың дузазы-биле белгисиз өзгерүлдө турган кирүүчү чондукту көргүзүүчү система/.

СЛЕДЯЩАЯ СИСТЕМА БЫСТРОДЕЙСТВУЮЩАЯ тез аракеттүг өөрчиме система /координаталары болгаш башкаруучу таасирлери чектелген убакыттың иштинде баштайкы байдалдан берилген байдалга эртер шыдамыкчы система/.

СЛЕДЯЩАЯ СИСТЕМА КОМБИНИРОВАНИЯ айкалыштырылган өөрчиме система /туюк болгаш ажык башкаруу контурларындан турган өөрчиме система/.

СЛЕДЯЩАЯ СИСТЕМА С НЕСКОЛЬКИМИ ВОЗДЕЙСТВИЯМИ бир нече таасирлиг өөрчиме система /аткаруучу элементке таасир берүү бир нече чондуктарны өзгертүү оруу-биле кылдыр бүрүүлүүчү өөрчиме система/.

СЛЕДЯЩИЙ ПРИВОД өөрчиме кыймылга киирикчи /чигүүчү сигналы механиктиг кыймыл болгон өөрчиме система/.

СЛОЖНОПАРАЛЛЕЛЬНЫЙ ПРЕОБРАЗОВАТЕЛЬ татаал дески өзгерткүч /ийи азы андан хөй коммутацияжыр группалар бир-ле бир-биле алар арыдыр бээр тургустунган токтарның коммутацияга удулдары даа кажан, алар өске аңгы кошкулар тургандай кылдыр быжырлап тургузулган өзгерткүч/.

СЛОЖНОПОСЛЕДОВАТЕЛЬНЫЙ ПРЕОБРАЗОВАТЕЛЬ татаал удаалай өзгерткүч /ийи азы андан хөй коммутацияжыр группалар бир-бири-биле алар арыдыр бээр тургустунган чиңгеруучуларның коммутацияга удулдары даа кажан, алар өске аңгы кошкулар тургандай кылдыр быжырлап тургузулган өзгерткүч/.

СЛОЖНАЯ СИСТЕМА татаал система /белүктери аттыг принциптерниң негизинде бирлиги бир бүдүнге закон чогум-биле быжырлаттынган азы өске аңгы берилген хамааты-биле байланышкан, системалар катарын кожуп шыдаар болгон состав объект/.

СЛОЖНЫЙ ЗВУК татаал үн /таза тон болуп эскертилбеген ар кандай үн/.

СЛУЧАЙНАЯ ВЕЛИЧИНА хоорактыг чондук /таныштырылдарлыг негизинде билдирбээн бир топ ужурларның иштинден бир чүүл үнүр болгон чондук/.

СЛУЧАЙНАЯ ОШИБКА <u>кокустук ката</u> /ар бир өлчөөдө пайда болгон ката/.

СЛУЧАЙНАЯ ФУНКЦИЯ <u>кокустук функция</u>

СЛУЧАЙНОЕ ВОЗДЕЙСТВИЕ <u>кокустук таасир</u> /кокустук чоңдук менен мүнөздөлүүчү таасир/.

СЛУЧАЙНЫЙ СИГНАЛ <u>кокустук сигнал</u>

СЛУЧАЙНЫХ ЧИСЕЛ ПОЛУЧЕНИЕ <u>кокустук сандарды алуу</u> /цифралуу эсептегич машинада маселелерди чыгаруунун статистикалык методдорун ишке ашыруу процессинде кокустук сандарды иштеп чыгаруу методдорунун тобу/.

СМЕШАННАЯ СИСТЕМА ОСЛАБЛЕНИЯ ПОЛЯ <u>талаанын начарлатуунун аралаш системасы</u> /дүүлүгүү ороомолорун секциялаштыруу жана шунттоо методдорун бир эле убакытта же удаалаш пайдалануу менен талааны начарлатуу ыгы/.

СМЕШАННОЕ ВОЗБУЖДЕНИЕ <u>аралаш дүүлүктүрүү</u> /дүүлүктүрүүчү ороомолорунун бир машинанын якоруна жарыш, экинчиси удаалаш туташтырылган турактуу токтун машинасынын дүүлүктүрүү системасы/.

СМЕШАННОЕ СОЕДИНЕНИЕ ЭЛЕКТРИЧЕСКОЙ ЦЕПИ <u>электр тизмегин аралаш туташтыруу</u> /жарыш жана удаалаш туташтырылган участокторду айкалыштырып туташтыруу/.

СМЕШАННОЕ ТОРМОЖЕНИЕ <u>аралаш тормоздоо</u> /электрдик жана механикалык тормоздоону аралаш пайдаланып тормоздоонун ыгы/.

СМЕЩЕНИЕ <u>жылдыруу</u> /электрондуу приборлордун вольтампердик мүнөздөмөсүндөгү жумушчу чекитти жылдыруу үчүн приборлордун электроддорунун ортосуна берилген турактуу чыңалуу/.

СМЕЩЕНИЕ АВТОМАТИЧЕСКОЕ <u>автоматтык жылдыруу</u> /электрондуу



лампанын катод тизмегиндеги каршылык аркылуу өткөн токтун эсебинен лампанын торунда пайда болгон турактуу чыңалуу/.

СОБСТВЕННАЯ ЧАСТОТА КОЛЕБАТЕЛЬНОГО КОНТУРА <u>термелүү контурунун өздүк жыштыгы</u> /термелүү контурунда пайда болуучу токтун жана чыңалуунун эркин термелүүлөрүнүн жыштыгы/.

СОБСТВЕННОЕ ВРЕМЯ ОТКЛЮЧЕНИЯ <u>ажыратуунун өздүк убактысы</u> /1. энергиянын кандайдыр бир жардамчы булагы аркылуу ажыратыла турган ажыраткычтар үчүн ажыратуу убактысы кошулган абалда турган ажыратуучу жасалгага жардамчы булактан энергия жиберген учурдан тартып жааны өчүрүүчү контакттардын ачылыш учуруна чейинки убакыт; 2. кандайдыр бир кошумча булактардын жардамысыз кыска туташуунун тогунун аракети менен ажыратылуучу ажыраткычтар үчүн ажыроо убактысы ажыраткыч жабык турганда кыска туташуу тогу пайда болгон учурдан тартып жааны өчүрүүчү контакттардын ачылышына чейинки убакыт/.

СОБСТВЕННЫЕ КОЛЕБАНИЯ <u>өздүк термелүүлөр</u> /сырткы таасир болбогон учурда баштапкы жыйылган энергиянын эсебинен физикалык системада пайда болуучу термелүүлөр/.

СОБСТВЕННЫЕ НУЖДЫ ЭЛЕКТРИЧЕСКИХ СТАНЦИЙ <u>электр станцияларынын өздүк керектөөлөрү</u> /электр станцияларында электр кубатын иштеп чыгаруу боюнча тынымсыз технологиялык процесстерди камсыз кылып туруучу механизмдерди кыймылга келтирүү үчүн чыгымдалуучу электр кубаты/.

СОЕДИНЕНИЕ ДВИГАТЕЛЕЙ /ГРУППИРОВАНИЕ ДВИГАТЕЛЕЙ/ <u>кыймылдаткычтарды бириктирүү</u> /ылдамдыкты жөндөөчү каражат катарында пайдалануу максатында кыймылдаткычтарды же алардын күч тизмегине удаалаш, жарыш, удаалаш-жарыш туташтыруунун ыгы/.

СОЕДИНЕНИЕ ЗВЕЗДОЙ жылдыз түрүндө бириктирүү /үч фазалуу токтун тизмегиндеги оромолорду, каршылыктарды бир бири менен туташтыруунун ыгы/.

СОЕДИНЕНИЕ ЗИГЗАГОМ ийри-буйру түрүндө бириктирүү /ар бир фазанын оромолорун тең эки бөлүккө бөлүп бир фазанын оромолорунун теңи экинчи фазанын оромолорунун теңи менен каршы келгендей кылып үч фазалуу трансформаторлордун оромолорун өз ара бириктирүү/.

СОЕДИНЕНИЕ ОТКРЫТЫМ ТРЕУГОЛЬНИКОМ ачык үч бурчтук түрүндө бириктирүү /бир фазалуу эки трансформаторду белгилүү схема боюнча үч фазалуу тармакка кошуу/.

СОЕДИНИТЕЛЬ ШТЕПСЕЛЬНОГО ТИПА штепсель түрүндөгү бириктиргич /эки учтары рельстердин жалгашкан жерлериндеги тешиктерде сүрүлүү аркылуу кармалып турган электрдик бириктиргич/.

СОЕДИНИТЕЛЬНАЯ КОРОБКА бириктирүүчү куту /бир же бир нече бириктирүүлөрдү ишке ашыруу үчүн колдонулуучу жабык же корголуп коюлган түзүлүш/.

СОЕДИНИТЕЛЬНАЯ МУФТА бириктирүүчү муфта /эки кабелдин электрдик үзгүлтүксүз байланышын камсыз кылуу үчүн колдонулуучу муфта/.

СОЕДИНИТЕЛЬНЫЙ ЗАЖИМ бириктирүүчү кысkыч /кысуунун жардамы менен эки өткөргүчтү бириктирүү үчүн пайдаланылуучу кыскыч. Бир эле өткөргүчтүн же тростун эки бөлүгүн механикалык жактан, ал эми керек болгон учурда электрдик жактан да бириктирүү үчүн колдонулуучу тетик/.

СОЛЕНОИД соленоид /электр тогу өтө турган изоляцияланган өткөргүч оролгон цилиндр түрүндөгү индуктивдүүлүктүү түрмөк/.

СОЛЕНОИДНОЕ /ЭЛЕКТРОМАГНИТНОЕ/ ТОРМОЖЕНИЕ соленоиддик /электр магниттик/ тормоздоо /механикалык тормоз соленоид же электр магнит тарабынан ишке киргизиле турган электр магниттик тормоздоонун ыгы/.

СОЛИОН солион /кайталанма электр химиялык реакцияларды башкарууга жана электр космос кубулушун пайдаланууга негизделген прибор/.

СОЛНЕЧНАЯ БАТАРЕЯ күн батареясы /күн энергиясын электр энергиясына айландыруучу жарыш же удаалаш туташтырылган фотоэлемент батареясы/.

СОПРОВОЖДАЮЩИЙ ТОК коштоо жүрүүчү ток /разряд тогу өткөндөн кийин да бир аз убакыттын ичинде разрядниктин учкун аралыгы аркылуу өтүүчү тармактан алынган ток/.

СОПРОТИВЛЕНИЕ каршылык /берилген өткөргүчкө мүнөздүү болуп, ал өткөргүчтүн формасына, материалына жана температурасына көз каранды болгон чоңдук. Электр каршылыгы катарында пайдаланылуучу өткөргүчтөрдүн жыйындысы/.

СОПРОТИВЛЕНИЕ АКТИВНОЕ активдүү каршылык /электр магниттик энергияны жылуулук энергиясына айландыруучу электр тогуна болгон каршылык/.

СОПРОТИВЛЕНИЕ В МЕСТЕ ПОВРЕЖДЕНИЯ залалданган жердеги каршылык /кыска туташуунун тогу өтүп жаткан өткөргүчтөрдүн же өткөргүч менен жердин арасындагы каршылык/.

СОПРОТИВЛЕНИЕ ВНУТРЕННЕЕ өздүк каршылык /электр энергиясынын булагынын электр тогуна көрсөткөн өзүнүн ички активдүү каршылыгы/.

СОПРОТИВЛЕНИЕ ВХОДНОЕ кирүү каршылыгы /электр энергиясын керектөөчү тараптын электр тогуна болгон каршылык/.

СОПРОТИВЛЕНИЕ ЗАЗЕМЛЕНИЯ жердештирүүнүн каршылыгы /электр машиналарын, аппараттарын жер менен туташтыруучу жердештиргичтер аркылуу өтүүчү электр тогунун учураткан каршылыгы/.

СОПРОТИВЛЕНИЕ ЗАТОРМОЖЕННОГО ПРЕОБРАЗОВАТЕЛЯ тормоздолгон өзгөрткүчтүн каршылыгы /чыгышындагы жүктүн механикалык каршылыгы чексиз болгон учурда электр механикалык өзгөрткүчтүн киришиндеги электр каршылыгы/.

СОПРОТИВЛЕНИЕ ИЗОЛЯЦИИ изоляциянын каршылыгы /электр изоляциялоочу материалдардын токко болгон каршылыгы/.

СОПРОТИВЛЕНИЕ МАГНИТНОЕ магниттик каршылык /магнит агымына чөйрөнүн көрсөткөн каршылыгы/.

СОПРОТИВЛЕНИЕ НАГРУЗКИ жүктүн каршылыгы

СОПРОТИВЛЕНИЕ НЕ НАГРУЖЕННОГО ПРЕОБРАЗОВАТЕЛЯ жүктөлбөгөн өзгөрткүчтүн каршылыгы /чыгышындагы жүктүн механикалык каршылыгы нөлгө барабар болгон учурда электр механикалык өзгөрткүчтүн киришиндеги электр каршылыгы/.

СОПРОТИВЛЕНИЕ ОТРИЦАТЕЛЬНОЕ терс каршылык /сызыктуу эмес тизмекте чыңалуунун жогорулашы менен токтун азайышы же тескерисинче болгон дифференциалдык каршылык/.

СОПРОТИВЛЕНИЕ ПЕРЕМЕННОЕ өзгөрүлмө каршылык /электр тогунун энергиясынын кутулушун жеңге салуучу электр тизмегинин элементи/.

СОПРОТИВЛЕНИЕ ПОЛНОЕ толук каршылык /өзгөрүлмө токтун тизмегин мүнөздөөчү жана тизмектеги чыңалуу менен токтун комплекстүү маанилеринин катышы аркылуу аныкталуучу параметр: $Z = r + jx$



мында, $r$ – тизмектин каршылыгынын активдүү түзүүчүсү, $x = (\omega L - \frac{1}{\omega C})$ реактивдүү түзүүчүсү/.

СОПРОТИВЛЕНИЕ ПОСТОЯННОЕ туруктуу каршылык /тизмек боюнча электр тогу өткөндө тизмектин анын энергиясын кутуучу элементи/.

СОПРОТИВЛЕНИЕ ПРИ НОРМАЛЬНОЙ НАГРУЗКЕ нормалдуу жүктөлүү каршылыгы /чыгышындагы жүк нормалдуу болгон учурда өзгөрткүчтүн киришиндеги каршылык/.

СОПРОТИВЛЕНИЕ ПРОТИВОВКЛЮЧЕНИЯ карама каршы туташтыруунун каршылыгы

СОПРОТИВЛЕНИЕ УДЕЛЬНОЕ салыштырма каршылык /узундугу бирдик узундукка, туура кесилиш аянты бирдик аянтка барабар болгон цилиндр түрүндөгү өткөргүчтүн туруктуу электр тогуна көрсөткөн каршылыгы/.

СОПРОТИВЛЕНИЯ ЯКОРЯ якордун каршылыгы

СОПРОТИВЛЕНИЕ ОСЛАБЛЕНИЯ ПОЛЯ талааны начарлатуучу каршылык /талааны начарлатуу тизмегине туташтырылуучу активдүү каршылык/.

СОРТИРОВАЛЬНАЯ МАШИНА сорттоочу машина /перфокарталарды берилген белгилери боюнча ылгоочу машина/.

СОСРЕДОТОЧЕННОЕ СОПРОТИВЛЕНИЕ топтоштурулган каршылык

СОСРЕДОТОЧЕННЫЕ ОБ"ЕКТЫ топтоштурулган об"екттер /бир же бир нече пункттарда жайланышкан теле башкаруунун жана телетекшерүүнүн кыймылдуу жана кыймылсыз об"екттери/.

СОСРЕДОТОЧЕННЫЕ ПОСТОЯННЫЕ топтоштурулган туруктуулар /электр тизмектеринин белгилүү бөлүктөрүндө бөлөк-бөлөк болуп топтолгон индуктивдүүлүктөр жана сыйымдуулуктар/.

СОСТАВА И СВОЙСТВ ВЕЩЕСТВ АВТОМАТИЧЕСКАЯ ИЗМЕРИТЕЛЬНАЯ АППАРАТУРА заттардын касиетин жана составын автоматтык өлчөөчү аппараттар /өндүрүш процессиндеги заттардын сапатын жана сандык составын автоматтык түрдө идентификациялоочу, өлчөөчү жана көндөөчү, текшерип өлчөгүч аппараттардын тобу/.

СОСТОЯНИЕ РАВНОВЕСИЯ тең салмактуулук абал

СПАД ЧАСТОТНОЙ ХАРАКТЕРИСТИКИ ПРИ ВОСПРОИЗВЕДЕНИИ сигнал кайра чыгарылган убакытта жыштык мүнөздөмөсүнүн төмөндөшү /жыштыкка жана башка түрдүү себептерге көз каранды болгон сигналдын чыгаруу системасындагы төмөндөшү /башка себептерге чыгаруучу элементтердин: ийненин, магнит бөлүкчөлөрүнүн тешикчелери кирет/.

СПАД ЧАСТОТНОЙ ХАРАКТЕРИСТИКИ ПРИ ЗАПИСИ сигнал жазуу учурунда жыштык мүнөздөмөсүнүн төмөндөшү /жыштыкка жана башка түрдүү себептерге, атап айтканда, жазуучу элементтин /кескичтин, магнит бөркүнүн тешигинин, жарык штрихинин/ өлчөмдөрүнө көз каранды болгон жазылган сигналдын жазуу системасындагы жыштыктын функциясы катары төмөндөшү/.

СПЕКТР ЗВУКА үндүн спектри /татаал үндүн түзүүчүлөрүнүн амплитудаларын жыштыктын функциясы катары берүү/.

СПЕКТР ЧАСТОТ жыштыктардын спектри /электротехникада жана радиоэлектроникада колдонулуучу гармоникалык жыштыктардын үзгүлтүксүз катары/.

СПЕКТР ЭНЕРГЕТИЧЕСКИЙ энергетикалык спектр /жыштыктын функциясы болгон кокустук процесстин орточо кубатын спектрдик тыгыздыгы/.

СПЕКТРАЛЬНЫЙ АНАЛИЗ спектрдик талдоо /татаал заттардын



составын нурлануу же нур чагылдыруу спектри боюнча аныктоо/.

СПЕКТРОСКОПИЯ ИНФРАКРАСНАЯ инфракызыл спектроскопия /молекулалардын термелүү жана айлануу спектрлерин изилдөөчү молекулалык спектроскопиянын бир тармагы/.

СПЕКТРОСКОПИЯ ОПТИЧЕСКАЯ оптикалык спектроскопия /нур чыгаруу, тутулуу жана жарыктын комбинациялык таралыш спектрлерин изилдөө/.

СПЕЦИАЛИЗИРОВАННАЯ ВЫЧИСЛИТЕЛЬНАЯ МАШИНА адистештирилген эсептегич машина /бир түрдүү математикалык маселелерди чыгаруу үчүн колдонулуучу эсептегич машина/.

СПЕЦИАЛИЗИРОВАННАЯ ЦИФРОВАЯ МАШИНА адистештирилген цифралуу машина /белгилүү гана класстагы маселелерди чыгарууга ылайыкталган машина/.

СПИРАТРОН спиратрон /өтө жогорку жыштыктагы электр магниттик термелүүлөрдүн күчөткүчү /генератору/.

СПЛАВЫ ВЫСОКОГО СОПРОТИВЛЕНИЯ жогорку каршылыктуу куймалар /электрдик салыштырма каршылыгы жогору болгон өткөргүчтөр жасалуучу атайын куймалар/.

СПЛОШНОЙ /ПРОСТОЙ/ ПРОВОД туташ өткөргүч /бир гана зымдан турган өткөргүч/.

СРАВНИВАЮЩЕЕ УСТРОЙСТВО салыштыруучу түзүлүш /тескери байланыш сигналын жана берилген сигналды салыштыруунун негизинде ката сигналын же башкаруучу сигналды берүүчү түзүлүш/.

СРЕДНЕЕ ЗНАЧЕНИЕ орточо маани /белгилүү маанилери боюнча чыгарылуучу кандайдыр бир чоңдуктун мааниси/.

СРЕДНЕЕ ЗНАЧЕНИЕ ПЕРЕМЕННОГО ЭЛЕКТРИЧЕСКОГО ТОКА өзгөрүлмө электр тогунун орточо мааниси /мезгилдин оң белгилүү

карымынын ичиндеги өзгөрүлмө токтун бардык заматтык маанилеринин арифметикалык орто саны/.

СРЕДНЯЯ ВЫРАБОТКА ЭЛЕКТРИЧЕСКОЙ СТАНЦИИ электр станциянын орточо иштеп чыгаруусу /бир нече жыл катары менен жылдын бирдей мезгилдери үчүн алынган же бири-бирине удаалаш тең убакыттын ичинде алынган станциянын иштеп чыгарууларынын орто арифметикалык саны/.

СРЕДНЯЯ ПРОИЗВОДИТЕЛЬНОСТЬ ГИДРОЭЛЕКТРИЧЕСКОЙ СТАНЦИИ гидроэлектр станциянын орточо өндүрүмдүүлүгү /бир жылдын ичинде абалы жана узактыгы бирдей болгон мезгилдерде гидроэлектр станциянын бир гана составдагы жабдууларынын ишинин эсептелип чыгарылган өндүрүмдүүлүктөрүнүн арифметикалык орто саны/.

СРЕДНЕКВАДРАТИЧНОЕ ОТКЛОНЕНИЕ орточо квадраттык кыйшаюу /каралып жаткан кыйшаюунун орточо квадраттык мааниси/.

СРЕЗАННАЯ ИМПУЛЬСНАЯ ВОЛНА кесилген импульстук толкун /куйрук жагында чыңалуу кескин төмөндөп кетүүчү үзүлгөн импульстук толкун/.

СТАБИЛИЗАТОР стабилизатор /стабилизацияланууучу параметрдин чыныгы чоңдугу менен эталондук чоңдуктун ортосундагы катышты берилген маанидe автоматтык түрдө кармап турууучу түзүлүш/.

СТАБИЛИЗАТОР МАГНИТНОГО ПОТОКА магнит агымынын стабилизатору /туруктуу магниттердин жана электр магниттеринин магнит агымдарынын тез флуктуацияланышын /кыйшаюусун/ жоюуга арналган түзүлүш/.

СТАБИЛИЗАТОР НАПРЯЖЕНИЯ чыңалуунун стабилизатору /жүктүн чоңдугуна жана азыктандыруучу тармактын чыңалуусунун термелүүсүнө карабастан электр энергиясынын кабыл алгычтарынын кыскычтарында чыңалуунун чоңдугун автоматтык түрдө туруктуу маанидe кармап турууучу түзүлүш/.

СТАБИЛИЗАТОР НАПРЯЖЕНИЯ ФЕРРОРЕЗОНАНСНЫЙ чыңалуунун феррорезонанстык стабилизатору /тармактагы туруксуз чыңалуунун эффективдүү маанисин туруктуу маанидe кармап туруш үчүн феррорезонанс кубулушун колдонуучу аппарат/.

СТАБИЛИЗАТОР НАПРЯЖЕНИЯ ЭЛЕКТРОННЫЙ чыңалуунун электрондук стабилизатору /негизги функциясын электрондуу лампалар аткарган стабилизатор/.

СТАБИЛИЗАТОР ПОЛУПРОВОДНИКОВЫЙ жарым өткөргүч стабилизатору /чыңалууну же токту стабилизациялоо үчүн арналган, элементтери жарым өткөргүчтөрдөн турган түзүлүш/.

СТАБИЛИЗАТОР ТОКА токтун стабилизатору /стабилизацияланууучу токтун берилген маанисин өзгөртүүчү сырткы факторлордун таасирине каршылык кылуучу түзүлүш/.

СТАБИЛИЗАЦИИ КОЭФФИЦИЕНТ стабилизациялоонун коэффициенти /стабилизатордун ишинин эффективдүүлүгүн сан жагынан мүнөздөөчү коэффициент/.

СТАБИЛИЗАЦИЯ стабилизация /системанын туруксуздугун жоюш үчүн автоматтык жөндөө системасынын динамикалык касиетин өзгөртүү/.

СТАБИЛИЗАЦИЯ ИМПУЛЬСНАЯ импульстук стабилизация /үзгүлтүксүз сигналдарды удаалаш импульстарга айландыра турган кошулма элементтерди кийирүү жолу менен автоматтык жөндөө системасын стабилизациялоо/.

СТАБИЛИЗАЦИЯ НЕПРЕРЫВНАЯ үзгүлтүксүз стабилизация /үзгүлтүксүз кошумча коррекциялоочу тизмекти киргизүү менен ав-

томаттык жөндөө системасын стабилизациялоо/.

СТАБИЛИЗАЦИЯ ПАРАЛЛЕЛЬНАЯ жарыш стабилизациялоо /стабилизациялоо жана берилген статикалык катарды алуу үчүн автоматтык жөндөө системасынын бир же бир нече элементтеринин ичине алган кошумча тескери байланыштарды киргизүү/.

СТАБИЛИЗАЦИЯ ПОСЛЕДОВАТЕЛЬНАЯ удаалаш стабилизация /жөндөө законуна катага шайкеш сигналдан башка да ошол катанын убакыт боюнча алынган интегралдарына жана туундуларына шайкеш сигналдарды киргизүү/.

СТАБИЛИЗАЦИИ СИСТЕМА стабилизациялоочу система /сырткы таасир өзгөргөн убакта координатанын бир же бир нече жөндөлүүчү чоңдуктарын туруктуу маанide кармап туруучу система/.

СТАБИЛИЗАЦИЯ ЧАСТОТЫ жыштыкты стабилизациялоо /өзү дүүлүктүүчү жарым өткөргүч жана лампа генераторлорунун термелүүлөрүнүн жыштыгын туруктуу маанide кармап турууунун методдору/.

СТАБИЛИЗИРУЮЩАЯ АВТОМАТИЧЕСКАЯ СИСТЕМА стабилизациялоочу автоматтык система /башкарылуучу чоңдукту туруктуу маанide кармап туруу үчүн алдын ала көрсөтмөсү бар автоматтык система/.

СТАБИЛИЗИРУЮЩАЯ ОБРАТНАЯ СВЯЗЬ стабилизациялоочу тескери байланыш

СТАБИЛИЗИРУЮЩЕЕ УСТРОЙСТВО стабилизациялоочу түзүлүш

СТАБИЛИТРОН КОРОННОГО РАЗРЯДА таажылуу разряддын стабилитрону /чыңалууну стабилизациялоочу таажылуу разряддын эки электроддуу иондук прибору/.

СТАБИЛИТРОН КРЕМНИЕВЫЙ кремний стабилитрону /кремнийдин негизинде жасалып тескери багытта туташтырылуучу сызыктуу эмес жарым өткөргүч прибор/.



СТАБИЛИТРОН ТЛЕЮЩЕГО РАЗРЯДА бүлбүлдөөчү разряддын стабилитрону /чыңалуусу иштөө аймагында токко көз каранды болбогон бүлбүлдөгөн разряддын эки электроддуу иондук прибору/.

СТАБИЛЬНОСТЬ СХЕМЫ схеманын туруктуулугу /схеманын параметрлеринин убакыттын ичинде өзгөрбөгөн маанилери/.

СТАНОК ДЛЯ ЗАПИСИ НА ДИСК дискке жазуучу станок /сигналдарды алып жүргүчү диск формасында жасалган механикалык жол менен жазуучу аппарат/.

СТАНЦИЯ УПРАВЛЕНИЯ башкаруу станциясы /берилген режимдердин аткарылышын контролдоочу система/.

СТАТИЗМ статизм /карама-каршы белги менен алынган статикалык мүнөздөмөнүн бурчтук коэффициенти/.

СТАТИКА РЕГУЛИРОВАНИЯ деңгээлдөөнүн статикасы

СТАТИСТИЧЕСКИЕ ОЦЕНКИ статикалык баалоо /кокустук чоңдуктун үстүнөн жүргүзүлгөн байкоонун натыйжасына көз каранды функция/.

СТАТИСТИЧЕСКИЙ АНАЛИЗ ТОЧНОСТИ ДИНАМИЧЕСКИХ СИСТЕМ динамикалык системалардын тактыгын статистикалык талдоо /системанын кирүүчү чоңдуктарынын белгилүү статистикалык мүнөздөмөлөрү боюнча анын чыгуучу чоңдуктарынын статистикалык мүнөздөмөлөрүн аныктоо/.

СТАТИСТИЧЕСКИЙ КОД статистикалык код /билдирүүлөрдүн ашыктыгына карата сигналдардын ашыктыгын азайтуучу код/.

СТАТИСТИЧЕСКИХ РЕШЕНИЙ ТЕОРИЯ статистикалык чыгаруулардын теориясы /аныкталбаган шартта эсептөөнүн жолун тандоонун эрежелерин иштеп чыгуучу математикалык статистиканын бир бөлүгү/.

СТАТИЧЕСКАЯ ОШИБКА статистикалык ката /башкаруучу жана

козгоочу таасир аракет кылган системадагы туруктуу ката/.

СТАТИЧЕСКАЯ СЕТОЧНАЯ ХАРАКТЕРИСТИКА торчун статикалык мүнөздөмөсү /электрондуу лампанын башкы электроддорундагы чыңалуу туруктуу болгон учурда анын аноддук тогу менен башкаруучу торундагы чыңалуунун ортосундагы көз карандылык/.

СТАТИЧЕСКАЯ СИСТЕМА статикалык система /сырткы таасир убакыт ичинде туруктуу мааниге умтулганда көндөлүүчү чоңдук да туруктуу мааниге умтулган система/.

СТАТИЧЕСКАЯ УСТОЙЧИВОСТЬ статикалык туруктуулук /синхрондуу машинанын электр тармагы менен синхрондуу иштөө жөндөмдүүлүгү/.

СТАТИЧЕСКАЯ ХАРАКТЕРИСТИКА статикалык мүнөздөмө /системанын же звенонун туруктуу абалында кирүүчү жана чыгуучу чоңдуктардын ортосундагы көз карандылык/.

СТАТИЧЕСКИЕ ХАРАКТЕРИСТИКИ И ПАРАМЕТРЫ ЭЛЕКТРОННЫХ ЛАМП электрондуу лампалардын статикалык мүнөздөмөлөрү жана параметрлери /лампанын электроддорундагы токтун чыңалууга болгон көз карандылыгы жана жүк каршылыгы жок учурда ал экөөнүн ортосунда байланыш түзүүчү чоңдуктар/.

СТАТИЧЕСКОЕ ДАВЛЕНИЕ статикалык басым /үн толкундары болбогон учурда берилген чекитте болууга мүмкүн болгон басым/.

СТАТИЧЕСКОЕ ПЕРЕНАПРЯЖЕНИЕ статикалык өтө чыңалуу /электр заряддарынын таасири астында электр установкасында же изоляцияланган өткөргүчтө пайда болуучу өтө чыңалуу/.

СТАТИЧЕСКОЕ ЭЛЕКТРИЧЕСТВО статикалык электричество /электрлештирилген нерседеги багыттуу кыймылы жок электр заряддары/.



СТАТИЧЕСКИЙ КОЭФФИЦИЕНТ УСИЛЕНИЯ күчөтүүнүн статикалык коэффициенти

СТАТИЧЕСКИЙ ЛОГИЧЕСКИЙ ЭЛЕМЕНТ статикалык логикалуу элемент

СТАТИЧЕСКИЙ ПРЕОБРАЗОВАТЕЛЬ статикалык өзгөрткүч /бир түрдөгү токту бөлөк бир түрдөгү токко өзгөртүү үчүн өткөргүчтүүлүктүн симметриялуу эмес касиетин колдонуучу бир же бир нече вентилдерди, трансформаторлорду жана аларга тийиштүү жасалгаларды камтыган түзүлүш/.

СТАТИЧЕСКИЙ ПРЕОБРАЗОВАТЕЛЬ ПОСТОЯННОГО ТОКА туруктуу токтун статикалык өзгөрткүчү /туруктуу токту башка бир чыңалуудагы туруктуу токко айландыруучу статикалык өзгөрткүч/.

СТАТИЧЕСКИЙ ПРЕОБРАЗОВАТЕЛЬ ЧАСТОТЫ жыштыктын статикалык өзгөрткүчү /өзгөрүлмө токту башка бир жыштыктагы өзгөрүлмө токко айландыруучу статикалык өзгөрткүч/.

СТАТИЧЕСКИЙ РАСЧЕТ статикалык эсептөө /туруктуу режимде системанын ишинин каалагандай тактыгын камсыз кылуу максатында жүргүзүлгөн эсептөө/.

СТАТИЧЕСКИЙ ТРИГГЕР статикалык триггер /параметрлери туруктуу абалда өзгөрүлбөгөн триггер/.

СТАТОР статор /ротор түрүндөгү машиналардын, буу турбиналарынын, электр генераторлорунун, электр кыймылдаткычтарынын кыймылсыз бөлүгү/.

СТАЦИОНАРНЫЙ РЕЖИМ стационардуу режим /динамикалык системанын абалы убакыт боюнча өзгөрүлбөгөн же мезгил-мезгили менен кайталанып туруучу режим/.

СТЕКЛЯННЫЙ ЛАЗЕР айнектүү лазер /активдүү чөйрөнүн милдетин айнек аткаруучу жарыктын кванттык генератору/.

СТЕПЕНЬ ВОЗБУЖДЕНИЯ (КОЭФФИЦИЕНТ ПОЛЯ; ПОЛЕ) дүүлүгүүнүн даражасы (удаалаш дүүлүктүрүлүүчү кыймылдаткычтардын якорь тогунун бир маанисинде негизги уюлдардын оромолорунун ампер оромдорунун шунтталгандан кийинки чоңдугунун максималдык ампер оромдордун санына болгон катышы).

СТЕПЕНЬ ЗАТУХАНИЯ басаңдоонун даражасы (белгисиз бирдей удаалаш термелүүлөрдүн амплитудаларынын катышы).

СТЕПЕНЬ ОСЛАБЛЕНИЯ ПОЛЯ (ОСЛАБЛЕНИЕ ПОЛЯ) талааны начарлатуунун даражасы (удаалаш дүүлүктүрүлүүчү кыймылдаткычтардын якорь тогунун бир маанисинде негизги уюлдардын оромолорунун ампер оромдорунун азайышынын чоңдугунун максималдык ампер оромдорунун санына болгон катышы).

СТЕПЕНЬ ПЛАВНОСТЬ РЕГУЛИРОВАНИЯ жөндөөнүн бир калыптуулугунун даражасы (тартуу күчүнүн минимум жана пик маанилеринин ортосундагы катыш).

СТЕПЕНЬ СВОБОДЫ эркиндик даражасы (каалагандай тандалып алынган механикалык системанын көз карандысыз кыймылы).

СТЕРЕОФОНИЧЕСКАЯ СИСТЕМА ВОСПРОИЗВЕДЕНИЯ ЗВУКА үн чыгаруунун стереофондук системасы (бир нече микрофондордон, берүү каналдарынан, катуу сүйлөгүчтөрдөн туруучу акустикалык система. Алар үндүк булактары мейкиндик боюнча жайланышкан сыяктуу таасир эткендей кылып угузат).

СТЕРЖНЕВЫЕ ОБМОТКИ стерженду ороондор (электр машиналарынын стержень түрүндөгү өткөргүчтөрдөн туруучу оромолору).

СТИРАНИЕ (ИНФОРМАЦИИ В ЦИФРОВОЙ ВЫЧИСЛИТЕЛЬНОЙ МАШИНЕ) өчүрүү (эске тутуучу түзүлүштүн информация алып жүргүчүн алгачкы абалына келтирүү).



СТОПОРНАЯ МУФТА стопордук муфта /секцияларга толтурулган суюктук бөлүнгөн бойдон калуучу басым кабелинин эки секциясын туташтыруучу муфта/.

СТОРОННЕЕ ЭЛЕКТРИЧЕСКОЕ ПОЛЕ сырткары электр талаасы /жылуулук процесстеринин, химиялык реакциялардын, контакттык кубулуштардын, механикалык күчтөрдүн жана башка электр магниттик эмес кубулуштардын натыйжасында пайда болгон электр талаасы/.

СТРЕЛА ПРОВЕСА салаңдоо жаасы /аба сызыгынын өткөргүчтөр бекитилген эки чекитинин ортосун туташтыруучу түз сызык менен өткөргүчтүн арасындагы максималдуу тик аралык/.

СТРЕЛЯЮЩИЙ ПРЕДОХРАНИТЕЛЬ атылуучу сактагыч /тизмекти сактагыч менен ажыратканда жаанын таралышы, газдын, калдыктын, металл күкүмдөрүнүн бөлүнүп чыгышы берилген бир же бир нече багыт боюнча кете турган сактагыч/.

СТРЕНГА стренга /арасында изоляциясы жок спираль түрүндө буралган бир нече зым/.

СТРУЙНАЯ ТЕХНИКА шорголоо техникасы /кыймылдуу механикалык бөлүкчөлөрү жок шорголоо элементтеринен түзүлгөн пневмогидро автоматиканын жаңы тармагы/.

СТРУЙНЫЙ ЭЛЕМЕНТ шорголоо элементи /берилген операцияларды аткаруу үчүн шорголомо агымдар пайдаланылган элемент/.

СТРУКТУРА КОМАНД командалар структурасы /цифралуу эсептегич машинанын командасынын түзүлүшү/.

СТРУКТУРНАЯ СХЕМА структуралык схема /автоматтык жөндөө системасынын бөлүктөрүнүн ортосундагы өз ара байланышты көрсөтүүчү жана алын динамикалык касиеттерин мүнөздөөчү схема/.

СТРУКТУРНАЯ ФОРМУЛА РЕЛЕЙНОЙ ЦЕПИ реле тизмегинин структура-

дик формасы /тизмектин абалы менен ал тизмекти түзүп турган элементтердин абалынын ортосундагы көз карандылыкты аныктоочу жана тизмектин структурасын бир мааниде мүнөздөөчү туюнтма/.

СТРУНА струна /фиксациялоочу тросту, жардамчы тросту же контакттык өткөргүчтү туурасынан же узатасынан тартылган көтөрүп туруучу трос катары колдонулуучу элемент/.

СТУПЕНЧАТОЕ ВОЗДЕЙСТВИЕ баскычтуу таасир /чыгуучу өзгөрүлмө чоңдуктун белгилүү бир берилген гана мааниге ээ болуусун берүүчү таасир/.

СТУПЕНЧАТОЕ РЕГУЛИРОВАНИЕ баскычтап жөнгө салуу

СТУПЕНЬ ПРОТИВОВКЛЮЧЕНИЯ каршы туташтыруунун баскычы

СТУПЕНЬ СОПРОТИВЛЕНИЯ каршылыктын баскычы

СТЫКОВЫЙ ЗАЖИМ жалгаштыруучу кыскыч /контакттык өткөргүчтөрдүн эки бөлүгүн туташтыруу үчүн колдонулуучу тетик/.

СУБ"ЕКТИВНЫЙ ШУМОМЕР суб"ективдүү чуу өлчөгүч /чууну үгүп салыштыруу жолу менен өлчөөчү прибор/.

СУММАТОР сумматор /автоматтык эсептегич машинада бир нече физикалык чоңдуктардан сумма түзүүчү түзүлүш. Арифметикалык түзүлүштүн сандарды алгебралык суммалоону ишке ашыруучу түйүнү/.

СУММИРОВАНИЕ ТЕЛЕИЗМЕРЯЕМЫХ ВЕЛИЧИН теле өлчөнүүчү чоңдуктарды кошуу /электр станцияларынын жана энергетикалык бириккен системалардын берген кубаттуулугун теле өлчөп кошуу/.

СУММИРУЮЩАЯ ЦЕПЬ суммалоочу тизмек /электр тогу жана чыңалуу түрүндө берилген чоңдуктарды суммалоо үчүн пайдаланылуучу сызыктуу тизмек/.

СУПЕРГЕТЕРОДИН супергетеродин /узун, орто, кыска жана ультра кыска диапазонунда иштөөчү радио толкундарын кабыл алуучу түзүлүш/.



СУПЕРПОЗИЦИИ ПРИНЦИП суперпозиция принциби /аракет кылуучу күчтөрдүн бири бирине көз каранды эместиги жөнүндөгү бирдиктүү физикалык закондун жеке бир көрүнүшү/.

СУХОЙ ЭЛЕМЕНТ кургак элемент /электроду цинк жана көмүрдөн, ал эми электролити болсо, кошу шире же камыр түрүндөгү өзүнүн нымдуулугун көпкө чейин сактай ала турган пастадан жасалуучу гальваникалык элемент/.

СХЕМА ДВОЙНОГО ЗИГЗАГА кошоктолгон ийри буйну схема /өзгөртүүчү трансформатордун экинчи оромосунун алты фазалуу ар бир фазасы экиге айрылган ички үч фазалуу жылдыздан турган схемасы/.

СХЕМА СРАВНЕНИЯ салыштыруу схемасы /эсептегич машинанын эки машина сөзүн же алардын бөлүктөрүн салыштыруучу түйүнү/.

СХЕМА С НУЛЕВЫМ ВЫВОДОМ нөл чыгарылган схема /өзгөрүлмө токтун фазасынын ар бир чыккан учтары аноддорго же катоддорго гана кошула турган статикалык өзгөрткүчтү бириктирүү схемасы/.

СХЕМА ЭЛЕКТРИЧЕСКОЙ ЦЕПИ электр тизмегинин схемасы /участокторунун туташтырылыш ирээтин жана тизмектин элементтеринин касиеттерин көрсөтүүчү электр тизмегинин графикалык сүрөттөлүшү/.

СЧЕТНО=РЕШАЮЩЕЕ УСТРОЙСТВО эсептеп чыгаруучу түзүлүш /белгилүү бир математикалык операцияны же операциянын группасын аткарууга арналган математикалык машинанын бир бөлүгү/.

СЧЕТЧИК санагыч /эсептегич машинанын кире беришине берилүүчү импульстарды саноо кызматын аткаруучу түйүнү/.

СЧЕТЧИК ИМПУЛЬСОВ импульстарды санагыч /убакыттын берилген интервалынын ичинде келген электр импульстарын саноочу жана эске тутуп калуучу түзүлүш/.

СЧЕТЧИК КОМАНД командаларды санагыч /башкаруу түзүлүшүнүн командаларды регистрге чакыруучу эстин ячейкасынын номерин түзүү үчүн пайдаланылуучу түйүнү/.

СЧИТЫВАНИЕ салыштырып окуу /эске тутуучу түзүлүштө сакталуучу информацияны аныктоо/.

СЧИТЫВАНИЕ ИНФОРМАЦИИ информацияны окуу /информацияны эсте тутуучу түзүлүштөн эсептегич машинанын башка түзүлүштөрүнө алуу/.

СЧИТЫВАНИЯ ВРЕМЯ окуу убакыты /эске тутуучу түзүлүштүн ячейкасындагы тандалган группанын информациялык материалдарын сырткы тизмекке чыгарууга кеткен убакыттын толук циклинин бир бөлүгү/.

## Т

ТАБЛИЦА ЗАМЫКАНИЙ туташтыруу таблицасы /башкаруу тизмегиндеги коммутациялоочу аппаратуранын кандай удаалаштык менен иштешин көргөзүүчү таблица же схема/.

ТАБЛИЦА СОСТОЯНИЙ абалдын таблицасы /чыгуучу элементтердин абалынын кирүүчү элементтердин абалына болгон көз карандылыгын берүүчү таблица/.

ТАБСОЛ табсол /башкаруучу татаал системаларды жана информацияларды иштетүү процесстерин программалоонун таблицалык жолу/.

ТАБУЛЯГРАММА табуляграмма /чыгарылуучу маселенин табуляторго же электрондуу эсептегич машинанын көп разряддуу басуучу түзүлүшүнө түшүрүлгөн отчеттук документи/.

ТАБУЛЯТОР табулятор /перфокартадагы сандарды автоматтык түрдө жазып алуучу жана аларды табуляграммага түшүрүүчү эсептегич перфорациялык машина/.

ТАЙМТАКТОР таймтактор /ишке кирүү убактысынын мөөнөтү жөндөлүүчү контактор/.



ТАЙПОТРОН тайпотрон /сүрөттөлүүчү информацияны эске тутуучу белгилик электрон нурдуу түтүкчө/.

ТАКТ РАБОТЫ МАШИНЫ машинанын иштөө такты /белгилүү бир команданы аткарыш үчүн эсептегич машинанын жүргүзгөн аракеттерине кеткен убакыттын аралыгы/.

ТАКТ РАБОТЫ РЕЛЕЙНОГО УСТРОЙСТВА реле түзүлүшүнүн иштөө такты /реле түзүлүшүнүн кошуулаш эки абалдарынын өзгөрүшүнүн ортосундагы убакыттын аралыгындагы аралыгы/.

ТАНДЕМ-ДВИГАТЕЛЬ тандем-кыймылдаткыч /жалпы тулкунун ичине орнотулган бир валда эки якору бар тартуучу кыймылдаткыч/.

ТАРЕЛЬЧАТЫЙ ИЗОЛЯТОР табак сымал изолятор /шапка жана болот өзөк арматура салынып жасалган изолятор/.

ТАХОГЕНЕРАТОР ПЕРЕМЕННОГО ТОКА өзгөрүлмө токтун тахогенератору /амплитудасы жана жыштыгы айлануу ылдамдыгына шайкеш болгон чыңалууну берүүчү өзгөрүлмө токтун генератору/.

ТАХОГЕНЕРАТОР ПОСТОЯННОГО ТОКА туруктуу токтун тахогенератору /айлануу ылдамдыгына шайкеш болгон туруктуу чыңалууну берүүчү туруктуу токтун генератору/.

ТАХОМЕТР тахометр /айлануучу октун ылдамдыгын өлчөөчү прибор/.

ТАХОМЕТРИЧЕСКОЕ РЕЛЕ /РЕЛЕ СКОРОСТИ ВРАЩЕНИЯ/ тахометрдик реле /контролдонуучу кыймылдуу бөлүгүнүн ылдамдыгы белгиленген чекке жеткенде гана контакттары ишке кирүүчү реле/.

ТВЕРДАЯ СХЕМА катуу схема /электр вакуумдуу приборлордон турган схеманын окшош функцияларды аткаруучу структурасы бир тектүү болгон жарым өткөргүчтүү монолиттүү блок/.

ТВИСТОР твистор /автоматиканын ар кандай түзүлүштөрүндө

жана эсептөө техникасында логикалуу жана эске тутуу элемент катарында пайдаланылуучу магнит өтүмдүүлүк элемент/.

ТЕКУЩЕЕ ЗНАЧЕНИЕ утурумдук /арадагы/ маани /кандайдыр бир чоңдуктун убакытка карата өзгөргөн чоңдугу/.

ТЕЛЕАВТОМАТИЧЕСКАЯ СИСТЕМА телеавтоматикалык система /башкаруучу түзүлүштөр жана башкарылуучу об"екттер бири биринен телемеханиканын каражаттарын жана методдорун колдонгондой аралыкта жайланышкан автоматтык системанын бир түрү/.

ТЕЛЕВИДЕНИЕ ПРИКЛАДНОЕ колдонмо теле көрсөтүү /илимдин, техниканын жана өндүрүштүн ар кандай тармактарында эмгектин өндүрүмдүүлүгүн, коопсуздугун жогорулатыш үчүн, илим изилдөө мүмкүнчүлүгүн жана автоматташтырууну кеңири киргизүү үчүн колдонулуучу теле көрсөтүү/.

ТЕЛЕВИДЕНИЕ ПРОМЫШЛЕННОЕ өндүрүштүк теле көрсөтүү /өндүрүштө эмгектин өндүрүмдүүлүгүн жана коопсуздугун жогорулатыш үчүн жана өндүрүштү башкарууну жеңилдетиш үчүн пайдаланылуучу теле көрсөтүү/.

ТЕЛЕИЗМЕРЕНИЕ теле өлчөө /текшерилүүчү параметрлердин чоңдуктарын алыска берүүнүн техникалык каражаттарын жана анын теориясын ичине алган телемеханиканын бөлүгү/.

ТЕЛЕИЗМЕРИТЕЛЬНАЯ СИСТЕМА МНОГОКАНАЛЬНАЯ көп каналдуу теле өлчөө системасы /жалпы бир байланыш каналы боюнча чогулуучу бир нече чоңдуктардын маанилерин жиберүүчү теле өлчөө системасы/.

ТЕЛЕИЗМЕРИТЕЛЬНАЯ СХЕМА теле өлчөө схемасы /өлчөөнүн жыйынтыктары жөнүндөгү информацияны алыска берүүчү техникалык каражаттардын тобу/.



ТЕЛЕКОМАНДОВАНИЕ теле буйрук берүү /телемеханиканын каражаттары менен буйруктарды алыска берүү/.

ТЕЛЕКОНТРОЛЬ теле текшерүү /телемеханиканын каражаттарынын жардамы менен об"екттин абалын автоматтык түрдө текшерүү/.

ТЕЛЕМЕХАНИКА телемеханика /об"екттин абалы жөнүндө кабарды, башкаруучу команданы автоматтык түрдө алыска берүү жөнүндө теорияны жана техникалык каражаттарды ичине алган илимдин жана техниканын бир тармагы/.

ТЕЛЕМЕХАНИЧЕСКАЯ СИСТЕМА телемеханикалык система /башкаруучу кабарды автоматтык түрдө алыска берүүчү телемеханикалык түзүлүштөрдүн жана байланыш каналдарынын тобу/.

ТЕЛЕПЕРЕДАЧА теле берүү /телемеханиканын каражаттары аркылуу режимдин параметрлерин алыска берүү/.

ТЕЛЕРЕГУЛИРОВАНИЕ теле жөндөө /жөндөө командасын алыска берүүчү теле башкаруунун техникалык каражаттарын жана методдорун ичине алган телемеханиканын бир бөлүгү/.

ТЕЛЕСИГНАЛИЗАЦИЯ теле сигналдоо /текшерилүүчү пункттардан, алардын абалы жөнүндө башкаруучу пункттарга кабарлардын берилиши/.

ТЕЛЕУПРАВЛЕНИЕ теле башкаруу / башкаруу командасын алыска берүүгө керек болгон техникалык каражаттарды жана методдорду ичине алган телемеханиканын бир бөлүгү/.

ТЕЛЕФОН телефон /электрдик термелүүлөрдү үн толкундарына айландырып телефондук түзүлүштөргө берүү үчүн колдонулуучу электр акустикалык өзгөрткүч/.

ТЕЛЕФОННЫЙ МИКРОФОН телефондук микрофон /телефондун түтүгүндө пайдаланылуучу микрофон/.

ТЕМПЕРАТУРНОЕ РЕЛЕ температура релеси /контакттары белгиленген температурада ишке кирүүчү аппарат/.

ТЕПЛОВАЯ ЭЛЕКТРОСТАНЦИЯ /ПАРОТУРБИННАЯ, ГАЗОТУРБИННАЯ, С ДВИГАТЕЛЯМИ ВНУТРЕННОГО СГОРАНИЯ/ жылуулук электр станциясы /отундун күйүү жылуулугун электр энергиясына айландыруучу станция/.

ТЕПЛОВОЕ РЕЛЕ жылуулук релеси /электр тогу менен жылуулук элементин ысыганда иштөөчү аппарат/.

ТЕПЛОЭЛЕКТРИЧЕСКАЯ ТЯГА жылуулук электрдик тартуу /энергия тартуу бирдигиндеги жылуулук кыймылдаткычтары тарабынан иштелип чыгып, кыймылдуу окторго электрдик жол менен берилө турган тартуучу система/.

ТЕПЛОЭЛЕКТРОЦЕНТРАЛЬ жылуулук электр борбору /бир эле учурда энергиянын эки түрүн: электр энергиясын жана жылуулук иштеп чыгарып, керектөөчүлөргө берүүчү жылуулук электр станциясы/.

ТЕНЗОДАТЧИК тензо билдиргич /катуу нерселердин дефформациясын электр сигналына айландыруучу прибор/.

ТЕНЗОМЕТР тензометр /катуу нерселердин деформациясын өлчөөчү прибор/.

ТЕОРИЯ АВТОМАТИЧЕСКОГО РЕГУЛИРОВАНИЯ автоматтык жөндөөнүн теориясы

ТЕРМИСТОР термистор

ТЕРМОБАТАРЕЯ термобатарея /чоң электр кубатын алыш үчүн удаалаш туташтырылган жарым өткөргүчтүү термоэлементтер/.

ТЕРМОИОННЫЙ ВЕНТИЛЬ термоиондуу вентиль /жылытуучу катоду бар иондуу вентиль /.

ТЕРМОМЕТР СОПРОТИВЛЕНИЯ каршылык термометри /металлдардын жана жарым өткөргүчтөрдүн электр каршылыктарынын температурага



карата өзгөрүш касиеттеринин негизинде түзүлгөн температура көрсөткүчү/.

ТЕРМОПАРА термо түгөй /эки түрдүү металл зымдарынан же жарым өткөргүчтөрдөн жасалган температура көрсөткүч/.

ТЕРМОСОПРОТИВЛЕНИЕ термо каршылык /температурага көз каранды болгон өткөргүчтүн же жарым өткөргүчтүн электр каршылыгы/.

ТЕРМОСТАТ ПОЛУПРОВОДНИКОВЫЙ жарым өткөргүчтүү термостат /термоэлектр батареясы аркылуу кумушчу көлөмдүн температурасын жутуп же жылуулук бөлүп чыгаруу жолу менен аны туруктуу кармап туруучу прибор/.

ТЕРМОФОН термофон /өзү аркылуу өтүп жаткан токтун чоңдугуна карата температурасы өзгөрүп туруучу өткөргүчтү курчап турган абаны кысуу же кеңейтүүнүн натыйжасында интенсивдүүлүгү өсөп-төлүүгө боло турган үн толкундарын пайда кылуучу электр акустикалык өзгөрткүч/.

ТЕРМОЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ ГЕНЕРАТОР термоэлектр генератору /жылуулук энергиясын түздөн түз электр энергиясына айландыруучу түзүлүш/.

ТЕРМОЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ ХОЛОДИЛЬНИК термоэлектр муздаткычы /ар тектүү материалдардан турган тизмек аркылуу электр тогу өткөндө алардын контактысындагы бөлүнүп чыккан жылуулукту жутуу принцибинде иштөөчү прибор/.

ТЕРМОЭЛЕКТРИЧЕСТВО термоэлектричество /заттардын ички жылуулук энергиясынын электр кубатына айлануу кубулушу/.

ТЕРМОЭЛЕКТРОДВИЖУЩАЯ СИЛА термоэлектр кыймылдаткыч күчү /бир тектүү эмес жарым өткөргүчтөрдөн удаалаш туташтырылган электр тизмектеринде пайда болуучу электр кыймылдаткыч күчү/.

ТЕРМОЭЛЕКТРОННАЯ ЭМИССИЯ термоэлектрондук эмиссия /ысытылган катуу нерселердин электрондорду нурлантуусу/.

ТЕРМОЭЛЕМЕНТ термоэлемент /термоэлектрдик кубулуштун жана жарым өткөргүчтөрдүн электрондорунун кинетикалык энергиясынын температурага карата өзгөрүп туруу өзгөчөлүгүн пайдаланууга негизделип түзүлгөн элементтер. Термоэлементтер электр кубатын иштеп чыгаруучу башка булактар жок жерлерде радио кабыл алгычтарды ж.б. аппараттарды электр тогу менен азыктандыруу үчүн пайдаланылат/.

ТЕРМОЭЛЕМЕНТ ПОЛУПРОВОДНИКОВЫЙ жарым өткөргүчтүү термоэлемент /жылуулук энергиясын түздөн түз электр энергиясына айландыруучу түзүлүш/.

ТЕРМОЭМИССИЯ термоэмиссия /ысытылган нерселердин иондордун, электрондордун чыгышы/.

ТЕТРОД тетрод /төрт электроддуу: ысытуучу катоду, аноду жана башкаруучу, экрандоочу эки торчосу бар электр вакуумдуу лампа/.

ТЕХНИЧЕСКИЕ СРЕДСТВА АВТОМАТИЗАЦИИ автоматташтыруунун техникалык каражаттары

ТИП ВОЗДЕЙСТВИЯ таасирдин түрү /башкаруу системасынын элементи үчүн чыгуучу өзгөрүлмө чоңдукту өткөрүүнүн мүнөзү/.

ТИРАТРОН тиратрон /катоддон, аноддон жана бир же бир нече торчодон турган иондуу прибор/.

ТИРАТРОН ЭЛЕКТРОМЕТРИЧЕСКИЙ электрометрдик тиратрон /өтө кичине чоңдуктагы электр тогун көрсөтүүчү тиратрон/.

ТИРИСТОР тиристор /башкарылуучу жарым өткөргүчтүү вентиль/.

ТИРИТ тирит /карборунддун, графиттин, топурактын жуурулуп ныкталып бышырылган аралашмасы. Тириттин каршылыгынын мүнөздөмөсү түз сызыктуу эмес /чыңалууга түз пропорциялаш эмес/, б.а. чыңалуунун чоңоюшу менен тириттин каршылыгы азая баштайт/.



ТИРИТОВЫЙ РАЗРЯДНИК тириттүү разрядник /негизги бөлүгү тириттен туруучу өтө чыңалуулардан электр жасалгаларын сактоо максатында пайдаланылуучу разрядниктер/.

ТЛЕЮЩИЙ РАЗРЯД бүлбүлдөөчү разряд /газдардагы өздүк разряддын бир түрү/.

ТОК ВКЛЮЧЕНИЯ /ПОЛЮСА АППАРАТА/ туташтыруу тогу /коммутациялык аппаратты кыска туташууга кошкон учурда пайда болгон токтун эң чоң амплитудасы. Коммутациялык аппарат менен тизмекти туташтыргандан кийин биринчи мезгилде өзгөрүлмө токтун тизмегинде пайда болуучу токтун максималдуу амплитудасы/.

ТОК ВОЗБУЖДЕНИЯ дүүлүктүрүү тогу /электр машиналарынын иштөөсү үчүн зарыл болгон магнит талаасын түзүү максатында анын уюлдарына оролгон дүүлүктүрүү орамолору боюнча өтүүчү ток/.

ТОК ПОВРЕЖДЕНИЯ залалдануу тогу /залалданган орун аркылуу өтүүчү ток/.

ТОК НА ЗЕМЛЮ жерге кетүүчү ток /жердештиргич аркылуу жерге өтүүчү ток/.

ТОК ОТКЛЮЧЕНИЯ ажыратуу тогу /контакттары ажыраган учурда өлчөнгөн, ажыратылуучу түзүлүштүн ушул уюлундагы токтун аракет жасоочу мааниси/.

ТОК СМЕЩЕНИЯ жылышуу тогу /диэлектриктердеги молекулалык заряддардын белгилүү багыттарга карай бурулуп жылышуусу менен мүнөздөлүүчү электр тогу/.

ТОК ТЕРМИЧЕСКОЙ УСТОЙЧИВОСТИ жылуулукка туруктуулуктун тогу /эксплуатациялоонун белгиленген шарттарында толугу менен туташтырылган коммутациялык аппарат аркылуу белгилүү убакыттын ичинде өтүүчү токтун аракеттүү мааниси/.

ТОКИ ФУКО фуко токтору /куюн ток/.

ТОК ХОЛОСТОГО ХОДА бош жүрүү тогу /электр кыймылдаткычтарынын жана трансформаторлорунун бош /жүксүз/ иштөө мезгилиндеги тогу/.

ТОК ЭМИССИИ эмиссия тогу /заттарды ысытканда учуп чыккан электрондордун же иондордун агымы/.

ТОКООГРАНИЧИВАЮЩИЙ РЕАКТОР токту чектөөчү реактор /өзү кошулган тизмекте кыска туташуунун тогун чектөө үчүн пайдаланылуучу реактор/.

ТОНАРМ тонарм /үн алгычтын өркүн бекитүүчү жана анын табактын бети боюнча которулушуна мүмкүндүк берүүчү узартылган тетик/.

ТОРМОЖЕНИЕ ЗАМЕДЛЕНИЯ акырындатуучу тормоздоо /кыймылдын ылдамдыгын төмөндөтүү үчүн колдонулуучу тормоздор/.

ТОРМОЗНАЯ СИЛА тормоздоочу күч /тартуучу кыймылдаткычтар тарабынан тормоздоо режиминде кыймылдуу дөңгөлөктөргө берилүүчү күч/.

ТОРМОЗЯЩИЙ МОМЕНТ тормоздоочу момент /электр кыймылдаткычтарынын якорунун кыскычтарын тармактан ажыратып аны каршылыкка туташтырганда пайда болгон момент/.

ТОЧЕЧНЫЙ ТРАНЗИСТОР чекиттик транзистор /контакттары чекиттей мейкиндикте тийишип турган жарым өткөргүчтүү триод/.

ТРАНЗИСТОР транзистор /электрон - кемдейлүк өтмөлдүү үч же андан көп электроду бар жарым өткөргүчтүү электр өзгөрткүчү/.

ТРАНЗИСТОР ГЕРМАНИЕВЫЙ германий транзистору /иштөө принциби электр тогунун жарым өткөргүчтүү кристалл - германий аркылуу өтүшүнө негизделген үч электроддуу прибор/.



ТРАНЗИСТОР ДРЕЙФОВЫЙ дрейфтүү транзистор /башкарылуучу аймак аркылуу заряддарды алып жүрүүчү дрейф механизмдүү жогорку жыштыктагы транзистор/.

ТРАНЗИСТОР КРЕМНИЕВЫЙ кремний транзистору /иштөө принциби электр тогунун жарым өткөргүчтүү кремний аркылуу өтүшүнө негизделген прибор/.

ТРАНЗИСТОРА ПАРАМЕТРЫ транзистордун параметрлери /транзистор ар кандай схемага туташтырылганда жана ар кандай режимде иштегенде анын касиеттерин мүнөздөөчү чоңдуктар/.

ТРАНЗИСТОР УНИПОЛЯРНЫЙ бир уюлдуу транзистор /негизги заряддардын агымын башкара турган каналы бар транзистор/.

ТРАНЗИСТОРА ЧАСТОТНЫЕ СВОЙСТВА транзистордун жыштыктык касиеттери /транзистордун ар кандай жыштыктагы электр сигналдарын күчөтүш жөндөмдүүлүгүнүн өзгөрүшү/.

ТРАНЗИСТОРОВ СКОРОСТНЫЕ ХАРАКТЕРИСТИКИ транзистордун ылдамдык мүнөздөмөлөрү /транзистордогу өтмө процесстердин убактысын аныктай турган параметрлердин тобу/.

ТРАНСФОРМАЦИИ КОЭФФИЦИЕНТ трансформациялоонун коэффициенти /трансформатордун биринчи жана экинчи оромолорундагы чыңалуунун жана каршылыктын байланыштарын аныктай турган негизги параметр/.

ТРАНСПОЗИЦИЯ, СКРЕЩИВАНИЕ транспозиция /фазалардын арасында өз ара жана жерге, кошуу өткөн сызыктарга карата жетишээрлик симметриясын камсыз кылуу максатында өткөргүчтөрдүн сызыкта жайланышуу абалын белгилүү аралыктан кийин алмаштыруу/.

ТРАНСФЛЮКСОР трансфлюксор /магнит агымдарын бөлүштүрүү принцибинде иштеген эки же андан көп тешиктери бар ферромагниттүү өзөк/.

ТРАНСФОРМАТОР трансформатор /белгилүү бир чыңалуудагы өзгөрүлмө токту башка бир чыңалуудагы өзгөрүлмө токко айландыруучу электр магниттик аппарат/.

ТРАНСФОРМАТОР ВХОДНОЙ кириш трансформатору /микрофондон же төмөнкү каршылыктагы чыңалуунун булагынан чыккан сигналдарды үн жыштыктагы күчөткүчтүн сигналдары менен дал келтирүүчү түзүлүш/.

ТРАНСФОРМАТОР ВЫПРЯМИТЕЛЬНЫЙ түзөткүчтүн трансформатору /вентилдик өзгөрткүчтүн бир бөлүгү болуп, бир чыңалуудагы өзгөрүлмө токту экинчи бир чыңалуудагы өзгөрүлмө токко айландыруучу электр магниттик аппарат/.

ТРАНСФОРМАТОР ВЫСОКОЙ ЧАСТОТЫ жогорку жыштыктын трансформатору /жогорку жыштыкта иштөөчү механизмдердин кай бир бөлүктөрүнүн каршылыктарын тууралаштыруучу жана жогорку жыштыктарга резонанстык контур катарында иштөөчү трансформатор/.

ТРАНСФОРМАТОР ВЫХОДНОЙ чыгыш трансформатору /күчөткүчтүн чыгыш лампасынын аноддук тизмегинин каршылыгын сырткы жүктүн каршылыгы менен тууралаштыруучу төмөнкү жыштыктын трансформатору/.

ТРАНСФОРМАТОР ДЛЯ ИНДУКЦИОННОГО НАГРЕВА индукциялык контуунун трансформатору /контуучу жана эритүүчү индукциялык установкаларды азыктандыруучу генератордун чыңалуусун индуктордун параметрлери менен тууралаштыруучу трансформатор/.

ТРАНСФОРМАТОР ИЗМЕРИТЕЛЬНЫЙ өлчөгүч трансформатор /өзгөрүлмө чыңалуунун же токтун чоңдугун калыпка /стандарттык/ прибор өлчөй тургандай чоңдуктарга чейин өзгөртө турган трансформатор/.

ТРАНСФОРМАТОР ИМПУЛЬСНЫЙ импульстук трансформатор /импульс түрүндөгү токторду же чыңалууларды өзгөртүүчү трансформатор/.



ТРАНСФОРМАТОР НИЗКОЙ ЧАСТОТЫ төмөнкү жыштыктын трансформатору /үн диапазондорундагы жыштыктардын чыңалууларын өзгөртүүчү трансформатор/.

ТРАНСФОРМАТОР ПОНИЗИТЕЛЬНЫЙ төмөндөтүүчү трансформатор /биринчи оромолоруна берилген жогорку чыңалууну экинчи оромолорунда төмөнкү чыңалууга айландыруучу трансформатор/.

ТРАНСФОРМАТОР ПОВЫСИТЕЛЬНЫЙ жогорулатуучу трансформатор /биринчи оромолоруна берилген төмөнкү чыңалууну экинчи оромолорунда жогорку чыңалууга айландыруучу трансформатор/.

ТРАНСФОРМАТОР ОДНООБМОТОЧНЫЙ бир оромолуу трансформатор /бир оромолуу бир же бир нече кыскычтары бар трансформатор/.

ТРАНСФОРМАТОР С РЕГУЛИРОВАНИЕМ НА СТОРОНЕ ВЫСОКОГО НАПРЯЖЕНИЯ жогорку чыңалуу жагынан жөндөлүүчү трансформатор /жогорку чыңалуу оромосу жагынан чыңалууну өзгөртүү менен жөндөлүүчү трансформатор/.

ТРАНСФОРМАТОР СВЕРХВЫСОКИХ ЧАСТОТ өтө жогорку жыштыктын трансформатору /дециметрлик, сантиметрлик же миллиметрлик диапазондогу берүүчү жыштыктардагы толкундардын амплитудаларын жана фазаларын өзгөртүүчү трансформатор).

ТРАНСФОРМАТОР СИЛОВОЙ күчтүү токтун трансформатору /электр энергиясын бир тизмектен экинчи тизмекке берүүдө чыңалууну жогорулатуучу же төмөндөтүүчү түзүлүш/.

ТРАНСФОРМАТОР С РЕГУЛИРОВАНИЕМ НА СТОРОНЕ НИЗКОГО НАПРЯЖЕНИЯ төмөнкү чыңалуу жагынан жөндөлүүчү трансформатор /төмөнкү чыңалуунун оромосунун жөндөө үчүн кыскычтары /чыгыштары/ бар жөндөлүүчү трансформатор/.

ТРАНСФОРМАТОР ТОКА токтун трансформатору /биринчи оромо-

лору болсо, өлчөгүч куралдарга /амперметрлерге, ваттметрлерге/ туташтырылган өлчөгүч трансформатордун бир түрү/.

ТРАНСФОРМАТОРНАЯ СТАЛЬ трансформатор болоту /магниттелип жана магниттелишин жанып туруучу электр машиналарынын уюлдары, өзөкчөлөрү, ротордук жана статордук бөлүктөрү, ошондой эле трансформаторлордун өзөкчөлөрү жасалуучу электротехникалык болот тунуке/.

ТРАНСФОРМАТОРНАЯ ПОДСТАНЦИЯ трансформатордук подстанция /трансформаторлор орнотулган жай же имарат/.

ТРАНСФОРМАТОРНАЯ СВЯЗЬ трансформатордуу байланыш /өз ара индукциянын жардамы аркасында энергиянын булагы менен сырткы жүктүн ортосундагы байланыш/.

ТРАНСФОРМАТОРНОЕ МАСЛО трансформатор майы /трансформаторлордо жана майлуу ажыраткычтарда изоляциялоо жана муздатуу кызматын аткаруу үчүн пайдаланылуучу минералдык май/.

ТРАНСФОРМАТОРНЫЙ ИЛИ АВТОТРАНСФОРМАТОРНЫЙ ПУСКАТЕЛЬ трансформатордуу же автотрансформатордуу жүргүзгүч /жүргүзүү учурунда трансформаторлордон же автотрансформаторлордон алынуучу бир же бир нече төмөндөтүлгөн чыңалууларды пайдалануу менен өзгөрүлмө токтун кыймылдаткычтарын жүргүзгүч/.

ТРАНСФОРМАТОР НАПРЯЖЕНИЯ чыңалуунун трансформатору /биринчи оромолоруна жогорку чыңалуу берилген ал эми чыңалуу керектүү чоңдукка чейин төмөндөтүлгөн экинчи оромолоруна өлчөөчү куралдар - вольтметр, ваттметр ж.б. туташтырылган трансформатор/.

ТРАНСФОРМАЦИЯ ЭЛЕКТРИЧЕСКОЙ ЭНЕРГИИ электр энергиясын трансформациялоо /кыштыгын өзгөртпөй туруп электр энергиясын өзгөртүү/.



ТРЕХАДРЕСНАЯ МАШИНА үч адрестүү машина /командалары үч адрести ичине алган цифралуу эсептегич машина/.

ТРЕХОБМОТОЧНЫЕ ТРАНСФОРМАТОРЫ үч оромолуу трансформатор /бир нече чыңалууларды жогорулатуу же төмөндөтүү үчүн колдонулуучу трансформатор /.

ТРЕХФАЗНАЯ СЕТЬ үч фазалуу тармак /генератордун үч оромолорунда чоңдуктары бирдей болуп, фазасы боюнча бири-биринен үчтөн бирине жылышкан өзгөрүлмө токтун тармагы/.

ТРЕХФАЗНЫЙ ТРАНСФОРМАТОР үч фазалуу трансформатор /үч фазалуу өзгөрүлмө токтун чыңалуусун жогорулатуу же төмөндөтүү кызматын аткаруучу трансформатор/.

ТРИГГЕР триггер /чыңалуу менен токтун кескин түрдө өзгөрүшүн берүүчү активдүү эки элементтен турган түзүлүш/.

ТРИММЕР триммер /резонанстык контурду жөндөө үчүн керек болгон эң кичине сыйымдуулуктуу өзгөрүлмө токтун конденсатору/.

ТРИОД триод /үч электроддуу газ разряддык лампа/.

ТРОПИКАЛИЗАЦИЯ АППАРАТУРЫ аппараттарды тропикалаштыруу /тропикалык шарттарда аппараттардын ишенимдүү иштеши үчүн көрүлгөн чаралардын тобу/.

ТРОХОТРОН трохотрон /кайчылаштырылган электр жана магнит талааларында трохоид боюнча кеткен электрондордун кыймылын пайдалануучу электрон нурдук кайра туташтыргыч/.

ТРУБКА МАГНИТНОЙ ИНДУКЦИИ магниттик индукциянын түтүгү /түзүүчүлөрү магниттик индукциянын сызыктары болуп эсептелген үзгүлтүксүз бет аркылуу чектелүүчү магнит талаасынын аймагы/.

ТРУБКА ТОКА токтун түтүгү /түзүүчүлөрү токтун сызыктары болуп эсептелүүчү үзгүлтүксүз бет менен чектелген аймак/.

ТРУБКА ЭЛЕКТРИЧЕСКОГО СМЕЩЕНИЯ электрдик жылышуусунун түтүгү /түзүүчүлөрү электрдик жылышуусунун сызыктары болуп эсептелүүчү үзгүлтүксүз бет менен чектелген электр талаасынын аймагы/.

ТУРБОГЕНЕРАТОР турбогенератор буу же газ турбинасы менен кыймылга келтирүүчү үч фазалуу токтун синхрондуу электр генератору/.

ТРУБЧАТЫЙ РАЗРЯДНИК түтүктүү разрядник /токту чектөө жана ошол токтун жаасын өчүрүү, жаанын өзү күйгөн учурда бөлүнүп чыгуучу газдын жардамы менен ишке ашырылуучу разрядник/.

ТЯГОВАЯ ПОДСТАНЦИЯ тартуу подстанциясы /электрдик тартууну азыктандыруучу подстанция/.

ТЯГОВОЕ ОБОРУДОВАНИЕ тартуучу жабдуу /тартуу үчүн, керек болсо, тормоздоо үчүн пайдалануу максатында кыймылдуу составга орнотулган электр жабдууларынын комплекси/.

ТЯГОВЫЙ ДВИГАТЕЛЬ тартуучу кыймылдаткыч /тартуучу бирдиктин бир же бир нече огторун айландырып туруучу электр кыймылдаткычы/.

## У

УГЛОВАЯ МУФТА бурчтук муфта /бир бирине бурч менен кошула турган коргогуч же изоляциялоочу эки түтүктү бириктирүү үчүн пайдаланыла турган металл түтүктүн бөлүгү/.

УГЛОВАЯ ОПОРА бурчтук таяныч /сызыктын трассасынын бурулган жерлеринде зымдардын тартуу күчүнүн таасири менен аңтарылып жыгылып кетпегендей кылып курулган атайын конструкциялуу таяныч/.

УГОЛ ЗАДЕРЖКИ кармалуу бурчу /фазалык башкаруунун жардамы менен тутандыруунун кечигүүсүн көрсөтүүчү электрдик бурч бирдиги менен туюнтула турган убакыт/.



УГОЛ ЗАПАСА /ИНВЕРТОРА/ запас бурчу /коммутацияланган эки фазанын нөл сызыктарынын кесилишүү чекити менен коммутациянын акыркы чекитинин арасындагы электрдик бурч бирдиги менен туюнтулуучу убакыт/.

УГОЛ ПЕРЕКРЫТИЯ жаптоо бурчу /разряддын /жаңуунун/ кезектеги жолу андан мурункусу менен бир учурда ток өткөргөн электрдик бурч бирдиктери менен эсептелүүчү убакыт аралыгы/.

УГОЛ СЕЛЬСИНА сельсин бурчу /электрдик нөл абалына туура келүүчү сельсиндин роторунун айлануу бурчу/.

УГОЛЬНЫЙ МИКРОФОН көмүрдүү микрофон /иш аракети көмүр контакттарынын электр каршылыктарынын өзгөрүү эффектине негизделген микрофон/.

УДВОЕННАЯ ФОНОГРАММА эки эселенген фонограмма /тунук же ортоңку бөлүгү эки жагынан осциллограмма менен чектелген эки өзгөрүп туруучу фонограмма/.

УДЕЛЬНОЕ АКУСТИЧЕСКОЕ СОПРОТИВЛЕНИЕ /В НЕКОТОРОЙ ТОЧКЕ/ салыштырмалуу акустикалык каршылык /берилген чекиттеги үн басымынын ошол эле чекиттеги термелүү ылдамдыгына болгон комплекстүү катышы/.

УДЛИНИТЕЛЬ узарткыч /ташылып жүрүлүүчү эки өткөргүчтү бир бирине улаштыруу үчүн колдонулуучу штепсель розеткасынан жана айрычадан турган түзүлүш/.

УДЛИНЯЮЩИЙ ШНУР узартуучу шнур /бир учу узарткычтын кыймылдуу бөлүгүнө, ал эми экинчи учу болсо штепселдин ажыратмасына бириктирилүүчү каалаган узундуктагы изоляциялуу ийилгич өткөргүчтөрдүн комплекти/.

УЗЕЛ түйүн /бир нече электр тизмектеринин бириктирилген жери/.

УЗЕЛ НАГРУЗКИ жүк түйүнү /электр жүктөрүнүн кошулган жери/.

УЗЕЛ УПРАВЛЕНИЯ башкаруу түйүнү

УЗЛОВАЯ ТОЧКА түйүн точкасы

УЗЛОВАЯ ТОЧКА ЦЕПИ тизмектин түйүн точкасы /тизмектеги толкун каршылыгы өзгөрүлүп турган чекит/.

УЗНАЮЩАЯ МАШИНА таануучу машина /образдарды ажыратып билүүчү машина/.

УКАЗАТЕЛЬ /ИНДИКАТОР/ көрсөткүч /аппараттын аракетине байланыштуу анын абалын көрсөтүп туруучу жебе, желекче же башка бир көрүнүп туруучу белги/.

УЛЬТРАЗВУК ультра үн /угуу сезимин пайда кылуу үчүн жыштыгы өтө эле жогору болгон акустикалык термелүү/.

УЛЬТРАЗВУКОВАЯ ДЕФФЕКТОСКОПИЯ ультра үн деффектоскопиясы /ультра үн термелүүлөрүнүн таралыш шартынын өзгөрүшүнө негизделген деффектоскопия/.

УЛЬТРАЗВУКОВАЯ ОЧИСТКА ультра үн менен тазалоо /катуу нерселердин бетиндеги кир катмарды ультра үн термелүүлөрүнүн жардамы менен жоготуу/.

УЛЬТРАЗВУКОВАЯ ПАЙКА ультра үн менен кандоо, данакердөө /буюмдардын бетиндеги кир кабыкчаны ультра үндүн жардамы менен тазалап туруп кандоо/.

УЛЬТРАЗВУКОВАЯ ТОЛЩИНОМЕТРИЯ ультра үн менен калыңдыкты ченөө /ультра үн термелүүлөрүнүн аба менен катуу нерселердин чек арасынан чагылуу кубулушуна негизделген буюмдардын калыңдыгын өлчөөчү методу/.

УЛЬТРАЗВУКОВОГО ДАВЛЕНИЯ ИЗМЕРИТЕЛЬ ультра үн басымын өлчөгүч /ультра үн термелүүлөрүнөн түзүлгөн үндүн басымынын формасын жана чоңдугун өлчөөчү түзүлүш/.



УЛЬТРАЗВУКОВОЙ ГЕНЕРАТОР ИМПУЛЬСОВ ультра үн импульстарынын генератору /өнөр жай жыштыгындагы электр энергиясын ар кандай узактыктагы жана жыштыктагы ультра үн импульстарына айландыруучу түзүлүш/.

УЛЬТРАЗВУКОВОЙ ГЕНЕРАТОР МАШИННЫЙ ультра үндүү машина генератору /жыштыгы 50 гц болгон үч фазалуу өзгөрүлмө токту жогорку жыштыктагы бир фазалуу токко айландыруучу түзүлүш/.

УЛЬТРАЗВУКОВОЙ ИЗМЕРИТЕЛЬ ВИБРАЦИИ титирөөнүн ультра үн өлчөгүчү /катуу нерселердин ультра үн диапазон жыштыгындагы термелүүлөрүн өлчөгүч прибор/.

УЛЬТРАЗВУКОВОЙ ИЗМЕРИТЕЛЬ УРОВНЯ деңгээлдин ультра үн өлчөгүчү /суюк жана куюлуп туруучу заттардын деңгээлин өлчөөчү прибор/.

УЛЬТРАЗВУКОВОЙ ЛАМПОВЫЙ ГЕНЕРАТОР лампалуу ультра үн генератору /өнөр жай жыштыгындагы электр тогун ультра үн жыштыгындагы электр тогуна айландыруучу түзүлүш/.

УЛЬТРАКОРОТКИЕ ВОЛНЫ ультра кыска толкундар /узундугу 10 метрден кыска электромагниттик толкундар/.

УМНОЖИТЕЛЬ ПОЛУПРОВОДНИКОВЫЙ жарым өткөргүчтүү көбөйткүч /электр термелүүлөрүн бүтүн сан эсе көбөйтүүчү жарым өткөргүчтүү диоддук түзүлүш/.

УМНОЖИТЕЛЬ ЧАСТОТЫ жыштык көбөйткүч /электр термелүүлөрүнүн жыштыгын бүтүн сан эсе көбөйтүүчү электрон лампалуу же жарым өткөргүчтүү прибор/.

УНИВЕРСАЛЬНАЯ ЦИФРОВАЯ МАШИНА универсалдуу цифралуу машина /көп класстагы маселелерди чыгаруучу машина/.

УНИВЕРСАЛЬНЫЙ ЭЛЕКТРОДВИГАТЕЛЬ универсалдуу электр кыймыл-

даткыч /өзгөрүлмө да туруктуу ток менен да азыктандырылган убакта иштей берүүчү коллекторлуу электр кыймылдаткыч/.

УПРАВЛЕНИЕ башкаруу /об"ектин башкарылуучу чоңдуктарын же анын абалын өзгөртүү процесси. Адамдын түздөн-түз катышуусуз ишке ашырылуучу процесс/.

УПРАВЛЕНИЕ ЛЕТАТЕЛЬНЫМИ АППАРАТАМИ АВТОМАТИЧЕСКОЕ учуучу аппараттарды автоматтык башкаруу /адамдын катышуусуз учуучу аппараттардын учуусун камсыз кылуу/.

УПРАВЛЕНИЕ РЕЖИМАМИ ЭНЕРГОСИСТЕМ АВТОМАТИЧЕСКОЕ энергосистеманын режимин автоматтык башкаруу /энергосистеманын иштөө режими оптималдуу болуш үчүн электр тогунун жыштыгын, электр тармактарынын түйүндөрүндөгү чыңалууну, активдүү жана реактивдүү кубаттуулукту, генераторлорду жана синхрондуу компенсаторлорду дүүлүктүрүүчү токторду ж.б. параметрлерди автоматтык түрдө башкаруу/.

УПРАВЛЕНИЕ СКОРОСТЬЮ ДВИГАТЕЛЯ кыймылдаткычтын ылдамдыгын башкаруу /чыңалууну же жыштыкты өзгөртүү жолу менен кыймылдаткычтын ылдамдыгын башкаруу/.

УПРАВЛЕНИЯ АВТОМАТИЧЕСКОГО ТЕОРИЯ автоматтык башкаруунун теориясы /автоматтык башкаруу системасын түзүүнүн принциптери жана аларда жүрүүчү процесстердин закон ченемдүүлүгү жөнүндөгү илим/.

УПРАВЛЕНИЯ УРОВНИ башкаруулардын деңгээли /эсептегич машиналарда жана башка кибернетикалык системаларда башкаруучу сигналдарды үйрөтүү/.

УПРАВЛЯЕМАЯ ВЕЛИЧИНА башкарылуучу чоңдук /башкарылуучу об"екти мүнөздөөчү чоңдуктар/.



УПРАВЛЯЕМОСТЬ башкарылуучулук /координаталык системанын же андан алынган функциянын эркин параметрлерге карата өзгөрүшүн мүнөздөөчү автономиялуу эмес системанын касиети/.

УПРАВЛЯЕМЫЙ ВЕНТИЛЬ башкарылуучу вентиль /башкарылуучу параметрлердин чоңдуктарына карата түзөтүлгөн чыңалуунун өзгөрүшүн камсыз кылуучу вентиль/.

УПРАВЛЯЕМЫЙ ВЫПРЯМИТЕЛЬ башкарылуучу түзөткүч /өзгөрүлмө токту түзөтүүчү жана түзөтүлгөн чыңалууну башкаруучу параметрдин чоңдугуна карата өзгөртүүчү вентилдик өзгөрткүчтүн бир түрү/.

УПРАВЛЯЕМЫЙ ДРОССЕЛЬ башкарылуучу дроссель.

УПРАВЛЯЕМЫЙ ОБ"ЕКТ башкарылуучу об"ект /сырткы таасирдин астында өзүнүн мүнөзүн жана абалын аныктоочу чоңдуктарын өзгөртүп турган динамикалык система. Иштөө алгоритмин ишке ашыруу үчүн атайын берилген сырткы таасирдин көрсөтүлүшүн талап кылуучу техникалык процессти ишке ашыруучу түзүлүш/.

УПРАВЛЯЕМЫЙ ПРОЦЕСС башкарылуучу процесс

УПРАВЛЯЮЩАЯ МАШИНА башкаруучу машина /татаал об"екттерди же өз ара байланышкан об"екттердин тобун автоматтык түрдө башкара турган эсептегич машина/.

УПРАВЛЯЮЩАЯ ОБМОТКА башкаруучу орому /автоматтык башкаруу системасында белгилүү чоңдуктагы чыңалууну жиберип башкаруучу кошумча орому/.

УПРАВЛЯЮЩАЯ СЕТКА башкаруучу тор /электрондуу жана иондуу приборлордо торго тийгил же бул белгидеги же чоңдуктагы чыңалууну берип приборлордогу электр кубулушун өзгөртүүчү башкаруучу электрод/.

УПРАВЛЯЮЩАЯ ФОНОГРАММА башкаруучу фонограмма /негизги фо-

нограммадан үн чыгаруу үчүн кээ бир мүнөздөмөлөрдү башкаруу кызматын аткаруучу негизги фонограмма турган алып жүрүүчүн эле өзүндө жайланышкан кошумча фонограмма/.

УПРАВЛЯЮЩАЯ ФУНКЦИЯ башкаруучу функция

УПРАВЛЯЮЩАЯ ЦИФРОВАЯ МАШИНА башкаруучу цифралуу машина /техникалык процесстерди башкаруу системасында цифра түрүндөгү информацияны иштеп чыгаруучу эсептегич машина/.

УПРАВЛЯЮЩЕЕ ВОЗДЕЙСТВИЕ башкаруучу таасир /башкаруучу түзүлүштүн башкаруу об"ектисине аракет жасоосу/.

УПРАВЛЯЮЩЕЕ СЛОВО башкаруучу сөз /эсептегич машинанын иштешинин этаптарын аныктоочу код комбинацияларын/.

УПРАВЛЯЮЩЕЕ УСТРОЙСТВО башкаруучу түзүлүш /башкаруу алгоритмине туура келген таасирди башкаруучу об"ектке жиберүүчү түзүлүш/.

УПРАВЛЯЮЩЕЙ ЦИФРОВОЙ МАШИНЫ СТРУКТУРА башкаруучу цифралуу машинанын структурасы /башкаруучу цифралуу машинанын убакыттын реалдуу масштабында иштөөсү/.

УПРАВЛЯЮЩИЙ БЛОК башкаруучу блок /башкаруу алгоритмине ылайык башка функциялык блоктордон алынган сигналдарды өзгөртүп аткаруу блогуна таасир пайда кылуучу автоматтык башкаруу түзүлүшүнүн функциялык блогу/.

УПРАВЛЯЮЩИЙ ИМПУЛЬС башкаруу импульсу /башкаруу процессинде жиберилүүчү импульстар/.

УПРАВЛЯЮЩИЙ ЭЛЕКТРОД башкаруучу электрод /эки же андан көп контакттардын арасында жүрүп турган токту башкаруу потенциал берилө турган жардамчы электрод/.

УРОВЕНЬ ИЗОЛЯЦИИ изоляциянын деңгээли /жабдуунун салыш-



тырма электрдик бышыктыгын мүнөздөөчү чыңалуунун өнөр жай жыштыгындагы жана импульстук маанилеринин айкалышы/.

УРОВЕНЬ ИМПУЛЬСНОЙ ЗАЩИТЫ импульстук сактоонун деңгээли /импульстук сыноонун белгилүү шарттарында ашык чыңалуудан сактоочу аппараттардын кискычтарында пайда болушу мүмкүн болгон чыңалуунун максималдуу мааниси/.

УРОВЕНЬ ЗАЩИТЫ ОТ ПЕРЕНАПРЯЖЕНИЙ ашык чыңалуудан сактоонун деңгээли /сыноонун белгилүү шарттарында ашык чыңалуудан сактоочу аппараттын кискычтарында пайда болууга мүмкүн болгон чыңалуунун максималдуу мааниси/.

УРОВЕНЬ ЗВУКОВОГО ДАВЛЕНИЯ /ВЫРАЖАЕМЫЙ В ДЕЦИБЕЛАХ/ үн басымынын деңгээли /үн басымынын ачык көрсөтүлүүчү шарттуу босого басымына болгон катышынын жыйырма ондук логарифми/.

УРОВЕНЬ ЗВУКОВОГО ДАВЛЕНИЯ В ОПРЕДЕЛЕННОЙ ПОЛОСЕ белгилүү тилкедеги үн басымынын деңгээли /жыштыктын каралуучу тилкесиндеги үн энергиясына тиешелүү үн басымынын орто квадраттык мааниси/.

УРОВЕНЬ КВАНТОВАНИЯ кванттоо деңгээли /кванттоонун натыйжасында алынган функциянын маанилеринин бири/.

УРОВЕНЬ НАПРЯЖЕНИЯ чыңалуунун деңгээли /убакыттын кээ бир аралыгындагы электр системасынын кандайдыр бир точкасындагы чыңалуунун орточо мааниси/.

УРОВЕНЬ СПЕКТРАЛЬНОЙ ПЛОТНОСТИ спектралдык тыгыздыктын деңгээли /эни бир герцке барабар жыштык тилкесиндеги орточо жыштыктагы үн басымынын деңгээли/.

УРОВЕНЬ ШУМОВ чуунун деңгээли /чуунун угулдуулугун сандык туюндуруу/.

УСИЛЕНИЯ КОЭФФИЦИЕНТ күчөтүү коэффициенти /чыгуучу сигналдын маанисинин кирүүчү сигналдын маанисине болгон катышы менен аныкталуучу чоңдук. Жалпы учурда күчөтүү коэффициенти төмөндөгүдөй формула менен аныкталат: $K = \frac{dU_{вых}}{dU_{вх}}$ /.

УСИЛИВАЮЩИЙ ПРОВОД күчтөндүрүүчү өткөргүч /туурасынан кесилүү аянтын чоңойтуу максатында контакттык илмэге жарыш тартылган аба сызыгы/.

УСИЛИТЕЛЬ күчөткүч /берилген чоңдуктарды, /чыңалууну, кубаттуулукту ж.б./ сырткы энергия булагынын эсебинен күчөтүүчү түзүлүш/.

УСИЛИТЕЛЬ АВТОДИН күчөткүч автодин /магниттик системанын жардамы менен үч фазалуу токтун кубатын түздөн түз турактуу токтун кубатына айландыруучу бир якордуу башкарылуучу түзүлүш/.

УСИЛИТЕЛЬ АПЕРИОДИЧЕСКИЙ мезгилдүү эмес күчөткүч /жүгүнүн каршылыгы жыштыктын кеңири диапазонунда дээрлик туюнтулган резонанстык касиети жок күчөткүч/.

УСИЛИТЕЛЬ ВЫСОКОЙ ЧАСТОТЫ жогорку жыштыктардын күчөткүчү /радиотехникалык диапазондогу /20 кгц тен 30 мгц ке чейинки/ жогорку жыштыктагы электр сигналдарын күчөтүүчү түзүлүш/.

УСИЛИТЕЛЬ ДИФФЕРЕНЦИАЛЬНЫЙ дифференциалдык күчөткүч /чыгуучу чыңалуусу кирүүчү эки чыңалуунун айырмасына шайкеш болгон күчөткүч/.

УСИЛИТЕЛЬ ИМПУЛЬСОВ импульстардын күчөткүчү /жыштыктары бир герцтен бир нече ондогон мегагерцке чейинки болгон импульстук сигналдарды күчөтүүчү түзүлүш/.

УСИЛИТЕЛЬ КАСКОДНЫЙ каскоддук күчөткүч /биринчи экинчисине жүк болгондой кылып туташтырылган активдүү эки элементтен турган күчөткүч/.



УСИЛИТЕЛЬ ЛАМПОВЫЙ лампалуу күчөткүч /чыңалууларды же кубаттуулуктун сигналдарын бир же бир нече миллион эсе күчөтүүчү электрондуу лампалардан жана пассивдүү элементтерден турган күчөткүч/.

УСИЛИТЕЛЬ МАГНИТНЫЙ магниттүү күчөткүч /өзгөрүлмө токтун жетишээрлик чоң кубатын турактуу токтун же башка жыштыктагы өзгөрүлмө токтун аз кубаты менен башкаруучу электр магниттүү аппарат/.

УСИЛИТЕЛЬ МОЩНОСТИ кубаттуулуктун күчөткүчү /белгилүү сырткы электр жүгүнө берилген кубаттуулуктун күчөтүлгөн термелүүсүн жиберүүчү түзүлүш/.

УСИЛИТЕЛЬ НА ДРОССЕЛЯХ дроссель күчөткүчү /каскаддарындагы лампанын аноддук жүгү катары темир өзөктүү дроссель колдонулуучу күчөткүч/.

УСИЛИТЕЛЬ НА ПОЛУПРОВОДНИКАХ жарым өткөргүчтүү күчөткүч /активдүү элемент катарында жарым өткөргүчтөр колдонулган электр сигналдарынын күчөткүчү/.

УСИЛИТЕЛЬ НА СОПРОТИВЛЕНИЯХ каршылыктуу күчөткүч /каскаддардын жүктөрү катарында активдүү каршылыктар пайдаланылган жарым өткөргүчтүү күчөткүч/.

УСИЛИТЕЛЬ НА ТРАНЗИСТОРАХ транзистор күчөткүчү /активдүү элемент катарында транзисторлор колдонулган күчөткүч/.

УСИЛИТЕЛЬ НА ТРАНСФОРМАТОРАХ трансформатор күчөткүчү /жүгү трансформаторлор аркылуу туташтырылган электрондуу лампалардан же жарым өткөргүчтүү приборлордон турган күчөткүч/.

УСИЛИТЕЛЬ НИЗКОЙ ЧАСТОТЫ төмөнкү жыштыктын күчөткүчү /үн диапазон жыштыгындагы 10 гц тен 20 кгц ке чейинки электр термелүүлөрүн күчөтүүчү электрондук түзүлүш/.

УСИЛИТЕЛЬ ПЕРЕМЕННОГО ТОКА өзгөрүлмө токтун күчөткүчү /бири экинчисине жүк болгондой кылып туташтырылган активдүү эки элементтен турган күчөткүч/.

УСИЛИТЕЛЬ ПОСТОЯННОГО ТОКА турактуу токтун күчөткүчү /турактуу токту же чоңдуктары жай өзгөрө турган чыңалууну же токту күчөтүүчү түзүлүш/.

УСИЛИТЕЛЬ РЕЗОНАНСНЫЙ резонанс күчөткүчү /ар бир каскады активдүү элементтен башка белгилүү жыштыкка күүлөнгөн термелүү контурунан турган күчөткүч/.

УСИЛИТЕЛЬ СВЕРХВЫСОКОЙ ЧАСТОТЫ өтө жогорку жыштыктын күчөткүчү /30 мгц тен ашкан радио жыштыктагы электр магниттик термелүүлөрдү күчөтүүчү түзүлүш/.

УСИЛИТЕЛЬ ФОТОЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ фотоэлектр күчөткүчү /күчөтүлүүчү токтун /чыңалуунун/ таасири астында жарык сезгич элементтин жарыктанышынын өзгөрүүсүнө негизделген турактуу токтун күчөткүчү/.

УСИЛИТЕЛЬ ЭЛЕКТРОМЕТРИЧЕСКИЙ электрометрдик күчөткүч /токтун өтө кичине маанилерин өлчөөчү күчөткүч/.

УСИЛИТЕЛЬ ЭЛЕКТРОМЕХАНИЧЕСКИЙ электромеханикалык күчөткүч /кошумча электр энергиясынын булагынын жардамы менен начар электр сигналдарын күчөтүүчү түзүлүш/.

УСКОРЕНИЕ ОПЕРАЦИЙ операциялардын ылдамдатуу /цифралуу эсептегич машинанын тез иштешин камсыз кылуучу негизги методдордун бири/.

УСПОКОЕНИЕ тынчтануу /өлчөө куралдарында термелүүнүн амплитудасынын кичирейиши/.

УСПОКОЕНИЕ КОЭФФИЦИЕНТ тынчтануу коэффициенти /өлчөөчү



приборлордун кыймылдуу бөлүктөрүнүн жылуу ылдамдыгына жана тынчтануу моментине шайкеш коэффициенти/.

УСПОКОИТЕЛЬ тынчтандыргыч /өлчөөчү приборлордун кыймылдуу бөлүктөрүнүн дирилдешин тез токтотуучу түзүлүш/.

УСПОКОИТЕЛЬНАЯ ОБМОТКА тынчтуу оромосу

УСТАНОВИВШАЯСЯ ОШИБКА турактууланган ката /жөндөлүүчү өзгөрүлмө чоңдуктун турактууланган режимдеги маанисы менен белгиленген маанисинин ортосундагы айырма/.

УСТАНОВИВШАЯСЯ СКОРОСТЬ турактууланган ылдамдык

УСТАНОВИВШЕЕСЯ ДВИЖЕНИЕ турактууланган кыймыл /автоматтык жөндөө теориясында узак убакытка чейин бир калыпта өзгөрбөгөн кыймыл/.

УСТАНОВИВШЕЕСЯ ЗНАЧЕНИЕ турактууланган маани /башкаруу системасынын турактууланган режиминдеги жөндөлүүчү өзгөрүлмө чоңдуктун мааниси/.

УСТАНОВИВШИЙСЯ ПРОЦЕСС турактууланган процесс /системанын өтмө процесстерден кийинки абалы/.

УСТАНОВИВШИЙСЯ РЕЖИМ турактууланган режим

УСТАНОВКА установка

УСТАНОВКА С ЗАЩИЩЕННЫМ РАСПОЛОЖЕНИЕМ сакталып жайлаштырылган установка /жабдуулары атмосфералык өтө чыңалууларга дуушар болбогондой кылып жайлаштырылган установка/.

УСТАНОВКА С НЕЗАЩИЩЕННЫМ РАСПОЛОЖЕНИЕМ сактоосуз жайлаштырылган установка /жабдуулары атмосфералык өтө чыңалууларга дуушар болуп тура турган установка/.

УСТАНОВЛЕННАЯ МОЩНОСТЬ белгиленген кубаттуулук /электр установкасынын бир түрдүү машиналарынын номиналдык кубаттуулуктарынын суммасы/.

УСТАНОВЛЕННОЕ ЗНАЧЕНИЕ белгиленген маани /берилген жендегүчүү күүлээ максатында атаалын көзделген режимни мүнээдээчү маани/.

УСТОЙЧИВАЯ СИСТЕМА туруктуу система

УСТОЙЧИВОЕ ПОВРЕЖДЕНИЕ туруктуу залалдануу /авария болгон жерин жоку үчүн ажыл-ажылды күлгаар талап кылган залалдануу/.

УСТОЙЧИВОСТИ ГРАНИЦА туруктуулуктуң кызыгаары /туруктуулук аймагын туруксуздук аймагындан бөлүп турган автоматтык жендээ системазының параметрлериниң мейкиндикте ээлеген чеккиттериниң тобу/.

УСТОЙЧИВОСТИ ЗАПАС туруктуулук запазы /туруктуулукту ко-готпогондой кылып автоматтык жендээ системазының параметриниң абсолюттук же салыштырмалуу өскерлишиниң чөндүгү/.

УСТОЙЧИВОСТИ КРИТЕРИЙ туруктуулук критерийи /мүнээдээчү теңдемениң тамырларын чыгарбастан туруп але динамикалык системаның туруктуулугун аныктаары мүмкүндүк берген дүрүм/.

УСТОЙЧИВОСТИ ОБЛАСТЬ туруктуулук аймагы /автоматтык жендээ системазының кыймылдарының туруктуулугу сакталган автоматтык жендээ системазының параметрлериниң мейкиндикте ээлеген чеккиттериниң тобу/.

УСТОЙЧИВОСТИ СТЕПЕНЬ туруктуулуктуң дәрежези / системаның туруктуулугуна туура келген мүнээдээчү теңдемениң тамырынын чыңгы бөлүгү/.

УСТОЙЧИВОСТИ УСЛОВИЯ туруктуулуктуң шартары /автоматтык жендээ системазының кыймылы туруктуу болгондогу шарттар/.

УСТОЙЧИВОСТЬ туруктуулук /автоматтык башкаруу системазының мүнээдеп турган чөндүктарының кескин өскерлишине карабастан нормалдуу ижтези/.



УСТОЙЧИВОСТЬ СИСТЕМЫ РЕГУЛИРОВАНИЯ жендээ системазының туруктуулугу /көзгээчү таварып жоголгондон кийин жендээчү автоматтык системаның турактуулаңган абалына келиш кашети/.

УСТРОЙСТВО түзүлүш

УСТРОЙСТВО ВВОДА ИНФОРМАЦИИ информацияның киргизүүчү түзүлүш /өөрентегич машинага информацияны киргизүүнү камаш кылуучу түзүлүш/.

УСТРОЙСТВО ВЫВОДА ИНФОРМАЦИИ информацияның чыгаруучу түзүлүш / өөрентегич машиналардан информацияны чыгаруучу түзүлүш/.

УСТРОЙСТВО ВЫЧИСЛИТЕЛЬНОЙ МАШИНЫ өөрентегич машинаның түзүлүшү /белгилүү бир иштерди аткаруучу өөрентегич машинаның бөлүктери/.

О

УСТРОЙСТВО ПЕРЕЗАПИСИ ДЛЯ ВЫЧИСЛИТЕЛЬНОЙ МАШИНЫ өөрентегич машина үчүн кайра жазуучу түзүлүш /алып жүргүчке жазылган информацияны ошондой эле алып жүргүчке же башка түрдүү же типтүү алып жүргүчке көчүрүп жазууну камаш кылуучу түзүлүш/.

УСТРОЙСТВО УПРАВЛЕНИЯ башкаруу түзүлүшү /программага ылайык өөрентегич машинаның бардык бөлүктерүн автоматтык түрдө башкаруучу бөлүк/.

Ф

ФАЗА фаза /көп фазалуу тизмектин составына кирүүчү электр тизмектериниң бири/.

ФАЗА СИНУСОИДАЛЬНОГО ЭЛЕКТРИЧЕСКОГО ТОКА синусоидалуу электр тогунуң фазазы /токтуң маанизиниң нелден оң маанге өткен чекитинен тартып өөрентелүүчү синусоидалуу электр тогунуң аргументиниң бурчтук маанизи/.

ФАЗНАЯ ОБМОТКА <u>фаза оромосу</u> /ороомдордун фаза боюнча бөлүнүп оролушу/.

ФАЗНОЕ НАПРЯЖЕНИЕ <u>фаза чыңалуусу</u> /фазык зымы менен нөл /нейтраль/ зымынын ортосундагы чыңалуу/.

ФАЗНЫЕ ЛАМПЫ <u>фазалык лампалар</u> /өзгөрүлмө токтун синхрондуу генераторлорун жарыш иштөөгө кошкон учурда атайын схема боюнча синхрондуулукту көрсөтүү үчүн пайдаланылуучу калимки кызытма электр лампалары/.

ФАЗНЫЙ УГОЛ <u>фаза бурчу</u> /чыңалуу векторунун же ток векторунун координаталык окко карата бурулуу бурчу/.

ФАЗОУКАЗАТЕЛЬ <u>фаза көрсөткүч</u> /үч фазалуу системанын фазаларынын удаалаштыгын аныктоочу прибор/.

ФАЗОВАЯ АВТОМАТИЧЕСКАЯ ПОДСТРОЙКА <u>фазалык автоматтык күүлөө</u> /стабилизацияланууучу генератордун жыштыгын автоматтык түрдө күүлөөчү системанын бир түрү/.

ФАЗОВАЯ ПЛОСКОСТЬ <u>фазалык тегиздик</u> /эки чендүү фазалык мейкиндик/.

ФАЗОВАЯ ХАРАКТЕРИСТИКА <u>фазалык мүнөздөмө</u>

ФАЗОВАЯ ЧАСТОТНАЯ ХАРАКТЕРИСТИКА <u>фаза жыштыктык мүнөздөмө</u> /сызыктуу стационардуу динамикалык системанын кирүүчү жана чыгуучу термелүүлөрүнүн фазаларынын айырмасынын кирүүчү термелүүнүн жыштыгына болгон көз карандылыгы/.

ФАЗОВАЯ ЧАСТОТНАЯ ХАРАКТЕРИСТИКА ЛОГАРИФМИЧЕСКАЯ <u>фаза жыштыктык логарифмалык мүнөздөмө</u> /абсцисса огуна логарифмалык масштабда тургузулган фаза жыштыктык мүнөздөмө/.

ФАЗОВОЕ ИСКАЖЕНИЕ <u>фазалык бузулуу</u> /сигналдардын кай бир



жыштыктык түзүүчүлөрү тракт боюнча бир убакытта өтүшүнүн негизинде келип чыккан электр байланыш каналдарындагы сызыктуу бузулуш/.

ФАЗОВОЕ ПРОСТРАНСТВО <u>фазалык мейкиндик</u> /ар бир чекитине динамикалык системанын белгилүү бир абалы туура келген мейкиндик/.

ФАЗОВОЕ УПРАВЛЕНИЕ <u>фазалык башкаруу</u> /мезгилдин ичинде аноддун тутануунун башталуу удулун өзгөртүүгө мүмкүндүк берүүчү процесс/.

ФАЗОВЫЙ ДИСКРИМИНАТОР <u>фазалык дискриминатор</u> /чыгуучу чыңалуусу жыштыктары барабар же өтө жакын болгон эки термелүүлөрдүн фазасынын айырмасы менен аныкталган электрондук схема/.

ФАЗОВЫЙ ПОРТРЕТ <u>фазалык портрет</u> /динамикалык системанын бардык мүмкүн болгон абалын жана кыймылын аныктай турган фазалык траекториялардын тобу/.

ФАЗОВРАЩАТЕЛЬ <u>фаза айландыргыч</u> /электр магниттик талаанын же чыңалуунун, токтун термелүүлөрүнүн фазасын өзгөртүүчү түзүлүш/.

ФАЗОИМПУЛЬСНОЕ УПРАВЛЕНИЕ <u>фаза импульстук башкаруу</u>

ФАЗОИНВЕРТОР <u>фаза инвертору</u> /кирүүчү чыңалууну фазалары бир бирине карата 180° жылышкан эки чыңалууга өзгөртүүчү түзүлүш/.

ФАЗОКОМПЕНСАТОР <u>фазокомпенсатор</u> /электр установкаларындагы чыңалуу менен токтун фазаларынын жылышын компенсациялоочу түзүлүш/.

ФАЗОМЕТР <u>фазометр</u> /өзгөрүлмө токтун тармагындагы чыңалуу менен токтун фазаларынын айырмасын же радио диапазонундагы түзүлүштөрдүн электр сигналдарынын фазаларынын айырмасын өлчөөчү прибор/.

ФАЗОПРЕОБРАЗОВАТЕЛЬ фаза өзгөрткүч /экинчи оромодогу чыңалуунун фазасын биринчи оромодогу чыңалуунун фазасына карата каалаган бурчка /$0^{\circ}$-$360^{\circ}$/ буруучу трансформатор/.

ФАЗОРАСЩЕПИТЕЛЬ фаза бөлгүч /кирүүчү чыңалууну фазалары боюнча бир бирине карата жылышкан эки же андан көп чыңалууларга өзгөртүүчү түзүлүш/.

ФАЗОРЕГУЛЯТОР фаза жөндөгүч /кыймылсыз роторду тигил же бул жакка буруу жолу менен индукцияланган электр кыймылдаткыч күчүнүн фазасын өзгөртүүчү түзүлүш/.

ФАЗОСДВИГАЮЩЕЕ ЗВЕНО фаза жылдыруучу звено /кирүүчү сигналдын фазасын чыгуучу сигналдын фазасына карата жылыштырылган электр төрт уюлдугу/.

ФАЗОСДВИГАЮЩЕЕ УСТРОЙСТВО фаза жылдыруучу түзүлүш /вентилдик жана башкарылуучу түзөткүчтөрдү башкаруучу түзүлүш/.

ФАЗОУКАЗАТЕЛЬ фаза көрсөткүчү /үч фазалуу токтун тизмегинде фазалардын иретин аныктоо үчүн колдонула турган электр магнит же индукциялык электр өлчөөчү прибор/.

ФАЗОУПРАВЛЯЮЩЕЕ УСТРОЙСТВО фаза башкаруучу түзүлүш

ФАРАДА /МЕЖДУНАРОДНЫЙ/ фарада /эл аралык бирдиктер системасында /СИ/ электр сыйымдуулугунун бирдиги ; I фарада бир кулонго барабар заряд берген учурда потенциалы I вольтко жогорулоочу өткөргүчтүн сыйымдуулугуна барабар/.

ФАСОННЫЙ ПРОВОД фасондуу өткөргүч /туурасынан кесилиши тегерек болбогон өткөргүч/.

ФЕРРОМАГНЕТИЗМ ферромагнетизм /магниттик касиети күчтүү, ферромагнетиктер деп аталуучу заттардын тобуна тиешелүү болгон магниттик кубулуштар).



ФЕРРОМАГНЕТИКИ ферромагнетиктер /начар магнит талаасында дагы күчтүү магниттелүү касиетине ээ боло алуучу материалдар. Ферромагнетиктерге темир, никель, кобальт жана алардын кээ бир куймалары кирет/.

ФЕРРОМАГНИТНЫЙ ЭЛЕМЕНТ ферромагниттүү элемент /автоматтык системада магнит талаасын күчөтүү үчүн пайдаланылуучу элемент/.

ФИДЕР фидер /I. радио жиштиктарындагы электр термелүүлөрүн берүү үчүн арналган өткөрүүчү сызык ; 2. электр тогун электр станциясынан энергияны бөлүштүрүүчү түзүлүштөргө берүүчү кабель же аба сызыгы/.

ФИЗИЧЕСКИЕ ЭЛЕМЕНТЫ ВЫЧИСЛИТЕЛЬНОЙ ТЕХНИКИ эсептөө техникасынын физикалык элементтери /физиканын белгилүү бир кубулуштарына жана закондоруна негизделип , эсептөө техникасынын түзүлүштөрүнүн бөлүктөрүн түзгөн техникалык каражаттар/.

ФИКСАТОР фиксатор /аппараттын кыймылдуу элементинин белгилүү абалда токтотулушун камсыз кылуучу түзүлүш/.

ФИКСАТОР /ДОПОЛНИТЕЛЬНЫЙ СТЕРЖЕН/ фиксатор /контактуу өткөргүчтү белгиленген абалда кармап туруу үчүн пайдаланылуучу катуу элемент/.

ФИКСАТОР /ОСНОВНОЙ СТЕРЖЕНЬ/ фиксатор /чынжыр илмектүү өткөргүчтөрдү белгиленген абалда кармап туруу үчүн пайдаланылуучу изоляциялуу катуу элемент/.

ФИКСИРОВАННЫЙ ШТЕПСЕЛЬНЫЙ РАЗ"ЕМ фиксацияланган штепселдүү ажыратып алгыч /эки бөлүгүн бир гана салыштырмалуу абалда бириктирүүгө мүмкүн болгон узарткыч, штепселдүү киргизме, көп уюлдуу штепселдик ажыратып алгыч/.

ФИЛЬТР чыпка /белгилүү гана жыштыктагы электр магнит толкундарын же электр тогун тосуп калуучу же өткөрүүчү түзүлүш/.

ФИЛЬТР ЗАГРАЖДАЮЩИЙ тосуучу чыпка /чыпкага кирген жыштыктардын ичинен керексиз жыштыктарды тосуп калуучу түзүлүш/.

ФИЛЬТР КВАРЦЕВЫЙ кварц чыпкасы /схемасында кварц резонатору бар электр чыпкасы/.

ФИЛЬТР МАГНИТОСТРИКЦИОННЫЙ магнит стрикциялык чыпка /резонатор катарында магнит стрикциялык термелүү системасы колдонула турган электр чыпкасы/.

ФИЛЬТР НИЗКОЙ ЧАСТОТЫ төмөнкү жыштыктын чыпкасы /жыштык диапазону нөлдөн тартып берилген жыштыкка чейин жаткан чыпка/.

ФИЛЬТР ОПТИМАЛЬНЫЙ оптималдуу чыпка /кирүүчү сигналды оптималдуу маанide өзгөртүүчү чыпка/.

ФИЛЬТР С С чыпкасы /жалаң гана активдүү каршылыктардан жана сыйымдуулуктардан турган чыпкалоочу тизмек/.

ФИЛЬТР СВЕРХВЫСОКИХ ЧАСТОТ өтө жогорку жыштыктын чыпкасы /метр, дециметр, сантиметр же миллиметр диапазонундагы жыштыктардын белгилүү участогундагы спектрлерин бөлүп алуучу түзүлүш/.

ФИЛЬТР СГЛАЖИВАЮЩИЙ текшилөөчү чыпка /туруктуу токтун генераторунан же түзөткүчтөн алынган пульсациялоочу чыңалуунун өзгөрүшүн түзүүчүсүн азайтуучу түзүлүш/.

ФИЛЬТР ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ электр чыпкасы /кирүүчү татаал электр термелүүлөрүнөн берилген аймакта жайланышкан жыштыктык түзүүчүлөрүн бөлүп алуучу төрт уюлдук/.

ФИЛЬТР ЭЛЕКТРОМЕХАНИЧЕСКИЙ электромеханикалык чыпка /электр сигналдарын чыпкалоо механикалык термелүү системасы аркылуу жүргүзүлүүчү тилкелүү чыпка/.



ФЛУКТУАЦИОННЫЕ ПРОЦЕССЫ В ЭЛЕКТРОННЫХ ПРИБОРАХ электрондук приборлордогу флуктуациялык процесстер /электр вакуумдуу жана жарым өткөргүчтүү приборлордун иштешин мүнөздөөчү физикалык чоңдуктардын өзүнүн орточо маанисинен баш аламан айырмаланышы/.

ФЛУКТУАЦИЯ флуктуация /кандайдыр бир чоңдуктун өзүнүн орточо маанисинен кокустан айырмаланышы/.

ФОКУСИРУЮЩАЯ АКУСТИЧЕСКАЯ СИСТЕМА фокустоочу акустикалык система /акустикалык энергияны топтоочу система/.

ФОНОГРАММА /ФОТОГРАФИЧЕСКАЯ/ фонограмма /алып жүргүчкө жазууну фотографиялык жол менен түшүргөн акустикалык сигналды жазуу/.

ФОНОГРАММА ПЕРЕМЕННОЙ ПЛОТНОСТИ өзгөрүлмө тыгыздыктуу фонограмма /жазылган сигналдын интенсивдүүлүгүнө жараша оптикалык тыгыздыгы өзгөрүп тура турган эни бүт узундугу боюнча өзгөрбөгөн фонограмма/.

ФОНОГРАММА ПЕРЕМЕННОЙ ШИРИНЫ эни өзгөрүп туруучу фонограмма /жазылган сигналдын осциллограммасын түзүүчү, узундугун бойлоп өтүүчү бир же бир нече оюктар аркылуу тунук жана тунук эмес бөлүктөргө бөлүнгөн фонограмма/.

ФОРМИРОВАНИЕ ИМПУЛЬСОВ импульстарды пайда кылуу /синусоидалык чыңалууну белгилүү бир параметрдеги импульска өзгөртүү/.

ФОРМИРОВАТЕЛЬ формалагыч /кирүү импульстарын талаптагыдай параметрлери бар импульстарга өзгөртүүчү элемент/.

ФОРМИРУЮЩЕЕ ЗВЕНО формалоочу звено /звенонун кире беришине берилүүчү аракеттердин формаларын, же масштабын же көрсөтүлгөн параметрлерин өзгөртүүнү ишке ашыруучу элементардык звено/.

ФОРМОИМПУЛЬСНАЯ КОРРЕКЦИЯ форма импульстук коррекция /башкаруучу импульстун формасын өзгөртүүнүн негизинде импульстук системанын динамикалык касиетин коррекциялоо/.

ФОРМОВКА формалоо /абсорбцияланган газдардан ж.б. булгануулардан тазалоо үчүн вентилди кылуудук, электрдик ж.б. физикалык иштетүүлөрдөн өткөрүү/.

ФОТОЭЛЕКТРОДВИЖУЩАЯ СИЛА фотоэлектр кыймылдаткыч күч /металлдарда же жарым өткөргүчтөрдө сырткы же ички фотоэффекттин учурунда пайда болгон электр кыймылдаткыч күч/.

ФОТОЭЛЕКТРОННЫЙ УМНОЖИТЕЛЬ фотоэлектрондук көбөйткүч /экинчи эмиссия кубулушун бир нече ирет пайдалануунун негизинде фотоэлементтин ичиндеги фотоэлектр тогун күчөтүүчү түзүлүш/.

ФОТОЭЛЕМЕНТ С ВНЕШНИМ ФОТОЭФФЕКТОМ сырткы фотоэффекттүү фотоэлемент /сырткы фотоэффектин пайда болушу аркасында электр тизмегиндеги токту башкаруучу фотоэлектрондук катоду бар электр вакуумдуу прибор/.

ФОТОДИОД фотодиод /мүнөздөмөсү жарыктанышка көз каранды болгон p-n структуралуу жарым өткөргүчтүү диод/.

ФОТОСМЕСИТЕЛЬ фото аралаштыргыч /эки же бир нече жыштыктагы когеренттүү жарыкты кабыл алып жана өзгөртүүчү фотоэлектр түзүлүшү/.

ФОТОСОПРОТИВЛЕНИЕ фото каршылык /өткөргүчтүүлүгү жарыктанышка карата өзгөрүүчү электр тизмегинин бир тектүү жарым өткөргүчтөн турган элементи/.

ФОТОТРАНЗИСТОР фототранзистор /эмиттери жок, бирок заряддарды алып жүргүчтөрдүн инжекциясы жарыктын жардамы менен ишке ашырылуучу транзистор/.

ФОТОЭЛЕКТРИЧЕСКИЕ СВОЙСТВА ПОЛУПРОВОДНИКОВ жарым өткөргүчтөрдүн фотоэлектрдик касиеттери /ички жана сырткы фотоэффект болгон учурда жарым өткөргүчтөрдө байкалуучу кубулуштар жана закон ченемдүүлүктөр/.



ФОТОЭЛЕКТРИЧЕСКИЕ ЭЛЕМЕНТЫ АВТОМАТИКИ автоматиканын фотоэлектр элементтери /иши сырткы же ички фотоэффект кубулуштарына негизделген автоматтык түзүлүштөрдүн элементи/.

ФОТОЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ ДАТЧИК фотоэлектр билдиргич /текшерилүүчү чөйрөдөгү жарыктын интенсивдүүлүгүн же спектрдик составын фотоэлемент аркылуу сезүүчү билдиргич/.

ФОТОЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ МЕТОД КОНТРОЛЯ текшерүүнүн фотоэлектр методу /фотоэлектр эффектине негизделип сигналдарды өлчөөчү жана ар кандай чөйрөнү каттоочу метод/.

ФОТОЭЛЕКТРИЧЕСКОЕ РЕЛЕ фотоэлектр релеси /жарыктын агымынын ыргаалдуулугуна карата иштеп, автоматтык түрдө сигналдоочу, башкаруучу жана жөндөөчү түзүлүш/.

ФОТОЭЛЕКТРОННАЯ ЭМИССИЯ фотоэлектрондук эмиссия /электр магниттик нурлануунун таасири астында заттардын электрондорду бөлүп чыгаруусу/.

ФОТОЭЛЕКТРОННЫЙ КАТОД фотоэлектрондук катод /иши фото электрондук эмиссия кубулушуна негизделген катод/.

ФОТОЭЛЕМЕНТ фотоэлемент /түзүлүшүнүн негизи болуп фотоэффект кубулушу колдонулган прибор/.

ФОТОЭЛЕМЕНТ ПОЛУПРОВОДНИКОВЫЙ жарым өткөргүчтүү фотоэлемент /жарык энергиясын электр энергиясына айландыруучу жарым өткөргүчтүү диод/.

ФОТОЭФФЕКТ фотоэффект /электр магниттик нурлардын кванттарынын таасири астында атомдор иондошуп нерселердин ичинде заряддуу бөлүкчөлөрдүн пайда болушу ички фотоэффект, ал эми заряддуу бөлүкчөлөрдүн сыртка /вакуумга/ чыгышы сырткы фотоэффект деп аталат/.

ФРОНТ ИМПУЛЬСНОЙ ВОЛНЫ импульстук толкундун фронту /импульстук толкундун уланып көбөйүүчү бөлүгү/.

ФУНКЦИОНАЛЬНАЯ СТРУКТУРА функциялык структура /автоматтык системаны же анын бир бөлүгүн түзүүчү функциялык блоктордун жана алардын ортосундагы байланыштардын жыйындысы/.

ФУНКЦИОНАЛЬНАЯ СХЕМА функциялык схема /функциялык структуранын графикалык түрдө сүрөттөлүшү. Автоматтык системаны же анын бир бөлүгүн түзүүчү функциялык блоктордун жана алардын ортосундагы байланыштардын графикалык түрдө сүрөттөлүшү/.

ФУНКЦИОНАЛЬНАЯ СХЕМА МАШИНЫ машинанын функциялык схемасы /машинанын иш процессинде анын бөлүктөрүнүн жана элементтеринин өз ара аракетин көрсөтүүчү схема/.

ФУНКЦИОНАЛЬНЫЙ БЛОК функциялык блок /автоматтык системанын белгилүү функцияны аткаруучу конструкциясы жактан өзгөчө бөлүгү/.

ФУНКЦИОНАЛЬНЫЙ ПРЕОБРАЗОВАТЕЛЬ функциялык өзгөрткүч /кирүүчү жана чыгуучу сигналдары кандайдыр бир функциялык көз карандылык менен байланышкан түзүлүш/.

ФУНКЦИЯ ПЕРЕДАТОЧНАЯ катыш функция /башкаруу элементинин чыгуучу өзгөрүлмө чоңдугунун анын кирүүчү өзгөрүлмө чоңдугуна болгон комплекстүү формадагы катышын мүнөздөөчү математикалык туюнтма/.

## X

ХАРАКТЕРИСТИКА КОРОТКОГО ЗАМЫКАНИЯ кыска туташуунун мүнөздөмөсү /электр машинасынын же трансформаторунун экинчи оромолору чукул же өтө кичине каршылыкка туташтырылгандагы иш режими/.

ХАРАКТЕРИСТИКА РЕГУЛИРОВАНИЯ жөндөөнүн мүнөздөмөсү /баш-



каруунун берилген режимин мүнөздөөчү чоңдуктун таасир кылуучу өзгөрүлмө чоңдук менен байланышын көрсөтүүчү мүнөздөмө/.

ХАРАКТЕРИСТИКА САМОВЫРАВНИВАНИЯ өзү текшиленүүнүн мүнөздөмөсү /башкаруучу түзүлүш жок учурда эки же андан көп чоңдуктардын өзгөрүшүнүн байланышын көрсөтүүчү мүнөздөмө/.

ХАРАКТЕРИСТИКА ХОЛОСТОГО ХОДА бош жүрүүнүн мүнөздөмөсү /электр машинасынын же трансформаторунун экинчи оромолору электр жүгүнө кошулбастан иштөө режими/.

ХАРАКТРОН характрон /түтүкчөнүн матрицасындагы тамгаларды, цифраларды ж.б. белгилерди люминесценциялык экранга чоңойтуп же кичирейтип түшүрүүчү көрсөткүч электрон нурдук түтүкчө/.

ХВОСТЬ ИМПУЛЬСНОЙ ВОЛНЫ импульстук толкундун куйругу /импульстук толкундун төмөндөп бараткан бөлүгү/.

ХИМИКО-ТЕРМИЧЕСКАЯ ОБРАБОТКА химия-термиялык иштетүү /болот тетиктеринин беттик катуулугун же алардын коррозияга туруктуулугун жогорулатыш үчүн алардын беттерине көмүртекти, азотту ж.б. элементтерди сиңирүү/.

ХОД КОНТАКТОВ /ПОЛОСА КОММУТАЦИОННОГО АППАРАТА/ контакттардын жүрүшү /коммутациялоочу аппараттын толук ачылган абалы менен толук бекитилген кыймылдуу контакттын бөлүктүн учунун ортосундагы аралык/.

ХОЛОДНАЯ ЭМИССИЯ муздак эмиссия /катоддун ролун аткаруучу металлдардын же жарым өткөргүчтөрдүн бетинен күчтүү электр талаасынын таасири астында электрондордун учуп чыгышы/.

ХОЛОСТОЙ ХОД куру жүрүү /механизмдин же машинанын жүксүз, башкача айтканда пайдалуу жумуш аткарбаган кыймылы/.

ХРОМАТОГРАФИЯ АВТОМАТИЧЕСКАЯ автоматтык хроматография /кый-

мылдуу газ фазасында газдардын, суюктуктардын жана катуу заттардын татаал аралашмасын талдоочу метод/.

## Ц

ЦЕЛЕВАЯ ФУНКЦИЯ макcаттык функция /ар түрдүү чараларды /пландарды , буйруктарды, графикаларды ж.б./ салыштыруунун жана талдоонун негизинде алынган чечимдин максатка ылайыктуулугун көрсөтүүчү сандык мүнөздөмө/.

ЦЕНА ДЕЛЕНИЯ ШКАЛЫ шкаланын бөлүктөрүнүн баасы /шкаланын коншулаш эки белгилеринин маанилеринин айырмасы/.

ЦЕНТРАЛЬНЫЙ КОНТАКТНЫЙ РЕЛЬС борбордук контакт рельси /жүрүү рельстеринин арасына жайлаштырылган контакттык рельс/.

ЦЕНТРОБЕЖНОЕ РЕЛЕ борбордон качуучу күчтөрдүн релеси /борбордон качуучу күчтүн негизинде иштеөчү электр механикалык реле/.

ЦЕНТРОБЕЖНЫЙ РЕГУЛЯТОР борбордон качуучу күчтөрдүн жөндөгүчү /иши борбордон качуучу күчкө негизделип машинанын бөлүктөрүнүн кыймылын туруктуу маанide кармап туруучу механизм/.

ЦЕНТРОТЕХНИКА борборлоштурулган техника /борборлоштурулган текшерүү жана башкаруу системасы/.

ЦЕПЬ тизмек /электр тогу өтүш үчүн өткөрүүчү каражаттардын тобунан түзүлгөн туюк тизмек/.

ЦЕПЬ ВОЗБУЖДЕНИЯ дүүлүктүрүү тизмеги

ЦЕПЬ ВОЗДЕЙСТВИЙ таасирлер тизмеги /автоматтык системага же автоматтык системанын айрым бөлүктөрүнө сырткы чөйрөдөн келген таасирлерди берүүнүн жолу/.

ЦЕПЬ ЗАЩИТЫ сактоо тизмеги /сактоо максатында пайдаланылуучу башкаруунун өзгөчө тизмеги же тизмектин бир бөлүгү/.

ЦЕПЬ НАГРУЗКИ жүк тизмеги



ЦЕПЬ ОБРАТНОЙ СВЯЗИ тескери байланыш тизмеги

ЦЕПЬ ОКРУГЛЕНИЯ тегеректөө тизмеги /арифметикалык түзүлүштүн операциялардын натыйжаларын тегеректөөнү ишке ашыруучу түйүнү/.

ЦЕПЬ ПЕРЕНОСА ташуу тизмеги /разряддардын арасындагы ташуу сигналдарын берүү кызматын аткаруучу сумматордун бөлүгү/.

ЦЕПЬ РЕГУЛИРОВАНИЯ жөндөө тизмеги

ЦЕПЬ УПРАВЛЕНИЯ башкаруу тизмеги /жардамчы жана күч тизмектерине туташтырылган аппаратураларды аракетке келтирүү кызматын аткаруучу тизмектердин айкалышкан жыйындысы/.

ЦЕПНАЯ КОНТАКТНАЯ ПОДВЕСКА , ЦЕПНАЯ ПОДВЕСКА чынжырлуу контакттык илме, чынжырлуу илме /контакттык өткөргүчү /же контакттык өткөргүчтөрү/ узунунан тартылган бир же бир нече көтөрүп туруучу тросторго илинген контакттык илме/.

ЦИКЛ ТРАНСПОЗИЦИИ транспозициянын цикли /транспозицияланган сызыктын ички симметриясы толук болгон узундугу жагынан эң кичине участогу/.

ЦИКЛИЧЕСКИЙ АВТОМАТ циклдүү автомат /сырткы таасирсиз бир эле ишти бирдей убакыттан кийин бир нече жолу кайталап аткаруучу машина, түзүлүш же аппарат/.

ЦИКЛИЧЕСКИЙ РЕГУЛЯТОР циклдүү жөндөгүч /кыймылдаткычтардын жана машинанын жумушчу процесстерин белгилүү удаалаштыкта автоматтык түрдө кайталап туруучу электр түзүлүшү/.

ЦИКЛОВ СЧЕТЧИКИ циклдерди санагыч /программанын аткарган циклдерин каттоочу жана саноочу кээ бир жумушчу уячалардын жана буйруктардын тобу/.

ЦИКЛЫ ПРОГРАММ программалардын циклдери /электрондуу эсеп-

тегич машинага мүмкүн болушунча бир нече ирет аткарылгандай кылып түзүлгөн башкаруу буйруктары менен байланышкан программанын группасы, тобу/.

ЦИРКУЛЯЦИЯ циркуляция /программанын циклдеринин параметрлерине көз каранды болгон чоңдуктарды эсептөөдө машинанын убактысын жана буйруктарын үнөмдөө үчүн керек болгон программалоонун бир ыкмасы/.

ЦИФРОВАЯ ВЫЧИСЛИТЕЛЬНАЯ МАШИНА цифралуу эсептегич машина /цифра түрүндө берилген чоңдуктарды эсептөөчү машина/.

ЦИФРОВАЯ ВЫЧИСЛИТЕЛЬНАЯ МАШИНА ПАРАЛЛЕЛЬНО-ПОСЛЕДОВАТЕЛЬНОГО ДЕЙСТВИЯ жарым удаалаш аракеттенүүчү эсептегич машина /машина сөздөрү менен жүргүзүлүүчү операция разряддардын группалары боюнча жана ар бир группадагы разряддар боюнча бир эле убакытта удаалаш жүргүзүлө турган эсептегич машина/.

ЦИФРОВАЯ ВЫЧИСЛИТЕЛЬНАЯ МАШИНА ПАРАЛЛЕЛЬНОГО ДЕЙСТВИЯ жарыш аракеттенүүчү цифралуу эсептегич машина /машина сөздөрү менен жүргүзүлүүчү операция бардык разряддар боюнча бир эле убакытта жүргүзүлө турган эсептегич машина/.

ЦИФРОВАЯ ВЫЧИСЛИТЕЛЬНАЯ МАШИНА ПОСЛЕДОВАТЕЛЬНОГО ДЕЙСТВИЯ удаалаш аракеттенүүчү цифралуу эсептегич машина /машина сөздөрү менен болуучу операция бир разряддын артынан экинчи разряд келгендей кылып удаалаш жүргүзүлө турган эсептегич машина/.

ЦИФРОВАЯ ПРОГРАММА цифралуу программа /цифра түрүндө түзүлгөн программа/.

ЦИФРОВОЕ ПЕЧАТАЮЩЕЕ УСТРОЙСТВО цифралуу басуучу түзүлүш информацияны цифра формасында автоматтык түрдө басып чыгарууну ишке ашыра турган информация чыгаруучу түзүлүш/.



ЦИФРОВОЕ УПРАВЛЕНИЕ цифралуу башкаруу /цифралардын чоңдуктарын өзгөртүү жолу менен башкаруу/.

ЦИФРОВОЙ ДИФФЕРЕНЦИАЛЬНЫЙ АНАЛИЗАТОР цифралуу дифференциалдык талдагыч /өзүнө функциялык блоктордон – цифралуу интегралдоочулардан турган атайын эсептегич машина/.

ЦИФРОВОЙ МАШИНЫ СЧЕТЧИК цифралуу машинанын санагычы /импульстарды, сигналдарды саноочу прибор/.

ЦИФРОВОЙ СУММАТОР цифралуу сумматор /эки сан менен арифметикалык кошуу амалын жүргүзүүчү түзүлүш/.

ЦИФРОВЫЕ ИЗМЕРИТЕЛЬНЫЕ ПРИБОРЫ цифралуу өлчөгүч приборлор /өлчөөчү чоңдук автоматтык түрдө мурун белгилүү болгон чоңдук менен салыштырылып өлчөөнүн жыйынтыгын цифра түрүндө берүүчү приборлор/.

ЦИФРОВЫХ ВЫЧИСЛИТЕЛЬНЫХ МАШИН ПРИМЕНЕНИЕ цифралуу эсептегич машиналарды колдонуу /цифралуу эсептегич машина адамдын ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүн күчөтүү үчүн колдонулат/.

ЦОКОЛЬ ЛАМПЫ лампанын цоколу /электрондуу лампанын электроддорун электр схемасы менен тийиштирип туруучу бөрктөрү/.

## Ч

ЧАСОВАЯ МОЩНОСТЬ сааттык кубаттуулук /чыңалуунун номиналдуу маанисинде жана дүүлүгүүнүн берилген чоңдугунда, кыймылдаткычтардын сааттык режимине туура келүүчү кубаттуулук. Өзгөчө көрсөтүүлөр болбогон учурда ал дүүлүгүүнүн толук талаасына туура келет/.

ЧАСОВОЕ РЕЛЕ, ВЫКЛЮЧАТЕЛЬ С ЧАСОВЫМ МЕХАНИЗМОМ саат релеси, саат механизми бар ажыраткыч /контакттары сааттык механизм менен кыймылга келтирилүүчү аппарат/.

ЧАСТОТА жыштык /мезгилдүү процесстердин убакыт бирдигинде толук кайталанышынын саны/.

ЧАСТОТА БИЕНИЙ согуу жыштыгы /айлануу жыштыктары аз гана айырмаланып, амплитудалары жана мезгилдери бирдей болгон эки термелүүнү кошкондо келип чыккан термелүүнүн амплитудасынын убакыт бирдигинде өзгөрүү саны/.

ЧАСТОТА ИМПУЛЬСОВ импульстардын жыштыгы /импульстардын убакыт бирдигиндеги саны/.

ЧАСТОТА КОЛЕБАНИЙ термелүүнүн жыштыгы /убакыт бирдигинде болуп өткөн толук термелүүнүн саны/.

ЧАСТОТА НА КОЛЬЦАХ/ асинхронного двигателя/ асинхрондуу кыймылдаткычтын шакекчелериндеги жыштык /асинхрондуу кыймылдаткычтын роторундагы электр кыймылдаткыч күчүнүн жана тогунун жыштыгы/.

ЧАСТОТА ПЕРЕКЛЮЧЕНИЙ которулуп туташтырылуунун жыштыгы

ЧАСТОТА ПИТАЮЩЕГО НАПРЯЖЕНИЯ азыктандыруучу чыңалуунун жыштыгы

ЧАСТОТА СЕТИ тармактын жыштыгы /электр тармагындагы чыңалуунун жана токтун жыштыгы/.

ЧАСТОТА СКОЛЬЖЕНИЯ жылмышуунун жыштыгы /жылмышуунун чоңдугуна түз пропорциялаш болгон асинхрондуу кыймылдаткычтын роторундагы электр кыймылдатуу күчүнүн жана тогунун жыштыгы/.

ЧАСТОТНАЯ ВЕЩЕСТВЕННАЯ ХАРАКТЕРИСТИКА жыштыктын чыныгы мүнөздөмө /сызыктуу динамикалык системанын жыштыктык мүнөздөмөсүнүн чыныгы бөлүгү/.

ЧАСТОТНАЯ МНИМАЯ ХАРАКТЕРИСТИКА жыштыктык жалган мүнөздөмө /сызыктуу динамикалык системанын жыштыктык мүнөздөмөсүнүн жалган бөлүгү/.



ЧАСТОТНАЯ МОДУЛЯЦИЯ жыштыктык модуляция / модулдаштыруучу чыңалуунун таасири астында генератордун термелүүлөрүнүн жыштыгынын өзгөрүшү/.

ЧАСТОТНАЯ ХАРАКТЕРИСТИКА жыштыктык мүнөздөмө /сызыктуу динамикалык системанын чыгуучу чоңдуктарынын маанисинин кирүүчү таасирдин чоңдугуна болгон катышынын жыштыкка болгон көз карандылыгы/.

ЧАСТОТНАЯ ХАРАКТЕРИСТИКА ОБОБЩЕННАЯ жалпыланган жыштык мүнөздөмө /сызыктуу стационардык динамикалык системада өтүү процесстерди мүнөздөй турган Фурьенин өзгөртмөсүнүн туруктуу бөлүгү/.

ЧАСТОТНАЯ ХАРАКТЕРИСТИКИ ЗАПИСИ жазуунун жыштыктык мүнөздөмөсү /чоңдугу туруктуу, жыштыгы өзгөрүлмө сигналды жазуучу системанын белгилүү чекитине берген учурда жазууну алып жүрүүчүнүн абалын мүнөздөөчү кандайдыр бир параметрдин жыштыктын функциясында өзгөрүшүн көрсөтүүчү графика/.

ЧАСТОТНОЕ РЕГУЛИРОВАНИЕ жыштыкты жөнгө салуу

ЧАСТОТНОЕ РАЗДЕЛЕНИЕ И УПЛОТНЕНИЕ КАНАЛОВ байланыш каналдардын жыштыктык ажыратуу жана тыгыздоо /көп каналга туура келүүчү информацияны жалпы бир канал боюнча берүүнүн жана кабыл алуунун жолу/.

ЧАСТОТНОЕ УПРАВЛЕНИЕ ДВИГАТЕЛЯМИ кыймылдаткычтарды жыштыктык башкаруу /синхрондуу жана асинхрондуу кыймылдаткычтардын чыңалуунун жыштыгын өзгөртүү жолу менен башкаруу/.

ЧАСТОТНЫЕ ХАРАКТЕРИСТИКИ жыштыктык мүнөздөмөлөр /сызыктуу стационардык системанын амплитудасынын, фазасынын сызыктуу термелүүлөрдүн жыштыгына көз карандылыгын түшүндүрүүчү мүнөздөмөлөр/.

ЧАСТОТНЫЙ АНАЛИЗ жыштыкты талдоо

ЧАСТОТНЫЙ МЕТОД жыштыктык метод /жыштыктык мүнөздөмөгө негизделген метод/.

ЧАСТОТНЫЙ ПРЕОБРАЗОВАТЕЛЬ жыштык өзгөрткүч

ЧАСТОТНЫЙ СПЕКТР жыштыктык спектр /чоңдуктун гармоникалык түзүүчүсүнүн амплитудасынын жана кубаттуулугунун жыштык боюнча таралышы/.

ЧАСТОМЕТР жыштык өлчөгүч /токтун чыңалуунун же электр магниттик талаанын термелүүлөрүнүн жыштыгын өлчөөчү прибор/.

ЧАСТОТНО-ИМПУЛЬСНАЯ МОДУЛЯЦИЯ жыштык импульстуу модуляция

ЧЕТНАЯ ГАРМОНИКА жуп гармоника

ЧЕТЫРЕХПОЛЮСНИК төрт уюлдук /эки кире турган жана эки чыга турган кыскычтары бар электр тизмегинин /схемасынын/ жалпы аты. Төрт уюлдуктун кыскычтарынын бир жубуна электр тогунун булагы, экинчи жубуна болсо керектөөчүлөр кошулат. Төрт уюлдуктар активдүү жана пассивдүү болуп экиге бөлүнүшөт/.

ЧЕТЫРЕХСЛОЙНЫЕ ПОЛУПРОВОДНИКОВЫЕ ПРИБОРЫ төрт катмарлуу жарым өткөргүчтүү приборлор /п – р – п – р же р – п – р – п структуралуу жарым өткөргүчтүү приборлор/.

ЧИСЛОВОЕ КОДИРОВАНИЕ ПОНЯТИЙ түшүнүктөрдү сан түрүндөгү код менен берүү /түшүнүктөрдү цифра коддору /сандар/ аркылуу сүрөттөө/.

ЧИСЛОВЫЕ ХАРАКТЕРИСТИКИ РЕЗУЛЬТАТОВ ИЗМЕРЕНИЙ өлчөөлөрдүн жыйынтыгынын сандык мүнөздөмөсү /массалык өлчөөнүн сандык мүнөздөмөсү/.

ЧИСТЫЙ ТОН таза тон /синусоидалуу акустикалык термелүүлөр тарабынан пайда болгон үн/.



ЧИТАЮЩЕЕ УСТРОЙСТВО окугуч түзүлүш /эсептегич машинага салынуучу кол жазма же басылган тексттердин сөздөрүн жана тамгаларын автоматтык түрдө билүүчү жана код кылып түзүүчү электрондук түзүлүш/.

ЧУВСТВИТЕЛЬНОСТЬ сезгичтик /системанын параметрлеринин анын координаталарына жана көрсөткүчтөрүнө тийгизген таасиринин даражасы. Өзгөрткүчтүн чыгуучу жагында өлчөнгөн кандайдыр белгиленген чоңдуктун анын кирүүчү жагынан өлчөнгөн башка бир белгиленген чоңдукка болгон катышынын сан мааниси/.

ЧУВСТВИТЕЛЬНОСТЬ В ДИФФУЗИОННОМ ПОЛЕ /МИКРОФОНА ПРИ ЗАДАННОЙ ЧАСТОТЕ/ диффузия талаасындагы сезгичтик /үн толкунунун төмөндөшүнүн бардык мүмкүн болгон бурчтарында эркин үн талаасындагы сезгичтиктин орто квадраттык мааниси/.

ЧУВСТВИТЕЛЬНОСТЬ ПО ДАВЛЕНИЮ /МИКРОФОНА ПРИ ЗАДАННОЙ ЧАСТОТЕ/ басым боюнча сезгичтик /1. чыгуучу жагындагы электр кыймылдатуу күчүнүн микрофондун диафрагмасына аракет жасоочу үн басымына болгон катышы; 2. конструктор тарабынан көрсөтүлгөн микрофондун жүк каршылыгындагы чыңалуунун диафрагмага аракет жасаган үн басымына болгон катышы/.

ЧУВСТВИТЕЛЬНОСТЬ ПО НАПРЯЖЕНИЮ В СВОБОДНОМ ПОЛЕ /МИКРОФОНА ПРИ ОПРЕДЕЛЕННОЙ ЧАСТОТЕ И ОПРЕДЕЛЕННОМ НАПРАВЛЕНИИ ПРИХОДА ЗВУКА эркин талаадагы чыңалуу боюнча сезгичтик /чыгуучу жагындагы электр кыймылдатуу күчүнүн микрофон ээлеген эркин үн талаасындагы чекиттеги үн басымына болгон катышы/.

ЧУВСТВИТЕЛЬНОСТЬ ПО НАПРЯЖЕНИЮ /ПРЕОБРАЗОВАТЕЛЯ, ИЗЛУЧАЮЩЕГО ЗВУК ПРИ ЗАДАННОЙ ЧАСТОТЕ/ чыңалуу боюнча сезгичтик /акустикалык борбордон белгилүү аралыкта жана белгилүү багыт-

тагы үн басымынын орто квадраттык маанисинин кирүү жагындагы чыналууга болгон катышы/.

ЧУВСТВИТЕЛЬНОСТЬ ПО ТОКУ /ПРЕОБРАЗОВАТЕЛЯ ИЗЛУЧАЮЩЕГО ЗВУК ПРИ ЗАДАННОЙ ЧАСТОТЕ/ ток боюнча сезгичтик /нурлантып тараткычтын акустикалык борборунан белгилүү аралыктагы, белгилүү багыттагы үн басымынын орто квадраттык маанисинин кирүү жагындагы тогуна болгон катышы/.

ЧУВСТВИТЕЛЬНОСТЬ ПО ТОКУ В СВОБОДНОМ ПОЛЕ /МИКРОФОНА ПРИ ОПРЕДЕЛЕННОЙ ЧАСТОТЕ И ОПРЕДЕЛЕННОМ НАПРАВЛЕНИИ ПРИХОДА ЗВУКА/ эркин талаадагы ток боюнча сезгичтик /чыгуучу жактагы кыска туташуунун токтун күчүнүн чыгуучу жактагы кыска туташуунун үн каршылыгына болгон катышы/.

ЧУВСТВИТЕЛЬНОСТЬ ПРИЕМНОГО УСТРОЙСТВА кабыл алуучу түзүлүштүн сезгичтиги /кабыл алуучу түзүлүштүн өтө кичине сигналдарды кабыл алуу жөндөмдүүлүгүнүн көрсөткүчү/.

ЧУВСТВИТЕЛЬНЫЙ ОРГАН сезгич орган к. ВОСПРИНИМАЮЩИЙ ОРГАН

ЧУВСТВИТЕЛЬНЫЙ РЕГУЛЯТОР сезгич жөнгө салгыч

ЧУВСТВИТЕЛЬНЫЙ ЭЛЕМЕНТ сезгич элемент /өлчөөчү же башкаруучу системанын чоңдуктардын өзгөрүшүн тез сезе турган элементи/.

## Ш

ШАБЛОННАЯ ОБМОТКА үлгү оромолор /бирдей өлчөмдөгү жана бирдей формадагы атайын үлгүлөрдө даярдалуучу түрмөктөрдөн туруучу электр машиналарынын оромолору/.

ШАГ КВАНТОВАНИЯ кванттоо кадамы /кванттоонун жанаша деңгээлдеринин ортосундагы айырма/.



ШАГ ОБМОТОК оромолордун кадамы /электр машиналарынын оромолорундагы түрмөктөрдүн активдүү жактарынын ортосундагы аралык. Оромолордун кадамдары жылгачалар, коллектордук пластиналар жана түрмөктөрдүн активдүү жактары боюнча аныкталат/.

ШАГ ТРАНСПОЗИЦИИ транспозиция кадамы /бир биринe удаалаш эки транспозициянын ортосундагы сызыктын участогунун узундугу/.

ШАГОВОЕ НАПРЯЖЕНИЕ кадамдык чыналуу /жердештирүү аркылуу кыска туташуунун тогу өтүп жаткан удулда жердештирүүчү түзүлүшкө жакын жана анын элементтерине тийип турган кадамдын буттарынын арасына туура келүүчү электр чыналуусу/.

ШАГОВОЕ УПРАВЛЕНИЕ кадамдап башкаруу /кыймылдуу элемент акырындык менен кадамдап жылган мезгилде жүргүзүлүүчү башкаруунун жолу/.

ШАГОВЫЙ ДВИГАТЕЛЬ кадамдык кыймылдаткыч /кадамдап башкарууну жүргүзүүчү кыймылдаткыч/.

ШЕННОНОВЫ ТЕОРЕМЫ шеннон теоремалары /информацияны берүү теориясынын фундаменталдык жоболору /далилдемелери/.

ШИРИНА ИМПУЛЬСА импульстун эни

ШИРОКОПОЛОСНАЯ АНТЕННА кең тилкелүү антенна /негизги эле толкунду эмес, ага жанаша жаткан толкундарды чыгарып кабыл алып/ туруучу антенна/.

ШИФРАТОР шифратор /телемеханикада, байланышта жана радиолокацияда сигналдарды код түрүнө айландыруучу түзүлүш/.

ШКАЛА ПРИБОРА прибор шкаласы /прибор өлчөөчү чоңдуктардын маанилерин сан түрүндө көрсөтүүчү удаалаш жайгаштырылган белгилердин тобу/.

ШКАЛЫ ВРЕМЯ ПРОХОЖДЕНИЯ шкаланын өтүү убактысы /прибор өлчөөчү чоңдуктун кескин түрдө өзгөрүшүнөн тартып жебенин токтогонуна чейинки убакыт/.

ШКАЛЫ ДЕЛЕНИЕ шкаланын бөлүктөрү /өлчөөчү приборлордун шкаласынын жанаша жаткан эки белгисинин аралыгынын мааниси/.

ШЛЕЙФ,ПЕТЛЯ шлейф,илмек /четки эки чекиттери тең бир гана азыктандыруучу булакка же эки бөлөк булактарга кошулган, керектөөчү пункттарды эки багыт менен тең азыктандыруучу сызык/.

ШТАНГА ТОКОПРИЕМНИКА ток кабыл алгыч штангасы /штангалуу ток кабыл алгычтын бөркүн алып жүрүүчү жана роликке басым берүүчү ийилип жазылганга жөндөмдүү штанга/.

ШТАНГОВЫЙ ТОКОПРИЕМНИК штангалуу ток кабыл алгыч /контакттуу өткөргүчтөрдөн ролик менен ток алгыч/.

ШТЕККЕР штеккер /эки кыймылсыз контакттын ортосуна киргизген учурда контакт түзүүчү, башка өткөргүч менен бириктирилбеген, кесилген конус формасындагы сайылып коюлуучу элемент/.

ШТЕПСЕЛЬНАЯ ВИЛКА штепсель айрычасы /өткөргүчтөрдүн учуна бириктирилүүчү, штепселдин розетканын уяларына сайылып контакт берүүчү бөлүгү/.

ШТЕПСЕЛЬНАЯ РОЗЕТКА штепселдик розетка /штепселдин кыймылсыз өткөргүчтөрдүн системасына такай кошулган бөлүгү/.

ШТЕПСЕЛЬНОЕ ГНЕЗДО штепселдик уя /электрдик контакт түзүү үчүн штепселдик штыр киргизилүүчү катуу же пружиналанып туруучу тетик/.

ШТЕПСЕЛЬНОЕ СОЕДИНЕНИЕ штепселдик туташтыруу /электр



тармагына керектөөчүлөрдү /электр мештерин,утюгдарын/ ж.б. убактылуу бириктирүү. Штепселдик туташтыруу дубалга же башка орунга кыймылсыз бекитилүүчү штепселдик розетканын жана керектөөчүлөр менен бириктирилүүчү штепселдик айрычанын жардамы менен ишке ашырылат/.

ШТЕПСЕЛЬНЫЙ ВВОД штепселдик киргизме /ийилгич өткөргүч менен электр аппаратын электрдик бириктирүүү үчүн колдонулуучу түзүлүш/.

ШТЕПСЕЛЬНЫЙ РАЗ"ЕМ штепселдик бөлгүч /бир же бир нече ташылып жүрүлүүчү же кыймылсыз өткөргүчтөрдү жана кыймылсыз өткөргүчтөрдүн системасын өз ара электрдик бириктирүүнү ишке ашыруучу эки бөлүктөн турган түзүлүш/.

ШТЕПСЕЛЬНЫЙ ШТЫР штепселдик штырь /электр контактын түзүү максатында тиешелүү типтеги штепселдик уяга киргизилүүчү, катуу /кыймылсыз/ же серпилгич ток өткөрүүчү тетик/.

ШТЫКОВОЙ ПАТРОН учтуу патрон /лампанын учтуу цоколунун штифттери кире турган кесикчелери бар патрон/.

ШТЫРЕВОЙ ИЗОЛЯТОР штырдуу изолятор /таякчага кыймылсыз бекитилген изолятор /.

ШУМ чуу /I. ар кандай жагымсыз үн; 2. даана бөлүнгөн жыштыктын түзүүчүлөрү жок, алатта акустук мүнөздөгү үн; 3.пайдалуу сигналга жолтоо кылып жана сигналды кабыл алууга тоскоол болуучу акустук кедергинин бир түрү/.

ШУМ БЕЛЫЙ ак чуу /бардык жыштыкта энергетикалык спектри бир калыпта болгон акустук стационардык чоңдук/.

ШУМ КВАНТОВАНИЯ кванттоо чуусу /функциянын кванттлаган мааниси менен чыныгы маанисинин ортосундагы айырма/.

ШУМОВЫЕ ПРИБОРЫ чуу приборлору /чуу токторун же чуу чыңалууларын пайда кылган учурда чуу булактары катарында пайдаланылуучу электрондук жана иондук приборлор/.

ШУМОМЕТР чуу өлчөгүч /күчөткүчтүн чыга беришиндеги өсептөө прибору нан, күчөткүчтөн, микрофондон жана кыштыктык коррекциялоо тизмегинен турган үндүн деңгээлинин катуулугун об"ективдүү өлчөө үчүн арналган прибор/.

ШУМОПЕЛЕНГАТОР чуу пеленгатору /үндүн же чуунун келген багытын жана аралыгын аныктоочу прибор/.

ШУМОПОДОБНЫЙ СИГНАЛ чуу сыяктуу сигнал /кокустук процессти ишке ашыруучу сигнал/.

ШУМЫ В ЭЛЕКТРОННЫХ ПРИБОРАХ электрондуу приборлордогу чуулар /электрондордун катоддон убакыт ичинде бирдей эмес учуп чыгышынын негизинде электрондуу приборлордун тизмектериндеги электр тогунун өзүнүн орто маанисинен айырмаланышы/.

ШУНТ шунт /электр өлчөгүч приборлордун өлчөө чегин кеңейтүү максатында аларга жарыш туташтырылуучу электр каршылыгы/.

ШУНТИРОВАНИЕ шунттоо /өлчөгүч куралдардын өлчөө чегин кеңейтүү максатында анын кыскычтарына жарыш каршылык туташтыруу/.

ШУНТИРОВАНИЕ ОБМОТКИ ДОПОЛНИТЕЛЬНЫХ ПОЛЮСОВ кошумча уюлдардын оромолорун шунттоо /өзгөрүлмө токтун кыймылдаткычтарынын коммутациясынын талаасына тиешелүү чоңдукту жана фазаны берүүнү камсыз кылуу максатында колдонулуучу оромолорду шунттоонун системасы/.

ШУНТИРОВАНИЕ ПОЛЯ талааны шунттоо /дүүлүктүрүү оромоло-



ру удаалаш туташтырылган туруктуу токтун кыймылдаткычтарынын айлануу ылдамдыгын жөндөөнүн атайын ыгы. Талааны шунттоо дүүлүктүрүү оромолоруна жарыш шунттоочу каршылыкты өзгөртүп туруу менен ишке ашырылат/.

ШУНТИРУЮЩЕЕ СОПРОТИВЛЕНИЕ шунттоочу каршылык /өлчөгүч куралдардын кыскычтарына туташтырылуучу так маанилүү туруктуу каршылык/.

ШУНТИРУЮЩИЙ АНОД шунттоочу анод /башка аноддун тогу өтүү үчүн өткөрүүчү жарыш тизмек болуп эсептелүүчү анод/.

ШУНТОВОЕ ВОЗБУЖДЕНИЕ шунттуу дүүлүктүрүү

ШУНТОВОЙ ДВИГАТЕЛЬ шунттуу кыймылдаткыч

## Щ

ЩЕТКА щетка /айланып туруучу шакектер боюнча сыйгаланып, ток берүүчү же алуучу тийментер/.

ЩЕТКОДЕРЖАТЕЛЬ щетка бекиткич /шакектер боюнча сыйгаланып туруучу тиймек бекитилүүчү түзүлүш/.

ЩИТ ДИСПЕТЧЕРСКИЙ диспетчер калканы

ЩИТ УПРАВЛЕНИЯ башкаруу калканы /энер жай ишканаларында, электр станцияларында ж.б. технологиялык процесстерди башкаруу жана текшерүү үчүн пайдаланылып, өлчөөчү приборлордон, сигналдык аппараттардан, башкаруучу ачкычтардан турган комплекстүү түзүлүш/.

ЩИТОВОЙ ПРИБОР калканга орнотулуучу прибор /конструкциясы диспетчер калканына жана пультуна, электротехникалык установкалардын шкафтарына бекитүүгө мүмкүнчүлүк берүүчү өлчөгүч прибор/.

## Э

ЭВРИСТИЧЕСКОЕ ПРОГРАММИРОВАНИЕ эвристикалык программалоо /маселелерди чыгаруу үчүн атайын методдорду пайдалануучу программалоонун бир түрү/.

ЭЛЕКТРОДВИЖУЩАЯ СИЛА САМОИНДУКЦИИ өзүнчө индукциянын электр кыймылдаткыч күчү /өткөргүчтө жүрүп турган электр тогунун чоңдугу өзгөргөн учурда андагы индукцияланууучу электр кыймылдатуу күчү. Анын чоңдугу төмөнкүчө туюнтулат. $e = \frac{di}{dt}$. Мында $L$ - индуктивдүүлүк, $i$ - токтун заматтык мааниси, $t$ - убакыт/.

ЭЖЕКТОР ПНЕВМАТИЧЕСКИЙ пневматикалык эжектор /коммуникациялык каналдарда, акма жана туюк камераларда басымды төмөндөтүү үчүн башкаруучу жана текшерүүчү пневматикалык приборлордо колдонулуучу акма элемент/.

ЭКВИВАЛЕНТНАЯ НАГРУЗКА эквиваленттүү жүк /электр энергиясынын булагы үчүн, мүнөзү жана каршылыгы жагынан чыныгы жүктү алмаштыруучу жүк/.

ЭКВИВАЛЕНТНАЯ СХЕМА эквиваленттүү схема /процесстерди талдоодо жана электр түзүлүштөрүн эсептөөдө колдонулуучу электр тизмегинин жөнөкөй элементтеринен түзүлгөн схема/.

ЭКВИПОТЕНЦИАЛЬНАЯ ПОВЕРХНОСТЬ эквипотенциалдуу бет /бардык чекиттердеги потенциалдарынын мааниси бирдей болгон бет/.

ЭКВИПОТЕНЦИАЛЬНЫЙ КАТОД эквипотенциалдуу катод /бардык чекиттеринин электр потенциалдары бирдей болгон катод. Кыздырылуучу электрондуу лампалардын катоддору эквипотенциалдуу катоддорго кирет/.



ЭКРАНИРОВАНИЕ экрандоо /электр машиналарынын, аппараттарынын ж.б. приборлордун айрым бөлүктөрүн же бүт бойдон электр жана магнит талааларынын жолтоо келтирүүчү таасирлеринен сактоонун чаралары/.

ЭКРАНИРОВАННЫЙ КАБЕЛЬ экрандалган кабель /ар бир өткөргүчтүн изоляциясындагы электр талаасынын бөлүнүшү радиалдуу болушун камсыз кылуу максатында ар бир тарамдын изоляциясынын сыртынан өткөргүч катмар оролгон кабель/.

ЭКСИТРОН экситрон /катоддук тагы дүүлүктүрүүчү такай күйгөн жаа менен кармалып турган сымаптуу вентиль/.

ЭКСПЛУАТАЦИОННО ЗАМКНУТАЯ СЕТЬ эксплуатациялык туюк тармак /туташтыруучу аппараттарынын бардыгы нормалдуу жабык туюк тармак/.

ЭКСПЛУАТАЦИОННО РАДИАЛЬНАЯ СЕТЬ эксплуатациялык радиалдуу тармак /түзүлүшү боюнча радиалдык жабык тармактын структурасына окшош структурасы бар, азыктандыруучу жана керектөөчү пункттар менен бир гана сызык аркылуу кошулган тармак/.

ЭКСПОНЕНЦИАЛЬНЫЕ СХЕМНЫЕ ЭЛЕМЕНТЫ экспоненциалдык схема элементтери /ийиндерине каршылыктар жана конденсаторлор, диагоналына диод же транзистор кошулган көпүрө схемалары/.

ЭКСТРАКЦИЯ НОСИТЕЛЕЙ ЗАРЯДА заряддарды алып жүргүчтөрдү экстракциялоо /жарым өткөргүчтүн көлөмүнөн заряды сорул жана алардын концентрациясын тең салмактуу абалдан төмөн болгонго чейин жеткирүүчү кубулуш/.

ЭКСТРАПОЛИРОВАНИЕ экстраполяциялоо /кандайдыр бир точкадагы функциянын маанисин анын оң жагындагы /алдыңкы/ же сол жагындагы /арткы/ белгилүү маанисине карап аныктоо/.

ЭКСТРЕМАЛЬНАЯ СИСТЕМА НЕПРЕРЫВНОГО ДЕЙСТВИЯ үзгүлтүксүз аракеттүү экстремалдык система /мындай системада об"ектке мезгилдүү синусоидалык же араа түрүндөгү термелүүлөр киберилип анын чыгышынан мезгилдүү өзгөрүүчү сигнал алынат/.

ЭКСТРЕМАЛЬНАЯ СИСТЕМА С ЗАПОМИНАНИЕМ ЭКСТРЕМУМА экстремумду эске тутуп калуучу экстремалдык система /мындай система чыгуучу координатанын утурумдук маанисинин анын убактынын мурунку удулунда эске тутулуп калган маанисинен болгон кыйшаюусуна карата иштейт/.

ЭКСТРЕМАЛЬНОЕ РЕГУЛИРОВАНИЕ экстремалдуу жөндөө

ЭКСТРЕМАЛЬНЫЙ РЕГУЛЯТОР экстремалдуу жөндөгүч /башкаруучу об"ектин чыгуучу координаталык маанилери эң чоң же эң кичине маанилерге ээ болгондой кылып анын кирүүчү координаталык маанилерин издеп таап жана аларды эң ыңгайлуу мааниде кармап туруучу автоматтык система/.

ЭЛЕКТРИФИКАЦИЯ электрлештирүү /жогорку вольттуу тармактар менен энергетикалык системага бириктирилген кубаттуу борборлоштурулган электр станциялары иштеп чыгарган электр энергиясын эл чарбасында жана үй тиричилигинде кеңири таратуу процесси/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКАЯ АККУМУЛЯТОРНАЯ ТЯГА электр аккумулятордук тартуу /тартуу же чиркеме бирдигинде жайлашкан электр аккумуляторлорунан иштелип чыккан энергия менен иштөөчү тартуу системасы/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКАЯ БЛОКИРОВКА электрдик блоктоо /электр кыймылдаткычтарын жүргүзүүнү же болбосо кандайдыр бир электр тизмегин бириктирүүнү же ажыратууну, иштөөнүн коопсуздугун камсыз кыла турган башка бир катар шарттардын аткарылышына көз каранды кыла тургандай тартипте касалгалардын айкалыштырылып жайгаштырылышы. Тагыл же бул шарттар эске алынбаган болсо, блоктоо операциянын жүргүзүүгө мүмкүндүк бербейт/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКАЯ ДУГА электр жаасы /анчалык чоң эмес чыңалууда пайда болуп тогунун тыгыздыгы өтө чоң болгон газдардагы разряддын бир түрү/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКАЯ ЕМКОСТЬ электр сыйымдуулугу /өткөргүчтүн же өткөргүчтөрдүн системасынын электрдик мүнөздөмөсү/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКАЯ ЕМКОСТЬ МЕЖДУ ДВУМЯ УЕДИНЕННЫМИ ПРОВОДНИКАМИ обочо эки өткөргүчтүн арасындагы электр сыйымдуулугу /узундуктары бирдей башка өткөргүчтөрдөн чексиз алыстатылган жана белгилери карама каршы заряддарынын өткөргүчтөрдүн потенциалдарынын айырмасына болгон катышына барабар скалярдык чоңдук/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКАЯ ЕМКОСТЬ УЕДИНЕННОГО ПРОВОДНИКА обочо өткөргүчтүн электр сыйымдуулугу /өткөргүчтөрдүн чексиз алыстатылган жана чексиз алыстатылган чекиттин потенциалы нөлгө барабар делип болжолдонулган өткөргүчтүн зарядынын анын потенциалына болгон катышына барабар скалярдык чоңдук/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКАЯ МАШИНА электр машинасы /механикалык энергиянын электр энергиясына /генератор/ же тескерисинче электр энергиясын механикалык энергияга /кыймылдаткыч/ же электр энергиясын башка тектеги электр тогуна, чыңалуусуна айландыруучу машина/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКАЯ НАГРУЗКА электр жүгү /электр энергиясынын булагы берүүчү кубаттуулук жана анын менен аныкталуучу ток/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКАЯ ПЕРЕДАЧА электрдик берүү /жылуулук кыймылдаткычтын механикалык энергиясын электр энергиясына айландырып туруп берүүчү система/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКАЯ ПЕЧЬ электр меш /электр кубулуштарынын жылуулук эффектисин колдонуучу эритүүчү же кыздыруучу меш/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКАЯ ПЕЧЬ СОПРОТИВЛЕНИЯ каршылыктуу электр меш /активдүү электр каршылыгы бар өткөргүчтөр аркылуу электр тогу өткөндө бөлүнүп чыккан жылуулукту колдонуучу меш/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКАЯ ПОДСТАНЦИЯ электр подстанциясы /берилүүчү электр энергиясынын параметрлерин өзгөртүү үчүн арналган установка/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКАЯ ПОЛЯРИЗАЦИЯ электрдик уюлдашуу /көлөм айырмаланган нерсенин берилген көлөмүндөгү электрдик моменттин маанисы менен мүнөздөлүүчү заттын абалы/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКАЯ ПОСТОЯННАЯ электрдик туруктуу сан /кандайдыр бир туюк беттин ичиндеги бумлардык электр зарядынын, ошол бетти аралап өтүүчү электр талаасынын чыңалышынын агымына болгон катышына барабар боштуктагы электр талаасын мүнөздөөчү скалярдык чоңдук/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКАЯ ПРОВОДИМОСТЬ электр өткөргүчтүк /1. электр каршылыгына тескери чоңдук; 2. убакыт ичинде өзгөрүлбөгөн электр талаасынын таасири астында заттын туруктуу электр тогун өткөрүү жөндөмдүүлүгү/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКАЯ ПРОВОДИМОСТЬ ПОЛУПРОВОДНИКОВ жарым өткөргүчтөрдүн электр өткөргүчтүүлүгү /убакыт ичинде өзгөрүлбөгөн электр талаасынын таасири астында жарым өткөргүчтөрдүн туруктуу электр тогун өткөрүү жөндөмдүүлүгү/.



ЭЛЕКТРИЧЕСКАЯ ПРОЧНОСТЬ электрдик бышыктык /электр өткөрбөөчү материалдарды электрдик тешип өтүүгө жеткирүүчү бир тектүү электр статикалык талаанын чыңалышы менен мүнөздөлүүчү диэлектриктердин касиети/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКАЯ ПРОЧНОСТЬ ИЗОЛЯЦИИ ПРИ ПРОМЫШЛЕННОЙ ЧАСТОТЕ өнөр жай жыштыгындагы изоляциянын электрдик бышыктыгы /сыноонун белгиленген шарттарында изоляциялары тешилбестен, жабдуу чыдай ала турган өзгөрүлмө синусоидалдуу өнөр жай жыштыгындагы чыңалуунун аракеттүү эң чоң мааниси/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКАЯ СЕТЬ электр тармагы /электр станцияларын керектөөчүлөр менен байланыштырып туруучу электр сызыктарынан подстанциялардан, бөлүштүрүүчү жана которуп туташтыруучу пункттардан турган тармак/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКАЯ СИСТЕМА электр системасы /электр энергиясын өндүрүү, өзгөртүү, трансформациялоо, берүү жана бөлүштүрүү үчүн пайдаланылуучу генераторлордон, трансформаторлордон, аппараттардан, сызыктардан жардамчы жабдуулардан жана курулмалардан турган система/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКАЯ СТАНЦИЯ электр станциясы /электр энергиясын иштеп чыгаруу үчүн түздөн түз же кыйыр пайдаланылуучу жабдуулардын, установкалардын айкалышкан жыйындысы. Буга белгилүү территорияда жайланышкан керектүү имараттар, бардык курулмалар кирет/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКАЯ СХЕМА электр схемасы /1. принциптүү электр схема – берилген электр түзүлүшү кандай элементтерден /резисторлор, конденсаторлор, релелер ж.б./ турарын жана аларды ту-

таштыруу тартибин шарттуу графикалык сүрөттөөлөр менен көрсөтүүчү чийме; 2. монтаждоо электр схемасы – элементтерди туташтыруунун тартиби менен катар алардын өз ара жайланышын, ошондой эле монтаждоочу өткөргүчтөрдүн ордун көрсөтүүчү чийме/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКАЯ ТЯГА электрдик тартуу /тартуу бирдиктерине электр энергиясы сырткы булактардан берилүүчү тартуунун системасы/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКАЯ ЦЕПЬ электр тизмеги /электр магниттик процесстери электр кыймылдаткыч күчү, ток жана чыңалуу жөнүндөгү түшүнүктөрдүн жардамы менен жазылуучу электр тогу жүрүүгө арналган түзүлүштөрдүн айкалышып бириккени/.-

ЭЛЕКТРИЧЕСКАЯ ЧАСТЬ ЭЛЕКТРОУСТАНОВКИ электр установкаларынын электр бөлүктөрү /электр установкасынын же электр системасынын бир бөлүгүн түзүүчү электр машиналары, аппараттары кыйнагыч шиналар жана туташтыргыч шиналар/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ АККУМУЛЯТОР электрдик аккумулятор /ишке жөндөмдүүлүгү заряддоо менен калыбына келтирилүүчү, кайра-кайра колдонууга мүмкүн болгон токтун химиялык булагы/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ ВАЛ электр валы /синхрондоштурулган көп кыймылдаткычтуу электр кыймылга келтиргичинин шарттуу аты/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ ВЕНТИЛЬ электр вентили /физикалык жактан бир бүтүн болгон өткөргүчтүгү симметриялуу эмес токтун бир же бир нече жолун камтыган түзүлүш/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ ГЕНЕРАТОР электр генератору /энергиянын ар кандай түрүн /механикалык, химиялык, жылуулук, жарык/ электр энергиясына айландыруучу түзүлүш/.



ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ ГЕНЕРАТОР ПЕРЕМЕННОГО ТОКА өзгөрүлмө токтун электр генератору /өзгөрүлмө электр тогун иштеп чыгаруучу синхрондуу жана асинхрондуу генератор/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ ГЕНЕРАТОР ПОСТОЯННОГО ТОКА туруктуу токтун электр генератору /сырткы тизмекке туруктуу электр тогун берүүчү электр генератору/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ ГЕНЕРАТОР ПОСТОЯННОГО ТОКА С НЕЗАВИСИМЫМ ВОЗБУЖДЕНИЕМ дүүлүктүрүүсү көз карандысыз электр генератору /дүүлүктүрүүчү оромосуна токтун башка бир булагынан ток берилүүчү туруктуу токтун генератору/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ ГЕНЕРАТОР ПОСТОЯННОГО ТОКА С ПАРАЛЛЕЛЬНЫМ ВОЗБУЖДЕНИЕМ жарыш дүүлүктүрүлүүчү туруктуу токтун генератору /дүүлүктүрүүчү оромосу якордун оромосуна жарыш туташтырылуучу туруктуу токтун электр генератору/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ ГЕНЕРАТОР ПОСТОЯННОГО ТОКА С ПОСЛЕДОВАТЕЛЬНЫМ ВОЗБУЖДЕНИЕМ удаалаш дүүлүктүрүлүүчү туруктуу токтун генератору /дүүлүктүрүүчү оромосу якордун оромосуна удаалаш туташтырылган туруктуу токтун электр генератору/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ ГЕНЕРАТОР С САМОВОЗБУЖДЕНИЕМ өзү дүүлүгүүчү электр генератору К. ГЕНЕРАТОР С САМОВОЗБУЖДЕНИЕМ

ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ ГЕНЕРАТОР СМЕШАННОГО ВОЗБУЖДЕНИЯ аралаш дүүлүктүрүлүүчү электр генератору /якорго удаалаш жана жарыш туташтырылуучу эки дүүлүктүрүүчү оромолору бар электр генератору/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ ГРАДУС электрдик градус /электр машинасынын уюлдук бөлүгүнүн I/180 бөлүгүнө барабар болгон бурч/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ ДВИГАТЕЛЬ электр кыймылдаткычтары /электр энергиясын механикалык энергияга айландыруучу машина/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ ДВИГАТЕЛЬ ПЕРЕМЕННОГО ТОКА өзгөрүлмө токтун электр кыймылдаткычтары /өзгөрүлмө ток менен иштөөчү асинхрондуу жана синхрондуу электр кыймылдаткычтары/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ ДВИГАТЕЛЬ ПОСТОЯННОГО ТОКА турактуу токтун электр кыймылдаткычтары /турактуу электр тогу менен иштөөчү коллектордуу электр кыймылдаткыч/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ ДИПОЛЬ электрдик диполь /абсолюттук мааниси боюнча бирдей жана электр заряддарынын белгилери боюнча карама каршы, ортосундагы аралык диполдун борборунан анын электр талаасындагы каралуучу точкаларына чейинки аралыкка салыштырганда көп эсе кичине эки бирдей электр заряддары/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ ЗАРЯД электр заряды /бөлүкчөлөрдүн өзүнүн электр магниттик талаасы менен болгон байланышы жана сырткы электр магниттик талаа менен өз ара аракеттенүүлөрүн мүнөздөй турган бөлүкчөлөрдүн жана нерселердин негизги мүнөздөмөсү/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ ЗВОНОК электр коңгуроосу /электр тогунун жардамы менен аракетке келип үн сигналын берүүчү түзүлүш/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ КОНТАКТ электр контакт /ток өткөрүүчү зымдардын же бөлүктөрдүн бири бирине тийишкен жери/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ МОМЕНТ ТЕЛА нерсенин электрдик моменти /каралуучу нерсенин составына кирүүчү бардык диполдордун электрдик моменттеринин геометриялык суммасына барабар вектордук чоңдук/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ МОМЕНТ ЭЛЕКТРИЧЕСКОГО ДИПОЛЯ электрдик диполдун электрдик моменти /диполдун заряддарынын биринин абсолюттук чоңдугунун алардын ортосундагы аралыкка болгон көбөйтүндүсүнө барабар жана оң заряддан терс зарядды көздөй багытталган вектордук чоңдук/.



ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ МОНТАЖ электрдик монтаж /электротехникалык буюмдардын башкаруу тизмектеринде тартылган изоляциялуу өткөргүчтөрдүн комплекси/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ НАГРЕВ электрдик ысытуу /электр энергиясын пайдалуу жылуулуктун булагы катары колдонуу менен нерселерди ысытуу/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ ПЕРЕМЕННЫЙ ТОК өзгөрүлмө электр тогу к. ПЕРЕМЕННЫЙ ТОК

ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ ПОТЕНЦИАЛ В ДАННОЙ ТОЧКЕ берилген чекиттеги электр потенциалы /берилген чекит менен башка бир белгилүү, бирок туш келди тандалып алынган чекиттин потенциалдарынын айырмасы/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ ПРЕОБРАЗОВАТЕЛЬ электрдик өзгөрткүч/электр тогунун тегинин жана параметрлерин өзгөртүү үчүн арналган түзүлүш/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ ПРИВОД электр кыймылга келтиргичи /электр энергиясын механикалык энергияга айландырып аны автоматтык түрдө башкаруучу түзүлүш/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ РАЗРЯД электр разряды /потенциалдардын айырмасы бар болгон эки чекиттин ортосундагы электр заряддарынын ар кандай которулушуулары/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ РЕГУЛЯТОР электр жөндөгүч /чыңалууну, кубаттуулукту, жыштыкты ж.б. электрдик чоңдуктарды турактуу мааниде кармоо же болбосо, каалаган режим боюнча өзгөртүп турууну кызматын аткаруучу атайын түзүлүш/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ РЕЛЕЙНЫЙ ЭЛЕМЕНТ электрдик релелүү элемент /иш аракети электр өткөргүчтүүлүктүн, электр талаасынын чыңалышынын, индуктивдүүлүктүн, сыйымдуулуктун ж.б. өзгөрүлүшүнө негизделген релелүү элемент/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ СЧЕТЧИК электр санагычы абонемент тарабынан тармакка берилүүчү электр кубатын эсепке алып туруучу прибор/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ ТОК электр тогу /электр заряддарынын иреттүү кыймылы. Физикалык табияты боюнча өткөргүчтүүлүктүн электр тогу, конвекциялык электр тогу жана уюлдашуунун электр тогу болуп бөлүнөт/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ ТОК КОНВЕКЦИОННЫЙ которулушуунун электр тогу /электр өткөргүчтүүлүгү жок чөйрөдө жана вакуумда заряддалган бөлүкчөлөрдүн жана нерселердин кыймылы/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ ТОК ПОЛЯРИЗАЦИИ уюлдашуунун электр тогу /диэлектриктин уюлдашуусу өзгөргөн учурда андагы байланыштуу заряддалган бөлүкчөлөрдүн кыймылы/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ ТОК ПРОВОДИМОСТИ өткөрүмдүүлүктүн электр тогу /электр талаасынын таасири астында өткөргүчтөрдө же жарым өткөргүчтөрдө пайда болуучу токту алып жүрүүчү бөлүкчөлөрдүн иреттүү кыймылы/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ ТОК СМЕЩЕНИЯ жылдыруунун электр тогу /боштуктагы жылдыруунун электр тогу менен уюлдашуунун электр тогунун айкалышуусу/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ ТОРМОЗ электр тормозу /электр транспортунун ылдамдыгын басаңдатуу же толук токтотуу үчүн колдонулуучу электр магниттик түзүлүш/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ УРОВЕНЬ электрдик деңгээл /электрдик деңгээлдин индикатору менен өлчөнүүчү электр тизмегиндеги татаал сигналдын үгүлүүчү үндөрүнө туура келүүчү чоңдук/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКИЙ ФИЛЬТР электр чыпка /электр сигналдарын



жыштыктык бөлүштүрүүгө арналган түзүлүш/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКИХ СИГНАЛОВ УСИЛИТЕЛЬ электр сигналдарын күчөткүч /активдүү элементтердин жардамы менен электр энергиясынын булактарынын эсебинен кирүүчү сигналдын электр кубаттуулугун, чыңалуусун, тогунун күчүн чоңойтуучу түзүлүш/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКОЕ НАПРЯЖЕНИЕ электрдик чыңалуу /физикада жана электротехникада каралып жаткан электр тизмегинин участогунда электр талаасынын энергетикалык мүнөздөмөсү катарында колдонулуучу скалярдык чоңдук/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКОЕ ПОЛЕ электр талаасы /электр магниттик талаанын бир формасы/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКОЕ РЕКУПЕРАТИВНОЕ ТОРМОЖЕНИЕ электрдик рекуперативдүү тормоздоо /кыймылдаткычтар генератор катары тармакка иштеген учурдагы тормоздоонун ыгы/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКОЕ РЕОСТАТНОЕ ТОРМОЖЕНИЕ электрдик реостаттуу тормоздоо /кыймылдаткычтар генератор катары реостатка иштеген учурдагы тормоздоонун ыгы/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКОЕ СМЕЩЕНИЕ /ИНДУКЦИЯ ЭЛЕКТРИЧЕСКАЯ/ электрдик жылдыруу /электрдик турактуу санга жана ошол чекиттеги уюлдашуунун маанисине көбөйтүлгөн, каралуучу чекиттеги электр талаасынын чыңалышынын геометриялык суммасына барабар болгон вектордук чоңдук/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКОЕ СОПРОТИВЛЕНИЕ электр каршылыгы /өткөргүчтүн же электр тизмегинин электр тогуна каршы аракетин мүнөздөөчү физикалык чоңдук/.

ЭЛЕКТРИЧЕСКОЕ СОПРОТИВЛЕНИЕ ПРИ ПОСТОЯННОМ ТОКЕ турактуу

ток учурундагы электр каршылыгы /электр кыймылдаткыч күчү жок болгон учурда тизмектин участокторундагы туруктуу чыңалуунун ындагы токко болгон катышына барабар скалярдык чоңдук/.

ЭЛЕКТРИЧЕСТВО электричество /электр заряддарынын бар болуусу, кыймылы жана өз ара аракет менен байланыштуу электр магниттик кубулуштардын айкалышуулары/.

ЭЛЕКТРОАКУСТИЧЕСКИЙ ПРЕОБРАЗОВАТЕЛЬ электракустикалык өзгөрткүч /электр системасынан энергия алып жана аны акустикалык системага берүүчү же тескерисинче иштөөчү өзгөрткүч/.

ЭЛЕКТРОАКУСТИЧЕСКИЙ ЭФФЕКТ электр акустикалык эффект /кыймылдуу заряддалган бөлүкчөлөрдөн турган чөйрөдө үн толкуну жүргөн багытты карай туруктуу электр талаасынын пайда болушу/.

ЭЛЕКТРОВАКУУМНАЯ ЛАМПА электр вакуумдуу лампа /ичинен абасы соргуурулган же суюлтулган газ менен толтурулган айнек прибор/.

ЭЛЕКТРОВОРСОВАНИЕ электр менен түк чыгаруу /электр статикалык талаанын жардамы менен кездеменин негизине түк салуу/.

ЭЛЕКТРОГИДРАВЛИЧЕСКИЙ ЭФФЕКТ электр гидравликалык эффект суюктуктарда жогорку вольттуу разрядды дүүлүктүргөн учурда пайда болгон импульстук басымдын иштелип жаткан материалга тийгизген таасири/.

ЭЛЕКТРОГЛАЗУРОВАНИЕ электр менен глазура каптоо /тазкндуу разряддын электр талаасынын жардамы менен керамикалык буюмдарга айнектен беттик катмар түзүү/.

ЭЛЕКТРОД электрод /I. ширетүү электроду – ширетүү, эритүү же кесүү учурунда тетикке электр тогун берүүчү стержень; 2. меш электроду – meштин иш аймагына электр тогун берүүчү



жаа мештердин конструкциялык элементи; 3. гальваникалык электрод – иондуу өткөргүчкө (электролитке) салынган, электрондук өткөргүч /металл, графит ж.б./ болуп эсептелүүчү элемент/.

ЭЛЕКТРО электро /электричествого катышы бар татаал сөздөрдүн бөлүгү/.

ЭЛЕКТРОДВИЖУЩАЯ СИЛА /э.д.с./ электр кыймылдаткыч күчү /электр статикалык эмес электр талаасынын, б.а. индукциялаиган электр талаасынын жана бөлөк күчтөрдүн талаасынын энергетикалык мүнөздөмөсү/.

ЭЛЕКТРОДИНАМИЧЕСКАЯ ПОСТОЯННАЯ электр динамикалык туруктуу сан /электр магнетизм закондорунун теңдемелеринде катышуучу жарыктын вакуумдагы ылдамдыгына $c = 3 \cdot 10^{10}$ см/с барабар универсалдуу туруктуу чоңдук/.

ЭЛЕКТРОДИНАМИЧЕСКИЙ ГРОМКОГОВОРИТЕЛЬ электр динамикалык катуу сүйлөгүч /өзгөрүлмө ток жүрүп туруучу, диафрагма менен байланыштуу өткөргүчтүн туруктуу магнит талаасындагы кыймылынан улам аракетке келүүчү катуу сүйлөгүч/.

ЭЛЕКТРОДИНАМИЧЕСКИЙ ИЗЛУЧАТЕЛЬ электр динамикалык нурлантыкыч /өзгөрүлмө ток өткөн өткөргүч менен туруктуу магнит талаасынын өз ара аракеттенишине негизделген үн чыгаруучу түзүлүш/.

ЭЛЕКТРОДИНАМИЧЕСКИЙ МИКРОФОН электр динамикалык микрофон /иш аракети өткөргүчтүн магнит талаасында кыймылга келишинен улам индукцияланууучу электр кыймылдаткыч күчкө негизделген микрофон/.

ЭЛЕКТРОИЗМЕРИТЕЛЬНЫЕ КЛЕЩИ электр өлчөгүч кычкачтар /тулкусуна амперметр орнотулган, магнит өткөргүчү кычкач сыяк-

туу ачылып жана жабылып туруучу токтун трансформатору/.

ЭЛЕКТРОИЗМЕРИТЕЛЬНЫЕ ПРИБОРЫ электр өлчөгүч куралдар,приборлор /электр чоңдуктарын өлчөөчү ваттметр, вольтметр, амперметр ж.б. түзүлүштөр/.

ЭЛЕКТРОИЗМЕРИТЕЛЬНЫЕ ПРИБОРЫ ВИБРАЦИОННОЙ СИСТЕМЫ вибрациялык системадагы электр өлчөгүч, приборлор /конструкциясы серпилгич пластиналардын өздүк термелүүлөрүнүн өзгөрүлмө токтун жыштыгы менен туура келүүчү механикалык резонансына негизделип жасалган приборлор/.

ЭЛЕКТРОИЗМЕРИТЕЛЬНЫЕ ПРИБОРЫ ИНДУКЦИОННОЙ СИСТЕМЫ индукциялык системадагы электр өлчөгүч приборлор /иш аракети кыймылдуу бөлүгүндө индукцияланган куюнду токтордун магнит талаасы менен айлануучу магнит талаасынын өз ара аракеттенишине негизделген приборлор/.

ЭЛЕКТРОИЗМЕРИТЕЛЬНЫЕ ПРИБОРЫ МАГНИТОЭЛЕКТРИЧЕСКОЙ СИСТЕМЫ магнит электрдик системадагы электр өлчөгүч приборлор /иш аракети ток жүрүп турган өткөргүч менен туруктуу магниттин өз ара аракеттенишине негизделген приборлор/.

ЭЛЕКТРОИЗМЕРИТЕЛЬНЫЕ ПРИБОРЫ ТЕПЛОВОЙ СИСТЕМЫ жылуулук системасындагы электр өлчөгүч куралдар /иш аракети металл жипче аркылуу электр тогу жүргөн учурда анын ысып узаргандыгынан улам жебенин кыймылга келишине негизделген приборлор/.

ЭЛЕКТРОИЗМЕРИТЕЛЬНЫЕ ПРИБОРЫ ТЕРМОЭЛЕКТРИЧЕСКОЙ СИСТЕМЫ термоэлектрдик системадагы электр өлчөгүч приборлор /иш аракети өлчөнүүчү ток металл жипче аркылуу өткөн учурда ага бириктирилген эки түрдүү металл өткөргүчтүн бир бири менен кандалган жеринин ысышынан туруктуу багыттагы электр кыймылдаткыч күчүнүн пайда болушуна негизделген приборлор/.



ЭЛЕКТРОИЗМЕРИТЕЛЬНЫЕ ПРИБОРЫ ЭЛЕКТРОДИНАМИЧЕСКОЙ СИСТЕМЫ электро динамикалык системадагы электр өлчөгүч приборлор /иш аракети ток жүрүп туруучу эки түрмөктөрдүн /кыймылдуу жана кыймылсыз/ бир бири менен аракеттенишүүлөрүнө негизделген приборлор/.

ЭЛЕКТРОИЗМЕРИТЕЛЬНЫЕ ПРИБОРЫ ЭЛЕКТРОМАГНИТНОЙ СИСТЕМЫ электр магниттик системадагы электр өлчөгүч приборлор /иш аракети өлчөнүүчү ток жүрүп турган түрмөк менен ферромагниттик материалдан жасалган өзөкчөнүн өз ара аракеттенишине негизделген приборлор/.

ЭЛЕКТРОИЗМЕРИТЕЛЬНЫЕ ПРИБОРЫ ЭЛЕКТРОСТАТИЧЕСКОЙ СИСТЕМЫ электр статикалык системадагы электр өлчөгүч приборлор /иш аракети заряддалган эки өткөргүчтүн өз ара аракеттенишине негизделген приборлор/.

ЭЛЕКТРОИЗМЕРИТЕЛЬНЫЙ МОСТ электр өлчөгүч көпүрө /бир диагоналына токтун булагы, экинчи диагоналына өлчөгүч курал бириктирилген схема/.

ЭЛЕКТРОИЗОЛЯЦИОННЫЕ МАТЕРИАЛЫ электр изоляциялоочу материалдар /электр жабдууларынын, радиотехникалык аппаратуралардын ж.б. өткөргүчтөрүн жана түйүндөрүн изоляциялоо үчүн колдонулуучу электр каршылыгы чоң материалдар/.

ЭЛЕКТРОИМПУЛЬСНАЯ ОБРАБОТКА электр импульстук иштетүү /жаалуу разрядды колдонуунун негизинде материалды электр эрозиялык иштетүүнүн бир түрү/.

ЭЛЕКТРОИНСТРУМЕНТ электр куралы /электр кыймылдаткычы менен кыймылга келтирилүүчү кол машина/.

ЭЛЕКТРОИСКРОВАЯ ОБРАБОТКА электр учкундуу иштетүү /учкун разрядын колдонуунун негизинде металлдарды өлчөмдүк иштетүү/.

ЭЛЕКТРОКАР электрокар /аккумулятордон иштөөчү электр кыймылдаткычы менен кыймылга келтирилүүчү өзү жүрүүчү дөңгөлөктүү араба /.

ЭЛЕКТРОКОПЧЕНИЕ электр менен ыслоотуу /тамак аш ыслоотуунун технологиялык процесстеринде электр энергиясын пайдалануу/.

ЭЛЕКТРОЛИЗ электролиз электролит аркылуу туруктуу электр тогу өткөндө андагы жүргөн химиялык процесстер/.

ЭЛЕКТРОЛИТ электролит /электр тогунун жүрүшү иондордун кыймылынын эсебинен болуучу жана электролиз менен бир өтүүчү химиялык заттар жана системалар/.

ЭЛЕКТРОЛИТИЧЕСКАЯ ВАННА электролит ваннасы /электр талааларын моделдөөчү түзүлүш/.

ЭЛЕКТРОЛИТИЧЕСКИЙ ВЕНТИЛЬ электролиттик вентиль /катуу өткөргүч менен электролиттин ортосундагы контакттын симметриялуу эмес өткөрүмдүүлүгүн пайдалануучу электр вентили/.

ЭЛЕКТРОЛЮМИНЕСЦЕНТНОЕ ТАБЛО электролюминесценциялык табло /шарттуу белгилер түрүндө түзүлгөн люминесценциялык элементтердин абалын өзгөртүү жолу менен өндүрүштүк процессти тейлөөчү объекттин абалын ж.б. көрсөтүүчү сигналдык калкан же панель/.

ЭЛЕКТРОЛЮМИНЕСЦЕНТНЫЙ ЭЛЕМЕНТ электролюминесценциялык элемент /электр люминесценциялык кубулушту пайдаланып, электр энергиясын түздөн түз жарык энергиясына айландыруучу түзүлүш/.



ЭЛЕКТРОМАГНИТ электр магнит /электр тогунун жардамы менен магнит касиетине ээ болуучу түзүлүш/.

ЭЛЕКТРОМАГНИТНАЯ ИНДУКЦИЯ электр магниттик индукция /электр талаасында же туюк өткөрүүчү контурда анын агым айкалышуусу өзгөргөндө андагы кыймылдай турган өткөргүчтө электр кыймылдаткыч күчүнүн пайда болушу/.

ЭЛЕКТРОМАГНИТНАЯ МУФТА электр магниттүү муфта /жүргүзүүчү же жүргүзүлүүчү окторду бириктирип же ажыратып туруучу электр магниттүү түзүлүш/.

ЭЛЕКТРОМАГНИТНАЯ ЭНЕРГИЯ электр магниттик энергия /электр талаасы менен байланыштуу жана мейкиндикке таралган энергия/.

ЭЛЕКТРОМАГНИТНОЕ ПОЛЕ электр магниттик талаа /мейкиндикте тынымсыз таралып туруш, структурасынын дискреттүүлүгү жана вакуумда ылдамдыгына карабай зарядталган бөлүкчөлөргө күч аракетин жасай ала тургандыгы менен айырмалануучу материянын өзгөчө түрү/.

ЭЛЕКТРОМАГНИТНОЕ ТОРМОЖЕНИЕ электр магниттүү тормоздоо /айлануучу магнит талаасынын багытын мотордун айлануу багытына каршы багыттоо менен кыймылдаткычты токтотуу/.

ЭЛЕКТРОМАГНИТНЫЕ ВОЛНЫ электр магниттик толкундар /убакыт боюнча гармониялык закон менен өзгөрүүчү электр магниттик толкундардын мейкиндикте жарык ылдамдыгы менен таралуу процесси/.

ЭЛЕКТРОМАГНИТНЫЙ ВЫКЛЮЧАТЕЛЬ электр магниттүү ажыраткыч /электр жаасы магнит талаасы менен үйлөнүп өчүрүлүүчү жогорку чыңалуунун /3-10 кв/ ажыраткычы/.

ЭЛЕКТРОМАГНИТНЫЙ ГРОМКОГОВОРИТЕЛЬ электр магниттүү катуу сүйлөгүч /иш аракети магнит тизмегинин магниттик каршылыгынын өзгөрүп туруусуна негизделген катуу сүйлөгүч/.

ЭЛЕКТРОМАГНИТНЫЙ МИКРОФОН электр магниттуу микрофон /иш аракети магниттик тизмектин өзгөрүүсүнө негизделген микрофон/.

ЭЛЕКТРОМАШИННАЯ АВТОМАТИКА электр машиналуу автоматика

ЭЛЕКТРОМАШИННОЕ УПРАВЛЕНИЕ ЭЛЕКТРОПРИВОДОМ электр кыймылга келтиргичин электр машиналуу башкаруу /туруктуу токтун бир же бир нече генераторлорунан азыктандырылуучу туруктуу токтун кыймылдаткычтары менен электр кыймылга келтиргичтерин башкаруу/.

ЭЛЕКТРОМАШИННЫЙ ГЕНЕРАТОР ТОКА токтун электр машиналуу генератору /айлануунун механикалык энергиясын электр энергиясына айландыруучу электр машинасы/.

ЭЛЕКТРОМАШИННЫЙ УСИЛИТЕЛЬ электр машиналуу күчөткүч /баштапкы кыймылдаткычтын /адатта электр кыймылдаткычы/ энергиясынын эсебинен башкаруу оромолоруна берилген сигналдардын кубаттуулугун күчөтүү үчүн колдонулуучу туруктуу токтун генератору/.

ЭЛЕКТРОМЕХАНИЧЕСКИЙ ПРЕОБРАЗОВАТЕЛЬ электр механикалык өзгөрткүч /электр системасынын энергиясын алып жана аны механикалык системага берүүчү же тескерисинче аракеттенүүчү өзгөрткүч/.

ЭЛЕКТРОМОБИЛЬ электромобиль /аккумулятор батареяларынан же отун элементтеринен азыктануучу бир же бир нече электр кыймылдаткычтары менен кыймылга келтирилүүчү автомобиль/.

ЭЛЕКТРОН электрон /айрым терс элементардык электр заряды бар стабилдүү жөнөкөй бөлүкчө/.

ЭЛЕКТРОНИКА электроника /боштуктарда, суюктуктарда, катуу заттарда, газдарда, плазмаларда жана алардын чек ара катмарларында өтүүчү электрондук жана иондук кубулуштарды изилдөөчү илимдин жана техниканын бир тармагы/.



ЭЛЕКТРОННАЯ АНАЛОГОВАЯ МАШИНА электрондук аналогдуу машина к. АНАЛОГОВАЯ ВЫЧИСЛИТЕЛЬНАЯ МАШИНА

ЭЛЕКТРОННАЯ ВЫЧИСЛИТЕЛЬНАЯ МАШИНА электрондук эсептегич машина /негизги схемалык элементтери электрондуу прибордор болгон эсептегич машина/.

ЭЛЕКТРОННАЯ ДЫРКА электрондук көңдөй /жарым өткөргүчтө электрон жылган учурда анын бош калган орду/.

ЭЛЕКТРОННАЯ ЛАМПА электрондуу лампа /катоддон вакуумга бөлүп чыккан эркин электрондордун агымы аркасында ток пайда болуучу электр вакуумдук прибор/.

ЭЛЕКТРОННАЯ МОДЕЛЬ электрондук модель

ЭЛЕКТРОННАЯ ОПТИКА электрондук оптика /электр же электр магнит талааларынын таасиринин астында электрон нурунун кыймылдоосун, фокусталышын жана таралыш кубулуштарын изилдөөчү физиканын бир тармагы/.

ЭЛЕКТРОННАЯ ПРОВОДИМОСТЬ электрондук өткөргүчтүүлүк /сырткы электр талаасынын же жарыктын агымынын ж.б. сырткы факторлордун таасири астында жарым өткөргүчтөрдүн ток өткөрүш жөндөмдүүлүгү/.

ЭЛЕКТРОННАЯ ЦИФРОВАЯ МАШИНА электрондук цифрадуу машина /цифра түрүндөгү чондуктар менен иш жүргүзүүчү, программа менен башкарылуучу машина/.

ЭЛЕКТРОННАЯ ЭМИССИЯ электрондук эмиссия /ар түрдүү энергиянын таасир астында нерселерден электрондордун чыгышы/.

ЭЛЕКТРОННО ВЫЧИСЛИТЕЛЬНОЕ УСТРОЙСТВО электрондук эсептегич түзүлүш, /негизги элементтери катарында электрондук приборлор пайдаланылуучу эсептегич түзүлүш/.

ЭЛЕКТРОННО-ДЫРОЧНОЙ ПЕРЕХОД электрон көңдөйлүк өткөөл /жарым өткөргүчтүн n жана p түрүндөгү электр өткөргүчтүүлүгүнүн ортосундагы өткөөл/.

ЭЛЕКТРОННО-ИОННАЯ ТЕХНОЛОГИЯ электрон иондук технология /күчтүү электр талаасы менен электр заряддарынын өз ара аракеттенишин пайдаланып заряддарды алып жүрүүчү материалдарды жана алардан жасалган буюмдарды иштетүүнүн процесстери жана методдору жөнүндөгү илим/.

ЭЛЕКТРОННОЕ РЕЛЕ электрондук реле /кабыл алуучу элемент катарында электрондуу лампалар же жарым өткөргүчтүү приборлор пайдаланылуучу электр релеси/.

ЭЛЕКТРОННОЕ УСТРОЙСТВО электрондук түзүлүш /иштөө принциби электрондордун кыймылына негизделген түзүлүш/.

ЭЛЕКТРОННОЛУЧЕВАЯ ОБРАБОТКА электрон нурдук иштетүү /электрон нурун инструмент катары колдонуп материалдарды иштетүү/.

ЭЛЕКТРОННОЛУЧЕВАЯ ТРУБКА электрон нур түтүкчөсү /ичиндеги электрондордун агымы же нурлардын тобу формасында пайдаланылуучу электрон вакуумдук прибор/.

ЭЛЕКТРОННОЛУЧЕВОЙ ОСЦИЛЛОГРАФ электрон нурдуу осциллограф /электрдик процесстерди байкоо жана каттоо үчүн электрон нур түтүкчөсү колдонулуучу осциллограф/.

ЭЛЕКТРОННООПТИЧЕСКИЙ ПРЕОБРАЗОВАТЕЛЬ электрон оптикалык өзгөрткүч /жарык оптикалык сүрөттөлүштү электрондук сүрөттөлүшкө, андан кайра оптикалык көрүнө турган сүрөттөлүшкө айландыруучу фотоэлектрдик түзүлүш/.



ЭЛЕКТРОННЫЙ ВЕНТИЛЬ электрондук вентиль /электрондуу лампа түрүндөгү электр вентили/.

ЭЛЕКТРОННЫЙ ВЫПРЯМИТЕЛЬ электрондук түзөткүч /өзгөрүлмө токту туруктуу токко айландырууда электрондордун агымын пайдалануучу түзөткүч/.

ЭЛЕКТРОННЫЙ МИКРОСКОП электрондук микроскоп /микрообъекттердин сүрөттөлүштөрүн өтө чоңойтуп көрсөтүүчү прибор/.

ЭЛЕКТРОННЫЙ МИКРОФОН электрондук микрофон /иш аракети электрон вакуумдуу прибордун электроддорунун бирин кыймылга келтирген убакытта электрондордун агымынын өзгөрүүсүнө негизделген микрофон/.

ЭЛЕКТРОННЫЙ ПОТОК электрон агымы /электрондордун тобунун жылышы/.

ЭЛЕКТРОННЫЙ ПРИБОР электрондук прибор /иш аракети электрондордун концентрациясына жана алардын ар түрдүү чөйрөдөгү кыймылына негизделген физикалык прибор/.

ЭЛЕКТРОННЫЙ РЕГУЛЯТОР электрондук жөндөгүч /лампалуу күчөткүчү бар электр жөндөгүчү/.

ЭЛЕКТРОННЫЙ ТОК электрон тогу /электрондордун агымынан пайда болгон ток/.

ЭЛЕКТРОННЫЙ УМНОЖИТЕЛЬ электрондук көбөйткүч /ичинде биринчи электрондордун агымы, экинчи электрондук эмиссиянын жардамы менен күчөтүлүүчү электр вакуумду прибор/.

ЭЛЕКТРОННЫЙ УСИЛИТЕЛЬ электрондук күчөткүч

ЭЛЕКТРООБОГАЩЕНИЕ электр менен байытуу /кендин электр физикалык касиеттери жагынан айырмаланган баалуу компонентин /бөлүгүн/ кенсиз тектерден электр талаасынын жардамы менен бөлүп алуу/.

ЭЛЕКТРОКРАШИВАНИЕ электр менен боё /электр талаасынын жардамы менен боёлуучу буюмдун бетине түс түшүрүү/.

ЭЛЕКТРООПТИЧЕСКИЙ МОДУЛЯТОР СВЕТА жарыктын электр оптикалык модулятору /жарыкты модуляциялоо үчүн электр талааси таасир кылган чөйрөдө нурдун эки ирет сынуу кубулушун пайдалануучу түзүлүш/.

ЭЛЕКТРОПЕЧАТЬ электр менен басуу /окшош сүрөттөлүштү бир нече ирет чыгаруу үчүн формадагы боёкту электр талаасынын жардамы менен кабыл алуучу бетке /кагазга, картонго ж.б./ түшүрүү/.

ЭЛЕКТРОПРИВОД электр кыймылга келтиргичи /механизмдерди же машиналарды кыймылга келтирүүчү механикалык энергиянын булагы катарында пайдаланылуучу электр кыймылдаткычы/.

ЭЛЕКТРОПРИВОД АВТОМАТИЗИРОВАННЫЙ автоматташтырылган электр кыймылга келтиргичи /электр энергиясын механикалык энергияга айландырып, ал энергияны автоматтык түрдө башкаруучу түзүлүш/.

ЭЛЕКТРОПРОВОДИМОСТЬ электр өткөргүчтүк к. ЭЛЕКТРИЧЕС=КАЯ ПРОВОДИМОСТЬ

ЭЛЕКТРОПРОВОДНОСТЬ ПОЛУПРОВОДНИКОВ жарым өткөргүчтөрдүн электр өткөргүчтүгү к. ЭЛЕКТРИЧЕСКАЯ ПРОВОДИМОСТЬ ПОЛУПРО=ВОДНИКОВ

ЭЛЕКТРОПРОИГРЫВАТЕЛЬ электр ойноткуч /граммофон табактарын ойнотуучу электр механикалык аппарат/.

ЭЛЕКТРОПРЯДЕНИЕ электр менен ийирүү /электр статикалык талаанын жардамы менен кыска булалардан жип ийирүү/.



ЭЛЕКТРОСВАРКА электр менен ширетүү /электр тогу өткөндө бөлүнүп чыккан жылуулуктун таасири астында металлдардын бириктириш/.

ЭЛЕКТРОСВЯЗЬ электр байланышы /электр тогунун жардамы менен информацияларды аралыкка берүү маселелерин чечүүчү илим менен техниканын тармагы/.

ЭЛЕКТРОСИНТЕЗ электр менен синтездөө /электролиздин жардама менен ар түрдүү химиялык кошулмаларды алуунун жолу/.

ЭЛЕКТРОСКОП электроскоп /электрлешүүнү байкоо жана аны жакындатып баалоо үчүн колдонулуучу прибор/.

ЭЛЕКТРОСНАБЖЕНИЕ электр менен жабдуу /электр энергиясын берүү жана бөлүштүрүү маселелерин чечүүчү электр энергетиканын бөлүгү/.

ЭЛЕКТРОСТАТИКА электростатика / нерсе жана анын заряддары бир бирине карата кыймылсыз деп эсептелген учурда алардын электрдик касиеттерин, өз ара аракеттерин изилдөөчү физиканын бөлүгү/.

ЭЛЕКТРОСТАТИЧЕСКАЯ ИНДУКЦИЯ электростатикалык индукция /сырткы электр статикалык талаанын таасири астында өткөргүч нерселерде электр заряддарынын пайда болуу кубулушу/.

ЭЛЕКТРОСТАТИЧЕСКИЙ ВОЗБУДИТЕЛЬ электростатикалык дүүлүктүргүч /жардамчы электроддун жардамы менен белгилүү чоңдуктагы электр статикалык күчтү микрофондун металлдан жасалган же металлдаштырылган диафрагмасына микрофонду абсолюттук градуировка жасоо үчүн берүүчү түзүлүш/.

ЭЛЕКТРОСТАТИЧЕСКИЙ ГЕНЕРАТОР электростатикалык генератор жогорку чыңалууларды алуу үчүн пайдаланылуучу генератор/.

ЭЛЕКТРОСТАТИЧЕСКИЙ ГРОМКОГОВОРИТЕЛЬ электростатикалык ка=

туу сүйлөгүч /иш аракети конденсатордун обкладкаларынын ортосундагы электр статикалык күчтөрдү пайдаланууга негизделген катуу сүйлөгүч/.

ЭЛЕКТРОСТАТИЧЕСКОЕ ПОЛЕ электростатикалык талаа /электр тогу жүрбөгөн учурдагы заряддалган кыймылсыз нерселердин электр талаасы/.

ЭЛЕКТРОТЕРМИЯ электротермия /материалдарды жана буюмдарды ысытуу жана эритүү үчүн электр энергиясын колдонуучу электротехниканын бөлүгү/.

ЭЛЕКТРОТЕХНИКА электротехника /электр энергиясын практикалык максатта колдонуу жөнүндөгү илим. Ошондой эле электр энергиясын эл чарбасынын бардык тармактарында, аскер ишинде, үй - тиричилигинде колдонууну ишке ашыруучу техниканын тармагы/.

ЭЛЕКТРОТЕХНИЧЕСКАЯ СТАЛЬ электротехникалык болот /электр машиналарынын жана аппараттарынын конструкцияларында магниттүү жумшак материал катарында колдонуучу кремний менен сапаты жакшыртылган болоттордун тобу /группасы/.

ЭЛЕКТРОТЕХНИЧЕСКОЕ ЖЕЛЕЗО электротехникалык темир /электротехникада колдонулуучу магниттик, механикалык жана технологиялык касиеттери мыкты материал/.

ЭЛЕКТРОУЛАВЛИВАНИЕ ПЫЛИ чаңдарды электр менен кармоо /электр чыпкаларынан турган атайын установканын жардамы менен өнөр жай газдарынан чаңдарды кармоо/.

ЭЛЕКТРОУСТАНОВКА электроустановкасы /электр энергиясын өндүрүү, өзгөртүү, трансформациялоо, берүү, бөлүштүрүү, пайдалануу үчүн пайдаланыла турган машиналардын, сызыктардын



көмөкчү жабдуулардын, курулмалардын жана алар орнотулган имараттардын айкалышкан жыйындысы/.

ЭЛЕКТРОФИЛЬТР электр чыпка / өнөр жай газдарын майда бөлүкчөлөрдөн тазалоо жана абаны вентиляциялоо үчүн колдонулуучу аппарат/.

ЭЛЕКТРОФОН электрофон /жазылган үндү чыгаруу үчүн үн чыгаргыч, үн күчтүгүндөгү электр термелүүлөрдү күчөткүч жана электр динамикалык катуу сүйлөгүч колдонулган, алып жүрүүгө ылайыктуу аппарат/.

ЭЛЕКТРОФОР электрофор /таасир менен электр заряддарын дүүлүктүрүү принцибинде иштөөчү жөнөкөй электро статикалык машина/.

ЭЛЕКТРОФОТОГРАФИЯ электр фотографиясы /жарык сезгич катмар катарында фото жарым өткөргүчтөрү пайдаланылуучу фотографиянын бир тармагы/.

ЭЛЕКТРОЭНЕРГЕТИКА электроэнергетика /чоң сандагы электр энергиясын алуу, аны алыс аралыктарга берүү жана керектөөчүлөргө бөлүштүрүү проблемаларын чечүүчү электротехниканын тармагы/.

ЭЛЕКТРОЭРОЗИОННАЯ ОБРАБОТКА МЕТАЛЛОВ металлдарды электр эрозиялык иштетүү /электр тогунун импульстарынын жылуулук таасирине негизделген материалдарды электр физикалык иштетүүнүн бир түрү/.

ЭЛЕМЕНТ ВЫЧИСЛИТЕЛЬНОЙ МАШИНЫ эсептегич машинанын элементи /эсептегич машинанын элементардык функция аткаруучу эң жөнөкөй схемасы/.

ЭЛЕМЕНТ ЗАДЕРЖКИ кечиктирүү элементи /кирүүчү импульс-

ту убакыт боюнча кечиктирүүчү элемент/.

ЭЛЕМЕНТ "И" "жана" элементи /логикалык көбөйтүүнү /конъюнкцияны/ ишке ашыруучу элемент/.

ЭЛЕМЕНТ "ИЛИ" "же" элементи /логикалык кошууну /дизъюнкцияны / ишке ашыруучу элемент/.

ЭЛЕМЕНТ ЛОГИЧЕСКИЙ логикалуу элемент /дискреттик эки түрдүү мүнөздөгү сигналдар үчүн чыгыш жана кириштери бар функциялык жагынан эң жөнөкөй схема/.

ЭЛЕМЕНТ "НЕ" "жок" элементи /логикалык тануунун аткаруучу элемент/.

ЭЛЕМЕНТАРНОЕ ЗВЕНО элементардык звено /кандайдыр бир элементардык алгоритмге тиешелүү болгон автоматтык системанын жасалма түрдө бөлүнүп алынган бөлүгү/.

ЭЛЕМЕНТАРНЫЙ АЛГОРИТМ элементардык алгоритм /иштөөнүн же башкаруунун көп алгоритмдеринен бөлүнүп алынган, ажырабоо касиети бар мүчөлөрүнүн бири/.

ЭЛЕМЕНТАРНЫЙ АЛГОРИТМ элементардык алгоритм /иштөөнүн же башкаруунун алгоритминин көптүгүнөн бөлүнүп алынган ажыратылбас касиети бар көптүктүн мүчөлөрүнүн бири/.

ЭЛЕМЕНТОВ СИСТЕМА ЦИФРОВОЙ ВЫЧИСЛИТЕЛЬНОЙ МАШИНЫ цифралуу эсептегич машинанын элементтеринин системасы /электр жана логикалык мүнөздөмөлөрү боюнча өз ара байланышып машинанын негизги жана кошумча иштерин аткаруучу жөнөкөй схемалардын элементтеринин функциялык тобу/.

ЭМИССИЯ эмиссия /нерселерден иондордун же электрондордун чыгышы/.



ЭМИТТЕР эмиттер /жарым өткөргүчтөрдө токтун булагы катарында пайдаланылуучу катмар/.

ЭМИТТЕРНЫЙ ПОВТОРИТЕЛЬ эмиттердик кайталагыч /схемасындагы жалпы коллектору бар транзистордун кубаттуулук күчөткүчү/.

ЭНЕРГЕТИЧЕСКОГО БАЛАНСА МЕТОД энергетикалык баланс методу /автотермелүүнүн режимин мүнөздөөчү кичине параметрлүү сызыксыз дифференциалдык теңдеменин мезгилдүү чыгарылышын болжолдоп табуу/.

ЭНЕРГИЯ ЭЛЕКТРОМАГНИТНОГО ПОЛЯ электромагнит талаасынын энергиясы /мейкиндикте таралган жана электр магнит талаасы менен байланыштуу энергия/.

ЭНЕРГОСИСТЕМА , ЭНЕРГЕТИЧЕСКАЯ СИСТЕМА энергетикалык система /бир бири менен жана энергия керектөөчүлөр менен да электр берүү сызыгы аркылуу байланышкан электр станцияларынын бирикмелери/.

ЭНЕРГОСИСТЕМЫ МОЩНОСТЬ энергетикалык системанын кубаттуулугу /энергетикалык системанын электр станцияларынын белгилүү убакыттын ичинде берүүчү электр кубаттуулугунун суммасы/.

ЭНТРОПИЙНАЯ УСТОЙЧИВОСТИ энтропиялык туруктуулук /баштапкы шарттары кокусунан болгон учурда координаталуу динамикалык системанын энтропиясынын убакыт боюнча өзгөрүшү/.

ЭНТРОПИЯ энтропия /кокустук чоңдуктардын аныкталбастыгынын чени/.

ЭПСИЛОН - ЭНТРОПИЯ эпсилон-энтропия /эки кокустук чоңдуктардын бири биринен айырмасы кандайдыр бир санынан ашпаган шартта бир кокустук чоңдуктагы информациянын минимум саны/.

ЭТАЛОННОЕ НАПРЯЖЕНИЕ үлгү чыңалуу

ЭФФЕКТИВНОЕ ЗНАЧЕНИЕ апакеттүү маани

ЭХОЛОТ эхолот /деңиздин тереңдигин аныктоочу гидроакустикалык, навигациялык прибору/.

ЭХО СИГНАЛ жаңырык сигнал /таралган багыты боюнча чагылып, байкоочу пунктта кабыл алынуучу электр магнит же ультра үн сигналы/.

## Я

ЯЗЫК АЛГОРИТМИЧЕСКИЙ алгоритм тили /алгоритм берүүгө мүмкүн болгондой кылып негизги символдордун тобунун жыйындысынан конструкцияларды түзүүнүн жана ал конструкцияларды бирдиктүү мааниде түшүндүрүүнүн эрежелеринин системасы/.

ЯЗЫК ИПЛ ИПЛ тили /информация - логикалык маселерди баяндаш үчүн пайдаланылуучу программа тили/.

ЯЗЫКИ ПРОГРАММИРОВАНИЯ программалоо тилдери /цифралуу электрондук машиналарда маселелердин чыгарылыш процесстерин жазуу жана формулировка жолу/.

ЯКОРЬ МАШИНЫ машинанын якору /турактуу токтун машиналарынын айлануучу негизги бөлүгү/.

ЯКОРЬ РЕЛЕ реленин якору

ЯРКОМЕР жарыктанышты өлчөгүч /жарыктанышты өлчөөчү прибор/.

ЯРМО ярмо /электр аппараттарынын өткөргүчүнүн орамолор жыйналышкан жерин туюктап туруучу бөлүгү/.

ЯЧЕЙКА ячейка /коңшу имараттардан тосмолор аркылуу бөлүнгөн бөлүштүрүлүүчү түзүлүш же подстанциянын имараты/.



ЯЧЕЙКА ЗАПОМИНАЮЩЕГО УСТРОЙСТВА эсте тутуучу түзүлүштүн ячейкасы /эсте тутуучу түзүлүштүн машина сөздөрүн сактоочу орду/.

ЯЧЕЙКА ПАМЯТИ эсте тутуу ячейкасы /өз алдынча адрестерди бөлүп машинанын сөздөрүн сактап турган эсте тутуучу элементтердин группасы/.

ЯЧЕЙКИ РАБОЧИЕ жумушчу ячейкалар /эсептөө учурунда арадагы жыйынтыктарды убактылуу сактоого арналган цифралуу эсептегич машинанын эсте тутуу ячейкасы/.

ЯЧЕЙКИ СТАНДАРТНЫЕ стандарттуу ячейкалар /программанын арасында информацияны алмаштырып туруучу цифралуу эсептегич машинанын эсте тутуу ячейкасы/.

К.Алымкулов, М.Алымкулов, И.Ордеков, Б.Токтоналиев

РУССКО-КИРГИЗСКИЙ ТЕРМИНОЛОГИЧЕСКИЙ СЛОВАРЬ
ПО ЭЛЕКТРОТЕХНИКЕ

Обложка художника В.Ф.Роска
Технический редактор Э.К.Гаврина

ИБ № 599

Подписано к печати 12.03.81. Формат 60х90 1/16.
Бумага писчая. Ротапринт. Объем 20,75 п.л.,
11,87 уч.-изд.л. Тираж 400 экз. Цена 1 р. 32 к.
Заказ 64.

Издательство Академии наук Киргизской ССР,
720071, Фрунзе, Ленинский проспект, 265 а

Типография Академии наук Киргизской ССР,
720001, Фрунзе, ул. Пушкина, 144

**Цена 1 руб. 32 коп.**